Teaching a language

Because of intensive intercultural interaction in almost all spheres the terms 'foreign language' and 'foreign language teaching' have spread all over the world especially in the educational system. When we ask, is teaching and learning a language by just grammatical patterns, vocabulary and reading isolated enough or not. The latest research says 'no'. Thorough lingua-cultural aspects new paradigms have come into existence in foreign language education. S. Kunanbayeva advocates that with the influence of lingua-cultural flow *'the purposes of teaching a foreign language, expected results from learning it and formation of intercultural competence for the ability of intercultural communication for a person have become the main subject'* (Kunanbayeva 1995: 54). Consquently the process of language teaching and learning depending on the utterances above has also shifted. Teaching and learning a foreign language isolated from its culture with just grammatical rules and some drills and exercises becomes like a machine language and meaningless. Because, in especially communication, *'they are the concepts and associations find their way to come to the existence through words'* (Marazova 2003: 130).

Using a language effectively in international communication depends on any sphere cognition of the

foreign language's not only linguistic mechanism but also semantics, associations and also emotive mechanism is of great importance. The process of forming or teaching a language doesn't only consist of having the student's get linguistics information of these languages; it also includes shaping, forming and also developing a person both in foreign and native language psychologically and socially. The process of teaching a second language is somehow the process of 'acculturation'. Acculturation is a process in which members of one cultural group adopt the beliefs and behaviors of another group. It does not mean that an individual, by acquiring a language, changes psychologically and socially wholly, we try to say that learning and mastering a language process can be succeeded and difficulties of a foreign language can be overcome through mastering its culture for intercultural communicative competence. This means that acquiring a foreign language includes acculturation, but it should be filtered by the effective filter of second language person. So, the process of data gathering and formation of primary and secondary language person is not the same. Depending on it techniques and ways of learning a mother language and second language cannot be exactly the same. Thus, developmental process of levels of a cultural heritage of a society, individual development, the judgment of a place and a role of the person in the world, revealing its mutual relations with the world, concerning foreign language mastering, construction of specific formation is necessary (Kunanbayeva 1995: 54). We can infer from what said here that teaching/learning a language is a complex and multidimensional process. Language gives humans a means by which to negotiate meaning through symbols. It is by engaging in speech acts with others, symbolic interaction, that humans come to identify meaning, or naming, and develop discourse (Nelson, 1998). Then it needs acquiring the ability of having the point of view of native speakers of that language. It is a kind of 'second socialization'. Socialization is being aware of the culture of any society and behaving appropriately to that culture. So, if the subject and aim of teaching language is intercultural communication then it is inevitable to grasp some social knowledge, at least to some extent, of the second language (Parmenter, 2003:1) to interact with other societies by being able to flexibly choosing right speech patterns, utterances and behaviors.

Here, appears another term having placed the men in the centre in this progress, a 'language person'. Even in the native language there is a necessity of some skills like 'strategic' and 'discourse' performances. Kunanbayeva explains this case in this way; *'The subject of intercultural communications is formed and operated in the educational process on ontogenetic generated basis or on the basis of native lingua-culture 'the primary language person' or 'the language person He understands himself as the subject of native lingua-culture and mentally owns complete lingua-cultural concepts'* (Kunanbayeva 1995: 54). It has been acknowledged that second language person needs more skills. Byram divides skills into two categories. The first is the *'ability to interpret a document or event from another culture, to explain it and relate it to documents from one's own'* (Byram 1997: 52). The second is the *'ability to acquire new knowledge of a culture and cultural practices and the ability to operate knowledge, attitudes and skills under the constraints of real-time communication and interaction'* (ibid). Both sets of skills obviously require the development of language competence. In addition, skills of analysis and interpretation, having relations between different cultures and the ability to put all this knowledge and skill into practice in real situations are necessary (Parmenter 2003:1). S/he can be named as a 'second language person' who can cognate, use both his native language and a foreign language effectively. A second language person, to be able to express himself in both worlds, should be aware of his ethnical identity, culture, values and of the second language and society. So we can convey that, actually teaching a second language is forming and shaping a second language person.

Conclusion

The requirements of language and communication abilities for the globalised world have been changed. We infer from the explanations and quotations given above that as we teach and learn a language and acquire it along with its culture better. It has become quite clear that by ordinary and habitual methods we cannot reach up to this level and we need new aspects and approaches for teaching a language. In teaching a foreign language, taking into account all features and requirements like using the arts of teaching, developing, shaping the second language person, meeting the requirements of modern language education, using the new paradigms is necessary for international interaction. As an object and aim of pedagogues to develop and form a second language person, s/he is supposed to cognate and understand the linguistic system of the language, semantics and concepts of it emerging from the background and culture, be aware of both own and foreign culture, should have positive attitudes towards other cultures and use it effectively, persuasively, emotionally when necessary with others from other cultures without causing misunderstanding, misconception and dialogue accidents.

References:

1. S.S. Kunabayeva, Modern Foreign Language Education, Methodology and Theory, Dom Pechat, 2005, Almaty.

2. Modiano, M. 1999a. 'International English in the global village'. English Today 58/15: 14–19.

3. Modiano, M. 1999b. 'Standard English (es) and educational practices for the world's lingua franca'. English Today 60/15: 3–13.

4. Pennycook, A. 1994. The Cultural Politics of English as an International Language. Harlow: Longman.

5. Laura A, From Cognitive Linguistics to Cultural Linguistics, for publication in Slovo a smysl /Word and Sense (ISSN 1214-7915), University of North Carolina and University of Tromsш.

6. N.N. Marazova. (2004). English Lexicology, Drofa Publishing House, Moscow.

7. Nelson, L.D. (1998). Herbert Blumer's symbolic interactionism. Avaliable at: http://www.colorado.edu/Communication/metadiscourses/Papers/App_Papers/Nelson.htm., http://www.sciencedirect.com/science/article/pii/S1877042809001633.

8. Parmenter, L, Intercultural Communicative Competence, TEN VOL.1 SPRING 2003, http://tb.sanseido.co.jp/english/newcrown/pdf/ten003/03_10.pdf.

9. Byram, M. (1997) Teaching and Assessing Intercultural Communicative Competence. Clevedon: Multilingual Matters.

Конурбаева Б.К.,
БГУ им. К.Карасаева

ПРОБЛЕМА «ВОСПИТАНИЯ» СТУДЕНТА В ВЫСШЕЙ ШКОЛЕ КЫРГЫЗСТАНА

Высшая школа является тем локомотивом, который тянет за собой весь поезд системы народного образования. От того, как она работает, зависят современный облик, общеобразовательный и профессиональный уровень нашего учительства, качество управления учебно-воспитательными учреждениями и многое другое, чем в совокупности определяются судьбы народного образования в стране, а следовательно, и ее будущее.

В начале 90-х гг., в период «реформаторского угара», когда разрушительные тенденции в образовании явно возобладали над созидательными, реализация воспитательных функций школы, в том числе и высшей, претерпела существенный урон. Само понятие «воспитание» стало исчезать из нормативных документов по образованию и педагогического лексикона. В полном противоречии с традицией оно стало замещаться понятием «образование». Крайний радикализм реформаторов привел к тому, что проблемы воспитания были преданы забвению в деятельности школы, а главными «воспитателями» стали стихия рыночных отношений эпохи «дикого капитализма» и СМИ, откровенно пропагандирующие насилие и безнравственность. Это не могло не сказаться самым негативным образом на воспитании подрастающего поколения, особенно в условиях, когда в силу ряда причин, прежде всего экономических, произошло существенное ослабление воспитательных функций семьи.

Сегодня общество, государство и школа вновь повернулись лицом к проблемам воспитания молодежи, причем решать их необходимо с учетом достижений и уроков прошлого, глубоких социально-экономических перемен, произошедших в Кыргызстане после двух революций, и новых требований, обусловленных отходом от старых идеологических догм и постулатов, развитием процессов глобализации при сохранении поликультурности мира, распространением новых коммуникационных технологий.

Само физическое пространство вуза способно выполнять важные воспитательные функции. Говоря о проектировании и создании воспитательного пространства вуза, о целях, конкретных формах и технологиях воспитательной работы со студентами, мы должны отчетливо понимать, что реалии жизни воспитывают больше, нежели любые слова, примеры и увещевания. И если в жизни, как и на экранах телевидения, наши воспитанники будут видеть торжество насилия, алчности, непорядочности, то не будут у них иметь успеха призывы к высокой нравственности и духовному совершенствованию.

Еще в советское время у нас сложилось немало ценных традиций и форм воспитательной работы, направленных на развитие таких общечеловеческих нравственных ориентиров, как гражданственность, сопричастность общественным интересам и потребностям, разумное чувство коллективизма, уважение к труду. Важную воспитательную роль тогда играли студенческие строительные отряды и трудовые десанты, студенческие спортивные клубы, КВН, СТЭМ (Студенческий театр эстрадных миниатюр), тематические вечера и т.п. Многие из них не утратили своего значения и сейчас и от них вряд ли целесообразно отказываться. Сегодня социальная роль и продуктивность различных современных молодежных центров, объединений и массовых движений будут неизменно возрастать при условии, если его участники и действующие лица в своем познавательном и эмоциональном опыте осознают смысл и особенности новых моделируемых отношений, необходимость личностного развития каждого на базе глубоко осознанного усвоения совокупности ценностей, которые олицетворяют феномен гражданственности.

Достигнуть этой многомерной цели возможно лишь постепенно, по мере того как формирующийся всеединством взглядов на уровне массового обыденного сознания глобальный государственно-общественный подход к оценке преобразующего потенциала гражданственности станет залогом обретения общенациональных ценностей[1].

Этот сложный поликультурный социально-педагогический процесс с целевыми установками на стимулирование личностного потенциала гражданственности нуждается в подкреплении в виде адекватных инновационных технологий, обеспечивающих реализацию на личностном уровне задач, представленных в учебно-воспитательных программах, в учебных комплектах для образовательных учреждений, а также в крупных социокультурных, социально-педагогических проектах.

Полиэтнический и многоконфессиональный характер кыргызстанской культуры, интеграция нашей страны в мировое экономическое и культурное пространство, планетарные экологические проблемы, межэтнические конфликты выдвигают первостепенную задачу — воспитание общей культуры специалиста, представляющей собой гармонию знаний, мышления, чувств, поведения и деятельности. Ядром общей культуры является духовность как высшая ступень интеллектуально-нравственного развития человека, гармония его идеалов с общечеловеческими ценностями и высоконравственными поступками, в основе которых лежат потребность служить людям и добру, постоянное стремление к самосовершенствованию.

Понятие «культура», как и многие другие понятия современной науки, имеет длительную историю развития и включает в себя многочисленные наслоения в зависимости от подходов авторов и с точки зрения различных наук. Таких определений слишком много для того, чтобы какое-либо выбранное из них оказалось единственно верным. В качестве наиболее удачного определения общей культуры человека, на наш взгляд, является дефиниция О.С. Газмана: культура

личности есть «гармония культуры знаний, культуры творческого взаимодействия и культуры чувств и общения. Культура есть разрешение противоречий между крайностями (природа и производство, труд и отдых, общество и личность, требовательность и тактичность и т.д.). Культура - это достижение личностью некоторой гармонии, дающей ей социальную устойчивость, продуктивную включённость в общественную жизнь и труд, а также личностный эмоциональный комфорт»[2].

Важнейшие компоненты общей культуры — гражданственность и толерантность. Общая культура специалиста является, с одной стороны, базой его постоянного профессионального роста и совершенствования, а с другой — гарантией решения социально-культурных проблем становления гражданского общества в нашей стране.

Основным критерием нравственной культуры человека является его конкретный поступок, с поправкой на социальную ситуацию, прошлый опыт и среду общения.

В зависимости от зрелости специфических компонентов нравственной культуры существует несколько уровней диагностики индивидуальной нравственной культуры:

I - низкий уровень, когда человек не обладает элементарными моральными знаниями и часто нарушает общепринятые нравственные нормы;

II - «мозаичный» уровень, когда отрывистые моральные знания соседствуют с нравственными поступками, совершенными под воздействием общественного мнения, традиций в семье и т. д.;

III - рациональный уровень, который характеризуется чисто вербальным усвоением моральных норм без внутренней убежденности в их правомерности и необходимости;

IV - эмоционально-экспрессивный уровень, когда человек приобретает обостренное нравственное чувство добра и зла, справедливого и несправедливого, но ему не хватает знаний и, чаще всего, силы воли для их материализации;

V - высший уровень - идеальный уровень, когда знание моральных этических правил и норм соответствует внутренней убежденности человека, его внутренним установкам и соотносится с его реальным поведением и поступками[3].

Культура не может быть обособлена от образования. Являясь важнейшей составной частью культуры, сфера образования включает в себя процесс наследования, сохранения, распространения и приобщения человека к ценностям культуры, формирования его как субъекта культуры, формирования его собственного культурного облика. Современное образование ищет пути совершенствования образовательной практики, направленной на повышение базовой культуры подрастающего поколения. Нацеленность современного образования на становление базовой личностной культуры учащихся, частью которой является психологическая культура, приводит к необходимости решения ряда проблем[4].

Решение этих актуальных задач возможно при создании в высших учебных заведениях воспитательного пространства на антропоцентристской основе (человек рассматривается как целостная био-психо-социальная постоянно развивающаяся система), что предполагает реализацию следующего комплекса принципов:

• направленность воспитательной работы в вузе на сохранение и укрепление психического, духовного, физического и социального благополучия студентов и преподавателей;

• открытость целей, содержания и форм образовательно-воспитательного процесса и свобода выбора, позволяющие каждому студенту и преподавателю самореализоваться через инвариантные, вариативные и персонифицированные плановые и факультативные программы и курсы, через широкое сотрудничество вуза с другими образовательными и культурными учреждениями, общественными, самодеятельными организациями непосредственно и через Интернет, через широкое самоуправление студентов и преподавателей;

• гуманизация педагогического взаимодействия преподавателей и студентов (признание самоценности и неповторимости каждого человека, приоритет отношений педагогов и студентов, направленность образовательно-воспитательного процесса на саморазвитие и самореализацию студентов и преподавателей вуза).

При определении отношений «преподавателя и студента» необходимо учитывать мотивы, которые привели студента в вуз.

Среди различных классификаций мотивов учебной деятельности студентов, как правило, выделяют три. Это: 1) профессионально-познавательный мотив (в основе которого лежат как широкие познавательные потребности, так и интерес к знаниям, специфичным для будущей профессии); 2) мотив получения диплома о высшем образовании (как стремление к определенному статусу в обществе); 3) мотив межличностного общения (в основе которого находится потребность общения с «единомышленниками» - кругом людей, объединенных общими интересами и профессиональной направленностью)[5].

Развитие личности любого человека происходит во взаимодействии и под влиянием окружающей среды. Невозможно подготовить будущего педагога, ориентируя его только на накопление, переработку теоретических знаний, всего лишь два раза апробировав их на педагогической практике в школе. Педагогический опыт можно приобрести и в течение пяти лет обучения в вузе через различные системы взаимодействия, в том числе и через взаимодействие студентов с кафедрами. Тогда воспитательная работа в вузе может опираться не только на деятельность кураторов, но и на воспитывающее влияние всех преподавателей университета, на возможности кафедры как коллектива единомышленников. Ориентируясь на взаимодействие, как процесс непосредственного или опосредованного воздействия объектов (субъектов) друг на друга, порождающий их взаимную обусловленность и взаимосвязь, мы должны учитывать, что:

• взаимодействие способствует образованию определенной структуры (системы) в отношениях, взаимосвязях компонентов (объектов-субъектов) данного процесса;

• особенностью взаимодействия является его причинная обусловленность (каждая из взаимодействующих сторон выступает как причина другой и как следствие одновременного обратного влияния противоположной стороны, что способствует развитию, совершенствованию каждого компонента).

Таким образом, система взаимодействия может представлять собой сочетание разнообразных по фор-

мам, содержанию, методам работы видов, направлений деятельности. Взаимодействие основывается на главных «совпадающих» направлениях работы кафедры и студентов: институт непрерывного образования (ИНО), факультет дополнительных профессий, совместная деятельность и индивидуальная работа со студентами.

На каждой кафедре должны быть отделения ИНО, факультета дополнительных профессий, которые, с одной стороны, углубляют и расширяют знания, развивают индивидуальные способности, умения, навыки студентов, с другой — способствуют групповой деятельности студентов, а соответственно, совершенствуют коллективистские отношения, чувство взаимовыручки, поддержки. Дополнительная специализация дает каждому студенту возможность овладеть прикладными, специальными, профессиональными умениями, расширить сферу своей деятельности после окончания вуза, раскрыть таланты.

Индивидуальная работа кафедры со студентами может проводиться при написании рефератов, научных и творческих работ, курсовых, дипломных проектов; выполнении творческого научного исследования на конкурс; поисковой работе, например, для педагогического музея, для пополнения археологической, нумизматической и др. коллекций, ботанических гербариев и т.д. Она может иметь форму беседы, индивидуальных педагогических рекомендаций к практике.

Формы взаимодействия кафедры со студентами могут быть самые разные, все зависит от содержания материала и необходимости использования того или иного средства в совместной деятельности со студентами. Любая кафедра вуза как система включает несколько подсистем: образовательную, воспитательную, научно-исследовательскую и отношенческую. Считаем, что наиболее сложными и менее управляемыми в вузе являются воспитательная и отношенческая подсистемы.

Воспитательный потенциал кафедры, на наш взгляд, зависит от качественного уровня преподавательского состава.

Литература

1. Филонов Г.Н. Феномен гражданственности в структуре личностного развития //Педагогика. № 10. 2002.

2. Газман О. С. Воспитание: цели, средства, перспективы // Новое педагогическое мышление. - М., 1989.

3. Кыдыралиева А.Т. Формирование нравственной культуры личности студента-юриста //Эл агартуу. 2009. № 7/8

4. Иванова В.П. Интеллектуальная культура личности студента сквозь призму общей и психологической культуры // Личность, как субъект познания, общения и деятельности: материалы научно-практической конференции (г. Москва) 16-17 апреля 2010 г. –Б., 2010.

5. Жунушова С.О. Социально-психологический портрет современного студента в условиях глобализации. Илим жана маданият. -Б., 2010

К.Т. Мадиева,
Кыргыз-Түрк "Манас" университети

ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН "КУТТУУ БИЛИМ" ЧЫГАРМАСЫНДА ИНСАН МОДЕЛДЕРИ

Чыгарма педагогикалык модель, педагогикалык түшүнүктөр, адамдык сапаттар, мамилелер ж.б. турат. Тактап айтканда чыгарма толугу менен педагогиканын тарбиялоочу методунан түзүлгөн. Ж. Баласагындын эң негизги максаты инсан, коом жана мамлекет моделин түзүү болуп эсептелинет.

Чыгармада акылман хан менен бектин, аларды тоюндурган ашпозчунун, баатыр жол башчы менен катардагы жоокердин, дыйкан менен малчынын, өнөрпөз менен соодагердин, сугатчы, багбан менен жемиш дарагы, эрди-катын, ата-баланын мамилелери, адеп-ахлактын ар бир тамырын, үлгүсүн, таалимин, таасирин, коомдук түзүлүштүн мыйзамын, тартип эрежесинин, эл аралык мамилелерин, ал тургай кайсы чөйрөдө тамак-ашты ичишти, адам өз боюн кандай алып жүрүштү, бакылдап сүйлөбөй какырынып-түкүрбөскө чейин насаат айтып, адептүүлүктүн маани жана маңызы толугу менен камтылган.

Дастанда пейлин тарытаар ар кандай залалдуу, кумардуу терс жаман иштерди, адамдагы пас сапатты, орой кыял жоруктү, жалпы жарык ишке зыян келтирип көлөкө түшүрөөр нарксыз жорук-жосунду, алдамчылыкты, көз кызарткан ач көздүктү, кара таруу айланбас ичи тардыкты, эки жүздүүлүктү, жутунгандыкты, мансапкорлукту, чектенген наадандык сыяктуу жалпы эле жаратылыштын ченеминен чыккан терс көрүнүштөрдөн адамдын ички дүйнөсү тазарганда гана ал, өзүнүн адам деген бийик ысмын таза сактаарын, адилеттикке, ырыс-дөөлөткө, каниетке кенен жол ачаарын, ага өзү шериктеш, насиптеш болоорун – бардык асыл иштерди жарата турган катары адамды ээлей турган орду бийиктикте экендигин "Куттуу Билим» мындай дейт:

Акыл кайда болсо – улуулук толоор.
Билим кимде болсо – бийик болоор.
Акылы болсо, пайдасын эл көп көрөөр.
Билим билсе, азиз тирилик өткөрөөр.[1]

Китептин аталышынын эки мааниси бар:

1. Кут, бакытка, гармониялуу турмушка жетүүнүн бирден бир жолу-билимдердин зарыл системасына ээ болуу керек.

2. Кылымдарды карыткан көптөгөн муундардын акыл-эсинен ныкталган билимдердин системасын өзүнүн табияты, маңыз мазмуну боюнча Кут, Бакыт, болуп эсептелет. *Билим-кут жана бакытка жетүүнүн каражаты гана эмес, ал өзү да чон кут, чоң бакыт.*[2] Эмгегин өзү да, ойчулдун мүдөөсү боюнча билимдүү адамдарга арналган, анын тереңинде катылган мазмун, ой-пикирлерге түркөй адам түшүнбөйт.

Ж. Баласагын чыгармасында азыркы мезгил (XXI к.) талап кылып жаткан "ар тараптан өнүккөн инсан" деген түшүнүгүн да камтып кеткен. Ж. Баласагындын инсан модели жана идеал инсан тиби тууралуу айткан ойлору бүгүн да актуалдуулугун жоготкон жок. Себеби акыл-эстик, эстетикалык, экологиялык, адеп-ахлактык, эмгектенген инсан моделин сунуштайт. Ал эми учурдагы билим берүү менен бул инсан моделин түзүү аракетинде. Негизинен чыгармадагы ой-пикир жана акыл-насаатгар автордун акыл-сезиминин тереңдигинен келип чыгып жатат. Адам болуунун эң биринчи шарты жана адамзаттын жашоосундагы эң башкы нерсе катары абийирдүүлүк, акылдуулук, билимдүүлүк көрсөтүлөт. Өзгөчө басым акыл жана эске жасалган. Адам баласы төрөлүп, жаңы жаралгандан эле акыл-эске ээби же акыл-эс кандайдыр аракеттин берекетиби? Акыл табигый жөндөмдүүлүк катары бардык пендеде бар, бирок ага ээ болуу үчүн талбай билим алып, окуп үйрөнүү зарыл.

а) Акыл-эс концепциясы – Акыл – табигый жөндөмдүүлүк катары бардык пендеде бар, бирок ага ээ болуу үчүн талбай билим алып, окуп үйрөнүү зарыл. Акыл-эстин эки түрү бар:

1. **Ишкер акыл эс (деятельный)** – сыртган келип түбөлүктүү, бардыгына бирдей (универсалдуу) нерсе катары мүнөздөлөт.

2. **Азаптуу (страдательный)** – ар бир пенде менен бирге жаралып, бирге жок болоору таасындалат.[3]

Билимсиз төрөлгөн жан, окуп-демек,
Акыл менен үйрөнүп көпкө жетет.
Акылды карызга эч ким бербейт колго,
Акыл-бул, жараткандан алган олжо.[4] – деген ыр саптары менен жогоруда аталган ой-пикирлерин толук айтып өткөн. Бул жерде акыл бул жараткандан тагыраак айтканда, Кудай тарабынан берилет. Ал эми аны окуу менен күчтөндүрсө, байытса болот деген ойду айтуу менен акылдын өзгөчөлүгүнө басым жасаган. Билим бул өзү көп кырдуу, татаал, бардык нерселер анын айланасында жыйналат. Акыл билимдин сарайы. Акыл адамдын эң жакшы досу, ал эми билим эң мээримдүү тууганы.[5] Чыгармадагы каармандардын арасынан ишкердик акыл эсти Кунтууду, Айтолду жана Акдилмиштен көрө алабыз, ал эми азаптуу акыл эсти Өткүрмүштөн көрсөк болот.

Жалпы адамзаттык баалуулуктарды түзүүчү төрт улуу түшүнүктү же болбосо төрт улуу касиетти биримдикте карайт. Төрт өзөк – бул китепти түзгөн негиз болуп эсептелинет.

1. Адилет – *Кунтууду* – Адилет (өкүм бийликти ак өтөөгө милдеттүү, ак жолду жаза баспас адил, өкүмдар аким ысмы). Ал Кунтууду дүйнөгө атагы ашкан, бактылуу, бардык жакта данкы дастан. Адилет, түз сүйлөгөн, калыс, калпы жок, сөзү, ою терең. Ал болчу акыл-ойлуу, ишке чапчаң, бузукка күйгөн жалын, каска капкан (кас душманга капкан болуп, кармай алган)[6] деп сүрттөлөт.

2. Ырыс – *Айтолду* – Дөөлөт (өкүмдар акимге ырыс, дөөлөт берээр башкы вазир ысмы). Акылман, эмгегин элге арнаган, сыпаа, ойчул, өнөрлүү, мүнөзү өзгөрүлмө, тез иш кылган.

Адам эле жүзү жарык, жылдыздуу,
Сөзү балдай таамай айткан чындыкты.[7]

3. Чындык – *Акдилмиш* – Акылмандык (ак караны айра билген дили ак таза адам, оюу терең). Сүттөн ак дили таза, жүзү, мүнөзү жарык.

4. Каниет – *Өткүрмүш* – Каниет - байлыкка, мансапка кызыкпас, кумарга алданбас каниет ысмы. Акылман, чынчыл, ачык.

Символикалык мааниси бар Күн тууду өлкөнү адилеттүү башкарууну өзүнүн жашоо принциби деп эсептейт. Анын аты жана заты жаратылыштын күнү менен барабар. Күн сыяктуу дайым бөксөрбөй, азайбай турушу керек. Күн ааламга жарык чачат, адамга нурун төгүп турат, ошол сымал элге ак иши, адил сөзү, мээрман, боорукерлиги менен кызмат өтөйт. Бирок бул сапаттар өкүмдар үчүн жетишсиз, сырткы көрүнүшкө да ээ болушу керек. Туруктуулукту билдирип, үч бутту күмүш тактыга олтурат. Курчтук, чечкиндүүлүктүн мүнөзү-колундагы бычак, оң, сол жагындагы бал менен уу жакшылык менен жамандыкка карата анын мамилеси. Адилет касиетине жетүүнүн өзү зор жоопкерчилик, ал үчүн жогорку сапаттар менен бирге акылдуулук, илимдүүлүк, сабырдуулук ж.б. касиеттер керек. Күн тууду бардык сапаттарга эгедер болсо да, бүткүл мамлекетти башкарууда кыйынчылыктарга туш болбой койбойт, убактысы да, чамасы да жетпейт. Ошондуктан бийлик ээсине калыс жардамчы керектигин жарыя салат. Увазир Айтолдунун образы-дөөлөттүн символу. Дөөлөт-туруксуз, өзгөрүлмө, аны адам баласынын кармап калышы өтө эле кыйын, оор, ошентсе да адам башына конгон бак-дөөлөттү акылдуулук, билимдүүлүк менен токтотуп калса болот.

Кут бир келет-бакпасаң кетип калат.
Бак бир конот-үйлөсең өчүп калат.
Бек кармасаң-ал калалбайт эч жакка,
Бир бошосо кайра илинбейт тузакка.

Акындын оюн ээрчисек, дөөлөттү кармай турган касиеттер төмөнкүлөр: мүнөзү иши менен дал келүүсү, ынсаптуу болуу, улууну урматтоо, кичүүнү сыйлоо, кишини кордобоо, бой көтөрүп мактанбоо, текеберчилик кылбоо, ичимдик ичпөө, байлыкты максатсыз чачпоо... Антпесе дөөлөт тоодогу жапайы кийик сыяктуу, жалт этип качып кетет.[8] Ж. Баласагын дүйнөнүн От, Суу, Жер, Шамал өндүү башталыштарын өз алдынча карайт, алар бизди курчап турган чөйрөдө түрдүү мааниге ээ экенин, Аалам, Коом, Адам өз ара тыгыз байланышта болорлугун белгилейт.

Ж. Баласагын *"жогорку адам"* идеясы ойун жаратууда Фарабинин жана Платондун ой-пикирлеринин исламдашкан тибин колдонгон. Себеби Ж. Баласагындын пикири боюнча "жогорку адам" биринчи терең ойлоно алган жана билимдүү адам болгон. Муну менен гана тим калбастан, өзүн жана өзүн курчаган дүйнөнү жакшы билиши керек эле. Эфлатун "жогорку адамды" философ кылып көрсөткөн. Анын пикири боюнча философ идеялдуу коомду жакшы билген жана чөйрөдөгү бардык нерсени идеялдуу абалга келтире алган адам болуп саналган. Бул адам билимдин чыныгы ээси болгон. Философтор билимдерди өздөштүрүү үчүн өзгөчө билим жана тарбия алышкан.[9]

Автор *"Инсан"* жана *"жогорку инсан"* деп эки көз караш менен караган. *"Жогорку инсан"* же *"тандалма инсан"* деген моделди берген. *Билимдүү* жана *билимсиз (түркөй)* деп адамдарды экиге бөлүп караган. Билимдүүлөр саналуу ал эми билимсиздер (түркөйлөр) көп деген ойду айткан.

Артык жок го бу дүйнөдө илимден
Түркөй адам-чыкпайт жеме сөгүүдөн.
Түркөйгө оору, кырсык жакын болот,
Дарылан-ансыз өлүм алат тороп.
Түркөйүм тилге кирип дарылан чын,
Ойлонгун, колго тийер бактынды алгын.
Сен сурасаң түркөйлөр кандай жан деп,
Айтаар элем оозго алып не керек?[10] – түркөйдүн үйрөнө албагандыгын, ал жөн гана сабаттуу эмес,

психологиялык оору жана коомго зыяны тие турган адам катары көрүп, дарылануу керек экендигин айтып өтөт. Түркөй деген сөз кандай маанини билдирет? деген суроо туулат. Менин ойумча түрк бул билимдүү инсан болгон ал эми түркөй деген түркке өгөй, башка деген маанини билдирген жана коом тарабынан кабыл алынган эмес.

Ошондой эле инсан экиге бөлгөн. 1. *үйрөткөн*. 2. *үйрөнгөн* ал эми мындан сыртта болгон адам, адам эмес болгон. Бул педагогикалык кубулуш. Үйрөткөн адам – мугалим ал эми үйрөнгөн адам – окуучу. Бул жерден бир гана педагогикалык терминдер кездешпейт бирок педагогикалык ой жатат. *Инсан атын* алуу үчүн эң биринчи айкөл жана мээримдүү болушу керек, андан соң башка сапаттарды алат деген. Ж. Баласагын өзүнүн таалим-тарбия, тажрыйба жана акыл-насаат методун колдонуу менен адамды *"жогорку адам"* даражасына жеткирүүнү көздөгөн. "Жогорку адамда" эң биринчи алты сапат болушу керек. 1. Акыл (ойчул), 2. Билим (жасай билген), 3. Ак сөөк, 4. Мээримдүү, 5. Эрдик, 6. Өзүн коомго арноо. Бул алты сапатка ээ болгон адам "жогорку адам" деген даражага ээ болгон.

Жамаат модели – инсаният бири-бири менен тыгыз байланышта болуп биргелешкен иш алып барышы керек. *Адам жана коом модели* – акыл, ахлак, сүйлөшө билүү, ынандыруу, эл үчүн иштөө, жакшылык кылууну сүйүү жана адилеттүүлүк менен иш алып барышы керек.

Эр жигит – жалпы түрк элдериндеги уул балдардын идеялы болгон. Ата-бабаларыбыздан калган "Ата баласы болбосоң да, эл баласы бол", "Эр жигит эл четинде жоо бетинде" деген макалдарыбыз муну тастыктап турат. Жигит болуу, эл үчүн эмгектенүү, эр жүрөктүк, элин коргоо ж.б. түшүнүк жана жигитке болгон талап, көз караш бүгүн да актуалдуулугун жоготкон эмес.

Жусуп Баласагын педагогиканын архаикалык мезгилине тийиштүү традициялуу билим (салт-санаа) чектеринен куралган инсан моделин сунуштайт. Бирок ошону менен бирге жаратмандык, көп өнөргө ээ, чыгармачыл адамды сунуштоо менен пост-индустриялдык мезгилдеги чыгармачыл адам моделин да ичине камтыйт.

Адам баласынын эң жакшы сапаттары

Акылдуу, билимдүү, илимдүү, ойчул, кеменгер, даанышмандык, эмгекчил, ак көңүл, айкөл, өнөрдүү, ак пейил тил, ак дил, таза ой, жаркын жүз, жакшынакай келбет, чындык сөз, аруулук, тазалык, чыдамдуулук, кайраттуулук, камкорчулдук, берешендик, сабырдуулук, баатыр, элди сүйүү, жөнөкөйлүк, токтоо, сактык, адилеттик, ишенимдүү, укукту сыйлаган, көңүлү түз, сыйлуу, аяр, түз, өмүрүн Ата-журтка арноо деген сапаттарды адам баласында сөзсүз түрдө боло турган сапаттар катары көрсөткөн. Бул сапаттарга ээ болбогон адам, адам деген ысымга ээ эмес болгон. Адамдык сапаттарды айтып жатканда негизинен *теги жакшы адамга* басым жасаган.

Теги жакшы адамдар ишенимдүү,
Теги жоктор болушат эки жүздүү.[11]

Эки түрлүү адамды белгилеп кеткен.

1. Бек.
2. Акылман.
3. Башкасы.

Башкасы көптүн бири жылкы саны,
Айтчы, сен-кимисиң бул экинин
Бири бол тандабагың үчүнчүсүн.[12]

Акындын педагогикалык концепциясынына ылайык коомдогу эң ардактуу орун даанышман жана илимпоздорго таандык экендигин бул жерден ачык көрө алабыз. Алар карангы жерди жарык кылган чырак сыяктуу жол башчылар. Коомдун өнүгүүсүнө салым кошкон адамдар. Даанышман илимпоздорду ардактай алган мамлекет гана дайыма алдыга жылат, өнүгөт-дейт акын. Адамдардын сапаттары жөнүндө айтып жатканда автор ар түрдүү кесиптердин ээлери жана аларда боло турган жакшы сапаттар жана болбой турган жаман сапаттарга да токтолгон. Падышадан кийин эле турган *бек*-заң сак, билимдүү, март, адилеттүү, ак, жөнөкөй, токтоо кыял болушу керек экендигин айтып анда болбой турган 5 сапатка токтолот.

1. Шашмалык.
2. Залимдик, наадандык.
3. Бузуктук, кежирдик.
4. Калп айтуу.
5. Сарандык.

Негизинен айтканда адамдагы жакшы сапаттардын баарын төмөндөгү кесиптик ээлерден каалаган.

Авазир, улуу хажиб, ордо башы, элчилер, казыначы, катчы, аскер башы, башчы ашпозчу, суусун башы (дарыгер) аттуу кесиптерди эң маанилүү экендигин айтуу менен, бул кесиптин ээлеринде боло турган жакшы сапаттарды жана болбой турган жаман сапаттарды айтып өткөн. Негизинен эле ким кандай жашабасын, кандай кесипке ээ болбосун акылдуу, билимдүү, илимдүү, ойчул, кеменгер, даанышман, эмгекчил, ак көңүл, айкөл, өнөрдүү, ак пейил тил, ак ниет, ак дил, жаркын жүз, жакшынакай келбеттүү, чынчыл, чыдамдуу, кайраттуу, камкор, берешен, сабырдуу, баатыр, кайраттуу, элин сүйгөн, жөнөкөй, токтоо, сак, адилеттүү, укукту сыйлаган, көңүлү түз, сыйлуу, аяр, түз, өмүрүн ата-журтка арнаган касиет-сапаттардын ээси болушу керек. Ал эми терс жүрүм турумдардан жана түркөйлүктөн алыс болуусу зарыл. Дастанда конфликтүү окуя болбогондугу менен адамдардагы сапаттардын ортосунда кагылыш курч мүнөздө чагылдырылат. Мисалы, адамдык-акмактык, билимдүүлүк-түркөйлүк, марттык-сарандык ж.б.у.с. Ошондой эле кызматка алынуу жана кызмат кылуу тууралуу автор мындай ой-пикирлери менен бөлүшкөн.

Кызматка өтөм деген адам үчүн,
Эки нерсе эң керек, ага бул чын:
Эң алгач куландан соо, өргө чапсын,
Анан ал ак эмгектен баар тапсын.
Жана да алтын керек кармай барак
Ак иште алтындын да кереги бар
Ошондо иште болот тартип, тактык,
Билгенге бардык жерде эшик ачык.(81)
Иштин көзүн тапкандар --төргө отурат,
Иш билбес-улагадан кайра чыгат. (105)
Өндүү-түстүү адамдар ишке жакшы
Мүнөзү жумшак адам элге жакшы
Адамдын жүзү ичи бирдей делет,
Чырайлууга эң жакшы мүнөз берет.
Адамдын пейлин карап өзүн баала,
Кейпи-өзүнө, өзү-кейпине туура келет. (194)[13]

«Түбөлүктүү киши»-илимге, билимге, эл кадырына ээ болгон жакшы адамдын ысмы түбөлүк калат.

Адам өлсө сөзү калат артында,
Жакшы атагы жашай берет калкында.[14]

«Куттуу адам» - Кут бийикте пастыкта эмес, ал жакшылыктын бардык тармагын камтыган даана касиет-адилдик, айкөлдүк, чындык, дөөлөт, ынсап, каниеттин башатынан жаралгандыктан акылман, боорукер, кечиримдүү, айкөл, ак-дилдүү, бактылуу.

«Куттуу үй» - жарык, жылуу, ырыс-кешиктүү, ата-эне күлүп жыргап, уул-кыз ойноп, ирегеден төрүнө чейин кут толо берекелүү.

«Куттуу улус» - беги адил, эли тынч, ынтымактуу. Асабасы бийиктеп, эли ишмер, билги, өнөрпоз. Кыйыры чеп.

«Куттуу жер» - күнү мээлүн, абасы серүүн, суусу тунук, өрүшү менен айдоосу түшүмдүү, ой-тоосу гүлзардуу. Зоосунда улары ышкырып, жан-жаныбарларга ырыстуу.

«Кут» - образы жандуу, касиеттүү, бардык жакшылыктын жышааны, жандуу сөз сапаты.

«Рух» - руху өнүкпөгөн адамга чыныгы адамдык касиет, сапат болбос. Ал өзүнө да башкаларга да жакшылыгы ченемдүү.

Бул түшүнүктөргө акын өзгөчө көңүл буруп, ар бирине токтолуп өткөн. Булар менен бирге *сөз/тилге* көп көңүл бурган. Эл менен тилдин тагдыры тутумдаш, тил анын түзүлүшү элдин ой жүгүртүү өзгөчөлүгү менен тыгыз байланышта. Тил акыл жана билимдин котормочусу.

Илим менен билимге көпүрө тил,
Тил адамды бакытка бөлөп салат же шорлотот башын алат.
Орчундуу сөз акыл-эстен от алат,
Орчунсуз сөз ийиниңден баш алат.[15]

Тил – адамдын асыл касиетин бөпөлөп көрктөп, анын ой сезимин ойготуп, жаңы сапатты алдына тартуулаган эң таасирдүү куралы. Ошондуктан акын

Тил арыстан босогодо камданган
Бошоп кетсе өзүңдү да жеп койгон[16] деп ага кылдат менен мамиле жасап айта турган жерде гана акыл-эс менен колдонуу керектигин айтат.

Киши көркү сөз дешет сөздү баала,
Адам сөзүн барктаймын тилим барда.
Кеп көркү-тил, ойдун көркү сөз болот,
Кишиде жүз, жүздүн көркү көз болот.[17] -деген терең ойу менен адам баласы өз турмушунда төрөлгөндөн өлгөнгө чейин өзүнүн ой дүйнөсүн тил аркылуу берип, сөз аркылуу ишке ашыраарын, ошондуктан ар нерсеге жөн эле сөз деп сүйлөй берестен, кылдаттык менен мамиле кылышы керектигине өзгөчө токтолгон. Дастандын өзгөчөлүгү – адамдын карым-катнашында түбөлүк кызмат кылуучу тилдин коомдогу ордун жана маанисин толугу менен ачып бергендигинде жатат.

Адамдагы жаман сапаттар

Эки жүздүүлүк, оройлук, ашык сөз, көрө албастык, күнөөлү адам, жаңылуу, билимсиз адам, шалаакылык, акмак, абийирсиз, зулум, калпычы, ойсуз наадан, мактаанчак, алдамчылык, керсейген, өжөр, азгырык, кызуулук, текеберлик, тартипсиздик, ачуу каар, кек сактоо, өч, дардаңдык, жалкоолук, таш боордук, байлык жыю, битир, сараң кежир, мерез, бекерпоз, митаам, шашмалык, чабалдык, былжыр, ала көөдөн, өзүмчүл, куулук, унутчаак, кайдыгер, кеңкелес, ушакчы, заар сөз, кошоматчы, шылдыңдоо, бирөөнүн намысына тийүү, какырынуу, түкүрүнүү, соргоктук, ач көздүк, кошоматчылык, арамдык, мансабына чиренгендик, уятсыздык, жанталашуу, чорт кыял, күнөөсүздү жазалоо, тажаал, акылсыздык, чыгымчыл, мактанчаактык, текеберлик, жоон билектик, жойпулук (ишенбе, сатып кетет кезек келсе), илең ичкичтик сыяктуу сапаттарды эмгегинин башынан аягына чейин санап ыр саптарына бөлөп отуруп адамдагы жаман сапаттар катары көрсөткөн.

Болсо эгер пендесинде мунун баары
Анда анын өмүр бою куураганы [18]

«Жаман адам» - калп айтуу, өжөрлүгүң жана оройлук, Жамандарга тийиштүү сапат толук

«Акылдуу адам» - Белгилүү: ак иш, абийир жана акыл, Акылдуу адамдардын сапаты ушул.[19]

«Акмак»

Адамдарда сапаттар бар кара мүртөз,
Санайын мен үчөөн күнөө бүтпөс.
Биринчиден – мактаанчактык жаман иш,
Экинчиден - алдамчылык арам иш,
Үчүнчүдөн – алып-сатар, сараңдык.
Акмактарга ушул үчөө бүт таандык.
Шашмалык, акылсыздык, текеберлик
Буларды акмак, наадан жандан көрдүк.[20]

Автор чыгармасында адамда боло турган жакшы сапаттарды даңазалап, ал эми жаман сапаттарды жек көрүп жиреп, адам баласынын кем-өксүгү жөнүндө баш катырып ойлонгону ачык чагылдырылган. Жаман сапаттарга ээ болгон адам заты бир гана өзүнө жамандык кылбастан, коомго залалын тийгизээрине басым жасаган. Чыгармада кайсы проблема, тема, идея болбосун автор жалпы адамзаттык масштабда ой жүгүртөт.

Адамдын нарктуулугуна шек келтирген арак, шарап ичүү, сүйлөшкөндө ашкере жалпаңдап жасакерленүү, артыкбаш корсолоңдоп күлүү, кепке конок бербөө, айлана чөйрөдөгү адамдарды жийиркентип какырынып, түкүрүнүү, сараңдык, напсисин агытуу, ичи тардык сыяктуу ж.б. жоопсуз жүрүм-турум эрежелерин сынга алып, маңыз маанисин, кесепетин түшүндүрөт.

Билим концепциясы

Чыгармада башынан аягына чейин билим жана окууга өзгөчө басым жасалган. Билимдүү адам бул чыныгы адам ысмына ээ, ал эми билимдин сыртындагы адам, адам кейпин кийген жандык деген ой пикир жатат.

Окуу түндө, алдыңдагы шам чырак,
Билим алсаң маңдай ачык жаркырап.[21]
Бул китептин баркын билет окуган,
Билимсиздин эмне келет колунан
Билимсиздер баркын билбес, андайга,
Кыйбас тууган болсо дагы карматпа!
Билимсиздер кантип окуп, түшүнөт?
А билимдүү окуйт, барктайт, күтүнөт.
Окуу-бул көп билимге кепил келет,
Жакшы кызмат элдерге-илим берет
Тагдыр акыл бербесе төрөлгөндө
Тилегине жете албайт андай пенде.
Окуу сага билимди берет экен.
Акыл-эсти кошо албайт анкени менен
А акыл, Кудай өзү сага берген,
Күч алат, тазаланат окуу менен!
Мезгилди бош кетирбе, оку күн-түн.
Күнүң тууп, максат-ойго жеткин сен да!
Адамдын артык жери-акыл билим,
Жок болсо андай сапат мал деп билгин
Эки түрлүү адамды-дейбиз адам
Өзү окуп же башканы өзү окуткан
Экиден башкалары жылкы саны
Тандагын же мунусун, же бир аны[22]
Билбегенди үйрөнүп алса болот.
Билип алсаң колуңа бакыт конот!
Акылдуу бойдон адам төрөлбөгөн,
Акыл, сөзү айтылаар кийин келген.[22]

Билим бул окуу аркылуу алына турган нерсе, ал эми акыл-эс бул жараткандан берилген нерсе деп, акыл-эсти өзгөчө бөлүп карайт. Акыл эсти

өркүндөтүүнүн ишенимдүү жолу – билим алуу болгон. Акыл эс бир гана билим жана окуу менен тазаланып толукталаарына автор терең ишенген.

Бала тарбиясы

Ата жолун көрсө бала тегинде
Көнүп кетет оорго да жеңилге
Бала өссө ар тараптуу таалим алып
Ата-эненин андайда жүзү жарык
А уулун өскөн болсо эркө-талтаң
Үмүт үз-адам чыкпайт андайлардан
Уулум толсун десең акыл-эске,
Билим бер, жаштайынан көндүр ишке.
Эркө өстүбү, балдарын-жаман адат,
Өмүр бою кайгыда жашың агат.
Эркө өстүрсөң, баланды корсун анда.
Күнөө атада бирөөгө доомат кылба.
Балдары орой болсо сөз укпаган.
Күнөөнү издөө керек эне-атадан.
Балдарды жакшы карма таалим менен
Анда ата ар кырсыктан алыс экен.
Баланды жаштайынан билимге үйрөт,
Билимдүүнүн колунан баары келет.
Чыбык менен сабап тур кээде аны,
Акылга тез келтирет таяк даамы.
Жаш кезинде өнөрдү алса күрөп,
Унутпай өмүр бою алып жүрөт
Да бир сөз: уулум зирек болсун десең
Жаштайынан окуткун тажабай сен.
Ким жашынан көп окуп билим алат.
Бойго жетсе тилеги орундалат.[23]

Тарбияда атанын мааниси чоң экендигин, ата балага тарбия берип, өнөргө үйрөтүшү керек. Эмгекке маани берип, жаштайынан эмгек кылышы керек деген. Азыркы учурда педагогдор "чыбык менен сабап тур кээде аны, акылга тез жеткирет таяк даамы" деген сөзүн катуу сынга алып, баланы тарбиялоодо туура эмес методу колдонгон, баланы сабоо туура эмес дешүүдө. Бирок бул жерде ошол убакытты, салттык тарбияны эске алышыбыз керек. Чын-чынына келгенде азыркы учурда да баласын сабаган үй-бүлө жок десек жаңылышабыз. Бул метод азыркы учурда да үй-бүлө тарбиясында колдонулуп келет. Албетте расмий мекемелерде колдонулбайт. Бирок үй-бүлөлүк тарбияда бул метод дагы да колдонулуп келе жаткандыгын унутпашыбыз керек.

Аял жөнүндө

Аял-теги дурус, абийирдүү, уяттуу, таза, тектүү, айыпсыз, күйөөсүнөн башка жан көрбөгөн, өзүнө чын берилген, так, күнөөсүз, ата-теги өзүнөн төмөн, жүзү эмес ички руханий дүйнөсү бай жана сулуу деген образ менен билдирген.

Чыгарба аялынды үйдөн алыс.
Төкпөсүн кокусунан абийир-намыс
Атактууга күч күйө болосуң сен!
Өзүң теңдүү жердин да алба кызын.
Качыра көр аялдын акылдуусун
Сулууну энсегендер, шашылбагын,
Кызыл жүзү саргаят акыр анын.
Акылдуу кызды тапсаң карап турба,
Үйлөнүп ал, табылгыс бакыт ошо.
Сөзүмдү ук, о кутманым, ачык айтам,
Кызы жок болгон жакшы, деги баштан.
А төрөлсө кыз бала-болсун дейли,
Көзү өтүп, көр алдында жатса мейли!
Аялды үйдө карма, болуп катаал.
Алардын маани, кейпи окшош таатал.
Аялга эркек менен бербе тамак,
Бирге болсо арамдык жолго барат.
Аялдарды чыгарба үйдөн алыс,
Үйдөн чыкса оп-оңой бузуп салыш
Аял деген-чийки эт. Сакта өзүң,
А бузулса-пайдасыз аракетин!
Аялдарга илгертен ишеним жок
Көңүлү дайым жүрөт көзүн коштоп.
Нечен эр, жүзү жарык, абийир алган
Аялдарга алдырып, жер караган
Нечен бир азаматтар атагы ашкан,
Түрүүлөй жерге кирген аялдардан.[24]

Аялдарга, кыздарга ишенимсиз, пас мамилесин көрсөткөнүн көрө алабыз. "Качыра көр аялдын акылдуусун" – деп, ошондой аялды көздөш керектигин айтат. Кыз баланын төрөлүшүн трагедия кылып карап, ал эми кыз бала төрөлсө, көр алдында жатканы жакшы деген пикирлери, чындыгында акынга болгон терс ой-пикирлерди жаратат. Мындай көрүнүштү бир гана исламга чейинки түшүнүк катары карай алабыз. Себеби исламга чейин араптарда кыз жана жалпы эле аял заты пас каралып, кыз бала төрөлгөн учурларда түрүлөй жерге көмүлчү. Ислам дини келгенден кийин Махаммед пайгамбарыбыздын хадистери жана ислам дини менен аялдардын мартабасы көтөрүлүп, маани бериле баштаган. Орто кылымда илимдин өнүгүшүндө арап тили, ошону менен бирге ислам дини жана ага чейинки түшүнүктөр Жусуп Баласагынга таасирин тийгизбей койгон эмес. Чыгыш Карахан кагандыгынын аймагында маданий өнүгүүнүн мүнөзү башкача болгон. Себеби ушул жерде түрк элдери жана иран араб маданияттарынын өз ара мамилеси жана карымкатнашы жүргөн. Себеби, Чыгыш Карахан кагандыгы орто кылымдагы түрктүк маданиятынын жана илимининөнүгүшүнүн очогу болгон.[25]

Дин концепциясы

Чыгарма эң башында эле "Бисмиллахи рахмаани рахим" сөзү менен башталып чыгарманын аягында окурмандан автор өз атына багыштап Куран окуп койуусун сурайт. Бир жагынан караганда Мухаммед пайгамбарыбыздын хадистерине окшоштуруп жазгандай бир түрү бар. Чыгармада ислам динининишенимдери, шарттары жөнүндө да маалымат берелет. Чыгарма эң башында Кудай жөнүндө ыр саптары менен башталат. Ал жерде Кудайды жөнүндө толугу менен маалымат берип кетет.

Жерде, көктө күн көргөндүн эгеси,
Сага жашоо, өмүр берген дагы өзү
Калктын башы ал Мухаммед пайгамбар,
Көптүн жүзү көрө турган көзү ал. [26] -- деген ыр саптары менен кудайды даңазалап, бардык нерсе анын колунда жана буйругунда экендигин айтып кеткен.

Мен сөзүмдү баштадым кудайым деп,
Жараткандын жалгаса амири көп.
Даңкына, урматына сынак жетпес,
Кудайым түбөлүктүү-өлбөс өчпөс
Кудай сага бийлик, даңкты ыйгарды,
Тобо кылып, тилөө керек ыйманды
Сыйынуу үчүн дагы билим керек,
Билимсиз сыйынганың-бекер эмгек
Жакшы адам ички сырын катып жүрөт
Жүз жыл кылса зыярат аз деп билет.
Кудайга сыйынганың ыйык келет,
Жалпыга жарыялоо-уят делет!
Жашоо, динин дайыма турат каршы,
Жолу башка эки айры туткан жакшы
Дин, жашоону кошом деп түйшүк тартпа,
Бирикпейт билим койгун жолу башка

Бирин тутсаң, алыстап бири качат,
Бирге кармоо жөөнү куру азап.[27]

Автор чыгармасында демократиялык көз караш менен окурманына эки башка жолду көрсөтүп, бирин танда дегенинде жатат. Ислам динин туткан адам болгондугуна карабастан, дин менен жашоону эки бөлөк карап, бирин тутсаң экинчиси качат деген ой-пикирин ачык айтып кеткен. Аны да чыгармасында Өткүрмүштүн образы менен толук берген. Бул жерде жашоо менен жаша, же дин менен жаша деген ой жаткандыгын ачык айкын көрө алабыз. Орто кылымда официалдуу идеология катары дин үстөмдүк кылып, адам жалпы эле аалам-дүйнө кудай тарабынан жаратылып, жараткандын буйругу болбостон эч нерсе болбойт деген ой-пикир коомдуук аң-сезимди бийлеп турган мезгилде автордун мындай сөз айткандыгы таң калтырат. Адамга эки жол берип анын бирөөнү тандоону окурманга койгон. Ал Өткүрмүш менен Акдилмиштин диалогунан турат. Курч бири-бирине карама-каршы пикирлерди койуп, эки пикирди да далилдеп, изилдеп, эки жолдун бирөөнү тандоону өз окурманына таштаган. Акдилмиш жашоонун маңызы жашоону улантууда жатат. Бул биздин эң негизги милдетибиз деп билсе, Өткүрмүш балалуу, үй-бүлөлүү болуунун катаал шарттарын айтып, бул бардык адамдын колунан келе бербес иш экендигине токтолот. Аял алуу кемеге түшкөн сымал, айланада көк деңиз чалкып турар, уул кызың төрөлсө кеме сынат, кеме сынса суудан ким тирүү чыгат? – деген соболду өзүнө койот, жашоонун оор жактарын баяндайт. Уул-кызды тарбиялоо да эң кыйын милдет. Эгерде өзүң каалагандай уул-кыз болбой калса кандай болот? деген суроолор аны коопсуздандырат.

Акдилмиштин жашоонун маңызы туурасында мындай айткан

Айтчы сен адамдыктын пайдасы эмне?
Натыйжасын өмүрдө эл көрбөсө?
Үйлөнүп өстүргүн уул-кызды
Куу баш деп эл жактырбайт баласызды
Сөзүн ук кулак төшөп, адам момун.
Үйлөнүп, улант деген өмүр жолун
Баласыз өлсө айтат аны
Артында жалгыз туяк калтырбады
Уул калса атадан өмүр улайт
Аңда ысмы өмүрдө унутулбайт
Баласыз өзү өлсө, тукум өлөт.

Жалгыздык

Ибн Сина үй-бүлө күткөн эмес экен. Тарыхый маалыматтар боюнча Рудаки менен Алишер Навои да дүйнөдөн так өтүшкөн. Ал-Фарабинин үй-бүлөсү болгонбу же жокпу белгисиз. Фирдоусинин да, Низами Гянжевинин да бирден гана уулу болгон. Ал эми Омар Хайям баарын таштап жалгыз жашап өткүнүң деп жар салат. Мындай орто кылымдык социалдык феноменди кантип түшүндүрүүгө болор эле?[28]

Өткүрмүш өмүрдүн терс жактарын мындай айткан

Уул-кыз жакшы чыкса токтоо, сылык,
Сен айткандай баарысы болот толук
А кокус уул-кызың начар чыкса,
Өлөөр замат атасын унутат да
Жатың көрүп артыңдан шылдың кылат
Уул кызың жоо болор – кереги эмне? (269)
Бала деп түйшүккө түшөсүң сен
Уул-кызың эмгегиң баалар бекен?
Аял алган кемеге түшкөн сымал,
Айланада көк деңиз чалкып турар
Уул-кызың төрөлсө кеме сынат,
Кеме сынса, суудан ким тирүү чыгат? (270)
Жыланач төрөлгөнсүң, жыланач сен,
Өлөсүң дүйнө жыйноо бекер экен.[29] (280)

Негизинен эле чыгарма автор өзү айткандай эки дүйнөдө бактылуу болуунун жолун көрсөтөт. Жашоонун маңызы – бактылуу жашоодо, ал эми адамдын бактысы өзүнүн колунда деген негизги ойду айтып кеткен. Мухаммед пайгамбардын образын: "жөнөкөй, сыпаа, бирок иши улуу, боорукер, пейили ак, жоомарт киши" – деп берген. Демек Мухаммед пайгамбарыбызды мындай сүрөттөөсү менен дал ошондой инсан моделин каалаган. Пайгамбарыбыздын төрт шакиртинин сапаттарын акыл, ой, баатыр жана айкөлдүк деп берген. Бул сапаттар жогоруда аталган инсандагы эң жакшы сапаттарда орун алган.

"Саманчынын жолу" чыгармасында кайын эне жана келин мамилелери талкууланат. Толгонай келиндүү болушуна абдан кубанган. Кыргыз салты боюнча үйгө келин келгенде кайын энеси *Келиним ак жолтой келин болсун* деп тилейт, башына *ак жоолук* байлайт, оозуна *сары май* сүйкөйт жана башына *чачыла* чачат. Толгонай да ушундай салттардын бардыгын аткарат. Кыргыз үй-бүлөсүндөгү дагы бир кызыктуу нерсе катары келин болуп келген кыз менен үй-бүлө мүчөлөрү арасында бири-бирине кайрылуу формалары эсептелет. Жаңы келген келинге кайын атасы жана кайын энеси *сен* жана *келин* сөздөрүнүн ордуна *кызым* же *балам* деп кайрылат. Мунун мисалы катары Толгонайдын Жер эне менен сүйлөшүп жатканда Алиманды балам деп атаганын көрсөтсө болот (Смайлова, 2011: 68). Кайын ата жана кайын эне келинге ызат менен мамиле кылгандай эле, келин дагы аларга каршы сый-урмат менен мамиле жасап, өзүн туура алып жүрөт, эч качан кайын атасынын жана кайын энесинин астынан жоолуксуз чыкпайт, аларга аркасы менен, тетири карап отурбайт (Смайлова, 2011: 69).

Мындан сырткары Толгонай Алиманды чырайлуу, сылуу жана сарамжалдуу келин катары көргөнү менен, бир нече убакыттан кийин аны өз кызынын даражасына чыгарат. Кыздуу болууну тилегени жана Алимандын келиши менен тилегине жеткени менен муну айгинелейт (Айтматов, 2000: 21). Кыздын акылдуу, эмгекчил жана таза болушуна абдан сүйүнөт. Толгонайдын келинин анык өзгөчөлүктөрү сүрөттөлөт. Толгонай менен Алиман оор тагдырын жеңилдеткен бирбирине болгон жылуу мамиле Алимандын боюна бүтүп калгандан кийин да бекемдейт. Кайын эне Алимандын күнөөсүн өз күнөөсү деп, төрөлө турган баланы болсо өз баласы катары кабыл алат (Алиева, 1999: 95). Айрыкча бул жерде кош бойлуу болгон аялга кыргыз үй-бүлөсүндө чоң урмат көрсөтүлүшү керек экендиги айтылат.

Кайын эне менен келин биринчи жолуккандан баштап оң маанайдагы өз ара мамилелер түзүлүүгө аракет жасалат. Бирини кадамды албетте келин алгысы келген кайын эне шилтейт. Бул да кыргызда *сөйкө салуу* деп аталган ырым менен башталат. Келин болочок кайын энесинин катуу кызыгуусуна жана мамилесине ошондой эле жооп берет. Эки үйдүн өкүлдөрү арасында жакшы мамилелердин түзүлүшү үчүн болгон ак ниеттүүлүк менен аракеттер жасалат. Муну түшүнгөн кайын эне келинди жакшы түшүнөт. Бул абалды Айтматовдун "Саманчынын жолу" чыгармасы мыкты мисалдандырат.

Келин боло турган кыз кайын энесин көрөр замат, ал босогодон аттап кирип келген учурдан баштап ага сый-урмат көрсөтүп ордунан турат. Бирок келин болгуча жүгүнүп салам бербейт. Кайын эне келиндин жүзүнөн өөп саламдашат. Адамдын тагдыры маңдайында жазылган деген ой менен, кээ бир учурларда кайын эне келинин бетинен эмес, маңдайынан өөп саламдаша алат. Кайын эне менен келин арасындагы мамилелерге мисал катары "Саманчынын жолу" чыгармасындагы Толгонай менен Алиман арасындагы мамилелер көрсөтүлө алат (Таштанова, 2011: 58-59).

Үй-бүлө жана коомдук-саясий өнүгүүлөр

Субанкулдун аскерге алына тургандыгы тууралуу кабар Толгонайдын көз жашын чыгарат. Муну түшүнүп турган Субанкул, мындан ары элдин көзүнчө ыйлабаш керек экендигин, анын үйдүн байбичеси, үйдүн башкаруучусу, Алиман менен Жайнактын энеси болгонун эстетип турган. Мунун үстүнө колхоздо бригадир болорун да айткан. Мында коомдо кадырбаркту аялзаттын күтүлбөгөн жагдайларда моюнга түшкөн жүк тууралуу да кеп кылган.

Бул чыгармада үй-бүлөдө аза күтүү тууралуу бир катар ыкмалар жөнүндө кеп кылынат. Күйөөсү жана уулу согушта шейит кеткендиги тууралуу кабарсыз Толгонай ат үстүндө үйүнө жакындаганда, аксакал аны аттан түшүшүн сураганы, өлүм кабарын аялдар айтканы, күйөөсү курман болгон Алиман бетин тытып канатканы, чачтарын чачканы; кайын энеси Толгонайга "энекем, экөөбүз тең жесир калдык, күнүбүз өчтү, эми түбөлүк караңгыда калабыз" деп өкүргөнү, эркектердин өлүмүнөн кийин үй-бүлөдө аялдардын кайгы жана аза кубулушун пайда кылгандыгынан маанилүү. Келин кызыл жоолук кийип жүрүп, эри курман болгондон кийин кара жоолук тагып азанын белгисин көрсөтөт. Өлүм кабары алынгандан кийин жети күн өткөн соң колхоздо иштегендер жаназа окуганга топтолуп көз жумгандардын жаркын элестерин эскеришет. Бул да үй-бүлөдө киши өлгөндөн кийин белгилүү күндөрдө уюштурула тургандыгын көрсөтөт. Кыргыздарда өлгөн кишинин үчү, жетиси, кыркы жана жылдыгы деп белгиленген күндөрдө атайын даярдыктар көрүлүп маркумду эскеришет (Үнал, 2010: 315-319).

Субанкул менен Касымдын өлүмү тууралуу кабар алингандан кийин жети күн өтүп, колхозчулар Толгонайдын үйүнө чогулушуп каза болгондорду эскеришет. Колхоздогулардын жетиликке келип бергендери, Толгонайды канчалык жакшы көргөндөрүн түшүндүрөт. Айылда бирөөнүн үйүндө бирөө кайтыш болгондо өз үйүнөн бирөө кеткендей сезилгенин көрсөтөт (Кырвели, 2011: 64). Айрыкча күйөөлөрү согушта өлгөн жаш жесирлердин кээ бирлери согуштан кийин турмушка чыгып, согуштун айынан бузулган үй-бүлөлөр жаңыдан курулуп жашоо уланганы байкалат.

"Саманчынын жолу" чыгармасында күзүндө үйлөнүү тойлор өткөрүлгөндүгү жөнүндө баяндалат. Дыйканчылык же мал чарбачылыгы менен алектенген үй-бүлөлөр талаадн түшүмүн жыйнагандан же мал жайлоодон түшкөндөн кийин той кылып, балдарын үйлөнтүшкөн. Тойдо көк бөрү ойнолгон. Бул оюнда улакты алган жигит сүйгөнүнүн дарбазасына таштап кетүүгө укуктуу болгон (Айтматов, 2000: 112). Мындайча сүйүүсүн билдерген жигит кыздын колуна талапкер болгонун да түшүндүргөн. Үй-бүлөдө бала төрөлгөндө сүйүнчү айтылган. Чоробек атанын келини кыз төрөгөндө, кыздын атын Торгой деп коюшкан, анткени ал таң атып жатканда торгойдой болуп бул дүйнөгө келген (Айтматов, 2000: 123). Жазуучу бул жерде кыргыз үй-бүлөсүндө ат коюу адатына тиешелүү ойдун таасири менен баланын атына ушундай маани жүктөгөн болуш керек.

Касым комбайнёр болуп иштеп жүргөн күндөрдө Алиман менен таанышып, үйлөнөт (Айтматов, 2000: 20). Касымдын үй-бүлөсү ага келинчекти тандоо мүмкүндүгүн беришет.

Кыргыз үй-бүлөсүндө биринчи түшүмдүн жемиштерин эң биринчи үй-бүлөнүн улуулары, андан кийин жаштар жана балдар ооз тийишет. Мындай адат улууларга көрсөтүлгөн сый-урматтан тышкары, дасторкон салтын чагылдырган бир кыймыл аракет болгон болсо керек (Смайлова, 2011: 66).

Чыгармада Толгонайдын үй-бүлөсүндөгү салттуу баалуулуктар менен кыргыз үй-бүлөсүндөгү баалуулуктар бүтүндүгү арасында окшош жерлердин болгонун айтса болот. Үй-бүлөлүк баалуулуктар кыргыз улуттук каада-салттар, үрп-адаттар менен бири-бирин толуктаганы айтылат.

Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын жалпысында кыргыз каада-салттардан көңүл эргип, бул салттык кубулуштардын кеңири колдонулушунун башында үй-бүлө түшүнүгү жатат. Айрыкча жазуучунун чыгармаларында салтуу үй-бүлөлөрдүн ар түрдүү формаларда колго алынганын да айтса болот. Бул контекстте коомдун пайдубалынын ташын түптөгөн үй-бүлө жөнүндөгү жазуучунун чыгармаларында үй-бүлө мүчөлөрүнө бир катар милдеттер жүктөлгөнү менен бирге алардын арасында мамилелерге да орун берилгени кызык туудурат.

Чыңгыз Айтматов өз элинин улуттук баалуулуктарына токтолот. Жазуучу коомдун ичинде жашайт, шыгын жана өнөрүн ушул коомдун чөйрөсүнө жараша аныктайт. Коом адамга таасир тийгизиши менен бирге, адамдын коомдук, руханий жана психологиялык атмосферасында белгилүү багытка жөндөйт (Муратов, 2006: 21). Айтматовдун чыгармаларында ар дайыма бузулган үй-бүлөлөр, эркексиз үйлөр, жетим балдар сыяктуу шаблондордун себеби катары негизинен согуш жана саясий режим кылган сүргүн, камакка алуу болуп келген (Колжу, 2002: 235).

Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында муундар аралык мамиле жана байланыштарга да токтолуп өтүлөт. Согуштун айынан ата-энесинен айрылган балдар, балдарынан айрылган ата-энелер да болот (Жумаева, 1999: 222). Айтматов балалык кезинен баштап чогултткан элдик руханий байлыкты өмүрүн акыркы жылдарына чейин байытып, чоңойтуп келген. Улуу киши ар кандай тоскоолдуктарга жана басымга калган учурда да калемин таштабай, уялбай, артта турбай улуттук баалуулуктарды чыгармаларында чагылдырууга өзгөчө көңүл бурган.

Адабияттар

1. Абдувалиев И., Акматалиев А. Кыргыз тилинин сөздүгү. - Б., 2010.

2. Айтматов Ч. Саманчынын жолу /Которгон Рефик Өзбек). –Стамбул, 2000.

3. Айтматов Ч. Ак кеме /Которгон Мехмет Өзгүл. – Стамбул, 2001.

4. Акматалиев А. Балдарга арналган салт жана ырым-жырымдар. –Б., 2000.

5. Балжы Й. Ак кемеде өткөн мезгил жана келечек, Түрк Йурду басмаканасы, 258-чыгарылыш. – Анкара, 2008.

6. Башаран С. Чыңгыз Айтматов жөнүндө Кыргызстан жана Түркияда жүргүзүлгөн изилдөөлөргө болгон бир баалоо / Кыргыз-Түрк "Манас" Университети, Коомдук Илимдер Институту (басып чыгарылбаган магистрдик иш). – Б., 2011.

7. Жумаева Г. Ата-бала проблемасын Ч.Айтматовдун аңгемелеринде чагылдырылышы. / Озмителевские чтения-99. – Б., 1999.

8. Ибрагимов М. Кыргыз макал-ылакап, учкул сөздөрү. - Б.,2005.

9. Иманкулова А. Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы миф жана легендаралардагы этнопедагогикалык идеялар. / Кыргыз-Түрк "Манас" Университети, Коомдк Илимдер Институту (басып чыгарылбаган магистрдик иш). - Б.,2011.

10. Колжу А.И. Акылман Чыңгыз Айтматов . – Анкара,2002.

11. Кырвели С. Чыңгыз Айтматовдун узун аңгемелериндеги гуманизм маселесинин адабий жактан изилдениши / Кыргыз-Түрк "Манас" Университети, Коомдк Илимдер Институту (басып чыгарылбаган магистрдик иш) - Б.,2011.

12. Муратов А. Чыңгыз Айтматов жазуучу этнопедагог. - Б.,2006.

13. Смайлова А. Кыргыз элинин этномаданиятынын совет доорундагы абалы Чыңгыз Айтматовдун көркөм иликтөөсүндө. / Кыргыз-Түрк "Манас" Университети, Коомдк Илимдер Институту (басып чыгарылбаган магистрдик иш). - Б., 2011.

14. Таштанова А. Ч.Айтматовдун чыгармаларында кыргыздын салтын, үрп-адатын жана маданиятын өз ичине камтыган кайын эне менен келиндин ортосундагы мамиле /Жаш түркологдордун II симпозиуму. - Б.,2011.

15. Үкүбаева Л. Чыңгыз Айтматов: эстетика жана улуттук негиз.- Б.,2004.

16. Үнал А. Заманбап кыргыз коомунда төрөлүү-өлүм каада-салты жана мунун тарыхый издери (Нарын облусунун мисалында). Кыргыз-Түрк "Манас" Университети, Коомдк Илимдер Институту (басып чыгарылбаган магистрдик иш). –Б.,2010.

А.К.Шайылдаева, БГУ

АЯЛДАРДЫН СОЦИАЛДЫК АБАЛЫ
(Социологиялык изилдөөнүн негизинде)

Кыргызстандагы айыл аялдардын социалдык абалын түшүнүп билүү үчүн социологиялык изилдөө жүргүзүлгөн. Изилдөөнүн актуалдуулугу өзгөчө бийик тоолуу айыл аялдарынын азыркы экономикалык, саясий жана маданий шарттарынын өзгөчөлүгүнө байланыштуу. Аялдардын абалынын жакшырышы коомго жалпысынан өтө зор таасирин тийгизээрине карабастан, аялдар мурдагыдай эле социалдык, экономикалык, саясий жана маданий чөйрөлөрдө басмырлануага туш болуп жаткандыгын эч ким тана албайт. Айылдын социалдык абалын изилдөө бүгүнкү күндүн маанилүү тарыхый проблемаларынын катарындагы эң эле олуттуу болуп эсептелингендиктен, Кыргызстандын Нарын облусунун Алыш, Ат-Башы айылдарында, Ысык-Көл облусунун Тасма, Талды Суу айылдарында жана Чүй облусун Жайыл, Кемин, Ысык-Ата райондорунда 2010-жылы жүргүзүлгөн өздүк конкреттүү социологиялык изилдөөлөрүнүн натыйжалары күбөлөндүрөт.

Көңүлүбүз негизги эки механизмге коюлган, ал үй-бүлө ресурстарын башкаруу жана тукум аралык түйшүк. Бул эки механизмдин жардамы менен кыргыз үй-бүлөсү бирдей социалдык чөйрөдө иш алып барат. Эки механизм тең негизги базалык башкаруу көнүгүүсүн өзүнө камтыйт жана эки механизм кыргыз үй-бүлөсүнө көнүмүш болуп саналат. Себеби, маданий жана мыйзам чегинде кабыл алынып калган, алты каражаттын ичинен, айылдык аялдар эки гана каражат башкаруу көнүгүүсүнө гана жетише алган, ал адамдык жана акча каражаттары. Акча каражаттары боюнча эркектерден 10-15 жылга артта калган. Башка каражаттар боюнча аялдар аткаруу жана колдонуучу позицияда болуп калууда. Гендердик позицияда айылдык башкаруу жана лидердин сүрөтү иштелип чыккан.

Сурамжылоочулардын жалпы көлөмү 18 жаштан жана андан жогорку жаштагы 700 респонденттен түзүлгөн. Ар бир сурамжылоодо жыныстык жана жаш курактык, аймактык өзгөчөлүгүнө жана билим деңгээлине жараша квоталар белгиленген. Нарын облусунун тандоо көлөмү 185 респонденттти түздү. Жалпы сурамжылоо саны Нарын облусунун Алыш айлында 11 респонденттен, ушул эле облустун Ат-Башы айлында 174 респонденттен түзүлдү. Ысык-Көл облусу боюнча тандоо көлөмү 315 адамдан куралса алардын 249 респонденти Талды-Суу айылынан, ал эми 66 респондент болсо Тасма айылынан алынды. Чүй облусунда тандоо көлөмү 200 адамдан куралды. Анын ичинен Жайыл районунун Биринчи май айылы 69 респондент, Кемин районунун Жаңы Алыш айылынан 33 респондент, Ысык-Ата районунун А.Токтоналиева айылынан 98 респондент тандалып алынды. Тандоо аймактык жана демографиялык өзгөчөлүктөрүнө карата репрезентативдүү. Ошондой эле, ар бир калктуу аймакта жүргүзүлгөн эксперттик сурамжылоонун (айыл өкмөт башчыларынын өкүлдөрү менен) көлөмү Нарын облусу боюнча 5 респондент, Ысык-Көл облусу боюнча 5 респондент, Чүй облусунда 5 респондент болду. Айыл аял жана эркек лидерлери менен жүргүзүлгөн терендетилген маектешүүдө Нарын облусу боюнча 16 респондент, алардын ичинен жыныстык өзгөчөлүгү боюнча бирдей көрсөткүчкө ээ болгон 10 респондент Ат-Башы айылынан, Алыш айылынан 6 респондент болду. Ысык-Көл облусу боюнча 16 респондент болду. Алардын 10 респонденти Талды-Суу айылынан, 6 респонденти Тасма айылынан алынды. Чүй облусу боюнча 16 респондент Жайыл районунун Биринчи май айылы боюнча 5 респондент, Кемин районунун Жаны-Алыш айылы боюнча 4 респондент, Ысык-Ата районунун А.Токтоналиев айылынан 7 респондент алынды. Жыныстык өзгөчөлүгү боюнча пропорционалдуу.

Таблица 1

Жергиликтүү коомчулуктун негизги проблемалары

Силерди кандай маселелер тынчсыздандырат?	Чүй облусу	Нарын облусу	Ыссык- Кол	Баардыгы
экономикалык маселелер	39,6	38,6	33,3	37,4
социалдык маселелер	18,6	22,2	29,2	23,3
билим берүү тармагындагы маселелер	13,9	11,1	20,8	15,2
ден соолук маселелери	27,9	27,8	16,7	24,1
Баардыгы	100%	100%	100%	100%

«Силерди кандай маселелер тынчсыздандырат?» - деген суроого эксперттер тарабынан көптөгөн маселелер айтылды. Алар жыйынтыгында категориялары менен бөлүнгөн. Мында (№1 табл.), көрсөтүп тургандай:

I орунда – экономикалык пландагы суроолор 37,4% түзөт;

II орунда – социалдык маселелер 23,3%;

III орунда – ден соолук маселелери 24,1% түзөт;

IV орунда – билим берүү тармагындагы маселелер 15,2% түздү.

Көптөгөн башка өлкөлөр сыяктуу Кыргызстанда калктын төмөнкү деңгээлдеги жумуш менен камсыз болуусу албетте эмгек рыногундагы жалпы

көрсөткүчтөргө терс таасирин тийгизет[1]. Аялдар жана эркектер барган сайын бир сектордогу жумуштан башка сектордогу жумушка өтүп кетишет, ошол эле учурда аялдардын орун алмашып иштөөсү күчөп жатат.

Диаграмма 1

Экономика, билим берүү, жана үй-тиричилик маселелериндеги приоритеттүү маселелер. Чүй, Нарын, Ысык-Көл областарынын приоритеттүү маселелери



Нарын облусунун Алыш айылынын ОО «Шердер» уюмунун башкаруучусу Султанов Шералынын айтымында: «...экономикалык абал он жылга салыштырмалуу жакшы жакка өзгөрдү. Алыш айылында жаштар активдүү болуп, элдин сапаттуу жашоого болгон умтулуусу мурдагыга салыштырмалуу жогорулады. Ошол кезде биздин айылда эки телефон болсо (2002-жылы), азыр ар бир үйдө жок дегенде бирден чөнтөк телефону бар. Ал эмес техникалык жактан кир жууган машина айылдык аялдардын жумушун жеңилдетти. Элдин көбү үйдү оңдоп-түзөө жумуштарында анын стилинин дагы өзгөрүшү байкалууда». Албетте, 2002-жылдагы изилдөөлөргө салыштырмалуу азыркы көрсөткүчтөр кыйла оң жакка өзгөрдү. Бирок, мындай көрүнүш дагы деле болсо жетишсиз. Айылдагы маалымат булактарынын жетишсиздиги, жумуштун жоктугу, жаштардын боштугунун айынан шаарга кетүүсүн айтсак болот.

Таблица 2

Айыл тармагындагы маселелерди гендердик көз караш менен чечүү

№	*Мазмуну*	*Аткаруучулар*	*Бул проблемаларды ким көбүрөөк билет?*	
			Эркектер	*Аялдар*
1	Экономикалык проблемалар	• Мамлекеттик башкаруу • Областык башкаруу органдары • Айыл өкмөтү жана айылдык кеңештин атынан жергиликтүү башкаруу • Жеке ишкерлер	**52%**	4,3%
2	Социалдык маселелер – жалпы инфраструктура	• Айыл өкмөтү • Айыл старосталары • Өкмөттүк эмес уюмдар • Кварталдык комитеттери • Ден соолук комитети	21%	30.4%
3	Ден-соолук маселелери	• Айыл өкмөтү • Айыл жетекчилери • Жергиликтүү өкмөттүк эмес уюмдар • Үй-бүлөлүк топтук дарыгерлер • Ден соолук комитети	9%	28,3%
4	Балдардын билим алуу маселелери	• Айыл өкмөтү • Мектеп, ата-энелердин чогулушу • Жергиликтүү өкмөттүк эмес уюмдар • Ден соолук комитети • Жаштар уюмдары жана мектеп уюмдар	18%	**37%**

Айрыкча жаштардын жумуш менен камсыз болуусуна көңүл буруу зарыл, себеби алар азыркы учурда жумушка орношууда эң аз мүмкүнчүлүктөр. Айлыктары аз жана алар аргасыздан үй-бүлө менен жумушту бирге алып кетүүгө айкалышкан.

Приоритеттүү проблемаларды белгилегенден кийин негизги суроо берилди: «Негизги проблемаларды ким чечиш керек» - деген суроонун жооптору төмөнкүчө системага алынып таблица түрүндө көрсөтүлдү:

Таблица №2.2 көрсөтүп тургандай экономикалык маселелерди көбүнчө башкаруу тармагында болгондуктан эркектер жакшы билишет деп белгилешкен (52%), аялдарга салыштырмалуу (4,3%). Социалдык маселелер (30,4%), ден соолук (28,3%) жана билим берүү (37%) проблемалар көбүнчө аялдарга таандык. Ошону менен бирге эле жеке эле Кыргызстанда эмес КМШнын башка өлкөлөрүндө дагы эркек балдардын социалдашышына көбүнчө аялдар катышат. Алар бир гана энелер эмес, чоң эне, таяене, эжелер жана жеңелер, көбүнчө аялдардан түзүлгөн бала бакча тарбиячылары, орто мектеп мугалимдери, дарыгерлер. Мисалы, Кыргызстанда 2001/2002-окуу жылында мугалимдердин 77,3 % ын аялдар түзгөн.

Жергиликтүү айыл тургундарынын аялдардын башкарудагы болгон пикири (гендердик өзгөчөлүк).

Негизги маселелер айтылгандан кийин үч облустун тандалган айылдарына суроолор берилди: «Айтыңызчы, Сиздин жетекчиңиз ким болуш керек: эркекби же аял болгону жакшыбы? Эмне себептен?»

Диаграмма 2



Ошону менен эле бирге Кыргызстандагы оң көрүнүштөрдүн бирин – билим алган аялдардын санынын көбөйүшүн белгилеп кетүү керек. Ошондо дагы кыздардын көпчүлүгү жогорку окуу жайларына барганда билим берүү тармагындагы кесиптерди 36,6% тандашат, 20,9 % гана ишкердик жана башкаруу тармактарын тандашат.[1] Аял менен эркектин ортосундагы теңсиздик кыздар турмушка чыгып балалуу болуу менен алардын карьералык өсүүсү токтоп, кесипти да андан ары өздөштүрө албай калышы да байкалат. Эгер алар эки жакты тең алып кетүүгө аракеттенсе анда аларга өндүрүштүк кызматты аткаруу менен бирге өзүлөрүнө таандык экономикалык жактан пайдасыз деп эсептелинген жана акы төлөнбөгөн үй жумушу жана бала багуу болуп эки эсе күч келет.[1]

Демек, эркектер жакшы башкарат деген түшүнүк коомубузда сиңип калган, мындай жооп берүүлөрү кызыктуу аргументтер менен шартталат:

Таблица 3

Кыргыз Республикасынын эркектерине келтирилген негизги жоболор

№	*Жооптор*	*Эркектер*	*Аялдар*	*Баардыгы*
1	Эркектер табиятынан башкаруучу болушат	6,6%	6,6%	13,2%
2	Эркектер баарын башкарыш керек, анткени алар башкарууга шыктуу	8,2%	7,7%	15,9%
3	Эркектер акылдуу болушат	9,9%	3,8%	13,7%
4	Эркектер дене-бою менен күчтүү болгондуктан, алар башкарууда коркутуу менен жакшы башкарышат. Алардын буйругунан коркконунан аткарышат.	8,2%	2,2%	10,4%

5	Билбейм, балким көнүп калдым	7,7%	6,1%	13,8%
6	Мен жөн эле аялдардын башкаруусун каалабайм	6.1%	4.4%	10.5%
7	Сыртынан аялдарга анча жарашпайт башкарган	9.9%	-	9.9%
8	Эркектерге көбүрөөк ишенишет	7,2%	5,4%	12,6%
9	**Жалпысы**	**63,8**	**36,2**	**100%**

Таблица 3 көрсөтүп тургандай башкарууга эркектер ылайыктуу болгонуна макул болгон эркек респонденттердин ою гана болбостон аялдардын дагы ою бар экенин - 36,2% дагы бир ирээт көрсөттү. Айрыкча айыл аялдарынын өзгөчө стереотиптери бар. Стереотип деп кандайдыр бир ишенимдерди айтабыз, алар өз учурунда фактылар менен далилденген эмес, бирок айыл жергесиндеги жашоочулардын арасында кенири тараган. Башталгыч класс курагындагы балдар Алиппе китебинен «апасы терезе жууп турганын» ал эми «атасы гезит окуп, үй куруп, машина жана ракета башкара» турганын үйрөнүшөт. «Апасы» инженер болоорун билдирген учурлар сейрек кездешет. Жогорку класстарда тарых, география, адабият, музыка, эмгек сабактарында балдар билимдин бул тармактарында белгилүү аял – саясатчылар, окумуштуулар, жазуучулар жана музыканттар же сүрөтчүлөр жокко эсе экендигине ишенишет же кандайдыр бир ийгиликке жетишкендер кайсы бир династия мүчөлөрү же күйөөсү атактуулар деп эсептешет. Мисалы, Россияда - ханайым Екатерина, Кыргызстанда – Курманжан датка, Францияда - физик-окумуштуу Мария Склодовская-Кюри атактуу физик-окумуштуу Пьер Кюринин аялы. Бул Кыргызстан билим берүү системасында орто мектептерде колдонулган окуу китептерин изилдөөдө тастыкталган. «Байыркы дүйнөнүн тарыхы», «Орто кылымдын тарыхы», «Жаңы тарых» окуу китептеринде орточо эсеп менен алганда 30 эркектин ысмына 1 аялдын ысмы туура келет. Тилекке каршы белгилүү окумуштуу, жазуучу жана коомдук ишмерлердин арасында аялдар өзгөчө үй-бүлөлүү, балалуу аялдардын саны эн эле аз...»[1] Мына ушундай стереотиптер албетте балдар менен кыздардын гендердик көз караштарынын орун алуусуна таасирин тийгизбей койбойт.

Ал эми эркектер аялдарга караганда жакшы башкаруу кызматчысы болорун 64,0% эркектер, жана 36,0% аялдар белгилешти. Ачыгын айтыш керек мындай ойлогон аялдардын саны дээрлик эки эсеге аз. Бирок, окшош жооп берген ойлор дагы болуп жатты. Мисалы, «Эркектер табиятынан башкаруучу келет» деген пикирге 6.6% эркектер жана 6,6% аялдар кошулду. «Эркекер баарын башкарыш керек, алар башынан шыктуу» деген пикирге 8,2% эркектер дагы 7,7% аялдар дагы, бирдей ойдо экенин билгизишти. Бирок, «эркектер акылдуу», «дене-бою менен күчтүү болгондуктан, алар башкарууда коркутуу менен жакшы башкарышат. Алардын буйругунан корккунан аткарышат» деген пикирлерди эркектердин пайдасына негизги аргумент катары кабыл алышкан жок.

Ал эми «Билбейм, балким эркектердин башкаруусуна көнүп калдым» деген пикир 7,7% эркектерге жана 6,0% аялдарга таандык. Эки топтогу респонденттердин ойлору бир кыйла окшош болду. «Жөн эле, эркектердин башкарышын каалабайм» деп белгилешти 6,0 эркектер жана 4,4 аялдар белгилешти. Эркектердин пайдасына жыйынтыктоочу пикир: «Эркектерге көбүрөөк ишеним» деген ойду 7,1% эркек-респонденттер, жана 5,5% аял-респонденттер жооп беришти.

Берилген маалыматтар көрсөтүп тургандай жергиликтүү коомчулуктун өзгөчө пикири байкалды. Ал эркектердин табияттан башкаруучу болуусу, себеби алар алдуу күчтүү болушат (дене бою боюнча). Же болбосо коомчулук эркектердин башкаруучулукка ылайыктуулугун, лидердик сапатынын болушун «эркектерге көп ишеним арттыруусу» менен белгиленген.

Таблица 4

Башкаруучу аялдардын пайдасына келтирилген аргументтер

№	*Жооптор*	*Эркектер*	*Аялдар*
1	Аялдар үйдөн сырткаркы иштерди иштөөгө убактылары аз, анткени бала багуу, жана үй-жумушу мүмкүнчүлүк бербейт	18,0%	8,6%
2	Аялдар эмоционалдуу болгондуктан, кыйынчылыкты көтөрө албайт	14,8%	9,4%
3	Аялдар абдан көп ушак айтышат, майдачыл жана кекчил. Бул болсо өз учурунда баардыгына зыян	13,3%	14,8%
4	Белгисиз, аялдар үйдү дагы жумушту дагы бирдей алып кетерине	16,4%	4,7%
	Жалпысынан	62,5%	37,5%

Маалымат булагы

Маалымат - чечим кабыл алганга канчалык көп кырдуу жана чындыка жакын болсо, ошончолук чечим кабыл алуунун сапаты жогору. Биздин респонденттерге бир нече суроолор берилди, жоопторго жараша маалымат ресурстарын башкаруусун билсек болот. Биздин респонденттер божомолдошот, маалымат ресурстарын башкаруусу маалыматтын табуу ыкмасына жараша, башкача айтканда маалымат булагы, жеткиликтүүлүгүн текшерүү үчүн жана чечим кабыл алууга колдонуу.

Маалыматтын негизги булагы болуп айылдык тургундарга электрондук массалык маалымат каражаттары кирет, ал үн алгыдан жана сын алгыдан алган маалыматтар – 45%. Башка маалымат булагы – жергиликтүү бийлик жана аны менен байланышкан жумуш – 13.6%. Үчүнчү булак – жоро жолдоштор, бир туугандар, кошуналар – 39,0%.

Диаграмма 4

Ат-Башы, Алыш, Талды-Суу, Тасма, А.Токтоналиев, Жаны Алыш, Биринчи Май айылдарынын маалымат булагы



Диаграмма 4. көрсөтүп тургандай алыскы айыл жашоочуларына үн алгы жана сын алгы негиз болуп саналат. Тизмекте көрсөтүп тургандай жергиликтүү бийлик азыраак маалымат булагына ээ. Берилген диаграммада 2.2 көрсөтүлөт, ал эмес алыскы айыл жергесинде маалыматтын жеткиликтүүлүгүн текшерүүгө шарты бар, же болбосо үч көз карандысыз маалымат булагы. Алар өз ара байланышта болгондуктан жеткиликтүүлүгүн текшерүүгө жакшы шарт бар. Бирок 36,3% респонденттер бир эле маалыматтын ар кайсы булагын карап көрүп салыштырышат.

«Сиз маалыматты кандай колдоносуз?» деген суроого респонденттер чечим кабыл алганга 36,6%, кенейтүү үчүн 44,6%, ал эми 18,6% жооп бере алышкан жок. Суралгандардын жарымы гана маалыматтан пайда алышат, тактап айтканда 46,6% респонденттер үчүн 54,0% бул маалымат эч кандай пайда алып келбейт. Маалыматты колдонуунун ылдый көрсөткүчү жана андан пайда алуу, социалдык-экономикалык жергиликтүү коомдун жашоосу жеткиликтүү жай өтүп жатат. Чечим кабыл алуунун сапаты дагы ойдогудай жогору эмес. Төмөн сапаттагы чечим катардагыдай далилсиз, бирдей кыймылга жана жыйынтыктарга алып барат. Маалымат ресурстарын туура эмес пайдалануда алар далилсиз маалыматтын чын бышыгына текшерилбейт. Башкаруудагы гендердик айырма табылган эмес. Айыл коомунда аял, эркек бирдей маалыматтарга ээ, канчалык чындыкка жакын экенин текшеришпейт 1/3 гана чечим кабыл алууга колдонушат.

Демек, көбүнчө айыл үй-бүлө респонденттери маалыматтын баалуулугуна анча маани беришпейт жана маалымат ресурстарын башкара билишпейт.

Байланыш тармактарынын ресурстары

Байланыш тармагындагы ресурстар же башкача айтканда, элдин бири бирине болгон байланышы. Ар бир адамда байланыш тармак ресурсу бар. Ал үй-бүлө тегерегиндеги тыгыз байланышы менен өзгөчөлөнө алат. Кошуналардын, туугандардын, дос курбулардын кызыкчылыктары бирдей болгон адамдар. Мисалы, кызматташтык коому, аялдардын байланыш тармагы, партиялык байланыш жана башка.

Байланыш тармагындагы айрым түзүлүштөр элдердин биргеликте иш алып баруусуна жана өзгөчөлүктөрүнө алып келет:

- Байланыш тармактарын маалыматтарда жайылтуу жана колдонуу. Ал көпчүлүк учурда жабык жана байланыш тармак мүчөсүнө гана тийиштүү;
- Коомдогу айырмачылык даражасын билүү;
- Байланыш тармагын мүчөсүнөн айрым кишиге колдоо кепилдиги;
- Байланыш тармагы өзү айрым инсандын байланыш тармактар ортосундагы мүмкүнчүлүктөрүн кенейтет;

Кыргыз маданият этносунун негизги бөлүгү – бул байланыш тармак ресурсу. Байланыш тармак ресурстарынын бир нече түрү бар:

- туугандар,
- коомдук,
- уруулук
- жердештик.

Түзүлүш маселесин билүү изилдөөгө кирген эмес байланыш тармактарынын ресурстарынын этникалык түрлөрүнүн тарыхы. Биз билгибиз келген - тууган арасында жана коомдук байланышта, айылдык аялдар байланыш тармагындагы ресурстарга катышабы? Этникалык түрдө байланыш тармактарынын капиталына айылдык аял мүмкүн көпчүлүктүн жыргалчылыгы үчүн колдонуу позициясында же байланыш тармагынын капиталын колдоосуна катышат, же ким чечим чыгарат, башкача айтканда байланыш ресурсун башкарат.

«Сиз үй-бүлөдөнүздөн сырткары кимдер менен байланышасыз?» - деген суроого 92,3% сурамжылоо-

чулар туугандары менен жана 84,4% коомдук байланыштарды айтып өтүшкөн. Ал эми «Туугандык байланышты кандай колдоносуңар?» - деген суроого айым менен мырзалар төмөнкүчө жооп беришти:

✓ окуу жайга өтүүгө же жумушка орношууда жардам алам – 46,4%;

✓ үй курууда материалдык жардам алуу үчүн – 18,2%;

✓ үй ондоого, жер айдоо жана жыйноо убагында өзүм жардам берем -12,4%;

✓ үй- бүлөлүк маселелерди чечүүгө жардам (күйөөмө жана балдарыма моралдык жактан таасир берем) – 9,1%;

✓ маалымат алуу үчүн – 7,2%;

✓ шаарда, райондо, керектүү адамдар менен байланышта болуу үчүн (ооруганда, соттук териштирүү учурунда ж.б.у.с) – 6,7%.

Туугандык байланыштарды бекемдөө жана кенейтүү үчүн аял-респонденттер башка туугандарына пайда алып келгенге аракет кылат. Азык түлүк менен - 28,6%; кол өнөрчүлүк менен (шырдак жазап) – 8,7%; үй жумушуна жардам берип – 18,3%; кенеш берип – 10,5%; жакшы маанай менен – 4,9%; ооруган туугандарына кам көрүү – 9,7%; туугандык мамилени жөнгө салуу – 19,3%.

Изилдөө көрсөтүп тургандай айылдык аялдар туугандык байланыш тармагында байланыш ресурсунун активдүү катышуучусу. Алар пайда алышат, өздөрүнүн салымын кошот, үй-бүлө жана туугандар арасындагы чыр чатактарды чечишет. Башкача айтканда алар колдонуучу, жана туугандардын ортосундагы байланыштын ресурстун активдүү катышуучусу. Сурамжылоого катышкан аялдар өздөрүнүн коомдук байланыштын мүчөлүгүн билдиришти. Кыргыз айылдык коом – бул бири бири менен байланышкан адамдардын тарыхта туруктуу түзүлгөн байланыш тармагы.

Жергиликтүү кыргыз коому – бул илгертеден келген адамдардын тыгыз байланышкан туруктуу коомдук мамилеси болот. Алар, жакшы түзүлгөн аскердик демократия жана тартип принциптерине ылайыкташкан коом эркектер тарабынан башкарылат[1]. Сурамжылоо көрсөтүп тургандай, аялдар көпчүлүктүн жыргалчылыгы үчүн керектелүүчү коомдук байланыштын капиталы жана анын активдүү тандоочусу. Ал эми «Коомдук байланышты кантип колдоносуңар?» - деген суроого төмөнкү жооптор берилген:

Таблица 5

№	Коомдук байланышты кантип жана эмне үчүн колдоносуңар?	%
1	Үй салууда (ашар) материалдык жана кошумча жумуш күч алам	36,9
2	«Черный касса» түрүндө жардам алам	9,2
3	Балдарым кичинекей кезинде менин каражатым жетишпегенде, кийим жана тамак аш жагынан жардам алгам	5,7
4	Үй-бүлө мүчөлөрүнүн карыган адамдары ооруп калганда картошка айдап сепкенде жардам алганбыз	10,3
5	Үй-бүлөдөн сырткаркы чыр чатактарды чечүүдө	6,3
6	Уюштуруудагы салым, жамандык жакшылыктарга материалдык жактан чогултуу	31,6

Өндүрүш байланышында жумуш бөлүнүү тармагында акырындап гендердик системанын салттуу көрүнүшүнүн бузулушу байкалууда. Бул процесстин алып баруучу негизги күчү катары аялдар эсептелинет. Анткени алар эркектерге таандык болгон кесипти бат өздөштүрүүгө жөндөмдүү келишет жана билим денгээли менен тең келип калышкан.

Негизги сегиз индикаторлор[1] аркылуу аялдардын жумуш рыногунда болжолдуу көрүнүүшүн карасак болот: 1) алардын жумуш рыногунда алган орду, 2) жумушсуздук жана жумуш менен камсыз болгон деңгээли, 3) чарбачылыктан сырткары акча төлөнүп берилген жумуш тармагындагы аялдар; 4) жалпы акы төлөнгөн иштердеги аялдардын жалпы саны; 5) статусу боюнча эмгекке жарамдуу аялдардын пайыздык көрсөткүчтөрү (акча төлөнбөгөн, жеке иш менен камсыз болгондор жана жалдангандар), 6) мыйзам чыгаруу тармагындагы аялдардын саны, 7) башкаруу тармагындагы аялдардын саны, 8) айлык акынын өзгөчөлүктөрү бюнча гендердик айырмачылык (айлык акы/убактылуу жумуштан киреше).

Эмгек жолуна кирип жатып, жаштар кесиптер дагы аял жана эркектердикине болүнөөрүн көрүшөт. Саясатчылар, жетекчилер, аскерлер эрежеге ылайык эркектер, ал эми социалдык тармак кызматкерлери жана тейлөө кызматтарында негизинен аялдар. Н.М. Габриэляндын ою боюнча бул граматикалык жол жөн гана сөз айкашын түзүү каражаты болбостон, жогоруда көрсөтүлгөн кызматтар менен алектенген аялдар эркек сындуу аялдар, «өзүлөрүнө ылайыксыз жумушта иштешет» деген түшүнүктү калыптандыруунун күчтүү идеологиясы болуп саналат. Бирок кесиптерди аялдыкы же эркектики деп бөлүү жасалма экендигин жана мындай кесиптер бардык өлкөдө бирдей эмес экендигин убакыт көрсөттү. Эгер Россия жана Кыргызстанда аз төлөнүүчү категорияларга кирген дарыгерлик кесипте көбүнчө аялдар эмгектенсе, АКШда дарыгерлик кесип жогорку акы төлөнүүчү кесиптердин бири жана ал жакта аял дарыгерлерге караганда эркек дарыгерлер басымдуулук кылат.

Ч.Чотаеванын[2] социологиялык изилдөөсүндө Кыргызстандан башка өлкөлөргө кетүүсү биринчи кезекте экономикалык абалга байланыштуу. Анын ичинен 11,2% кыргыздар 172% орустар 5,2% өзбектер жана 11,6% башка улуттагы респонденттер туруктуу жумушсуздуктун айынан жакшы айлык маяна алуу үчүн кетишет (№2.6 табл.карагыла). Ал эми 5,8% кыргыздар, 8% орустар, 6,5% өзбектер жана 14,7% башка улуттагылар жашоо шартты төмөн болгондуктан кетүүгө аргасыз болгон 5,6 кыргыздар, 11% орустар, 6,5% өзбектер жана 13,7% башка улуттагылар. Аз сандагы болсо да 0,8% кыргыздардын башка улуттарга салыштырмалуу билим алуу максаты сүйүндүрөт.

Улуттук статистиканын маалыматы боюнча[3], аялдар эмгек рыногунда 54,2%, ал эми иш менен камсыз болгондордун деңгээли – 49,3% (башкача айтканда ар бир экинчи аял жумушка орношкон). Ушул эле учурда, өлкөбүздө жалпы жумушсуздук - 8% түзөт, ал эми аял-

дардын арасынан жумушсуздук 9,1% (7,4% эркектердин арасынан). Белгилей кете турган нерсе, акыркы жылдары аялдардын башкаруу тармагында көтөрүлгөнүнө карабастан баары бир аз (болгону 9,9%). Айыл чарбасында алектенген бир аялдын орточо айлык маянасы абдан аз ал 657 сомов (20 доллар). Шаардык аялдардын орточо айлык маянасына салыштырмалуу 965 сом[4]. Башка ылайыктуу жумуштун жоктугуна байланыштуу үй-бүлөнүн негизги киреше булагы болуп айыл чарбачылыгы жана мал чарбачылыгы эсептелинет.

Акыркы изилдөөлөр Кыргызстанда кыйынчылык туудурган базар шартында аялдар негизги жумушунан сырткары экинчи жумушта иштеп кошумча киреше булагын да колдонушаарын, мындай учурда аларга үч эсе күч келээрин көрсөттү.[5] Кыргыз-Орус Славян Университетинине караштуу «Тең укук жана мүмкүнчүлүктөр» институтунун жүргүзгөн үй жумушун алдын ала баалоосунда аял үй ичинде кеминде эле алты-жети кишинин (гувернантка, кир жуучу, ашчы, үтүкчү, бала багуучу, тарбиячы же балдардын даярдоочусу) жумушун аткараарын көрсөттү. Эгер бул тизмеге соода кылып келүү, тамак-аш даярдоо, айыл жергесинде бакча жана үй жаныбарларын багууну кошсок Кыргызстанда аялдар үчүн бир суткалык убакыттын үй жумушуна эмне үчүн 20%ы (күнүгө 4-5 саат) туура келээри түшүнүктүү болот. Ал эми эркектердин үй жумушка кеткен убактысы 5%дан ашпайт жана 1 сааттан бираз ашык убакытты түзөт.[6]

Мындан сырткары «инсанга социалдашуу убагында жааган түзүлүштөрдөн биологиялык айырмачылык менен социалдык айырмачылыкты тактоо» кыйын экендигин белгилеген А. Синельниковдун ою дагы туура. Жыныс, бул бийликке мүнөздүү болгон гендердик түзүлүштөрдүн туткуну, ал эми жеке инсан өз убагында жыныс туткуну болуп калууда. [7] Аялдарга күч колдонуунун жаралышына менталитет жана каада-салттар дагы чоң таасир тийгизээрин Казакстан Республикасынын Ички иштер Министирлиги жана Казакстан Республикасынын Ички иштер Министирлигинин Академиясынын аялдарды коргоо бөлүмүнүн адистери тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөсүндө көргөзүлгөн.[8] Бул - Ю.Н.Крупкинин «маңызы жагынан өзгөчө эркектердин курмандыгынан айырмаланып турат» деген аялдардын жогорку курмандыгын инсанды социалдаштырууда издөө керек деген оюн тастыктайт.[9] Анын негизинде аялдарды мүмкүнчүлүктөрү жана бийлиги төмөн болгон төмөнкү социалдык статус өкүлдөрү катары кабыл алуу туура ой деп эсептелет.[10] Бул – аялдардын гендердик жеке айырмачылыгын орнотуу проблемаларын жаратат, өзгөчө аялдар жогорку социалдык жана жетекчилик жөндөмдүүлүктөргө ээ болгон учурларда.

Жыйынтыктап кетсек, үй-бүлөдө болобу, социалдык өнүгүүдө болобу, саясаттагы көтөрүлүүдө болобу аялдар үч баскычты басып өтөт. Ал башкалар түзгөн социалдык байлыктарлын колдонуучусу катары пассивдүү баскычтардан баштап, активдүү социалдык байлыктардын түзүүчүсү жана башкаларга шарттарды ылайыктоочудан чыныгы башкаруучуга чейинки баскычтарды басып өтөт. Бирок, ар бир баскычтардын өзүнчө тоскоолдуктары жана кармоочулары болот. Бул маданият болушу мүмкүн, анткени маданият – бул аялдык же эркектик деп белгиленген жүрүм-турумдун баштапкы уюштуруучу жана системалаштыруучу белгиси, толук нормалдуу биологиялык өнүгүү дагы өзүнөн өзү адамды социалдык психологиялык жана инсандык мааниде эркек же аял кыла албайт. Ал үчүн биологиялык мүнөздөр жыныстык роль системасы менен байланышта болгон сезим жана жыныстык өзгөчөлүк түшүнүгү менен толукталышы керек. Коомубузда аялдардын орду өзгөчө баалануы керек. Анткени, аял үйдүн куту, кыймылдаткыч күчү, барыдан мурда эне. Үй коломтосун өчүрбөй бактылуу турмушту камсыз кылууда аялдын ролу эбегейсиз зор.

Адабияттар

1. «Аялдарга болгон дискриминациянын бардык түрүн жоюу» эларалык Конвенциясын аткаруу тууралуу Кыргыз Республикасынын экинчи доклады. – Б., 2002.

2. Борубашев Б.И., Галиева З. И. История государства и права Кыргызской Республики. –Б., 2004.

3. Женщины и мужчины Кыргызской Республики. 2007.

4. Женщины и мужчины Кыргызской Республики, Национальный Статистический Комитет. -Б., 2008.

5. Женщины и мужчины Кыргызской Республики. Сборник гендерно-разделенной статистики. - Б., 2002.

6. Женщина и бытовое насилие (Практикалык окуу куралы) / И.Отто редеакциясында – Астана, 2003.

7. Карасаева А.Х. Повышение потенциала сельских женщин в принятии управленческих решений.- Б., 2002

8. Мерненко И. Материнство в феминизмах // Информационный листок «Посиделки». -СПб. 1999. № 7-8 (42)

9. Радулова Н. Горе отума // Слово Кыргызстана. – 2003. 5-сентябрь.

10. Равенство в сфере труда: поиски ответов на вызовы. Глобальный отчет МОТ. – Женева, 2007.

11. Синельников А. Мужчины и патриархальная власть // Диалоги женщин «We/Мы» - 1997. № 1 (17)

12. Организация Объединенных наций в Кыргызской Республике: от обязательства по достижению гендерного равенства к действиям. -Б., 2010.

13. Чотаева Ч. Современная межэтническая ситуация в Кыргызстане. По результатам социологического исследования. -Б., 2011.

Шайылдаева А.К., БГУ

АЯЛДАРДЫН САЯСИЙ УКУКТАРЫ ЖАНА АЯЛДАРДЫН БИЙЛИККЕ ТАРТЫЛЫШЫ

Биздин коомду демократиялаштыруу эркек-аялдын тендештигинин маселелери менен байланышкан көп жоболорду жана салттарды кайрадан карап чыгууга алып келди. Бул Кыргыз Республикасында гендер саясатын өнүктүрүү жана турмуштун бардык чөйрөлөрүндө, анын ичинде башкаруу, чечимдерди кабыл алуу деңгээлинде аялдарга карата басмырлоону жоюуга багытталган бир катар чараларды көрүү демилгесин көтөрүп чыкты. Аялдардын чечимдерди иштеп чыгууга тең укуктуу катышуусу «жөнөкөй эле адилеттүүлүктүн жана демократиянын талабы» болуп эсептелет, бул башкаруунун мыкты сапатына жетишүүгө жардам берет. Бирок соңку жылдарда биздин мамлекетибиздин гендер саясаты көп учурда карама-каршылыктуу жана ыраатсыз мүнөздө болуп жатат. Март революциясынан кийин дээрлик үч жылдын ичинде (2005-жылдын марты – 2007-жылдын декабры) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин курамында бир да аял депутат болгон эмес. Ал турсун, алар өкмөттө да жок эле, жер-жерлердеги башкаруу чөйрөсүнөн «чыгып калган». Аялдардын жетекчи кызматтарда болушунун көрсөткүчтөрүн салыштырууда бул жылдарда алардын санынын бийликтин бардык деңгээлинде төмөндөшүнүн тенденциясы байкалат. 2004-жылы алар 18,4 пайызды, 2005-жылы – 14,4 пайызды, 2006-жылы – 9,9 пайызды түзгөн[1], ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде саясий жана муниципалдык кызматтарды ээлешкен аялдардын саны 7 пайызды[2] гана түзгөн.

Эркектер менен аялдардын кызыкчылыктары принцибинде бирдей экендигине байланыштуу туруктуу пикир социалдык топ катары аялдардын өкүлчүлүгүнүн зарылдыгы жөнүндөгү маселени карап отуруунун кереги жок деген тыянакка алып келет. Аялдар ушундай көз карашта, анткени алар биздин коомубуздун гендердик стереотиптеринин таасири астында өсүшкөн жана калыптанышкан. Мындай түшүнүк аялдардын саясат, башкаруу, мамлекеттик кызмат чөйрөсүндөгү пассивдүүлүгүн пайда кылат. Чындыгында мындай эмес. Аялдар калктын теңин түзөт, ошондуктан аларда аялдардын өкүлчүлүгүн талап кылуучу өзүлөрүнүн жалпы өзгөчөлүү керектөөлөрү, кызыкчылыктары жана муктаждыктары бар. №3.2 Таблица көрсөтүп тургандай башкаруу чөйрөсүндө бир кыйла гендердик стереотиптер байкалат.

№3.2 Таблица

Башкаруу чөйрөсүндөгү гендердик стереотиптер

Аял	*Эркек*
Күндөлүк чыгымдарга жана башкаларга байланыштуу майда чечимдерди кабыл алат	*Чоң негизги чечимдерди өзүнчө кабыл алатсоңку сөз эркекте калат*
Кызды жөнөкөйлүккө жана тил алчаактыкка, ишмердикке тарбиялашат. Анын милдети күйөөгө ийгиликтүү чыгуу.	*Бала лидер жетекчи болууга тийиш. Анын милдети мансаптагы ийгилик*
Коомдук институттар (мектеп, ЖОЖ, мекемелер) аял лидерлигинин өнүгүшүнө көңүл бурушпайт	*Инсандын калыптанышынын баардык этабында коомдук институттар эркектердин жигердүүлүгүн жана саясатка катышуусун кубатташат*
Саясатка катыштыруунуу каалашпайт, коом жана үй-бүлө колдобойт. Күйөсү ага саясат менен иштөөгө мумкүндүк бербейт	*Саясатка катышуу табигый жана каалаган нерсе, үй бүлө жана тугандары колдойт. Коом аялга караганда эркекти колдойт.*
Диний көрсөтмөлөр саясатка катышууну жактырбайт	*Диний көрсөтмөлөр саясатка катышууну кубаттайт*
Саясат үй камкордугунан ажыратат, бала тарбиялоо процессинде көңүл бурууну басаңдатат	*Балдарды тарбиялоонун жана үй чарбасынын жүрүзүү түйшүгүнөн ажыратат.*
Эгерде аял саясатка барса, анын күйөөсүнүн аброю төмөндөйт. Мындай эркек коом тараптан кодулоодон улам өзүн кордолгондой сезет. Коом мындай үй бүлөнү жактырбайт.	*Эгерде саясатка дилгирленсе, аял аны колдоп, «бекем орун» камсыз кылууга б.а жана б.у.с.өзүнө алууга милдеттүү. Коом мындай үй бүлөнү кубаттайт.*

Саясатчы аял (жетекчи) социалдык маселелер менен иш жүргүзө алат.	*Саясатчы эркек (жетекчи) кайсыл чөйрөдө болбосун иштей алат.*
Коомдо саясатчы аялдарга өтө талапчыл.	*Коом саясатчы эркектерге өтө талапчыл эмес.*
Иши алга жылып бараткан саясатчы аял жөнүндөгү стереотип: жалгыз бой, жетилген куракта (балдары бой жеткен) үй бүлөдө жаңжал.	*Иши алга жылып бараткан саясатчы жөнүндөгү стереотип:арты бекем, жакыны үй бүлө, үйдө бардаарчылык.*
Көп учурда өзүнүн укуктарынан кабардар эмес жана саясатта кандайча көтөрүлүүнү билбейт.	*Көп учурда өзүнүн укуктарынан кабардар жана саясатта кандайча көтөрүлүүнү билет.*

Саясатта жана башкарууда пайдаланылган, мисалы «аким», «төрага», «аксакалдар кеңеши» деген жана башка терминология (бул терминдер Кыргыз Республикасынын Конституциясында да колдонулат) көп учурда аялдарга бөлүп таштоочулук таасир тийгизет. Анткени ушундай деңгээлде аялдарга тиешелүү терминдер жок. Кыргыз элинин кулк-мүнөзү бул терминдерди аялдын ысымы менен айкалышта колдонууга мүмкүнчүлүк бербейт. Ошентип эркектер жападан жалгыз легитимдүү саясий катышуучу адам болуп эсептелет жана аялдардын кызыкчылыктарын да билдире алат деген туура эмес божомол келип чыгат. Практика көрсөткөндөй, керектөөгө, муктаждыкка бул факторлордун таасир тийгизишинин натыйжасында аялдардын талуулугунун жана мүмкүнчүлүгүнүн даражасы эркектердикинен айырмаланат, бул аларды ого бетер талуулукка айландырат. Аялдар менен эркектердин ортосундагы иш жүзүндөгү теңдештикке (гендер теңдештигине) жетишүү үчүн чечимдерди, мыйзамдарды пландаштырууда, кабыл алууда, өнүгүү программаларын иштеп чыгууда аялдардын укуктарынын өзгөчөлүгүн эске алуу жана алардын абалын теңдештирүүгө жардам бере турган колдоону кароо зарыл.

Аялдар үйдүн сол ыптасынан орун алышкан. Адатта оң бутун алдына алып, сол бутун тизесинен бүгүп, жерге таяп, бутун этеги менен жаап отурушкан. Эгер аялга эр тарапка өтүш керек болсо, төр тараптан эмес, сөзсүз түрдө, очоктон ылдый айланып, өтүп барган. Аял киши коноктордун арасында басып жүргөнгө болгон эмес, ошондой эле аял кишинин эркектин кээ бир буюмдарын аттап өтүүгө да тыюу салынган - курал-жарак, ок-дары, ээр-токум, камчы: эгерде аял киши аларды аттаган болсо, ал ошол буюмдардын бузулушуна алып келет деген ишеним болгон. Бирок, кыргыз жана казак аялдарынын Орто Азиянын бөлөк элдерин аялдарына караганда эркин жашашканды айта кетүү керек. Мунун себеби (паранжа жок жүрүү) үй-чарба иштеринде аял менен эркектин, кыз менен баланын, бирдей катышуусу талап кылынгандыгында болгон.

Жумуш менен түйшүктүн айырмасы бар. Түйшүктүн арты менен адам акыл эс демилгесине жана активдүүлүккө ээ болот. Андан сырткары түйшүккө эффективдүүлүк, ылайыктуулук, өзүн өзү өлтүргөндүк кирет. Бул өз убагында өзүнө да, башкаларга да кам көрүүнүн чыгармачыл иши болуп саналат. Ушул себептерден өтө маанилүү адаттан сырткары психологиялык көрүнүш келип чыгат – тандоо мүмкүнчүлүгү, жаңылануу, жаңы нерселерге жетишүү. Ушул баардык нерселерд адамдары эркин, көз карандысыз, автономдуу болууга жардам берип, өзүн баалоого баркынын өсүшүнө шарт түзөт.

Өзүнө кам бул ой жүгүртүү процесси гана эмес, дене жагынан дагы активдүүлүктү талап кылат. Заманбап үй тиричилигине ээ болгондор, экономиканын көз карандысыз бирдиги катары, жумушту да, түйшүктү да тең алып жүрүшөт. Аялдар өздөрүнүн жашоосунда бардык этаптардан өтүшөт – алар аткаруучулуктан баштап, кам көрүүнү да кошо алып жүрүшөт. Бул кам көрүүлөр ой жүгүртүү процесси менен бирге, физикалык активдүүлүк менен коштолот. Өзүнө дагы башкаларга дагы кам көрүү менен бирге, аялдар, башкаруу практикасынан да, ошол практиканы жыйынтыктоо ыкмаларынан да өтөт. Алар бул башкаруу ыкмаларын өздөрү эле колдонбостон башкаларга дагы жеткире алышат. Кам көрүү – бул көз караш принциптеринин жана ыкмаларынын жыйындысы. Алардын жардамы менен адамдар индивиддердин (жеке адам) мамилелеринин түрлөрүн аныктай алышат. Ошону менен, кам көрүү өз алдынча феномен (адаттан тышкары болгон кубулуш же сапат) катары социалдашуу каражаты болуп эсептелинет.

Айылдык аялдарга суроо берилди: «Силер –өзүнөр жөнүндө камкордук көрсөтүнөрбү?» - деген суроого төмөнкү жооп алынды. Өзүнө кам көрбөгөн 13% аялдар, камкордуктун өзүн көрбөстөн, жөн гана үй-бүлөдөгү башка үй-бүлө мүчөлөрүнүн жумуштарын жасоого багытталгандыгын көрөбүз. Камкордук алар үчүн жөн гана иш аракеттердин жыйындысы (кир жуу, үй жыйноо ж.б.) негизинен алар башкалардын эсебинен үй-бүлө жумуштарын аткарышат.

Бул жумуштарга кол өнөрчүлүк жаңылануу кирбейт. Бул жөн гана күнүмдүк милдеттер. Үй-бүлөдө аялдар камкордук кылары бизди сүйүндүрөт. Анткени, биз жогоруда айтып өткөн камкордук бул дене жагынан да, ой жүгүртүү жагынан да пайдалуу. Камкордук – бул жан дүйнөсү менен чыгармачылыгын көрсөтүү. Ал эми «Сиздин оюнузча камкордукту кантип ишке ашырасыз?» - деген суроого 30,1% респонденттердин ою боюнча экономикалык камсыздык, 14% коопсуздукту камсыз кылуу, 5,5% респонденттер үчүн жан дүйнө туруктуулугу маанилүү, 6,3% суралгандар үчүн албетте өзүн өзү өнүктүрүү, 19,9% жооп бергендер башкаларга кам көрүүнүн сапатын белгилешсе 9,4% үчүн анча мынча жыргалдыктар кирген. Ал эми дене жагынан ден соолукта болуу 18,8% респонденттер үчүн маанилүү.

Ал эми өзүнө кам көрүү боюнча айылдык аялдар эмнени түшүнөт. Биз ойлогондой эле, ден соолукка кам көрүү негизги орунда. Аялдар үчүн ден соолук маанилүү экени түшүнүктүү, себеби ал ар дайым сарпталып турган кирешенин бир бөлүгү сыяктуу. Жана аны сөзсүз толуктап туруу керек. Ушул кыймылдын мааниси ачып көрсөткөн. Таблицада аялдардын активдүүлүгү өзүн өнүктүрүү багытындагы активдүү иш аракеттери көрсөтүлгөн.

Жыйынтыгында, айылда биринчи орунда инфраструктурага байланышкан социалдык мекемелер ту-

рат, экинчи планда экономикалык пландагы проблемалар, үчүнчү орунда билим берүү маселелерин белгилешкен жана төртүнчү орунда эң маанилүү болгон ден соолук маселесин эсептешкен;

Коомчулук аялдар менен эркектердин аң сезиминде, эркектерге карата өзгөчө пикир байкалды. Ал эркектердин табияттан башкаруучу болуусу, себеби алар алдуу күчтүү болушат. Же болбосо комчулук «эркектерге көп ишенимин арттыруусу» менен белгилешкен. Бул өз учурунда элдин илгертеден келе жаткан кыргыздын менталитети байкалууда жана бийик тоолу айылдарда ресурс деп ата-бабалар доорундагы салт санаага багынуучулук кеңейтилген. Айылдык аял маданий салттарга таянсак үй-бүлөлүк материалдык ресурстардан четтетилген.

Кыргыз Республикасы экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жагынан эл аралык жана региондук келишимдердин катышуучусу болуп эсептелет. Адамдын укуктарын коргоонун бул чоң бөлүмүндө артыкчылык БУУ 1966-жылы кабыл алган, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 1994-жылы ратификациялаган Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пактыга берилет. БУУнун Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча комитети калктын 50 пайызга жакынынын жакырчылыгынын жогорку денгээлине өзүнүн тынчсызданууусун билдирди. Өлкөнүн түштүгүндө эң оор жагдай түзүлдү, ал жерде 60 жаштан жогорку адамдар, аялдар жана балдар жакырчылыктан бардыгынан көбүрөөк жапа чегишет. Атап айтканда, комитетте наристелердин 19,7 пайызын, ошондой эле балдарды жана өспүрүмдөрдү камтыган тамактануунун начар абалына тынчсызданууну пайда кылды[1]. Көп жагынан жашоо деңгээлин жогорулатууга жана жакырчылык менен жумушсуздуктун проблемаларын чечүүгө донорлордун – эл аралык финансы институттарынын катаал шарттары тоскоолдук кылууда. Макроэкономикалык туруктуулукту сактоо үчүн мамлекеттик төлөмдөр жана жөлөкпулдар курмандыкка чалынууда, донорлор аларды жашоо минимумуна чейин жогорулатууга катуу тыюу салышууда. Чүй, Нарын, Ысык-Көл аймактарында 2010-жылы профессор А. Карасаеванын жетекчилиги менен жүргүзүлгөн тегерек столдун көрсөткүчтөрү абдан маанилүү болду:

I. Жеке деңгээлде.
II. Үй-бүлө деңгээлинде.
III. Коомдун деңгээлинде.
IV. Айыл өкмөттүн деңгээлинде.

Терең изилдөөнүн негизинде жалпысынан лидер аялдардын эки тизмесинде аялдардын биринчи жеке инсандык сапаттары (№1 табл.) берилген.

№1. Таблица

Чечим кабыл алуудагы аялдарга таандык лидердик сапаттар

№	МАЗМУНУ	I Деңгээл ЖЕКЕ	II Деңгээл ҮЙ-БҮЛӨ	III Деңгээл КООМ	IV Деңгээл АЙЫЛ ӨКМӨТ
	Лидер болуунун сапаттары				
1	*Ден соолук*	+	+	+	+
2	*Чынчылдык*	+	+	+	-
3	*Жогорку деңгээлдеги жумушка даярдуу*	+	+	+	+
4	*Интеллектуалдык*	+	+	+	+
5	*Жоопкерлик жана ишкерчилик*	+	+	-	+
6	*Өз мүмкүнчүлүгүн билүү чегинен чыгуу*	+	-	-	+
7	*Чечкиндүүлүк жана токтоолук*	+	+	-	+
8	*Өнүгүүгө болгон муктаждык*	+	+	+	+
9	*Ачыла чөйрөнүн ишенимине кирүү*	+	+	-	+
10	*Сабырдуулук*	+	+	-	-
11	*Өз кемчиликтерди анализден билүү*	+	+	-	-
12	*Кийимдеги тазалык жана тыкан болуу*	+	+	-	+
13	*Баардыгы үчүн мугалим болуу*	+	+	-	+
14	*Таманшакей болуу*	+	+	-	-
15	*Жеке деңгээлдеги өзгөчөлүк*	+	+	+	+
16	*Баарыдыгына жоопкер болуу жана бөлө которбоо*	-	+	-	+
17	*Маданияттуу болуу сүйлөшө билүү*	-	+	-	-
18	*Башкаларын жаны жана жыйысына карабастан сыйлоо*	+	+	+	+
19	*Башкаларын маданиятын жана салтын сыйлоо*	+	+	+	+
20	*Өзгөрүүлөрдү сезе билүү*	-	+	-	-
21	*Башкаларын муктаждыктарын сезе билүү*	+	+	+	-
22	*Башкалар менен тил табышуу жана келишпестиктерден алыс болуу*	+	+	+	+
	22 качества составляет 100%	19 (86,4%)	20 (90,9%)	10 (45,5%)	12 (54,5%)

Арык ээси Нескара,
Чабдар аты бар экен,
Ээси менен сүйлөшүп,
Эс үйрөтчү мал экен.(«Манас»,195-б.)

О, биздин көлөкөлөр алтын чынарыбыз! (Касымбеков Т. "Сынган кылыч", 264 б.).

Терек бойлуу кыз Сайкал
Атынан түшүп алыптыр («Манас» 2-китеп, 48-б.).
Камыш кулак, сом туяк
Балтыры бала белиндей,
Басканы сыртган желиндей («Манас» 2-китеп, 172-б.).
Өзүң эле сүттөн ак киши болуп кала бермексинби? («Ала-Тоо» журналы) (Кыргызт илинин фразеологиялык сөздүгү, Фрунзе, 1980, 260 б.).

В вышеприведенных иллюстративных примерах гиперболического эпитета видно, что взаимодействием, точнее, синкретизацией гиперболы и эпитета достигается коммуникативно-прагматическая установка, интенция, а последняя обеспечивается употреблением в роли тропа разного рода определений – эпитетов, отличающихся от других им подобных экспрессивностью и переносом значений и, тем самым, способствующих заведомому усилению характеристики меры отдельных признаков явлений.

Литература

1. Автеньева Л.А. Сопоставительно-типологическое исследование стилистических приемов английского и русского языков. - Одесса. 1986.

2.Ахманова О.С. Словарь лингвистических терминов. -М., 1969.

3. Жантурина Б.Н Семантика и структура синкретических тропов. -Ленинград. 1984.

4. Славинский Я. К теории поэтического языка. -М., 1975.

5. Сыроваткин С.Н. Вопросы лексикологии, стилистики в аспекте общего языкознания. -Калинин. 1977.

6. Степанов Ю.В. Принципы и приемы стилистического анализа и оценки художественной прозы. –М., 1971.

7. Квятковский А.Н. Поэтический словарь. --М.. 1976.

8. Мюллер В.К. Англо-русский словарь. –М.. 1988.

9. Розенталь Д. Э., Теленкова М А. Словарь-справочник лингвистических терминов. --М.. 1985.

Жолдошбаев А.С.,
Экономика жана ишкердик университети,
Жалал-Абад шаары

ОРУСТАРДЫН ЖАНА КЫРГЫЗДАРДЫН ЫСЫМДАРЫНА СОВЕТТИК ИДЕОЛОГИЯНЫН ТААСИРИ, АНТРОПОНИМИКАЛЫК ОКШОШТУКТАР

Улуу Октябрь революциясынан кийин орустарда ысым тандоого, ысым түзүүгө толук эркиндик берилген. Жаңы Росссия динден сырткары, лайык мамлекет (светское государство) деп жарыяланат. Чиркөө адамдардын жеке турмушуна кийлигишпей калган. Жаңы ысым коюулар, ысым түзүүлөр башталып, орустардын көп ысымдары унутта калат.

Жаңы Россияда саясий жана диний көз караштардын өзгөрүлүшү ат тандоого жана ысымдар тизмесине өз таасирин берген. XX кылымдын 20-30-жылдары орустардын ысымдар тизмесинде ревоюциялык окуяларды, жаңы идеологияны, революциялык атрибутиканы чагылдырган ысымдар пайда болгон, мисалы: Декрета (декрет – токтом, жарлык, мыйзам; коммунистердин тынчтык, жер жөнүндө токтомдору элге жакандыгынан), Идея (ой, жаңы түшүнүктөр биримдиги маанисинде), Интерна (интернационал – коммунистик партияларды бириктирген эл аралык уюм деген-ден), Искра (учкун, "Искра" - революциялык газетанын аталышынан), Коммунар, Коммунара (1871-жылы Франциянын борбору Парижде көтөрүлүшкө чыккан эмгекчилердин революциялык өкмөтү Коммуна, коммуначы деген сөздөн), Май, Майя (эмгекчилердин бүткүл дүйнөлүк күнү – 1-май майрамынан), Новомир (жаңы дүйнө), Пионер, Ревдит (революционное дитя – революциянын баласы), Ревмира (революция мира – дүйнөлүк революция), Революция, Свобода (эркиндик), Слава (даңк), Смена (алмашуу, жаңы муун деген мааниде). Бир катар ысымдар революциянын идеологдорунун, жол башчыларынын аты-жөнүн кыскартуулардан, бириктирүүлөрдөн келип чыккан, мисалы: Владилен, Владлен (Владимир Ленин), Нинель (Ленин тескерисинче), Будёна (Будёный), Марксина (Маркс), Энгельсина (Энгельс), Марлена (Маркс, Ленин). Айрым ысымдарда башка мамлекеттердин элдери менен биримдик деми жаңырган, мисалы: Клара (Клара Цеткин (1857-1933-жылдары) – коммунисттик кыймыл үчүн германиялык жана эл аралык ишмер), Луиза (Луиза Мишель – (1830-1905-жылдары) – 1871-жылы Париж Коммунасынын катышуучусу), Марат (Марат - Улуу Француз революциясында якобинчилердин жол башчысы), Спартак (Спартак – Рим импе-

риясындагы кулдардын көтөрүлүшүнүн жетекчиси, фракиялык). Эдисон, Ньютон, Сократ деген ысымдар дүйнөлүк маданияттын идеалдарына кошулууну билдирген. Наристелерге он мүнөздөмөлөрдү берүү максаты менен Идеал, Гений, Фантазия, Элегия деген ысымдарды беришкен. Татаал абревиатуралардан ысымдар пайда болгон, алар: Эдиль (эта девушка имени Ленина – бул кыз Ленин атында), Дисизара (дитя, смело иди за революцией – бала, революцияны чечкиндүү ээрчи). Баррикада, Граната, Герой, Партизан, Трактор сыяктуу оңунан чыкпаган ысымдар пайда болгон.

XX кылымдын 20-30-жылдары жаңы ысымдарды берүүгө умтулуулардан төмөнкүдөй ысымдар дагы колдонула баштаган:

• химиялык элементтер жана кошулмалар аталыштары боюнча – Радий, Сталь, Сталий, Никель, Гелий;

• сулуулукту каалоолордон гүлдөрдүн аталыштары боюнча – Астра, Гортензия, Лилия, Роза;

• географиялык аталыштардан – Лозанна, Ангара, Тикси;

• китептердеги каармандардын атынан – Руслан (А.С. Пушкиндин "Руслан жана Людмила" поэмасынын каарманынын атынан), Герман ("Пиковая дама" каарманынын атынан), Тимур (А. Гайдардын "Тимур жана анын командасы" чыгармасындагы каармандын аты), Аэлита (А.Н. Толстойдун "Аэлита" романындагы каармандын атынан);

• сахналык чыгармалардагы каармандардын атынан – Виолетта, Травиата (Вердинин "Травиата" аттуу операсынан), Дездемона, Джульетта, Офелия (Шекспирдин трагедияларындагы каармандар);

• байыркы грек жана рим үлгүлөрүнөн – Икар, Гера, Диана

• байыркы орустардын үлгүлөрүнөн – Рогнеда, Рогдай;

• чет элдик ысымдарды кыскартуулардан – Том (Томас), Генри (Генрих), Нелли (Хелен);

• чет элдик ысымдарга окшош ысымдар – Арлетта, Рида, Элиса;

Эски славян ысымдарынан окшоштуруудан – Краснослав (Святослав сыяктуу), Новомир (Казимир сыяктуу).

Жаңы ысымдарды түзүү, коюу Улуу Ата Мекендик согуштун учурунда токтогон. XX кылымдын 50-жылдары мурун жаңы ысымдарды алган ата-энелер балдарын жөнөкөй салтуу календардык ысымдар менен атоого кайтышкан: Андрей, Александр, Ольга, Елена, Наталия, Сергей, Евгений. Мезгил-мезгили менен орустар мотиви, мааниси ачык, даана болгон ысымдардан алыстап, XX кылымдын 80-жылдары наристелерге коюлган ысымдардын 5% эле жаңы ысымдар (Снежана) жана байыркы орус ысымдары болуп калган (Бажена), анткени орустар үчүн ысым жалпы лексика менен байланышта болбогону узак убакыт бою салтуу көрүнүш болуп калган.[1]

XX кылымдагы Октябрь революциясынан кийин кыргыздардын дагы ысымдар тизмесинде орустардыкындай өзгөрүүлөр башталган. Ал өзгөрүүлөр ошол мезгилде Кыргызстандагы жалпы социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр менен удаа башталган. Кыргыз лексикасына саясатка, экономикага, маданиятка, турмуш-тиричиликке байланышкан көптөгөн жаңы сөздөр, терминдер кирген. Кыргыз лексикасындагы өзгөрүүлөр кыргыз антропонимикасында жаңы ысымдардын пайда болушуна таасир эткен.

Белгилүү Октябрь ынкылабынын жеңүүсүнө, Кеңеш бийлигинин орношуна, коммунисттик идеологияга, коллективдештирүүгө, 1941-45-жылдары Улуу Ата Мекендик согушка жана башка белгилүү окуяларга байланышкан жаңы социалдык-саясий жана маданий-экономикалык өзгөрүүлөр кыргыздардын ысым берүү салтына да таасирин тийгизген. Октябрь ынкылабынан кийин болгон өзгөрүүлөргө байланыштуу Азат, Азатбек, Большевик, Кеңеш, Кеңешбек, Октябрь, Советбек, Советкан, Эркин деген ысымдар пайда болгон.

Улуу Ата Мекендик согуш кыргыздардын ысымдар тизмесинде да чагылдырылган, мисалы: Аскер, Аскербек, Жеңиш, Жеңишбек, Жеңишгүл, Согушакун, Согушбек ж.б. Оор согуштан кийин дүйнө жүзү боюнча тынчтык үчүн болгон кыймылдын жайылышынан, Совет өкмөтүнүн тынчтык үчүн үгүт иштеринен кыргыздар балдарына Бакыт, Замир, Замирбек, Замира, Мирбек, Мира, Тынчтык, Тынчтыкбек деген аттарды коюшкан.

Космос мейкиндигин космостук кемелер менен изилдөөнүн жаңы мүмкүнчүлүктөрүнөн Венера, Космос, Марс деген ысымдар пайда болгон.

Советтер Союзунун алкагында орус жана башка улуттар менен тыгыз карым-катнаштардан кыргыздар балдарына Анатолий, Борис, Зина, Максим, Тамара, Светлана, Галя, Эльвира, Элеонора деген жаңы аттарды коюшкан.

Совет мезгилинде кыргыздар активдүү коммунисттик идеологиянын таасири менен коммунисттер пир туткан инсандардын аты-жөнүн балдарына ат коюуда пайдаланышкан, алар: Владлен, Илич, Ильич, Иличбек, Ильичбек (Владимир Ильич Ленин дегенден), Марлен, Марклен (Маркс, Ленин дегенден), Мелис (Маркс, Энгельс, Ленин, Сталин дегенден).

Совет мезгилинде пайда болгон антропонимдерди кыргыз ысымдарынын белгилүү изилдөөчүсү Шералы Жапаров тарыхый-хронологиялык багытта өз учурунда төмөндөгүчө топторго бөлгөн:

I. Улуу Октябрь революциясынын жеңишине жана Совет бийлигинин орношуна байланыштуу коюлган аттар (1920-1930-жылдардын аралыгы);

II. Коллективдештирүү жана индустриялаштыруу учурунда пайда болгон антропонимдер (1930-жылдан Улуу Ата Мекендик согушка чейинки убак);

III. Улуу Ата Мекендик согуш учурунда пайда болгон энчилүү адам аттары (1941-1946);

IV. Тынчтыкка жана өлкөбүздүн өнүгүп-гүлдөшүнө байланыштуу коюлган антропонимдер (1946-1970-жылдардын аралыгы);

V. Неологизм-антропонимдер (1971-1988-жылдардын аралыгы).[2]

Соңку тобу, кеңири айтканда, азыркы мезгилди дагы камтыйт десек болот (жогорудагыдай топторго бөлүү Шералы Жапаровдун 1989-жылы басмадан чыккан "Кыргыз адам аттары" деген китебинде көрсөтүлгөн).

Совет доорунда орустардын жана кыргыздардын антропонимикасында жаңы ысымдардын семантикалык жана мотивациялык жактан окшоштуктары, удаалаштыктары арбын болгон, анткени аларга бир мамлекеттин мейкиндигинде ыкчамдай баштаган коммуникациялардын жыш тамырланышы, саясий, экономикалык, маданий, идеологиялык жараяндардын алкагында жалпы камтылышы жана башкарылышы, улуттардын тыгыз карым-катнашы таасир эткен. Натыйжада орустардын жана кыргыздардын Совет доорунда пайда болгон жаңы ысымдарында төмөнкүдөй семантикалык, мотивациялык жактан окшоштуктар, удаалаштыктар байкалган (таблица №1).

Таблица №1.

Октябрь революциясынын жеңишине жана Совет бийлигинин орношуна байланыштуу коюлган ысымдар:	
орустарда	**кыргыздарда**
Будёна, Вилен, Вилена, Владилен, Владлен, Воля, Декрета, Искра, Коммунар, Ленина, Майя, Марксина, Марлена, Нинель, Новомир, Ноябрина, Октябрина, Октябрь, Пионер, Пурпур, Ревмира, Революция, Свобода, Слава, Смена, Энгельсина.	Азат, Бакыт, Большевик, Бурулуш, Владлен, Жамыят, Жаңыбай, Закон, Кеңеш, Леналы, Марклен, Марлен, Мелис, Нинел, Нурсовет, Октябрь, Өзгөрүш, Совет, Советбек, Советкан, Социал, Тендик, Уруят, Чындык, Элмар, Эркин.
Коллективдештирүү жана индустриялаштыруу учурунда пайда болгон ысымдар:	
орустарда	**кыргыздарда**
Горн, Мартен, Подъем, Смычка, Рэм, Трактор, Электростанция, Энергия.	Колхозбек, Совхозбек, Артель, Артелбек, Зоотбек, Фермабүбү, Шактёрбек, Ыстахан.
Башка элдер менен ынтымак деминдеги жана дүйнөлүк саясаттын, маданияттын идеалдарынын урматына болгон ысымдар:	
орустарда	**кыргыздарда**
Клара, Луиза, Марат, Ньютон, Роза, Сократ, Спартак, Эдисон.	Абай, Алишер, Жамбыл, Индира, Клара, Марат, Роза, Тарас, Эрнис.
Сулуулукка умтулуулардан, гүлдөрдүн аталыштарынан пайда болгон ысымдар:	
орустарда	**кыргыздарда**
Астра, Гортензия, Лилия, Роза.	Астра, Лилия, Роза.
Географиялык аталыштардан:	
орустарда	**кыргыздарда**
Ангара, Лозанна, Тикса.	Акталина, Байкал, Нарынгүл, Өзгөнбай, Памирбек, Пишпек, Талас, Ташкенбай, Фрунзе.
Адабий, сахналык ж.б. көркөм чыгармалардын таасиринен коюлган ысымдар:	
орустарда	**кыргыздарда**
Виолетта, Герман, Земфира, Руслан, Тимур, Травиата.	Автандил, Кызжибек, Нурадин, Тариэл, Тимур, Тинатин.

Орустарда жаңы ысымдарды түзүү, коюу Улуу Ата Мекендик согуштун учурунда токтоп, XX кылымдын 50-жылдары орустар балдарын жөнөкөй салтуу календардык ысымдар менен атоого кайтышкандыгын мурун айтылып кетти. Кыргыздар Совет мезгилинде пайда болгон ысымдардын бир тобун андан ары дагы пайдаланып, ушул күнгө чейин колдонуп келе жатышат. Ага себептер көп: аң-сезиминде жакшы ысым деп орноп калгандан, уккулуктуу, кооз деп түшүнгөндүктөн, ошол ысымдарды алып жүргөн адамдардын үлгүлүүлүгүнөн ж.б. себептер менен. Кыргыздарда жаңы ысымдар Улуу Ата Мекендик согуштан кийин дагы уланып, Совет доорунун аягына чейин пайда болуп, коюлуп, колдонулуп келгени белгилүү. Орустардан айырмаланып, Совет доорунун башында, ортологонунда пайда болгон ысымдар азыр дагы активдүү пайдаланылууда, мисалы: Аида, Арген, Астра, Венера, Кеңеш, Клара, Лилия, Лира, Марс, Мелис, Роза, Тариэл, Тинатин, Элвира, Элеонора, Элмар, Эмил, Эрнис ж.б.

Совет доорунун аягына жакын, Кыргызстан эгемендүү болгондон кийин дагы жаңы ысымдардын коюлушу, пайда болушу, жаңы өздөштүрүүлөр улана берген, мисалы:

• Арлен - Жалал-Абад шаарынын тургуну Нурлан Жумабаевич Байымбетовдун 2001-жылы 14.07. туулган уулу Арлен Нурланович Байымбетов. Арген деген аттай кооз, уккулуктуу болсун, атасынын атына уйкаш болсун деп ушул ат коюлган.

• Нураида – Жалал-Абад шаарынын тургуну Исманов Жыргалбек Боронбаевичтин 2010-жылы 19.07. туулган кызы Исманова Нураида Жыргалбековна. Ысым кооз жана уккулуктуу деген себеп менен берилген.

• Биллклинтонбек - 1993-жылы 2.07. туулган Мукаев Биллклинтонбек Мукаевич – 2012-жылы Жалал-Абад шаарындагы Экономика жана ишкердик университетинин күндүзгү бөлүмүндө "Экономика жана ишканаларды башкаруу" адистиги боюнча II курстагы студенти. Ата-энесинин сөзү боюнча атын Жалал-Абад областынын мурунку губернатору Бекмамат Осмонов АКШ президенти Билл Клинтондун урматына, ошондой чыгаан жигит болсун деген ниеттен койгон.

• Мальвина – 1989-жылы 10.03. Жалал-Абад шаарында туулган Сыдыкова Мальвина Мурзабековна – 2012-жылы Жалал-Абад шаарындагы Экономика жана ишкердик университетинин күндүзгү бөлүмүндө "Финансы жана кредит" адистиги боюнча V курстагы студенти. Латын Америкасынын өз мезгилинде популярдуу көп сериялуу кино тасмасынын жагымдуу каарманынын атынан коюлган.

• Ноён-Баатыр – 1993-жылы 14.02. Аксы районунда туулган Базарбай уулу Ноён-Баатыр. 2010-2011-жылдары Жалал-Абад шаарындагы Экономика жана ишкердик университетинин Гуманитардык-экономикалык колледжинин күндүзгү бөлүмүнүн "Финансы" адистиги боюнча абитуриенти болгон. Ата-энеси Чыңгызхан жөнүндө Исай Калашниковдун ("Каар заман"), В.Г. Яндын ("Чыңгызхан", "Батый", "Акыркы деңизге казат" трилогиясы) китептерин окугандан коюлса керек.

• Сумая – Жалал-Абад шаарынын тургуну Анаркулов Бакыт Тургунбаевичтин 2011-жылы 15.12. Бишкекте туулган кызы Сумая Бакытовна Анаркулова. Динчил тааныштарынын сунушу боюнча коюлган, араб тилинде улуу, жогорку деген маанидеги сөз деп.

• Света – Базар-Коргон районунда 1994-жылы 20.12. туулган Муктарбек кызы Света - 2011-2012-жылдары Жалал-Абад шаарындагы Экономика жана ишкердик университетинин сырттан окуу бөлүмүнүн "Колдонмо математика жана информатика" адистиги боюнча I курстагы студенти болгон. Апасынын түшүндүрмөсү боюнча мурунку балдары оорукчан болуп, чарчап калгандыгы үчүн өзүнүн түшүнүгү менен ырымдап койгон экен. Аны төмөндөгүдөй түшүндүргөн: "Орустай куник (серт, ыраңы жаман) болсун дегенбиз", б.а. орустун баласын кыргыздардан эч ким карабайт, көз тийбейт деген мааниде.

• Енисей – Жалал-Абад шаарынын тургуну Икрам Момунович Мадышевдин 2011-жылы 24.12. туулган уулу Енисей Икрамович Момунов. Атасы кыргыздардын баштапкы мекени болгон Энесай тарапты эске алгандыгынан жана уулуна ошол дарыянын күчүн ыйгаруу ниетинде, өмүрү узак болсун деген ой менен койгон.

Орустардын жана кыргыздардын Октябрь революциясынан кийин, Совет доорунда пайда болгон, өздөштүрүлгөн жаңы, жаңы маанидеги ысымдарында семантикалык жактан, мотивациялык жактан окшоштуктары бир топ болгондугун жогорудагы маалыматтар негизинде көрсөтүлдү. Ага бир мамлекет болгон Советтер Союзунун мейкиндигинде ыкчамдай баштаган коммуникациялардын жыш тамырланышы, саясий, экономикалык, маданий, идеологиялык жараяндардын алкагында жалпы камтылышы жана башкарылышы, улуттардын тыгыз карым-катнашы таасир эткендигин айтып кеттик.

Адабияттар

1. Суперанская А.В. Имя - через века и страны. -М.: Наука. 1990.
2. Жапаров Ш. Кыргыз адам аттары. Общественный Фонд содействия образованию. –Ф.. 1989.

Джапаров Н. Р.,
КГУ им. И.Арабаева

ГИДРОНИМЫ, ОПОСРЕДСТВЕННО ОТРАЖАЮЩИЕ СВЯЗЬ ВОДНЫХ ОБЪЕКТОВ С ПРАКТИЧЕСКОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬЮ ЧЕЛОВЕКА В СОСТАВЕ ГИДРОНИМИКИ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА

Семантика гидронимов, объединенных под данной тематикой, заключается, прежде всего, в идентификации денотата, его отношении к рельефу местности и другим элементам геосферы на данной территории. В них не отражается непосредственно связь между водным объектом и носителем языка. Называемый водный объект сравнивается с другими гидрообъектами по физическим параметрам и качественным признакам, легшим в основу номинации.

По атрибутивным компонентам эта группа делится на: 1) прилагательные и 2) числительные.

Прилагательные в составе гидронимов

Прилагательные в составе гидронимов, обозначая внешний цветовой признак и качественную черту называемого денотата, несут основную номинационную нагрузку, т. к. манифестируемый своими физическими признаками гидроним отличает объект от других себе подобных.

1. Прилагательные, обозначающие цветовые признаки называемых денотатов.

Ак - «белый»: рр. Аксуу, Актерек, джбд. алб., Акбай, Чуй. обл. скк. рн., Акбалтыркан, джбд. алб. рн., Акбел, Ысык. обл. жтг. рн. Акбогуз, Ош. обл. ккжл. рн., Акбулак, Чуй. обл. кемин. рн., Акбуура, Ош. обл. крсуу. Акзоо, Нарын. Обл. тгзт. рн., Акичке, бтк. ляйк. рн., Аккол, Нарын. обл. жмг. рн., Аккол, Чуй. обл. ысык. рн, оз., Аккудук, Нарын. обл. акт. рн., Аксай, Ысык. обл. аксу. рн., Аксай, Нарын. обл. атб. рн., Аксуу, Ысык. обл. акс. рн., и др.

Боз — "серый, тусклый": рр. Бозалды, Нарын. обл. жмг. рн., Бозжалпак, Ысык. обл. жтг. рн., Бозжар, Нарын. Обл. жмг. рн., Бозучук, Ысык. обл. акс. рн.

Кара — "черный": рр. Карасуу, джбд. тктг. рн., Карасаз, Ысык. обл. тон. р., Карасай, Ысык. обл. жтгз. рн., Карасай, Нарын. обл. атб. рн., Карасуу, джбд. акс. рн., Карасуур, Ош. обл. алй. рн., Каратал, Нарын, обл. тншн. рн., Каратаман, джбд. нкн. рн., Каратјбј, джбд. чтк. рн., Каратјр, Нарын. обл. кчк. рн., Караіскір, джбд, обл. нкн. рн., Карачукур, Нарын обл. атб. рн.

Кашка — "прозрачный, ясный, чистый": рр. Кашкасуу, Чуй. обл. кемин. рн Кашкасуу, Ысык. обл. акс. рн., Кашкасуу. Ысык. обл. жтг. рн., Кашкасуу Нарын. обл. акт. рн., Кашкасуу, Нарын. обл. жмг. рн., Кашкасуу, Ош.обл. алай. рн., Кашка, ош, алй,р., Кашкатјр, Ысык. обл. акс. рн., и др.

Кјк — "синий, голубой": Кјкадыр, Нарын. обл. кчк. рн., Кјкаргын, Нарын. обл. атб. рн. Кјкбел, Нарын. атб. рн., Кјкбулак, Ош. обл. алай. рн., Кјкбулак, Ысык. обл. тон. рн., Кјкжангак, джбд. кклж. рн., Кјкжар, Ысык. обл. Кјкирим, Нарын. обл. атб. рн., Кјкирим, Нарын. обл. тгзт. рн. Кјкийик, Ош. обл. алай.рн.

Кызыл — "красный": Кызыл, Нарын. обл. тян. рн., Кызылагын, Ош. обл алай. рн., Кызылайрык, Ош. обл. алай рн., Кызылалмаш, джбд. нкн. рн., Кызыларык, Талас обл. лнпл. канал., Кызылбейит, прав. прит.р. Аблетум.джбд. акс. рн., Кызылбел, Ысык. обл. тон. рн., Кызылбулак, Ысык. Обл, ысык. рн., Кызылбулак, Нарын. обл. атб. рн., Кызылжар, Ысык, обл. жтг. рн., Кызылкиндик, Ысык. обл. тон. рн., Кызылкiнгjй, Нарын. обл. атб. рн., Кызылмойнок, Ысык. обл. жтг. рн., Кызылсуу, Чуй. обл., Кызылсуу, Ош.обл . алай. рн., Кызылташ, Нарын. обл. жмг. рн., Кызылэшме, Ысык. обл. жтг. рн., и др.

Ала — "пестрый": Аларча. Чуй. обл. алм. рн., Алааарча, Чуй. обл пнф. рн ., Алаарчинское водохранилище, Чуй. обл. алм. рн., Алабука, Нарын. обл. акт. рн., Алабука, джбд. алб. рн., Алакол, Ысык. обл. акс. рн., Аламiдiн, Чуй. обл. алм. рн.

Сары — "желтый": Сарыбел, Ысык. обл. жтг. рн., Сарыбел, джбд. нкн. рн Сарыбулак, джбд. чтк. рн., Сарыбулак, Нарын. Обл. кчк. рн., Сарыбулак Нарын Сарыбээ, джбд. нкн. рн., Сарыжаз, Ысык. обл. акс. рн., Сарыжон, Нарын. обл. кчк. рн., Сарыиймер, Нарын. обл. атб. рн., Сарыкой, Ош. Обл. нкт. рн. , Сарыкол, Ысык. обл. жтг. рн., Сарыкол, Нарын. обл. жмг. рн., Сарыкiнгjй, Нарын. обл. тян. рн., Сарыкiнгjй, Ош. обл. ляйк. рн., Сарысуу, Нарын. обл. акт. рн., Сарытjр, Ысык. обл. акс . рн., Сарычат, Ысык. обл. акс. рн., Сарычелек, джбд. акс. оз., и др .

2. Прилагательные, отражающие экспрессивно-оценочное отношение человека к объекту названия:

жаман — "плохой, дурной": рр. Жамандаван, Нарын. обл. акт. рн., Жаманжылга, Ош. обл. кклж. рн., Жаманкырчын, Ош. обл. алай. рн., Жамансуу, Ысык. обл. аксу. рн., Жамантал, Ош. обл. кклж. рн., Жаманэчки Ысык. обл. жтг. рн., Жаманэчки, Нарын, обл. кчкр.

сасык — "зловонный, дурной": рр.Сасыкбулак, Чуй. обл. кемин. рн., Сасыккjл, Чуй. обл. кмн. рн.

шор — "соленый": рр. Шор, Нарын. обл. акт. рн., Шороалыш, джбд. ляйк. рн., Шорбулак, Ысык обл. жтг. рн., Шорсуу, Ысык. обл. жтгз. рн, Шоркол, Ысык. обл. тон. рн.

ачуу — "горький" (в южном диалекте кыргызского языка имеет форму «аччык»): рр. Ачуубулак, нрн.тнш., Ачуукjл, ысск.аксу., Аччыксуу, Ош. обл. алай. рн, Аччыкбулак, бтк. лейлек. род.

3 . Прилагательные, отражающие температурные особенности гидрообъекта

Жылуу — "теплый": рр. Жылуу булак, Ысык. обл. жтг. рн., Жылуусуу, Ош. обл. рн., Жылуусуу, Ысык. обл. тон. рн., Жылуусуу , бтк .лейлек. р.

Суук — "холодный": рр. Сууктjр, Ысык. обл. жтг. рн., Сууктjр, Ысык. обл тон. рн., Суукбулак, бтк. обл. бткн. р.

4. Коннотирующие прилагательные в составенаименований водных объектов

Жинди — "бешеный, сумашедший": в гидронимической сфере «река с неустойчивым опасным течением»: Жиндисуу, Чуй. обл. кемин. рн, Жиндисуу, Чуй. Обл. пнф. рн., Жиндисуу, джбд. нкн, рн.

кандуу — "кровожадный": Кандуу, джбд. обл. алб. рн., Кандуу, Бтк. обл. ляйк. Кандуубулак, Бтк. обл. бтк. р.

Сулуу — "красивый, прекрасный": Сулуутерек, Чуй. обл. кемин. рн., Сулуубулак Ош. обл. чтк. р.

Улук — "священный, великий" (дрневтюрк. заднеязычный согласный «г»): Улук, Нарын. Обл. кчк. рн., Улукчат, Ош. обл. узг. рн., Улугсуу,бтк. бтк рч.

уу — "яд" — гидронимическое значение "плохой, нежелательный": Уубулак, Нарын. Обл. тншн. рн., Уусаз, Ош. обл. кркж,рн ., Ууташ , Ысык . обл . жтгз. рн Уутjр, Нарын. обл. кчк. рн., Уутjр, Нарын. обл. жмг. рн., Уужылга, джбд, акс, рч., Уутерек, ош. кркж, рч., Уулуусаз, джбд, сзк, рч., Уубулак, джбд, акс, род., Уусаз, чуй., кмн, рч. и т.п.

5. Прилагательные, отражающие пространственно-географическое отношение между сопредельно расположенными водными объектами

Жоон — "толстый" гидронимическое значение "широкий". Имеющий в составе своего названия такой атрибутивный компонент как жоон «толстый, широкий» гидрообъект сравнивается с близлежащим себе подобным деннотатом и вместе с тем устанавливается системность между водными именами данной местности: Жоонарык, Нарын. обл. кчк. рн ., Жоонтерек джбд. ткт. рн.

Ничке//ичке — "тонкий, узкий": рр. Ничке, Нарын. обл. атб. рн., Ничке, Ош. обл. узг. рн., Ничкесай, Ош. обл. ткт. рн., Ничкесуу, Нарын. обл. атб. рн. Ничкесуу, Нарын. обл. жмг. рн, Ничкесуу, Ош. обл. алай. рн.

Кеs — "широкий, просторный": рр. Кеscай, Нарын, обл. жмг. рн., Кеңсай Ош обл. нкн. рн., Кеscуу, Ысык. обл. акс. рн., Кеңсуу, Ысык.обл. тюп. рн., Кеscуу, Нарын. обл. атб. рн., Кеstjр, Нарын. Обл. атб. рн., Кеstjр, Ош. обл. чкл. рн.

Кууш — "тесный": рр. Iзjsгiкууш, Ысык. обл. жтг. рн., Кичиiзjsгiкууш, Ысык. обл. жтгз. рн.

Чоs — "большой": водный объект сравнивается с другой же своей "тезкой", расположенный в одном геопространстве.

Кичи //кичиг — "малый, маленький": рр. Кичиалай//Чоsалай, джбд. нкн. рн

Кичикарын, Ысык. обл. жтг. рн., Чоskарын, Нарын. обл. тян. рн., Кичинарын, Нарын. обл. тян. рн., рр. Кичикемин//Чоskемин , Чуй . обл кемин. рн. Ош. обл. ккж. рн., Кичикаракол//Чоskаракол, Ош. Обл. алай. рн., Кичикорумду// Чоskорумду, Нарын. обл. тян. рн., Кичикол//Чоskол, Нарын. обл. жмг. рн., Кичикараканан//Чоskаракаман, Ысык. обл. тон. рн., Кичикызылсуу// Чоskызылсуу, Ысык. обл. тон. рн.

Литература

1. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. –Ф., 1990.
2. Бартольд В. В. Кыргыздар жана Кыргызстан боюнча тандалма эмгектер. --Б..1997.
3. Батманов И. А. Источники формирования тюркских языков Южной Сибири и Средней Азии//Источники формирования тюркских языков Средней Азии и Южной Сибири. –Ф., 1966.
4. Бернштам А. Н.. Сложение тюркоязычного населения Средней Азии и происхождение киргизского народа // Труды Киргизской археолого-этнографической экспедиции. Т-3. –Ф., 1959.
5. Древнетюркский словарь. -Ленинград.1969.
6. Кононов А.Н. Грамматика языка тюркских руниче ских памятников VII-IX вв. -Ленинград.1980.
7. Молчанова О. Т. Структурные типы тюркских топонимов Горного Алтая. --Изд-во Саратовского Университета. 1982.
8. Сыдыков С. Монгольско-тюркские языковые параллели.-Ф.,1983.
9. Юнусалиев Б.М. Киргизская лексикология, часть I (развитие корневых слов). –Ф., 1959.
10. Махмуд Кашгари. Девони луготит турк. Г.Абдурахмонов ва Муталлибовлар иштироки ва тахрири астида. 3-том. -Ташкент, 1967.
11. Исаев Д. Жер-суу аттарынын сыры.-Ф.,1977.
12. Конкобаев К.К. Топонимия Южной Киргизии. –Ф., 1980.
13. Орузбаева Б.J. Словообразование в киргизском языке. – Ф., 1964.

А.Саматова, БГУ

СӨЗДӨРДҮ КАБЫЛ АЛУУНУН ЖАГДАЙ-ШАРТТАРЫ
(тарыхый кырдаалдар)

Тил - ар түрдүү тилдик бирдиктерди бириктирген татаал кубулуш. Ал тыбыштык жана маанилик жактан бир бүтүндүктү түзүп, сөз жана морфемадан, сөз жана сүйлөмдөрдөн турган система болуп саналат. Мындай көп кырдуу элементтердин жыйындысы төмөнкүдөй тартипте изилдөөгө алынат:

1. Тыбыш-Фонетикада;
2. Сөз составы - Лексикологияда;
3. Сөз мааниси - Семасиологияда;
4. Сөздүк түзүлүшү жана сүйлөм-Грамматикада;
5. Сөздүн пайда болуу тарыхы - Этимологияда;
6. Территориялдык тилдик өзгөчөлүк - Диалектологияда ж.б.[1]

Ошондой эле булардын өзүнө тиешелүү изилдөө өзгөчөлүгү бар.

Лексика - өзүнчө татаал система, ал этимологиясы жана стилдик жактан колдонулушу боюнча өз ара айырмаланган ар кыл сөздөрдүн топторунан турат. Пайда болушу, тарыхый куралышы боюнча нагыз кыргыз сөздөрү жана башка тилдерден кабыл алынган сөздөр деп экиге бөлүнөт. Ошондой эле колдонулуу мүмкүнчүлүгүнө карай да сөздөрдү экиге (активдүү жана пассивдүү) бөлүп изилдөөгө алабыз.

Бизди курчап турган заттар, кубулуштар, окуялар адам баласынын аң- сезимине таасир этүү менен, анын оюн калыптандырып, түшүнүгүн тереңдетет, улам жаңы нерселерди ачууга өбөлгө түзөт. Ошол жаңы пайда болгон нерселердин, түшүнүктөрдүн атын атап берүүдө кээде жаңы сөздөр пайда болсо, кээде мурдагы эле сөздөрдүн туунду маанилери келип чыгат. Ошентип, жаңыдан пайда болгон заттын же түшүнүктүн колдонулуу чөйрөсүнө ылайык тилдик каражаттар да кыймылга келет. Мындай атоо денотат - *(лат. denotare-белгилөө, атоо. Нерсе, кубулуш, көрүнүш менен түз катыштагы тил бирдиги, аларды дал өзүндөй чагылдырган тилдик деңгээлдер. Мисалы: пахта- ак алтын-кебез сөздөрүнүн ичинен денотат сөз-пахта)*[2] принцибинин негизинде жаралат.

Коомдук турмуштагы, айлана-чөйрөдөгү ар кандай өзгөрүүлөрдүн таасири дароо эле лексикага тиерин билебиз. Коомдогу ар кандай өзгөрүүлөр менен бирге жаңы сөз, жаңы маани жаралат. Бул лексиканын таасирге өтө ийкемдүү экенин, тилдин башка бөлүктөрүнө караганда мында өзгөрүү тез болуп турарын аныктайт. Демек, тилдин лексикалык составы ар убак коомдун алга жылуусу, өнүгүүсү, илимдеги жаңы ачылыштарды атоолор менен өзгөрүүдө болот. Илимдеги жаңы ачылыштарды жаңы термин менен атоодо да кабыл алынган сөздөр да ошол илимди, техниканы пайдаланган өлкөлөрдө бирдей аталышка ээ болот. Бул да мыйзам ченемдүү көрүнүш. Кайсы мамлекет кандай жетишкендиктерге ээ болсо, өздөрү ойлоп тапкан ачылыштарын ошол тилде атоо толук мыйзам ченемдүү көрүнүш. Мындай атоолор биздин тилде да орун алган. Биздин тилибизге эне тилибиздеги сөздөрдөн сырткары Чыгыш элинин тилдери кабыл алынган. Мисалы: араб, иран, фарсы, тажик ж.б. Ал эми Батыштан: итальян, француз, немец, англис, латын, грек, орус тилдеринен да илим жана техника тармактарына байланыштуу көптөгөн сөздөр кирип, ал азыр тилибизде активдүү пайдаланылып келүүдө. Жогорудагы айтылган, б.а. Батыш өлкөлөрүнүн айрым сөздөрү социализм доорунда орус тили аркылуу кирген болсо, азыр эгемендүүлүк мезгилинде түздөн-түз кабыл алынып жатат.

Кыргыз эли узак кылымдарга созулган тарыхында көптөгөн башка элдер менен карым - катышта болуп жашаган. Андай байланыштар жалаң эле элдин турмушундагы жашоо ыңгайына, психикасына, үрп - адатына, рухий көз - караштарына таасир тийгизбестен, анын тилине да таасир этет. Ал эң алды менен тилдин ийкемдүү жана дайыма толукталып, өзгөрүп турма бөлүгүндө - лексикасында сакталып калган. Андай сөздөрдүн ичинде жакын жана алыс тектеш тилдерден өздөштүрүлгөндөрүн айтууга болот.

Тилдин тарыхы элдин тарыхы менен тыгыз байланыштуу. Анткени, тигил, же бул тил белгилүү бир улуттун пикир алышуусун камсыз кылып, ошол коллектив менен бирге жашайт. Кыргыз тили чыгыш теги боюнча кыргыз-кыпчак тобуна кирери жалпыбызга маалым.

Кыргыз тилине башка тилдерден кабыл алынган сөздөрдүн лексика - семантикалык табиятын, кабыл алынган шартын, доорун тарыхый лингвистикалык илимдери изилдейт. Мында андай сөздөрдүн көркөм чыгармада колдонулушу, алардын тектеш жана тектеш эмес тилдерде учурашы өндүү жагдайлар изилдөөнү терең жүргүзүүгө өзүнүн жагымдуу таасирин тийгизет.

Кабыл алынган айрым сөздөрдүн колдонулуу чөйрөсү кенейип, семантикалык өнүгүүгө дуушар болууда. Мындай кырдаалда анын түпкү мааниси көмүскөдө калып, же кошо жашап, ал эми жаңы мааниси көбүрөөк колдонулат. Мисалы: нан сөзү - «токоч» мааниси менен катар «оокаты, көргөн күнү, иштеп тапкан маяна» деген өтмө мааниде да кеңири колдонулса, мурда диний түшүнүккө карата айтылган иман// ыман деген сөз азыр өзүнүн жаңы маанисинде (ызаат, уят - сыйыт) көп учурайт.

Жогоруда сөз кылгандай, дүйнөдө бир да тил өз алдынча, башка тилдер менен байланышпай өнүгө албайт. Сөзсүз бир тил экинчи бир тилге таасирин тийгизип, анын тыбыштык түзүлүшүнөн, лексикасынан, грамматикалык структурасынан зарыл керектүүлөрүн кабыл алып, өнүгүп, өзгөрөт. Сөздүк составын, тыбыштык жана грамматикалык

түзүлүшүн тийиштүү түшүнүктөр менен байытып, тилдин катнаш-байланыш, пикир алышуу ыкемдүүлүгүн, стилдик жактан тактыгын арттырат.

Кыргыз тилинин лексикасын байыткан тышкы булактардын бири башка тилдерден даяр сөздөрдү кабыл алуу жана аны пикир алышууда пайдалануу болуп саналат.

XIX кылымдын экинчи жарымынан тартып орус тилинен жана ал аркылуу башка тилдерден кабыл алынган сөздөр кыргыз тилинин өнүгүшүнө зор таасирин тийгизген. Бирок башка тилдерден кабыл алынган сөздөрдүн баары эле кыргыз тилинин лексикасынан туруктуу орун алып калат деп ойлоо туура эмес. Ал сөздөр алгач белгилүү бир даражада сыноодон өткөрүлөрүшү анык. Булардын ичинен жалпы элге бирдей түшүнүктүү болгон, тыбыштык жагынан тилибиздин артикуяциялык базасына баш ийдирилген сөздөр гана тилибиздин сөздүк составынан орун алып, бардык эл тарабынан өздөштүрүлүп, пикир алышуубузда төл сөздөр менен бирдей деңгээлде колдонулуп калат. Алардын катарына ленинизм, партия, коммунизм, закон, колхоз, электр, космос, машина ж.б. орус тилинен жана ал аркылуу башка тилдерден кирген көптөгөн сөздөрдү кошууга болот.

Тилдеги кабыл алуу эки жол менен ишке ашат: биринчиден, эки элдин карым-катышынын натыйжасында оозеки; экинчиден, жазма адабият аркылуу. Бул экөөндө тең кабыл алынган сөз шыдыр эле элдик активдүү лексикага айланып кетпейт. Ал өйдөдө белгилегендей, жалпы элдик сыноодон өтөт. Анын тагдыры көп жагдайлардын негизинде чечилет. Мында кабыл алынган сөздүн билдирген түюнтмасы, анын жалпы элдин речинде алган орду негизги ролду ойнойт. Ошондуктан анчалык маанииге ээ болбогон туюнтманы билдирген сөз лексикадан тез эле сүрүлүп чыгат. Буга согуш мезгилиндеги кыргыз тилинде колдонулган *фриц, гангстар* деген сөздөр азыркы тилибизде колдонулбагандыгы белгилүү. Бул көрүнүш аталган сөздөрдү кыргыз тилинин азыркы мезгилдеги талаптарын тейлөөгө жараксыз. Анткени тилибиздин лексикасынан орун ала албай калды.

Ошондой эле тилибизге кабыл алынган сөздөрдү изилдөөдө төмөнкүдөй жол менен кароого болот:

- толук жана чала кабыл алуу;
- которуп (калькалап) кабыл алуу;
- которбой кабыл алуу;
- өзгөртүп же өзгөртпөй кабыл алуу;

Толук кабыл алынган сөздөргө белгилүү бир формада туруп, өзүнчө жеке маани туюнкан сөздөр ыйгарылат. Кыргыз тилине кабыл алынган сөздөрдүн көпчүлүгү ушундай түрдөгүлөргө жатат. Мисалы: орус тилиндеги толук кабыл алынган сөздөрдөн: стол, стул, кровать, кресло, борң, шапке булар белгилүү бир толук маанини туюнтат.

Сөздөрдү кабыл алууда анын ички маанисин кошо кабыл алуу керектигин белгилүү окумуштуу, лингвист Бодуэн де Куртенэ кабыл алынган сөздөрдүн ар бирин өзүнчө дифференциялоо теориялык жана практикалык жактан изилдөө керектиги өткөн кылымдын 70-жылдарында эле белгиленген. Бирок бул маселе орус окумуштуулары тарабынан да, кыргыз окумуштуулары үчүн да эске алынган эмес.

Кыргыз тилиндеги толук да, чала да кабыл алынган сөздөр географиялык аттарда, адамдардын ысымдарында, кээ бир фразеологиялык тизмектерде, татаал сөздөрдүн составында кездешет. Мисалы: араб тилинен Мухаммед, Абды Керим, Айша, Зухра, Рахман ж.б. орус тилинен Валя, Шура, Данил, Марат, Володя ж.б.

Фразеологизмдин составында мисалы: Жер менен жексен болду. Бул тизмектеги *жексен* деген сөз иранча *йак-1, сан - окшош, тең* деген сөздөрдөн куралат. Сазайын колуна берди деген тизмектеги *сазайын* деген сөзү *жаза* деген иран сөзүнөн алынган.

Кыргыз тилинин социалисттик коомду тейлешине, анын түзүлүшүндөгү бардык жаңы нерселерди, түшүнүктөрдү билдирүүдө негизги булак орус тили болгон. Анткени орус тилинен жана ал аркылуу европа элдеринин тилдеринен кабыл алынган сөздөр кыргыз элинин коомдук турмушундагы бардык өзгөрүштөрдү, жаңылыктарды атоодо, туюндурууда, кыргыз тилинин лексикасынын байышында, фонетикалык жана грамматикалык түзүлүшүнүн структурасынын калыптанышына зор кызмат өтөгөн.

Лексикадагы төл сөздөрдүн окшоштугу байыркылык болсо, анда фонемалар да башында бирдей болгон. Лексикалык айырмачылыктар тилдин кийинки бир катар доорлорунда пайда болсо, тилдеги башка сөздөрдүн тыбыштык жагы кийин пайда болгон, же башка тилдерден алынган чет сөздөрдөн экендигинен кабар берет.

Тилдердеги лексикалык карым - катыш адам коомунун бардык мезгилинде географиялык чөйрөгө жараша болуп келген. Байыркы адамдар да чет тилде сүйлөгөн калктар менен беттешип калганда алардын тилин билүүгө мажбур болушкан.

Байыркы орус тайпалары христиан динин кабыл алганга чейин эле, чектеш жашаган түрк уруулары менен аралашып, мал багып, жер айдап, бири-бири менен соода кылып турушкан. Орус элинин маданиятына түрк элинин да таасири болгондугун ушул тилдеги түркизм менен далилдөөгө болот. Мисалы, орус тилинде көптөн бери карай колдонулуп келе жаткан: *товар, табун, табур, бояр, боярин, товарищ, атаман, орда, курган, кощей, жемчуг, дуга, колчан, сабля, сурма, тьма, тюрма, ура!* сыяктуу түркизмдер орус жазма эскерткичтеринде бар[3]. Булардын ичинен *товар* деген сөз орус тилине 992-жылдарда эле колдонулуп, *товарищ* деген сөз 993-жылдары, *ковер* деген сөз 997-жылдары, ал эми *сани* деген сөз 947-жылдан бери карай орус тилине белгилүү болгон[4].

Орус тилине коза, козел, тюрма, тьма, дуга, жемчуг XI кылымда алынган болсо, пирог, кумыс, сурна, толмач, ярлык, орда, собака деген сөздөр XII кылымда белгилүү болду. Орустарга: альтынь, деньги, казна, казначей, калита, караул, кулак, карий, бурый, кочевать, серга, мех, стакан, улус, колбаса, хозяин, ямщик деген сөздөр XIII кылымда алынган. Арак, базар, барабан, барсук, баурсак, гарбуз, кирпич, улан, шерсть, алый ж.б. сөздөр XIV кылымда кирген. Балта, ишан, колпак, лимон, мулла, султан, хомут, чемодан деген сөздөр XV кылымда; Ага, кукушка, паша, нефть XVI кылымда; Аркан, бай, баран, капкан, караван, чай, чинара XVII кылымда; Атаман, бакалея, каракуль, маяк, сарай, туман, урюк орус тилине XVIII кылымда алынган. XIX кылымдагы адабияттарда: сакман, той, шах, амир, палас ж.б. сыяктуу туркизмдер көп.

мындай мисалдар орус эли менен түрк калкынын карым-катышы эң мурда эле болуп келгендигин ырастайт.

Тилдин сөздүк составы жазууда сакталбаган турмуштун нечен бир санжырасын чагылдырат. Орус тилиндеги туркизмдерди эми этимология жолу менен аныктаса алар турпаты жагынан орусча терен өздөштүрүлүп, алардын чет сөз экени билинбей калган. Маселен орусча толмач кыргызча тилмеч (тил-ме-ч) үч морфема, түрк сөзү; орусча тесма, кыргызча сызма, тасма, тисме ж.б. Мындай сөздөрдүн төркүнү кыргыз, же казак тили эмес; булар жалпы алтай тилдерине барып кошулат. Орусча утюг кыргызча үтүк. Махмуд Кашгаринин сөздүгүндө үтүк, өтүк (өтүк сыяктуу «отлык»), бул сөз орус тилине XVIII кылымда гана белгилүү болгон.

Орус тилинде туркизмдер көп кездешет. Байыркы бир негизде таралган тектеш сөздөр азыркы орус тилинде да иштетилет.

Азыркы турпатына караганда орус тилиндеги туркизмдер, маселен: барин, башня, доля, жалование, кепка, кизяк, тальник, телега, хохол, шуруп, черпак, шило, алый, серый, кусок, брат, бурит, бросать, делать, таскать, чертить, топтать, толкуй ж.б. орус тилиндеги морфемаларга толук ажыратылбайт.

Орус тилиндеги туркизмдер турпаты жагынан орусташып, алардын түрк, монгол тилдерине орток сөз экендиги таанылбай калган. Мисалы: батман, баран, воронка, гудок, дождь, жилет, житель, коза, кабан, лошадь, луч, шаль, помощь, иголка, жулик, бык, ботый, чулки ж.б.

Ошондуктан, орус тилиндеги туркизмдер кыргыз тилине алынып, мурдагы төл сөздөргө дублет болуп калды. Мисалы: белет - билет «чыпта», ордур — ордер, сандык — сундук, кожоюн — хозяин, үтүк — утюг, батыр — квартира, саңкер — синка ж.б.

Ал эми айрым «дублеттер» болсо эки башка сөзгө айланып кетти. Мисалы: теңге «монета», деньги «акча»; далинке — табак, тарелка — блюда; чабаден, чемодан; жем, жом ж.б. Түрк тилдеринде унутулуп, колдонулбай калган туркизмден эми орусчасындай алынып жатат. Мисалы: бояр, батрак, доярка, тормоз, трубач, кирпич, шашлык, атака, вожжий ж.б.

Ушул азыр да айрым туркизмдер орус тилинде башкача мааниде колдонулат. Мисалы: булат менен болот, бурау менен буро, каюк менен кайык жана замбил, куйрук малай ж.б. сөздөр эки тилдеги колдонулушу бирдей эмес.

Д. С. Сатаров «Тюркизмы в русских названиях птиц» деген макаласында[5] куштардын аттарынан: турач, улар, кекилик, чомга, султанка, бугай, баклан, каравайки, казарка, гоголь, карга, бульбуль, дрофа, карагуш, сарыча, устельга, кашкалдак, лейлек ж.б. сөздөрдүн этимологиясы түрк тилдеринен табылат дейт.

В. Д. Аракин «Тюркские лексические элементы в тюркских повестях ив сказаниях XII-XV вв.» деген макаласында[6] өткөн XII-XV кылымдардагы орус адабиятында пайда болгон: алпут (феодал), катун (жена), яловец, кочевать, тьма, улус ж.б. сыяктуу туркизмдердин этимологиясын берет.

Орус тилиндеги туркизмдер негизинен ошол мезгилде чектеш турган чуваш, башкыр, татар, болгар, ногой ж.б. түрк калктарынан алынган болсо, ушул азыркы убакта чыгыш түрк калктарынан да орус тилине сөздөр кирип жатат. И. Н. Бажина «К вопросу о киргизских заимствованиях в русском языке» деген макаласында[7] кыргыз тилинен 43 сөз орус тилине өткөндүгүн мисалдар менен аныктай алган. Ал сөздөрү: аил, аксакал, арык, алыча, бармак, буза, джарма, каймак, камча, кесе, кетмень, кийик, комуз, сузьма, суюнчи, ширдак, элечек, айтыш, бакан, джарчи, джатак, кошеге ж.б.

Түрк тилдерине орус тилинин лексикалык таасири кийинки кылымдарга туура келет. Жакынкы чектеш элдерде мурда башталса, алыскы жерлерде кийинчерээк башталды. Академик В. В. Радловдун «Опыт словаря тюркских наречий» деген китебин караганда, чыгыш түрк урууларынын лексикасына бирин-экин орус сөздөрү кире баштаганын байкоого болот. Мына ушундай маалыматтардын негизинде кыргыз тилине орус тилинин лексикалык таасири XIX кылымдан башталган дешке толук тыянак бар.

Адабияттар

1. Өмүралиева С. Лексика. – Б., 2000.
2. Оиоров А., Осмонова Н. Лингвистикалык терминдердин сөздүк-справочниги. – Бишкек-Жалал-Абад, 2004.
3. Шипова Е.Н. Словарь тюркизмов в русском языке. –Алма-Ата. 1976.
4. // Советская тюркология. – Баку. 1970. № 2.
5. // Советская тюркология. – Баку. 1974. № 4.
6. // Советская тюркология. – Баку. 1972. № 5.

Джапаров Н.Р.,
КГУ им. И.Арабаева

РЕТРОСПЕКТИВНЫЙ АНАЛИЗ ОДНОЗНАЧНЫХ ЧИСЛИТЕЛЬНЫХ В ТЮРКСКИХ ЯЗЫКАХ И ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ИХ В ГИДРОНИМИКЕ

Общеизвестно, что испокон веков человек разумный homo sapiens активно использовал анатомические части собственного тела при исчислении сегментов, т.е. предметов реального мира. В связи с этим, многие числительные некогда имели названия фалангов (конечностей тела самого человека). Такую тен-

денцию можно наблюдать во всех тюркских языках, в том числе и в кыргызском.

Фаланги рук человека расположены так, что, в первую очередь, при устном счете, т. е. выражении идеи числа, каждый индивид языкового коллектива начинает с большого пальца (в кыргызском - бармак, узбекском бармог, турецком вармаг и т. д.). Такая тенденция в языке обусловлена и логически, и физиологически.

По нашим предположениям, сама основа данного числительного бар- является явным результатом фонетической эволюции древней лексемы йыр «разрывать, разбить». Разумеется, закономерный переход начального гласного й на губно-губной согласный б доказанный процесс. Однако можно наблюдать еще другую тенденцию развития известного процесса. Например, в ходе развития тюркских языков можно заметить другой факт изменения древнего звука й на согласный ж. Ср., йар – жар «обрыв, яр или же скалообразный крутой выступ горы», йамгур – жамгыр «дождь», йайлаг – жайлоо «летовка». Тем не менее, такие слова, как: йулаг – булаг, йигар – жигар – бугар, багир – боор «печень»; йулку – жулку – булку «выдергивай» и т.п.

Нам представляется, что числительное бир «один» в кыргызском языке, является фонетически видоизмененной формой анатомического термина в древнетюркском языке **йыр** «разрывать, разрыхлить». Следующий компонент архетипа анатомического термина бармак «большой палец» –маг//мак вероятно является словообразовательной формой причастного происхождения в тюркских языках. Например, оймок - «перстень», салмак- «тяжесть», тырмак- «коготь», табышмак - «загадка», чылпак- «бельмо» и т.д.

С другой стороны, слово бар означает «есть, быть», в тюркских языках является антонимом слово жок - «нет, отсутствие» само собой означает о не существовании субъекта или наличии какого-либо предмета. Слово жок «нет» равносильно нулю, тогда соответственно слово бар отрицает значение «нет». Значит, слово бар потенциально может означать однозначное числительное выше нуля.

Причастная форма **–маг** в слове бармаг «большой палец» употребляется в словообразовательной функции. Мы полагаем, что само слово бармак значится как «сходить, хождение». По нашим предположениям, бармак - измененная фонетическая форма тоже причастной формы. В современном кыргызском языке бурмак значит «повернуть». Следовательно, по нашим предположениям, числительное в кыргызском языке бир - «один», вероятно, фонетически измененная форма **йыр** «разрывай, порви». Во всяком случае, на заре развития человеческой цивилизации каждый индивид или же член любого языкового коллектива пальцы свои использовал при примитивном исчислении. Потому как, тогда не было других средств, для фиксирования результатов естественного исчисления сегментов реальности.

Числительное в тюркских языках эки «два», вероятно, тоже результат фонетической эволюции древнетюркской лексемы йегир «изгибать, загибать». Следует заметить, что в современном кыргызском языке существует слово с числовым значением жар «пара, т.е. второй компонент единой системы». Например, менин жарым в переводе означает «моя вторая половина, обычно в актуальной речи употребляется в смысле – моя прекрасная половина». Любопытно, обычно в южном диалекте кыргызского языка словосочетание «эгиздин жары»- «другая пара двойняшек». Языковеды предполагали и с другой стороны категорично утверждали в алтайском периоде исторической эволюции тюркских языков произошла замена согласного звука **р** на **з.** И звуковая оболочка архетипа таких лексических единиц сохранились в чувашском языке. Следовательно, по таким предположениям можно считать изначальной формой слова «эгиз» - «двойственный, двойник» в форме **«егир».** ,

Числительное в тюркских языках **іч** - «три», вероятно, восходит к древнетюркскому угуч «щипиток, захваченный тремя пальцами (отщипать тремя пальцами)». Следовательно, числительное **тjрт** «четыре» в тюркских языках, по всей вероятности исходит из древнетюркского слова **«тjр»** «клетка, прямоугольник». В современном кыргызском языке встречается и можно считать в активном семантическом употреблении лексема тjлгj, означающее название инструмента ясновидящих для предсказаний. Мы предполагаем, что данное слово произошло от древней формы тjрт «четыре» и **–га+к.** Сам комплекс инвентаря для таких пророческих действий представляет собой четырехугольную материю и четыре гамбита для бросанья.

Следует заметить, в средних веках и до сих пор наблюдаются чередования глухих согласных **т//ч.** Например, в самом кыргызском языке чар тарап в переводе означает «четыре стороны». Такое же явление наблюдается в туркменском, узбекском и казахском языках. В то же время, в согдийском, язгулямском, рушанском, пуштунском, даринском и таджикском языках числительное чор означает «четыре» и до сих пор употребляется в данных языках.

Числительное беш «пять» восходит к древнетюркскому слову боғуш состоящее из двух частей: первую часть представляет собой древнетюркское слово бог// буг «сгибать». Следующая вторая часть **–ыш** выражает совместное действие. Однако данная глагольная форма во многих тюркских языках давно уже выполняет словообразовательную функцию. Например, согуш «война», сjгіш «выговор, ругань», жіріш «шествие» и т.п. Стяжение фонетической формы архетипа бjгіш непременно является результатом закономерных изменений в ходе исторической эволюции тюркских языков вообще, кыргызского - в частности. Фонетическая позиция заднеязычного F в тюркских языках не однозначна. Так же в кыргызском языке переход, или синкопа инлаутного F особенно в интервокальной позиции, можно считать не завершенной. В южном диалекте кыргызского языка, в частности в ичкиликском говоре, до сих пор заднеязычный F не потерял функциональную способность. Например, в литературном языке – ээси, в ичкиликском говоре кыргызского языка и в нынешнее время употребляется древний архетип данной формы эгеси «хозяин, обладатель предмета», в литературном языке – ээр, а в ичкиликском говоре – эгер «седло». Более широком ареальном масштабе, например, узбекском, татарском, туркменском, башкирском языках оғыр//ағыр, а в кыргызском языке – оор «тяжелый, тяжесть».

Как выше мы излагали, в древнекыргызском числительном боғуш//бэғиш после выпадения инлаутного заднеязычного древнекыргызского F сильно изменяется фонетический состав числительного боғуш//бэғиш – боуш//бэиш – беш «пять». В результате такого весьма сложного фонетического процесса, находящиеся ранее в дистактном положении две разные по артикуляции гласные звуки, оказываются в непосред-

ственной контактной позиции. Такая инлаутная позиция гласных не присуща тюркским языкам вообще, в частности кыргызскому. В таких случаях не могут располагаться рядом разные гласные в одном слове.

Числительное алты «шесть» является результатом фонетической эволюции древней формы артыг «лишний». У кыргызов есть укоренившаяся языковая номинативная традиция, если у новорожденного обнаруживается шестой палец в составе фалангов нижних конечностей, его нарекают именем артығ//артык «лишний, сверх положенного».

Числительное в кыргызском языке жети «семь» по нашим предположениям восходит к древней форме **йед** «достичь, финиш» и -ығ.

После числительного семь в кыргызском языке наблюдается фонемо-морфологическое изменение состава числительных. Например, сегиз состоящий из составных частей чег «граница, конец» и **–гыз**. Тоғ// той «свадьба, скопление людей». Обратим внимание на аффикс **–гыз**. Он является глагольной формой. Данная форма участвует в образовании тогуз «девять». От древней формы тог «закруглять, собирать».

Он «десять» восходит к древней форме ын «целое». Например, біт «все» и –ын; будун < буд + ын «толпа, народ» и т.п.

Литература

1. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. –Ф., 1990.

2. Антонов Н.К. Лекции по тюркологии. Часть II (Древнетюркская эпоха). -Якутск. 1979.

3. Аристов Н.А. Заметки об этническом составе тюркских племен и народностей и сведения об их численности // Отдельный оттиск из «Живой старины», вып. III и IV, 1896. -СПб.,1897.

4. Бартольд В. В. Кыргыздар жана Кыргызстан боюнча тандалма эмгектер. –Б..1997.

5. Батманов И. А. Источники формирования тюркских языков Южной Сибири и Средней Азии // Источники формирования тюркских языков Средней Азии и Южной Сибири. –Ф., 1966.

6. Бернштам А. Н.. Сложение тюркоязычного населения Средней Азии и происхождение киргизского народа // Труды Киргизской археолого-этнографической экспедиции. Т-3. – Ф., 1959.

7. Дамдинсурэн Ц., Лувсандэндэв А. Орос монгол толь. - Улаанбаатор, 1982.

8. Древнетюркский словарь. -Л., 1969.

9. Дульзон А. П. Аффиксация как метод передачи грамматических значений. (Лекции по общему языкознанию). - Томск,1962.

10. Караев С.К. Древние топонимы Средней Азии в согдийских документах с горы Муг // Ономастика Средней Азии. – Ф.,1980.

11. Кононов А.Н. Грамматика языка тюркских рунических памятников VII-IX вв. -Л., 1980.

12. Молчанова О. Т. Структурные типы тюркских топонимов Горного Алтая. –Изд-во Саратовского Университета, 1982.

13. Мурзаев Э. М. Центральноазиатские топонимические миниатюры // Топонимика Востока (Новые исследования). – М., 1964.

14. Сыдыков С. Монгольско-тюркские языковые параллели. –Ф.,1983.

15. Юнусалиев Б.М. Киргизская лексикология, часть I (развитие корневых слов). –Ф., 1959.

Д.Алтаева, БГУ

ЖАРДАМЧЫ АТООЧТОР

Маани берүүчү сөз түркүмүнүн бири болгон зат атоочтон жардамчы атоочтордун келип чыгышын якут окумуштуусу Н.Е. Петров белгилеп, төмөнкүдөй пикирин билдирген: Жардамчы атоочтордун басымдуу көпчүлүгүнүн келип чыгышынын тарыхый өзөгү болуп, алардын алгачкы материалдык лексикалык мааниси адамдардын, ошондой эле жаныбарлардын дене бөлүктөрүн жана айлана тегерегин (туш тарабын) белгилөө зарылдыгынан пайда болгон деп көрсөтөт. (Петров.Н.Е.).

Маселен баш, бет, төбө, чоку, каш, арка, боор, ич, каптал, жан,бой, айлана-тегерек, туш, каршы, арт, чет, үст(ү)-аст(ы) ж.б. Жардамчы атоочтордун жогорудагы жол келип чыгышынын чынында эле тууралыгын тилчи окумуштуу А. Карымшакова да тастыктайт. Мурда кыйла конреттүү мааниде колдонулуп келген баш, бет, ич, боор, тегерек, айлана ж.б. өндүү зат атоочтордун семантикасы абстрактцияланууаркылуу грамматикализацияланат да, натыйжада жардамчы атоочторго өтөт. Демек, зат атоочтун семантикасынын басаңдоосунун, күнүрттөөсүнүн натыйжасында жардамчы атоочтор пайда болот (Карымшакова, 50-51 б.).

Темирова Д. М., Казакстан

ДИНАМИКА ТРИЕДИНСТВА В БАНКОВСКОЙ СФЕРЕ РЕСПУБЛИКИ КАЗАХСТАН

В молодом суверенном государстве, каковым является Казахстан, социолингвистические исследования имеют важное практическое значение. В целях грамотного языкового планирования и эффективного осуществления языковой политики необходимо не просто констатировать расширение или сужение функций того или иного языка, но и нужен научный анализ языковой ситуации в разных сферах деятельности, которая складывается в соответствии с внутренними условиями среды. Прогноз возможной языковой ситуации важен как для практического использования языков, так и для лингводидактики.

Проблема языковой ситуации в банковской сфере в связи с выходом казахстанских банков на рынок стран ближнего и дальнего зарубежья до сих пор не исследовалась ещё специально.

Совершенно справедливо пишет О.Б. Алтынбекова: «Организованный и принудительный характер миграций в советский период, а также языковая политика русификации в Советском Союзе, определили возникновение и специфику языковой ситуации в Казахстане, когда основным средством межнационального общения стал русский язык» [1, с. 105].

Мы считаем, что к настоящему времени сложилась достаточная научная база для обоснования и исследования динамики языковой ситуации в банковской сфере в связи со становлением функций казахского языка как государственного и внедрением английского как мирового и продолжающего функционировать русского языка как официального. Сейчас, в эпоху реального трехъязычия, в стране уже недостаточно анализировать лишь функции казахского и русского языков, хотя это, бесспорно, необходимо.

За годы независимости в Казахстане выросло новое поколение казахстанцев, ориентированное на иные, чем в советский период, ценности, участвующие в формировании новой языковой ситуации. Тем не менее, большинство исследователей в области политологии, социологии, социолингвистики признают то факт, что, хотя за государственным языком в Казахстане законодательно закреплены функции языка межнационального общения, но *de facto* русский язык, функционирующий в соответствии с законодательством наравне с государственным, по-прежнему сохраняет свои позиции как язык межэтнического взаимодействия.

Однако не только казахский и русский языки на сегодняшний день являются инструментами общения полинационального общества суверенного Казахстана, но и английский язык прогрессивно занимает свою нишу.

Законодательное придание языку высокого статуса как государственного иногда носит символический и программный характер. Это юридический принцип, который государство обязуется осуществлять. Фактическое положение языков с равным статусом (т.е. их коммуникативные и демографические мощности, социальный престиж и пр.) может быть существенно разным.

Сферой использования языка называют определенную область общественных отношений, в которой вербальное общение осуществляется с помощью конкретного, специфического языка.

Нами было проведено исследование проблемы употребления трех языков в банковской сфере. Казахский язык, имея статус государственного языка, не только предписан законом для обязательного применения его в договорах и другой документации банков, но и является инструментом общения сотрудников банка с его клиентами. Последними могут быть люди преклонного возраста казахской национальности, а также оралманы, приехавшие из-за границы и не владеющие русским языком, а лишь казахским и языком страны, в которой они ранее проживали. Широко распространено использование русского языка в банках республики. Именно на этом языке ведутся внутрибанковские совещания, планерки, инструктаж сотрудников банка, консультации русскоязычной клиентуры. Русский язык наравне с казахским языком используется при составлении банковских документов, делопроизводства.

В настоящее время в банках различного уровня в целях поддержания и развития казахского языка организуются языковые курсы для сотрудников банка, всемерно поощряется владение работниками государственным языком.

Английский язык, в сравнении с казахским и русским языками, используется крайне редко в банковской деятельности нашей республики. В основном это ситуации с обслуживанием иностранных граждан или переписка с иностранными инвесторами и партнерами.

И, несмотря на то, что в отправлении банковской деятельности в Казахстане чаще используются казахский и русский языки, нежели английский язык, слова английского происхождения все-таки имеют место в банковской терминологии. И это неудивительно, так как исторически банковские операции возникли и закрепили свое значение именно в Европе и США.

Большая часть английских терминов довольно широко используется русским языком для обозначения различных действий в банковской сфере. При переводе же текста банковского документа с русского на казахский язык можно столкнуться с рядом проблем. Например, русское слово «созаёмщик» в казахском варианте становится словосочетанием «ортақ заёмшы», также меняется порядок слов и возникает необходимость в добавлении слов в казахском переводе (например, «обеспечивать сохранность денег вкладчика» на казахском звучит, как «салымшының ақшасының сақталуын қамтамасыз ету») и т.д.

Отсюда, как нам представляется, есть серьезная необходимость изучения казахских терминов банковской сферы с целью их систематизации, унификации и стандартизации для более успешного продвижения казахского языка в число востребованных языков.

Проблемы терминологии достаточно определены современной лингвистикой. Решение этих проблем – задача, касающаяся многих отраслей знания, их специфики, сопряжения между ними. Любая научная дисциплина нуждается в очень точной терминологии, что приводит к необходимой адекватности ее понимания. Знание специальной лексики банковской сферы необходимо сейчас не только профессионалам, но и широкому кругу деловых людей и обычным гражданам.

Таким образом, новые социально-экономические условия эпохи глобализации оказывают серьезное влияние и на лексику в банковской сфере. Во всех трех рассматриваемых нами языках происходят изменения в терминосистеме. Кроме того, еще и новые информационно-коммуникационные технологии привели к появлению значительного пласта новых терминов и профессионализмов в английском языке, проникновение их в русский язык, в том числе в его функциональный вариант в Казахстане. Процесс унификации и стандартизации терминов - характерная черта всех развитых языков. В казахском языке идет активный процесс унификации и стандартизации в связи с расширением его функций в делопроизводстве. Значительным пластом заимствованной лексики, наполнением их новым терминологическим содержанием общеупотребительных слов характеризуется в целом завершающийся процесс стандартизации терминов казахского языка.

На формирование языковой ситуации в определенной сфере жизнедеятельности человека влияют различные факторы, к ним относятся: территориальные особенности языка, возраст говорящих, их образование и национальность.

Для определения современной языковой ситуации в банковской сфере Казахстана нами были разработаны такие анкеты для опроса банковских служащих, при помощи которых нам удалось бы полно и достаточно подробно установить уровень использования различных языков.

Отличительной особенностью анкетных вопросов является их принадлежность к области банковского дела, ведь при их разработке мы старались учесть всевозможные варианты профессионального использования языка сотрудниками банков. Здесь речь идет как об устной форме общения, так и о письменной (документальной) форме.

Для анкетирования учитывались факторы, оказывающие влияние на формирование языковой ситуации в обществе, как национальность, возраст, образование, и факторы, связанные со специфическими моментами банковской отрасли: уровень банка и занимаемая респондентом должность.

От уровня банка зависит и широта применения языков и различных типов текстов. От того, насколько многогранна деятельность того или иного банка, зависит и поле применения языков: это и деловая переписка, и обслуживание населения (часто представителей разных национальностей), и различные специфические моменты, сопровождающие нормальную работу финансового учреждения.

На основе проведенного нами анкетирования было установлено, что в языковой ситуации современной банковской системы Казахстана произошли серьёзные изменения, обусловленные не только тем, что в советскую эпоху в этой сфере использовался только рус-

ский язык, но и тем, как использовался казахский язык в первые годы независимости. Это различие установлено посредством анкетирования сотрудников банков различных уровней и территориальных подразделений республики.

Результаты нашего исследования позволяют нам сделать вывод о том, что на сегодняшний день банковская деятельность в Республике Казахстан гармонично осуществляется с применением трех языков: казахского, русского и английского.

Настоящим исследованием, разумеется, не исчерпываются все вопросы, связанные с выявлением языковой ситуации в банковской сфере. Мы лишь пытались ответить на вопрос, какова же все-таки динамика развития языковой ситуации в банковской сфере РК и какова должна быть языковая политика в стране.

Таким образом, в результате проведенного нами исследования установлено, что языковая ситуация в банковской сфере значительно изменилась. Если в советскую эпоху и в период перестройки здесь функционировал только русский язык, а связи с зарубежными странами не было, то в годы независимости Республики Казахстан появилась необходимость отвечать на запросы, вести деловые переговоры на английском языке. Казахский язык как государственный медленно, но стабильно стал функционировать в банковской сфере и показал свою самодостаточность и возможность вести на нем деловую документацию. С каждым месяцем процесс документообмена на казахском языке увеличивается несмотря на имеющиеся сложности, иногда искусственно создаваемые отдельными чиновниками (нежелание, неумение вести работу на казахском языке). Современные банки нашей республики нуждаются в использовании всех трех языков в своей жизнедеятельности. В условиях обострения мирового финансового кризиса банкам второго уровня важно не просто «удержаться на плаву», но и попытаться самостоятельно поддерживать свой потенциал путем привлечения вкладов со стороны физических лиц как из родного отечества, так и из-за рубежа. И здесь просто необходимо владение тремя языками.

Для обслуживания населения на должном уровне, подразумевающем уважительное отношение к клиенту, просто необходимо лицам, представляющим интересы банковского учреждения, владеть тремя языками: казахским, русским и английским.

Литература

1. Алтынбекова О.Б. Этноязыковые процессы в Казахстане: Монография. – Алматы: Экономика, 2006.

Мүслүм ТАВАШ, БГУ

СӨЗ АЙКАШТАРЫНЫН ТҮРК ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛДЕРИНДЕГИ ТАРЫХЫЙ ИЗИЛДЕНИШИ

Биз бул макалада түрк жана кыргыз тилдериндеги сөз айкаштары маселесин изилдеген эмгектер тууралуу сөз кылмакчыбыз. Сөз айкаштары түрк тили лингивистикасында азыркы учурда да синтаксистин эң актуалдуу проблемасы катары каралат. Түрк тилдери сөз айкаштары жагынан эң бай тилдердин катарына кирээри баарыбызга белгилүү. Терминдик жагынан айырмаланганы болсо колдонууда бир бирине окшоштук жактары арбын.

Мисалы, Түрк окумуштуу **Кая Билгегил:**"Түрк тили грамматикасы" деген китебинде таандык байланыш жолу менен уюштурулган атоочтук сөз айкаштары деп атаган сөз айкаштарын "бирден көп болгонуна карабастан сүйлөмдөгү мааниси бир эле сөздүн маанисин берген, кала берсе бир эле сөз сыяктуу жактама мүчөсү улануучу зат атооч сөздөргө тектеш сөздөрдү пайда кылган бириккен сөздөр" деп аныктаган. Ошондой эле ал сегиз түрдүү сөз айкашы тууралуу баяндайт. Багынынкы түгөйү зат атоочтон болгон зат атоочтук сөз айкашы, (Кыргыз тилинде сын атоочтор ичине жалаң гана багынынкы компоненти сын атоочтон болгон атоочтук сөз айкаштарыалынган), багынынкы компоненти сын атоочтон болгон атоочтук сөз айкаштары,тен байланыштуу сөз айкаштары, чакчыл түрмөктөр, атоочтук сөз тизмектери, кош сөздөр, кызматчы сөз түркүмдөрү жана жандама мүчө сыяктуу сөз айкаштары болгон. Билгегил, 1963: 115]

Ал эми **Мухаррем Ергин;** "Түрк тили грамматикасы" китебинде сөз айкашатары тууралуу төмөндөгүдөй маалыматтарды берип кеткен: Сөз айкашы бирден көп сөздөрдү өз ичине камтыган түзүлүшүндө жана маанисинде бир эле сөздү түшүндүргөн тилдик гарммaтика. Ошондой эле, сөз айкаштары бир бүтүмдө жана катар тизмекте жолугат. Мына ушундай катар тизмекте келгендиги үчүн маанисинде бир бүтүндүк бар. Сөз тизмектериндеги маанинин бүтүндүгү дароо эле көзгө урунат. Сөз айкаштары бул – бир нерсени же бир кыймылды чагылдырган сөз тизмектерине айтылат. [Эргин, 1980: 375]

Ошондой эле **Эргин,** сөз айкаштарын төмөндөгүдөй иреттеген. Ага: кош сөздөр, тез байланыштуу сөз айкаштары, багынынкы компоненти сын атоочтон болгон аточтук сөз айкаштары, иелик грубу, (бул айкаштын кыргыз тили лингвистикасында аталышы жок. Бирок мындай аякаш кыргыз тилинде учурабайт деп атоодан алысмын). Багынынкы түгөйү зат атоочтон болгон зат атоочтук сөз айкашы, аитлик грубу, (бул айкаштын кыргыз тили лингвистикасында аталышы жок. Бирок мындай аякаш кыргыз тилинде учурабайт деп айтоодан алысмын), багынынкы түгөйү зат атооч болгон атоочтук сөз айкашы, этиштин синтаксистик жол менен жасалышы, жандама мүчө, этиштик сөз айкашы, партицип, гериндиум жана башкаруу аркылуу сөз айкаштары кирет. [Эргин, 2002:648-685]

Вежихе Хатипоглу: "Түрк тилинин сөз дизими" аттуу китебинде сөз айкашын экиге бөлгөн жана сөз айкаштарын дал келбеген сөз тизмектерине болсо, төмөндөгүдөй аныктама берген: кыймыл-аракетти ак-

валды билдирбеген сөз тизмектери кыймыл-аракетти аквалды билдирген сөз тизмектерине жардамчы болушат. кыймыл-аракетти аквалды билдирбеген сөз тизмектери эң аз эки сөздөрдүн түрдүү байланыш жана себептер менен катар тизмектелишинен келип чыккан бирдиктер. **Хатипоглу** сөз тизмектерин 3 бөлүккө бөлгөн: сөз айкаштары, татаал сөздөр, кошмок сөздөр. [Хатипоглу, 1982: 21]

Түрк тили боюнча көрүнүктүү окумуштуу **Зейнеп Коркмаз;** грамматикалык терминдер сөздүгү китебинде: "Сүйлөмдүн ичинде, терминдер арасында байланыш түзүү үчүн бирден көп сөздөрдүн белгилүү эрежелерге таянып катар тизмектерден куралган, куралышы жана маанисиндеги бир бүтүмдүктөн улам бир нерсени же, кыймылды билдирген же, кандайдыр бир талкууну жаратпаган сөз тизмектери" деп атаган. Бул сөз айкаштарын түрк тилинде багыныкы түгөйү зат атоочтон болгон зат атоочтук сөз айкашы, багыныңкы компоненти сын атоочтон болгон атоочтук сөз айкаштары, багыныңкы түгөйү зат атооч болгон атоочтук сөз айкашы, этиштин синтаксистик жол менен жасалышы, кызматчы сөз түркүмдөрү, зарф грубу, (бул айкаштын кыргыз тили лингвистикасында аталышы жок. Бирок мындай айкаш кыргыз тилинде учурабайт деп атоодан алысмын), сырдык сөздөр, жандама мүчө сыяктуу сөз айкашатарын кошуп кеткен. [Коркмаз, 1992 : 33]

Аталган маселени Хайдар Эдискун, "*Түрк грамматикасы*" аттуу китебинде сөз айкаштарынын айкашуусунда сөздөрдүн группалашмасында негизги эреже жардамчы түгөйдүн мурун башкы түгөйдүн кийин орун алышы деп аныктама берген жана сөз айкаштарын: 1. Атоочтук сөз айкаштары, 2. багыныңкы компоненти сын атоочтон болгон атоочтук сөз айкаштары, деп экиге бөлүптүр. Тигил сөз айкаштарын кеп кылган эмес. [Эдискун, 1985: 114]

Нежла Кыйылы оглу: Жалгыз бир нерсени жана кыймылды билдирген бирден көп сөздөрдүн грамматикалык эрежелерге ылайык топтолгон бир бүтүмдүктү алып жүргөн жана бир сөздөй кызматты аткаргандыгы негизги өзгөчөлүгү - деп аныктама берген соң, сегиз темага бөлгөн. Алар: кош сөздөр, тен байланыштуу сөз айкаштары, багыныңкы компоненти сын атоочтон болгон аточтук сөз айкашы, иелик грубу, (бул айкаштын кыргыз тили лингувистикасында аталышы жок. Бирок мындай аякаш кыргыз тилинде учурабайт деп айтоодан алысмын), багыныңкы түгөйү зат атоочтон болгон зат атоочтук сөз айкашы, аитлик грубу, (бул айкаштын кыргыз тили лингвистикасында аталышы жок. Бирок мындай аякаш кыргыз тилинде учурабайт деп айтоодан алысмын), багыныңкы түгөйү зат атооч болгон атоочтук сөз айкашы, этиштин синтаксистик жол менен жасалышы, жандама мүчө, сырдык сөздөр, (эгер сан, атоочту билдирсе); багыныңкы түгөйү сан атооч болгон атоочтук сөз айкашы, (эгер сан этишти билдирсе); багыныңкы түгөйү сан атооч болгон этиштик сөз айкашы кызматчы сөз түркүмдөрү, иснат грубу (бул айкаштын кыргыз тили лингвистикасында аталышы жок. Бирок мындай аякаш кыргыз тилинде учурабайт деп айтоодан алысмын), генитиф, датиф, логатиф, аблатиф, кыймыл атоочтук түрмөк, партицип, гериндиум, башкаруу аркылуу сөз айкаштары, Аккузатиф сыяктуу. [Кыйылы оглу, 1996 : 19-20]

Лейла Карахан: бир нерсени, бир түшүнүктү, абалды же, кыймылды билдирген белгилүү эрежелерге ылайык бир арада турган сөздөрдүн топтому - деп атаган. Ошондой эле окумуштуу сөз айкаштарын:

Багынынкы түгөйү зат атоочтон болгон зат атоочтук сөз айкашы, багынынкы компоненти сын атоочтон болгон аточтук сөз айкашы, атоочтук сөз айкашы, чакчыл түрмөктөр, кыймыл атоочтук түрмөк, кош сөздөр, кызматчы сөз түркүмдөрү, тең байланыштуу сөз айкаштары, жандама мүчө, багыныңкы түгөйү зат атооч болгон атоочтук сөз айкашы, сырдык сөздөр, (эгер сан, атоочтубилдирсе); багыныңкы түгөйү сан атооч болгон атоочтук сөз айкашы, (эгер сан этишти билдирсе); багыныңкы түгөйү сан атооч болгон этиштик сөз айкашы этиштин синтаксистик жол менен жасалышы, башкаруу аркылуу сөз айкаштары деп жалпы 14 бөлүккө бөлгөн. [Карахан, 1999: 3]

Кыргыз тилинде "*келиме группары*" терими "*сөз айкаштары*" же болбосо "*сөз тизмектери*" деп аталат. (Жапаров,1979), (Елчи Уулу, 2002) сыяктуу кээ бир Кыргыз тилчилер сөз айкаштары үчүн сөз тизмеги териминин колдонсо, кээ бир тилчилер (Өмүралиев, 1990) "*сөз айкашы*" териминин колдонуп келишет. Айрым тилчилер болсо "*сөз тизмеги*" теримини өз алдынча маани берген же мани бербеген (тең байланыштуу сөз айкаштары, кызматчы сөз түркүмдөрү, сырдык сөздөр... сыяктуу) бир сөздүн пайда кылган сөз түркөмдөрү деп бөлүштүрөт.

Сөз тизмеги мына ошол багындыруучу сынар болуп келгеч сөздөргө карай, тагыраак айтканда, кайсы сөз түркүмү багындыруучу сынар болуп түшөт, мына ошол сөз түркүмдөрүнө карай, зат атоочтук сөз тизмеги, сын атоочтук сөз тизмеги, сан атоочтук сөз тизмеги, тактоочтук сөз тизмеги, ат атоочтук сөз тизмеги, этиштик сөз тизмеги болуп беш түргө бөлүнөт.

1. Зат атоочтук сөз тизмеги: Багындыруучу сынарлары зат атоочтордон болгон сөз тизмектери зат атоочтук сөз тизмеги деп аталат. Бул группа да өз ара, сын жана сан атоочтор багыныңкы сынар болуп келген зат атоочтук сөз тизмеги, ат атоочтор багыныңкы сынар болуп келген зат атоочтук сөз тизмеги, атоочтуктар менен кыймыл атоочтук формалар багыныңкы сынар болуп келген зат атоочтук сөз тизмеги, багыныңкы сыңары зат атоочтордон болгон зат атоочтук сөз тизмеги деп төрткө бөлөт. [Жапаров, 1979 : 57]

2. Сын атоочтук сөз тизмеги: Багындыруучу сынарлары сын атоочтордон болгон сөз тизмектери сын атоочтук сөз тизмеги деп аталат. Сын атоочтук сөз тизмеги да, зат атоочтук багыныңкы сыңарлар айкашылган сын атоочтук сөз тизмеги, багыныңкы сыңарлары сан атоочтордон болгон сын атоочтук сөз тизмеги, багыныңкы сыңарлары зат атоочтордон болгон сын атоочтук сөз тизмеги, багыныңкы сыңарлары ат атоочтор менен тактоочтордон болгон сын атоочтук сөз тизмегидеп төрткө бөлүшөт.

3. Сан атоочтук сөз тизмеги: Багындыруучу сыңарлары сан атоочтордон болгон сөз тизмектери сан атоочтук сөз тизмеги деп аталат.

4. Тактоочтук сөз тизмеги: Багындыруучу сыңарлары тактооч сөздөрдөн болгон сөз тизмектери тактоочтук сөз тизмеги деп аталат.

5. Ат атоочтук сөз тизмеги

6. Этиштик сөз тизмеги: Сөз тизмегинде этиш сөздөр багындыруучу сыңар болуп келсе, этиштик сөз тизмеги деп аталат. Этиштик сөз тизмеги де багыныңкы сыңары зат атоочтордон болгон этиштик сөз тизмеги, багыныңкы сынары ат атоочтордон болгон этиштик сөз тизмеги, багыныңкы сыңары сан атоочтордон болгон этиштик сөз тизмеги, багыныңкы сыңары тактоочтордон болгон этиштик сөз тизмеги, багыныңкы сынары чакчыл этиштерден болгон этиштик

сөз тизмеги деп беш аталышка бөлөт. [Жапаров, 1979 : 61-63] Элчиев, "Кыргыз тилиндеги жаксыз сүйлөмдөр" аттуу чыгармасында сөз айкаштарын түзгөн түгөйлөр, сөздөрдүн түрдөрүнө эске алып төмөнкүдөй түркөмдөргө бөлгөн : адегенде сөз айкаштарын: а) Атоочтук сөз тизмектери; б) Этиштик сөз тизмектери деп эки негизги аталышка бөлгөн.

а) Атоочтук сөз тизмектери:

1. Зат атоочтук сөз тизмеги (Багыныңкы түгөйү зат атоочтон болгон зат атоочтук сөз тизмеги, Багыныңкы түгөйү сын атоочтон болгон зат атоочтук сөз тизмеги, Багыныңкы түгөйү сан атоочтон болгон зат атоочтук сөз тизмеги, Багыныңкы түгөйү ат атоочтон болгон зат атоочтук сөз тизмеги, Багыныңкы түгөйү атоочтуктан болгон зат атоочтук сөз тизмеги, Багыныңкы түгөйү кыймыл атоочтон болгон зат атоочтук сөз тизмеги, Багыныңкы түгөйү тактоочтон болгон зат атоочтук сөз тизмеги).

2. Сын атоочтук сөз тизмеги (Багыныңкы түгөйү зат атоочтон болгон сын атоочтук сөз тизмеги, Багыныңкы түгөйү сын атоочтон болгон сын атоочтук сөз тизмеги, Багыныңкы түгөйү сан атоочтон болгон сын атоочтук сөз тизмеги, Багыныңкы түгөйү ат атоочтон болгон сын атоочтук сөз тизмеги, Багыныңкы түгөйү тактоочтон болгон сын атоочтук сөз тизмеги, Багыныңкы түгөйү атоочтуктан болгон сын атоочтук сөз тизмеги, Багыныңкы түгөйү кыймыл атоочтон болгон сын атоочтук сөз тизмеги).

3. Сан атоочтук сөз тизмеги (Багыныңкы түгөйү зат атоочтон болгон сан атоочтук сөз тизмеги, Багыныңкы түгөйү сын атоочтон болгон сан атоочтук сөз тизмеги, Багыныңкы түгөйү сан атоочтон болгон сан атоочтук сөз тизмеги, Багыныңкы түгөйү тактоочтон болгон сан атоочтук сөз тизмеги, Багыныңкы түгөйү ат атоочтон болгон сан атоочтук сөз тизмеги, Багыныңкы түгөйү атоочтуктан болгон сан атоочтук сөз тизмеги).

4. Ат атоочтук сөз тизмеги (Багыныңкы түгөйү зат атоочтон болгон ат атоочтук сөз тизмеги, Багыныңкы түгөйү ат атоочтон болгон ат атоочтук сөз тизмеги, Багыныңкы түгөйү тактоочтон болгон ат атоочтук сөз тизмеги).

5. Тактоочтук сөз тизмеги (Багыныңкы түгөйү зат атоочтон болгон тактоочтук сөз тизмеги, Багыныңкы түгөйү ат атоочтон болгон тактоочтук сөз тизмеги, Багыныңкы түгөйү тактоочтон болгон тактоочтук сөз тизмеги.) болуп беш негизги аталыштан жана өз ичинде де под темалардан турат.

б) Этиштик сөз тизмектери: Бул сөз айкаштары Багыныңкы түгөйү зат атоочтон болгон этиштик сөз тизмеги, Багыныңкы түгөйү сын атоочтон болгон этиштик сөз тизмеги, Багыныңкы түгөйү сан атоочтон болгон этиштик сөз тизмеги, Багыныңкы түгөйү ат атоочтон болгон этиштик сөз тизмеги, Багыныңкы түгөйү тактоочтон болгон этиштик сөз тизмеги, Багыныңкы түгөйү чакчыл этиштен болгон этиштик сөз тизмеги, Багыныңкы түгөйү атоочтуктан болгон этиштик сөз тизмеги, Багыныңкы түгөйү кыймыл атоочтон болгон этиштик сөз тизмеги, Багыныңкы түгөйү туранды сөздөрдөн болгон этиштик сөз тизмеги, Кызматчы сөздөр катышкан багыныңкы түгөйлүү этиштик сөз тизмектериболуп онго бөлүнөт.[Элчиев, 2004: 54–56]

Элчиев, сөз айкаштарын классификациялоодон кийин айкаштарды "атоочтук сөз айкаштары " деген-ден кийин кайрадан өз ичинде багыныңкы түгөйүн сын, сан, ат, тактооч болгонун карап бешке бөлөт, жана ошондой эле багындыруучу түгөйдүн сөз түрүнө карап кайрадан под темаларга бөлөт.

Толук маанидеги эки же андан артык сөздүн багынынкы байланышынан түзүлүп, ал сөздөр туюндурган түшүнүктөрдүн ортосундагы ар түрдүү катышты билдирүчү сөздөрдүн семантика-грамматикалык бирдиги сөз айкашы деп аталат. Сөз айкаштары багындыручу сөзгө анын манисин айкындочу багыныңкы сөздүн кошулуп айтылышы менен уюшулат [Азыркы кыргыз адабий тили 2009: 523].

Жыйынтыктап айтканда, түрк жана кыргыз тилдериндеги грамматикалык булактарга караганыбызда мейли түрк тилинде мейли кыргыз тилинде болсун илим изилдөөчүүлөрдөн сөз айкаштарын аныктоосу жана классификациялоосу бири-бирине абдан жакын экендигин көрөбүз.

Адабияттар

1. Билгегил, М. Кая Түркче тил билгиси. - Анкара: Дергвх Яй.. 1963.

2. Эргин, Мухаррем, Түрк дил билгиси, Богазичи яй. 5. Баскы, истанбул, 1980.

3. Эргин, Мухаррем. Түрк тил билгиси, -Истанбул, 2002.

4. Хатипоглу, Вежихе, Түркченин сөз дизими, ДТЖФ Яй., - Анкара. 1982

5. Коркмаз, Зейнеп, Грамер терминдери сөзлүгү. - Анкара: ТДК Яй., 1992.

6. Эдискун, Хайдар. Түрк тил билгиси, Ремзи Китабеви. - Станбул. 1985.

7. Кыйылыоглу,Нежла Межмуат-ур Ресаил`деки Илк Метин Үзерине Сентакс Инжелемеси, Гази Үниверситеси, Йүксек Лисанс Тези, -Анкара. 1996.

8. Карахан, Лейла Түркчеде сөз дизими, Акчаг Яйынлары. - Анкара, 1999.

9. Жапаров А. Кыргыз тилинин сентаксиси.- Ф.: Мектеп, 1979.

10. Элчиев Ж. Кыргыз тилиндеги жаксыз сүйлөмдөр. – Б., 2004.

11. Азыркы кыргыз адабий тили, Ч. Айтматов атындагы тил жана адабият институту. – Б., 2009.

Темирова Д. М., Казакстан

РАЗВИТИЕ БАНКОВСКОЙ ТЕРМИНОСИСТЕМЫ В УСЛОВИЯХ ТРЕХЪЯЗЫЧИЯ

Каждая сфера деятельности располагает своей терминологией, и систематический курс любой сферы содержит определения основных ее терминов. Например, банковская сфера оперирует такими терминами как: кредит, депозит, счет, залог, заем и многие другие.

Вполне естественно, что, решая серьёзные кредитно-финансовые вопросы, общение в банковской сфере происходит в деловом, официальном жанре. При установлении контакта между говорящими используются специальные языковые средства выражения намерений, своеобразные термины банковского дела. И что интересно, язык банковской сферы, независимо на русском или на казахском языке происходит общение, содержит в себе термины-профессионализмы, принадлежащие английскому языку. Это объясняется происхождением терминов банковского дела.

Например, такой распространенный сегодня термин, как «депозит» происходит от английского deposit, что означает отложение, хранилище, вклад в банк. Или не менее сегодня распространенный банковский термин «кредит» – от английского credit – доверие (credit on – означает русское «в долг»).

Исследование терминов относится к одному из наиболее актуальных направлений в лингвистике на современном этапе развития национальных языков. Тесные экономические и производственные, научные и культурные связи государств усиливаются, а термины, терминосочетания, терминологические словари становятся более востребованными во всех сферах общественной жизни.

Чтобы исследовать степень сформированности и функциональной достаточности банковских терминов необходимо дать определение трехъязычию. Трехъязычие формируется на базе двуязычия. Если двуязычие (билингвизм) – это «владение двумя языками с попеременным использованием их в зависимости от ситуации речи» [1, с. 16], то трехъязычие – это владение тремя языками с попеременным использованием второго и третьего языков в определенной сфере общественной деятельности.

Проблема эквивалентности терминосистемы банковской сферы в трехъязычном текстовом корпусе на сегодняшний день в Казахстане занимает одно из важнейших позиций. Говоря о терминосистеме, необходимо вспомнить, что системность представляется столь важной характеристикой терминологических единиц, что часто она указывается как важнейший признак термина – признак, формирующий слово или словосочетание именно как термин. В условиях развития трехъязычия, когда казахский язык в банковской сфере наравне с русским и английским языками становится востребованным инструментом общения, возникает проблема массового возникновения новых терминов в казахском языке, нуждающихся в систематизации, унификации и стандартизации.

Как мы уже заметили, при переводе банковских текстов с русского языка на казахский и английский языки, сложность употребления терминов связана с неполным соответствием объема значений их в русском и казахском языках.

Большая часть английских терминов довольно широко используется русским языком для обозначения различных действий в банковской сфере, таких как депозит, кредит, дебит, терминал и.т.д. При переводе же текста банковского документа с русского на казахский язык можно столкнуться с рядом проблем. Например, русское слово «созаёмщик» в казахском варианте становится словосочетанием «ортақ қарыз алушы», также меняется порядок слов и возникает необходимость в добавлении слов в казахском переводе (например, «обеспечивать сохранность денег вкладчика» на казахском звучит, как «салымшының ақшасының сақталуын қамтамасыз ету») и т.д.

Такие переводческие приемы, как перестановка, добавление, опущение и замена, говорят о наличии различного порядка слов в предложениях русского и казахского языков, а также о необходимости разбивать слова или заменять их для получения более точного перевода.

Как справедливо отмечает Р.З. Загидуллин, любые тексты на ПЯ (включая и полные переводы оригинала) создаются в результате различного рода преобразований, сокращений и адаптации (т.е. «адаптивного транскодирования» в той или иной степени), в то же время даже выборочный перевод может быть для коммуниканта равноценным по содержанию текста оригинала [2, с. 8].

Каждая отраслевая терминология содержательно и функционально характеризуется своей прикрепленностью к узкой сфере общения специалистов данной области науки и практики. Только специалисты предельно точно употребляют термины, и именно они определяют границы содержания терминов. Так называемая отраслевая (в нашем случае – банковская) терминосистема организована на предметно-логических связях соответствующих понятий, отражающих, как пишет В.И. Даниленко, «структуру данного отрезка действительности» [3, с. 57].

Термины банковской сферы преимущественно англоязычного происхождения. Русский язык в большей степени адаптирован к функционированию в банковской сфере, казахский язык находится в процессе уточнения, формирования и развития терминосистемы.

Отсюда, как нам представляется, есть серьезная необходимость изучения казахских терминов банковской сферы с целью их систематизации, унификации и стандартизации для более успешного его функционирования и продвижения казахского языка в число востребованных языков.

Литература

1. Цейтлин С.Н., Погосян В.А., Еливанова М.А., Шапиро Е.И. Язык, речь, коммуникация: Междисциплинарный словарь. – СПб.: КАРО, 2006.

2. Ерохина Л.Н., Загидуллин Р.З., Амраева Р.Ш., Бейсекеева А.А. Практикум по информативному переводу. – Алматы, 2003.

3. Даниленко В.П. Лингвистический аспект стандартизации терминологии. – М., 1993.

И.К. Алишова,
Ж.Баласагын атындагы КУУ

ТУУГАНДЫК ЖАКЫНДЫК ТЕРМИНДЕРДИН ЭРКЕЛЕТҮҮДӨГҮ КОЛДОНУЛУШУ
(кыргыз жана англис тилдеринин негизинде)

Азыркы убакта лингво-маданий изилдөөлөр котормонун теориясы жана практикасында чоң мааниге ээ болууда. Маданий аралык коммуникация күндөн күнгө өсүү менен котормочулардын алдына улуттук колорит менен берилген, башка маданият үчүн өзгөчө болгон сөздөрдүн маанисин жеткирүүдө жаңы талаптарды коюуда. Тил менен маданияттын ортосундагы байланыш лингвисттердин, методисттердин, маданий изилдөөчүлөрдүн көңүлүн бурууда.

А.И. Гальперин [2,247-б.] көркөм кептин негизги функциясы "тилдик жана спецификалык стилистикалык каражаттардын жардамы менен автордун ойун жана чыгарманын маанисин толук ачып көрсөтүү" экендигин белгилесе, В.В.Виноградов [1,212-б.] бул каражаттарды "жалпы элдик тилди образдык – эстетикалык трансформациялоо" деп атаган. Айтылган ойдун, сөздүн маанисин жана анын котормосун аныктоо үчүн контекст керек, б.а. сөздөрдүн, сүйлөмдөрдүн бир тилдин тегерегинде жыйналган тобу. Чыгарманын котормосундагы кандайдыр бир сөздү же айтылган ойду түшүнүү үчүн түпкү нуска тилдеги реалий менен, тил же чыгарма менен, тарыхый фактылар менен таанышуу зарыл болот.

Эки тилдин лексикасынын ортосундагы үчүнчү көрүнүш – бир тилдин лексикалык бирдигине экинчи тилдин сөздүк составынын толук дал келбөөсү, б.а. лексикалык эквиваленттүүлүктүн жоктугу. Лексикалык эквиваленттүүлүктүн жоктугу бир тилдеги лексикалык бирдиктердин (сөздөрдүн, сөз айкаштарынын) экинчи тилдин лексикалык бирдиктерине талтакыр дал келбөөсүн түшүндүрөт. Бул топко төмөндөгү сөздөрдүн группасы кирет: Энчилүү аттар, жер-суунун аттары, реалийлер, жана башка улуттук өзгөчөлүктү билдирген, башка тилдин сөздүк составында кездешпеген сөздөр кирет.

Мында белгилүү бир адабият кайсы бир элдин маданиятын, тарыхын, психологиясын, прагматикалык (кабыл алуу өзгөчөлүктөрүн) социалдык эстетикалык ырахат алуу өзгөчөлүктөрүн, дүйнөгө болгон көз караштарын, дүйнө таанымын, көрсөтүп турат, дүйнөнү кабыл алууда тилдик каражаттар тектеш эмес тилдерге которулуп калганда башка деңгээлде берилип калышы мүмкүн, ошондуктан бул тилдик каражаттар бир улуттун башка улуттан айырмаланып өзүнүн бир өзгөчө маданий белгилери бар экендигин көрсөтөт. Мисалы кыргыз маданиятында өзүнө жакын көргөн адамына болгон сезимин А.Осмонов төмөнкү саптарында эркелетүүчү «жан эркем» сөз айкашы менен берген. Ушул сөз айкашы арналган адам анын жүрөгүнөн орун алган жакын адам экенин билдирет:

Кош **жан эркем**, кош дейсин деп таарынба,
Мени күтпө, мени эстебе, сагынба.
Жаш кездердей ынак сүйүү жок экен,
Отуз жашын улам аркы жагында (А.О. «Сулууга», 60)

Farewell, **dear soul**, don't grieve that I'm leaving,
Don't wait for me, nor recall me with regret.
As in one's burning youth such love's not living,
When one is over thirty or older yet. (W.M. «To a Beauty», 62)

Кыргыз тилиндеги жогоруда айтылган изафет кубулушунун англисче котормодо сакталбай калышынын себеби, башкача айтканда, **Noun+ Noun** структурасы англис тилинде **Adj + Noun** болуп берилип калган, ошол структуралык өзгөчөлүктөрдү сактоо кыйынга турган, себеби англис тилинде мындай кубулуш жок.

Котормочу англис тилиндеги норманы сактоо менен кыргыз тилиндеги «өзгөчөлөнүп» айтылган жакын адамды эркелетүүдөгү атайын эмоцияны, жакындыкты көрсөтүүчү сөздөрдүн диапозондорунун тереңдигин бере алган эмес. Кыргыз тилиндеги «кош жан эркем» деген сөз айкашы жакын адамга болгон сезимди белгилеп көрсөтүү менен ошол эле мезгилде антиподиялык мамиленин туулушун берип жатат, автор үчүн мындай сүйүү менен коштошуу сезимин берген саптар окурманга башкача эстетикалык таасир калтырат. Адам рухундагы болгон толгонуусун, бир мезгилде жакын, жакшы көргөн адамы менен болгон алыстоосун эркелетип «жан эркем» деген сөз айкашы менен тура келбей турган «кош» деген сездүн келиши акындын ички сезиминдеги гармониянын бузулушун ачыктан ачык көрсөтүп турат. Чыгармадагы мындай семантикалык валентүүлүктүн бузулушу акындын руханий дүйнөсүнүн бузулушун айгинелеп турат.

Себеби англис маданиятында мынчалык поэтикалуу, терең, сезимди титиреткен, бекинген оксюморон менен берилген эркелетүүчү сөздү табуу кыйынчылыкты туудурганынан улам ооз эки кепте колдонулуучу «dear soul» деген сөз айкашы менен алмаштырылып коюлган. Англис маданияты менен кыргыз маданиятындагы эркелетүүчү сөздөрдүн формалдык жана семантикалык структуралары башка экендиги байкалып олтурат.

Бул макалада адамдын дене бою колдонулуп эркелетүүчү сөздөргө гана токтолмокчубуз жана котормодо берилиш ыкмаларына азын оолак талдоо. Мисалы: бир боорум, эки карегим., жан уям, алдына кетейиним, опко-журогум, медерим, ж.б.у.с. Бул сөздөрдүн баарысы жакындарына жана жаш балдарга багышталат.

Көлөкөлөп көңүл ачарым,
Берекелеп жарпым жазарым
Бал татыган балдыр тили бар.
Балам бактым, балам базарым,

Катылган сыр **ойду ачарым,**
Каткырыгын **көңүл ачарым,**
Картайганда арка бел болор.
Кагылайын **орун басарым**

Көзүмдөгү **эки карегим**
Көңүл төтө кылган **медерим**
Канттан таттуу.гүлдөн жыты артык.
Кандан чыккан **асыл данегим.**
Сагынганда жетер **кулачым,**
Самаганда жыттар **кубатым,**
Башкаларга эч бир алмашпас,
Бар байлыгым, мүлкүм, мурасым.
Э. Ибраев "Балама" (140-б.)

Бул ырда эргүү менен балага болгон эң аяр, сезимдердин, эркелетүүнүн туу чокусу берилген десек жаңылышпайбыз, ушул эле сөздөр аркылуу ким жөнүндө сөз болуп жатканын жакшы түшүнсө болот. Башка элдин маданиятынан айырмаланып кыргыз элинде ата-энесинин көзүнчө аялын жана баласын эркелетүү маданиятка жатпайт, ата-энесин сыйлабоо деген же көзүнө илбөө менен барабар. Бирок азыркы мезгилде башка элдик маданият менен тыгыз байланыш, алышбериш улуттук адеп-ахлактын жоголуп баратканынан кабар берет.

Ата энелерге: апакем, апакебай, атаке, атакебай, энеке, асылым апам, тирегим атам, алтын апам, мээримдүүм ж.б.

Кыргыз жана англис тилдериндеги объективдүү айырмачылыктардан улам эркелетүүчү сөздөрдү которууда котормочулук трансформациялары колдонулган.

..Алдейлеп баккан **апакем**, аманында көрөйүн.
..Талыкшып жатпай, **энеке,**
Таанысаң боло баланды!..(Ж.Б. 74-б.)

Let me see **my dear mother**, while she is alive and here.
..Don't be passive, my dear honey,
Did you recognize me my **dear mommy**,.. (J.B.p.75)

Таанып ал, тээтиги сеники **уулум**,»
Карачы жаңылыгын, сулуулугун...! (А.О. 16-б).

«Remember that star, **my lad**, it's your's», he said,
«Just look how fine it is, so clear and bright..!» (A.O.p.17).

Котормочу «**уулум- my lad-юноша, балам**» **сөзүн** эки тилде тең бирдей эле жакынчылыкты туюндуруп жатат, бирок **уулум- son** (уул, бала) менен берилсе котормо так, жакынырааак болмок.

Бул келтирилген мисалдарда кыргыз тилинин өзгөчөлүгүн байкоого болот, себеби кыргыз тилинде «**апа-эне**» болуп өзгөртүлүп колдонула берет, ал эми англис тилинде « **mother,mommy** гана **апа, grandmother, granny- чон эне**»-деген түшүнүктү берет, сөздүн түзмөтүз котормосу дал келбеген менен мааниси адекваттуу берилген. Оозеки кепте өз **энеси** болбогон менен **апа** сөзү колдонула берет. – **Апа**, эмнеге келдиңиз эле? **Апага** оорун берип койгула, сыяктуу жагдайга карата колдонулуп келе жатат. Те илгертеден келе жаткан бул биздин маданиятыбыз, улуу кишилерге көрсөткөн сыйыбыз, урматтообуз. Жогоруда айтылган ойлорубузду дагы бир мисал тастыктап олтурат.

Жок, **энеке**, сенин күчүң ошол күч,
Жер солкулдап, душман туусу кыйраган. (А.О.64-б)

Алдейлеп ааламды терметкен,
Кырдан түшүп келесиңби,
Келесиңби, келесиңби **жан эркем,**
Ананайын, ананайын жан эркем,
Ай, келесиңби, келесиңби деги сен.
" Келесиңби жаш эркем"(303-б.).

Мына ушул эчтекеге токтолбос күчтөй демитип,- Жамийла Даниярга шыбырап жатты: - Чын эле күмөн санадыңбы, кантип эле сени бирөөгө алмаштырайын!-..Керек эмес түштөн кийинки сүйүүсү өзүнө буюрсун! Мейли ким эмне десе да мен сеникимин! **Жалгызым, секетим,** эч кимге сени ыраа көрбөйм!.. 250-б. Жыйынтыктап айтканда, көркөм чыгармада болобу, поэтикада болобу тилдик каражаттарды ар түрдүү деңгээлде изилдебей туруп биз анын берген маанилерин толук бойдон түшүнүүгө шарт түзө албайбыз. Ошондуктан көркөм чыгарманын тили өзүнчө изилдөөгө алынууну талап кылат. Албетте, кыргыз тил менен англис тилдеринин ортосунда өзгөчөлүктөрү көп болгондугуна карабай, универсалдуулукту байкоого болот. Маданияттар арасы өзгөчөлүктөрүн эске алып, ар бир тилде кабыл алуучунун улуттук өзгөчөлүгүн, дүйнө таануу өзгөчөлүгүн ошондой эле дүйнөгө болгон көз карашын эске алуу менен адекваттуу которууга жетүүгө болот, башкача айтканда, эң негизгиси прагматикалык мыйзамдын туура иштешин сактоо керек.

Адабияттар

1. Виноградов В.В. Стилистика. Теория поэтической речи. Поэтика. - М.: Изд-во АН СССР, 1963.
2. Гальперин И.Р. Текст как объект лингвистического исследования. - М.: Наука., 1981.
3. Боконбаев Ж. Поэзия падышасы= (The King of the Poetry): / Пер.на англ. З.Караева. - Б.: Айат, 2011.
4. Осмонов А. Көл толкуну=(Waves of the lake): Избр.стихи.Т.1. /Пер.на англ. У. Мэй. - Б.. 1995.

М.К. Алишова,
К.Карасаев атындагы БГУ

КОТОРМОДОГУ ПРАГМАТИКАНЫН САКТАЛЫШЫ

Ар бир улут өзүнүн тарыхын жакшы билет ошол сыяктуу кыргыздар дагы өз тарыхын, улуттук баалуулуктарын жакшы билишет. Бирок системалуу эмес, илимий далилдер азыраак, легендалар, жоо жомоктор, ырлар ж.б. фольклордук жанрдан билебиз. Фольклордук чыгарма "Манас" эпосу болбосо кыргыздын тарыхын билүүгө мүмкүнчүлүк аз болмок. Бул макалада прагматиканын котормодогу орду, берилүү ыкмалары жана стилистикалык көркөм сөз каражаттарынын прагматикалык белги катары кабылданышы, таасири жана которулушу жөнүндө сөз болмокчу. Эң оболу, прагматика грек "pragma"- тилинен алынып "*иш, аракет*" - деген сөздү түшүндүрөт. Тактап айтканда тил илиминин жана семантиканын тилдик белгилердин кептеги (сүйлөөдөгү) функцияларын иликтөөчү бөлүмү. Изилдөөчүлөр Ч.Морристин, Ч.Пирстин изилдөөлөрүнүн негизинде семиотиканын үч бөлүгү тилдик жана адабий семиотикалык талдоо жүргүзүүдө колдонууларын белгилешкен – *семантика, синтактика жана прагматика. Семантика* жалпысынан алганда айтылган ойдун мааниси жана белги айтуучулардын ортосундагы мамиле, предмет эмне жөнүндө экендигин билдирет. *Синтактика* белгилердин структуралык байланышы жана көркөм тексттин тил бирдиктеринин функцияларын үйрөтөт. *Прагматика* – белгилердин өз ара мамилеси жана анын котормочуларга кандай кабылданганын, көркөм тексттеги белгилерди окурман кандай түрдө түшүнгөндүгүн изилдейт (12,1938). Прагматиканын лингвистикалык прагматика сүйлөп жаткан субъектиге, адресатка (угуучуга), субъект менен адресаттын карым-катнаш жасоодогу өз ара иш-аракеттерине, пикир алышуунун кырдалына байланыштуу болгон суроолордун комплексин иликтейт. Прагматиканын негизги объектисин улуттун маданияты, урп-адат, салты, тили, тарыхы, кулк мүнөзү жана социалдык өзгөчөлүктөрүн түзүү менен алар кантип колдонулат, жашоодогу ордун тастыктайт. Котормочу эки тилдеги прагматикалык байланыштарды жакшы билүү менен тилдик байланыштын функциясын ачык жеткиликтүү берүү котормо маселесинин негизги өзөгүн түзөт.

Котормонун прагматикалык аспектисине кайрылгандар аз болгону менен прагматиканын өзүнүн табиятын, функциясын изилдеген окумуштуулар өтө арбын. Прагматика илиминин өсүшүнө көмөктөш болгон чет өлкөлүк лингвисттер Ч. Моррис, Ч. Пирс, Ч. Филлмор сыяктуу окумуштуулар болсо, Союз мезгилиндеги прагматиканы изилдөөгө Т.П.Немец (Прагматика метаязыка. Киев 1993), кыргыз окумуштуулары-нан С.Ж. Мусаев (2000) жана З.К. Караева (2006), К.А. Калиева (2010), Г.О. Ибраимова (2011), А. Асылбекова (2011) жана башка көптөгөн лингвисттер эбегейсиз салым кошушкан. Ал эми котормонун прагматикасы боюнча А. Нойберттин () текст боюнча теориялык окуулары бир топ мааниге ээ. Прагматика илими-сырткы дүйнөнү ар бир маданияттын ар түрдүү кабыл алуусун кароочу илим экендигин эске алып текстерди жана анын ичиндеги сөздөрдү төмөнкүдөй бөлүштүргөн:

1) которулуп жаткан текст же сөз адресантка ориентация алыш керектигин, башкача айтканда, түп нускаңы мүмкүн болсо бузбоого аракет жасоо керек;

2) котормонун берилүү багыты ошол которулуп жаткан тилдеги адресатка багытталып түп нускаңы өзгөртүүгө шарт түзүлүп, бирок ошол адресатка маалымат өзгөрсө да анын маданиятын эске алып, ага толук бойдон жеткирип берүү. Мындай шартта түпнускадагы сөз жана текст башка образдар менен алмаштырылат;

3) прагматикалык каражатарды которууда жогоруда көрсөтүлгөн эки ыкманын ортосундагы байланышты өзгөчө кароо болуп эсептелинет. Мындай шарттын эки маданиятты бири-бирине жакындаштыруу, экөөнүн өзгөчөлүктөрү тең бирдей деңгээлде ээ боло алуу багытын көздөйт. Бул багыт көбүнчө адекваттуулукту сактоого жардам берип, кабыл алуучунун түшүнүгүн кеңейтүү менен котормонун сапатын жогорулатат.

Обьективдүү чындыкты чагылдырууда андагы тарыхый, маданий, психологиялык, социалдык, прагматикалык жана эстетикалык жактан сөздөрдүн ичиндеги камтылган маанилерин табууда көркөм сөз өнөрүнүн ролу өтө чоң. Анда объективдүү чындыкты көркөм чагылдыруу жана таанып-билүү менен катар андагы маданий, социалдык, прагматикалык, психологиялык, тарыхый, эстетикалык маанилерди кошо камтыган учурлар да орун алып, адамдын дүйнөгө, чындыкка карата болгон мамилесин кошо туюндурган көркөм реалдуулук жаралат. Сөз өнөрүнүн негизги максаты – адамзаттын эстетикалык талап-муктаждыктарын канааттандыруу, ырахат тартуулоо, рухий жактан байытуу, тарбиялык-өнүктүрүүчүлүк, таанып-билүүчүлүк таасир көрсөтүү менен гана чектелип калбастан сөздүн конотативдик маңызын маданий деңгээлде ачып берүү болуп саналат. Ошондуктан адабият же сөз өнөрү искусствонун өзгөчө түрү катары каралат. Башкача айтканда, сөз өнөрү чындыкты таануунун, чындыкка жетүүнүн образдык-эстетикалык ыкмасын да, логикалык ыкмасын да өзүнө камтуу менен, сөздөрдүн семантикалык структураларында сакталып турган алардын маданий маанилерин да ачып бере алышат, ошондой эле окурманга күчтүүрөөк таасир көрсөтүү кудуретине жана котормодо бир маданияттын маданий өзгөчөлүгүн башка бир маданиятка тааныштыруу менен массалык мүмкүнчүлүктөргө ээ. Төмөнкү мисалдарды талдап көрсөк.

Көчкөндө жүктөр кулаган,
Кыяны Сыргы тааныды.
Көгүчкөн салган көк жарга.
Уяны Сыргы тааныды.(Ж.Б. 64-б.)

She got to know the old ravine where,
Their **staff once had fallen down** here .
She got to know the old place where,
The dove builds its nest , situated here.(J.B. p.65)

Котормочу "Көчкөндө жүктөр кулаган" – «staff once had fallen down» - бул сапты жалпылыштырылып берген, себеби кыргыз эли көчмөн эл болгондуктан көчкөндө ар кандай улоо (ат, тоо, огуз, эшек) колдонушкан, конушка барганча жүгү оодарылган кездери дагы болгон, уйкаштыкты сактоо максатында котормочу жалпылаштырбай эле конкреттештирүү ыкмасын колдонгон.

Жашынмак ойноп бекинген,
Таштарын Сырга тааныды.
Алдастап булак аскадан,
Акканын Сырга тааныды.(Ж.Б.66-б.)

She got to know every stones where,
She played **hide and seek** everywhere.
She found spring at the very top rock,
Falling down like splashing pearls there. (J.B. p.67).

Бул жерде котормочу «жашынмак – **hide and seek**» универсалдуу ыкма менен адекваттуулука жетишкен. Себеби кыргыз жана англичандардын маданиятында жашынмак оюну бар, эки тилде бирдей эле түшүнүктү билдирет.

Жашында ойноп жүргөн жер,
Шаттыкка салды Сырганы.
Чабытта куштай айланып,
Шанданып Сырга ырдады. (Ж.Б. 66-б.)

The place where she spend her childhood,
Made her enjoy and have a happy mood.
She flew in the sky like **a wild bird**,
She sang a song and shined like a moon. (J.B. p.67)

Ал эми «**чабытта куштай айланып**» – бул жерде котормочу «**a wild bird** – жапайы чымчык же куш» - деп, кошумчалоо ыкмасын колдонуп ырдын маанисин, таасирдүүлүгүн сактап калган. «Жапайы» – сөзү айтып тургандай капастагы эмес, ээн-эркин жүргөн куш экендиги баарына маалым.

Ошондой эле, кыргыз маданиятында жан-жаныбарларга, ал тургай, жапайы айбандарга шарты менен ат коюу салты бар, мисалы, Ч. Айтматовдун чыгармасында «Гүлсарат» – аттын аты, «Акбара» – карышкырдын аты экени баарыбызга маалим, ошол сыяктуу эле «Манас» эпосундагы Манастын атынын аты «Аккула».

1. Кара чаар жолборстой,
Асылган аман болбостой,
Аккула аты астында,
Алп кара куш үстүндө. (11,С.162)

If he seized, he would not let go,
If he snapped, he would not slay foe,
With his steed *Akkula* below.
And black eagles above also,
He likes *a soaring dragon* did so. (12.p192-193).

Алып салуу ыкмасы тексттеги көшөгөнүн артындагы контекст, подтекст менен берилген маалыматтардын айтылбай калуусуна себеп болуп англис окурмандарынын тура кабыл албай калышына көмөктөш болот.

Прагматикалык элементтерди которуунун төмөнкүдөй ыкмаларын байкайбыз:

1) Универсалдуу образдар менен которуу;

2) Кабыл алып жаткан маданиятка ориентация жасоо;

3) Түп нускanын өзгөчөлүктөрүн сактоо.

Котормодо тилдин өзгөчөлүктөрүнө жараша жана элдин кабыл алуусун эске алуу менен аналог, ампликация(кошумчалоо), окшоштуруу, кошумча түшүндүрмө берүү, жөнөкөй салыштырма, калькалоо, түшүп калуу жолдору аркылуу англис тилине берүүгө болот деген жыйынтыкка келебиз. Которуудагы көңүлгө алуучу негизги маселе – эки тилдин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен котормодо тактыкты, маанисин толук берүүнү сактоо жана эстетикалык таасир берүү функциясын ишке ашыруу.

Ар кандай жанрдагы чыгармадагы лексикалык стилистикалык каражаттардын, троптордун жана фигуралардын негизги максаты – тилге өзгөчө образдуулукту, жогорку көркөмдүүлүктү берүү. Котормодо негизги көңүлгө алуучу маселе стилистикалык каражаттардын өзүн эмес алар аткарган функцияны жеткирүү болуп саналат. Изилдөөнүн жыйынтыгында ар бир өнүккөн улуттук тил башка тилде айтылган ойду өзүнүн көркөм сөз каражаттары менен, б.а. бардык стилистикалык жана башка авторго тиешелүү өзгөчөлүктөрүн толук берүүгө мүмкүнчүлүгү жетишээрлик экендигин аныктоого болот.

Адабияттар

1. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы. –Б., 2001.
2. Ашырбаев Т. Стилистика кыргызского языка. – Ф.,1978.
3. Аширбаев Т. Стилистикадагы дагы бир өзгөчөлүк жөнүндө // Тюркологические исследования. – Ф.: Илим, 1985.
4. Бархударов Л.С Язык и перевод. –М.: Междунар. Отношения, 1975.
5. Верещагин Е.М, Костомаров В.Г. Язык и культура.- М.: 1973.
6. Гальперин И.Р. Текст как объект лингвистического исследования. - М.: Наука..1981.
7. Найда Ю.А. Наука перевода. - ВЯ. М., 1970. №2.
8. Galperin I R Stylistics. –M., 1971.
9. Караева З.К. Перевод и семиотика: Многоязычное бытие эпоса «Манас» и теоретико-методологические проблемы транслатологии. -Б., 2006.
10. Боконбаев Ж. Поэзия падышасы= (The King of the Poetry): / Пер.на англ. З.Караева.- Б.: Айат, 2011.
11. «Манас»: Эпосу.4 кит. / С.Орозбак уулунун варианты боюнча. 1-китеп. -1978: 2-китеп. -1980; 3-китеп. -1981; 4-китеп. - 1982. - Ф.: Кыргызстан, 1982.
12. Manas. Vol 1/ Walter May . - Moscow: – Bishkek, 1995.

Абдуллах Шахин
К. Карасаев атындагы БГУ

КЫРГЫЗ ЖАНА ТҮРК ТИЛДЕРИНДЕГИ ГИДРОНИМДИК НЕГИЗДЕРДИН ФОНОЛОГИЯЛЫК ЭВОЛЮЦИЯСЫ

The following work tells the cultural showing of young ladies and brides under standing in Turkish community through tidiom sand show sit's importance in it as young ladies are future mothers.

KAYNAKLAR

1. Prof Dr. Cemal Anadol, FazileAbbasova, Türk Kültür ve Medeniyeti, IQ Kültürsanat Yayıncılık, İstanbul.2002.
2. Abdullah Yeğin, Osmanlıca Türkçe Yeni Lügat, Hizmet Vakfı Yayınları, İstanbul,1989.
3. Mehmet Hengirmen, Deyimler Sözlüğü, Engin Yayınevi, Ankara, 2007.
4. Hamdi Tanses, Öyküleriyle Halk Türküleri, Say Yayıncılık, 2005.
5. JanatErgalieva, NurhatŞakuzadaulı, Kazak Kültürü, Alfarabi Kitabevi, Almatı, 2000.
6. ProfDr. Şerif Aktaş , Türk Şiiri ve Antolojisi, Akçağ Yayınları, Ankara.1996.
7. Mehmet Zeki Pakalın, Osmanlı Tarih Deyimleri ve Terimleri Sözlüğü 1, MEB Yayınları, İstanbul.1993.
8. Ömer Asım Aksoy, Cem Dilçin, Kevser Acarlar, Meral Tolluoğlu, Perihan Kutlar, Yurdanur Püsküllüoğlu, Nebahat Şener, Bölge Ağızlarında Atasözleri ve Deyimler 1-2, Türk Dil Kurumu Yayınları,Ankara, 2009.
9. Seyit Kenjeahmetul, Kazaktın Salt Destürleri Men Adet Guruptarı, Atamura, Almatı, 2010.

Мехмет Йалчынкая,
БГУ

ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕРДИН МААНИЛИК ТИПТЕРИ, АЛАРДЫН ГРАММАТИКАЛЫК ФОРМАСЫНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

(кыргыз жана түрк тилдеринин мисалында)

Реалдуу тилдик чындык жана маанилүү көркөм каражат катарында фразеологизмдер түрк тилинде сүйлөгөн уруулардын тарыхы менен камыр-жумур болуп, маданий байлыктарды өз боюна сиңирген орду толгус катмар болуп саналат (1). Чөйрөнү чагылтууда фразеологизмдер көбүн эсе чагылдырылган бүткөн айрым ойдун социалдык маанилүүгүнө багытталып (3), коомдогу айрым идеологиялык көз караштарды чагылдырат. Көчмөндөр жашаган доордун, тилдик диахрониянын өзгөчөлүгү тил бирдиктери менен чагылдырылат жана фразеологизмдердин системалуу татаал бирдик катарында өзүнүн синтакситик туруктуу формасына ээ болуусуна, семантикалык жана структуралык жактан татаалданышына алып келет (5). Өзүнүн семантикалык тутумунда, б. а. составындагы кошумча экстралингвистикалык белгилерди жана кошумча семантикалык өзгөчөлүктөрдү берүүдө фразеологизмдер бир гана өзүнө тиешелүү болгон кошумча атрибутивдик касиеттерге да ээ болушат (7). Мына ошондуктан көптөгөн тилдик бирдиктер, сөз жасоочу каражаттар, б. а. морфемалар жалпы эле түрк тилдеринин тарыхый жактан өнүгүү процессинде фонетикалык жактан максималдуу өзгөрүүлөргө учурайт. Мындай фонетикалык жактан кыскаруу көп учурда морфемалардын чегин ажыратууну кыйындатат. Жалпы эле түрк тилдериндеги фразеологизмдердеги негизги структуралык жактан окшоштукту окумуштуулар өз учурунда туура баалашкан (1,6:4,3-9). Албетте кыргыз жана түрк тилдеринин негизги синтаксистик мыйзамдарына ылайык фразеологизмдер грамматикалык жактан бир тутумга ширелишип, маанисине кошумча семаларды (4), б. а. маанилик өзгөчөлүктөрдү киргизет. Бирок негизги семантика-дидактикалык жүктү фразеологизмдерге негиз болгон сөздөр көтөргөн менен, алардын системасын уюштурган сөз жасоочу мүчөлөр фразеологизмдердин ажырагыс компоненти катарында каралат.

Арийне фразеологизмдер биз жогоруда белгилеп кеткендей эле, азыркы кыргыз жана түрк тилдериндеги активдүү колдонуудагы **синтаксистик моделге** ылайык түзүлүшөт жана мааниси боюнча деле сүйлөмдөрдүн грамматикалык формасында болушат.

Бизге белгилүү болгондой эле, фразеологизмдер азыркы түрк тилдериндеги структуралык өзгөчөлүктөргө ээ болушат. Биз жогоруда токтолуп өткөндөй эле, негизинен жай сүйлөмдүн структуралык алкагында келишет. Албетте фразеологизмдердин жай сүйлөм түрүндөгү модели ар түрдүү семантикалык типтерде кездешет.

Фразеологизмдер тилди алып жүрүүчүнүн күндөлүк практикалык турмушу, негизги өндөрүш формациясы жана денгээли менен тыгыз айкалышта болгондуктан, ар дайым жай интонациялык калыпка салынат. Албетте актуалдуу речибизди реалдаштырууда жай сүйлөм, б. а. турмуштук тажрыйбаны жаны мүүнга жай, баяндоо иретинде айтуу көчмөн уруулардын этнопсихологиялык өзгөчөлүгүнө туура келип, салттуу мүнөзгө ээ болгондугун байкоо анчалык деле кыйынчылыкты туудурбайт. Албетте мындай социалдык милдетти аткарган тил бирдиктери катарындагы фразеологизмдер жай сүйлөмдүн формасында баяндалат.

Бирок белгилеп кетүүгө зарыл болгон фразеологизмдердин өзгөчөлүгү алардын экстремалдуулугунда, б. а. алардын тилдик экономияга баш ийип, кыска жана так айтылгандыгында. Мындай семантикалык жана грамматикалык өзгөчөлүгүнө ылайык алардын грамматикалык курамы да жай сүйлөмдүн структурасын туура келет. Албетте алардын семантикалык негизин ээлеген жана синтаксистик түзүлүшүнүн борбору болуп саналган баяндоочтору этиш, капыскы – ыптыр формасында, сапаттык маанидеги сын атоочтордон, тактоочтордон сан-өлчөмдүк маанидеги сын атоочтордон жана эсептик маанидеги сан атоочтордон болушу мүмкүн. Мисалы, “ак тандай”; “алкымы чон”; “кичи пейил”; “жамандане жарты кашык”; “Баштуу той, ыры көп, кара чапан”; “Сак кулак”; “кен пейил”; “жүзү кара” ж. б.

Ошондой эле фразеологизмдер биздин актуалдуу кебибиздин активдүү компоненти болгондуктан суроо түрүндө да кездешет. Бирок суроо ар дайым жооп талап кылуу интонациясында тургандыктан фразеологизмдердин суроо тибиндеги түрлөрү салыштырмалуу түрдө аз санда жолугат. Албетте алар деле структурасы боюнча жөнөкөй жана татаал сөздөрдөн турушу мүмкүн. Албетте күчтүү сезимге ээ болгон, б. а. илептүү фразеологизмдер өтө сейрек кездешет. Мындай өзгөчөлүк күчтүү сезим менен айтылган сүйлөмдөр, көбүн эсе, фразеологизмдердин негизги фунционалдык табияты жана жай баяндоо интонациясынын прицибине анчалык коошпогондугу менен да түшүндүрүлөт. Бирок айрым курамындагы сөздөрдүн семантикалык маанисине жараша фразеологизмдер актуалдуу речибизде күчтүү сезим менен айтылган сүйлөмдөрдүн ыргагында айтылгандыгын байкоого болот. Мисалы: "Айланайын абайла, мага тийбе, сага тийбейин!".

Жыйынтыктап айта турган болсок, фразеологизмдердин грамматикалык формасынын калыптанышы кыргыз, түрк элдеринин социалдык турмушу, маданияты жана этнопсихологиялык өзгөчөлүгү, уникалдуулугу менен кылымдар бою эриш-аркак өнүгүп олтурган. Анткени көчмөндөр турмушу ошону менен бир катарда оозеки чыгармачылыгынын формасы фразеологизмдердин лингвистикалык формасынын калыптанышын камсыз кылган тарыхый факторлордон болуп саналат. Фразеологизмдердин курамдагы лексемалар жана алардын синтаксистик куруму улам барган сайын кыскарууга учураган жана составындагы артыкбаш деп эсептелинген сөздөр гана эмес, фонемалар, морфемалар, кала берсе сөз айкаштары да түшүрүлүп айтылгын. Тарыхтын катаал элегинен өткөн дидактикалык багыттагы сүйлөмдөр азыркы күнгө дейре кыргыз жана түрк тилдеринин орду толгус байлыгын сактап келген жана бизге жеткирген лингвистикалык элменттердин уникалдуу формасы катарында дагы терен изилдөөлөрдү талап кылат.

Ошол эле учурда анын кыргыз тилиндеги лингвистикалык категория, же көркөм стилдик каражат экендигине карабай бул татаал терминдин ар бири өз алдынча мааниге экендигин белгилеп кетүү ашыктык кылбайт. Анткени фразеологизмдер эчен кылымдарды башынан өткөрүп, алмаз сыяктуу өзөгүн сактаган өтө туруктуу тилдик категория экендигин тана албайбыз. Макалдардын өзгөчөлүгүн дегеле фразеологизмдердин лингвистикалык табиятын терен изилдөөгө алган кыргыз окумуштуусу С.Гапаров: "Макал жана лакаптар көп учурда түзүлүш формасы жактан да айырмаланат. Макалдарда берилүүчү ой жеткире, курч айтылуучу сүйлөмдөрдөн гана турбастан, алар рифмалашып, ритмдешип да келет, ички уйкаштыктар да күчтүү өнүккөн болот. Ал эми лакаптарда рифмага көп көнүл бурулбастан, образдуулук үстөмдүк кылыт" деп окумуштуу баса белгилеген (6).

Албетте азыркы түркологиядагы "фразеологизм" термини сүйлөм алкагында түзүлгөн жана тилдин негизги семантикалык корунан орун алган синтаксистик категориянын аталышы катарында калыптанган деп айтууга болот. Анткени кийинки мезгилдеги илимий чөйрөдө сүйлөмдүн структуралык моделинде түзүлгөн лингвистикалык татаал элементтин аталышы катарында кабыл алынган. Ошондой эле негизги багыты фразеологизмдердин грамматикалык жана семантикалык формасынын этнолингвистикалык мүнөзүнө багытталса деле, негизги терминдин калыптануусу илимий эволюцияга ээ болгон. Анткени илимий чөйрөдө азыркы күнгө дейре фразеологизмдердин чегин ажыратуу жаатында кайчы пикирлер айтылып келет (7).

Адабияттар

1. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. -Ф., 1990.

2. Авалиани Ю. Ю. О фразеообразовательных потенциях слова//Словообразовангие и фразообразование. -М., 1979.

3. Аннаева Р. Х. Фразелогические устойчивые словосочетания в памятниках туркменского языка. -Ашхабат: Ылым, 1985.

4. Батманов И.А. Источники формирования тюркских языков Южной Сибири и Средней Азии // Источники формирования тюркских языков средней Азии и Южной Сибири. -Ф., 1966.

5. Гаджиева Н.З. Основные пути развития синтаксической структуры тюркских языков. -М., 1973.

6. Гапаров С. Кыргыз макал, лакаптарынын синтаксистик түзүлүшү. -Ф., 1979.

7. Гак В.Г. К диалектике семантических отношений в языке// Принципы и методы семантических исследований. -М., 1976.

8. Жапаров Ш., Осмонова Б., Конкобаев К. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү. -Б., 2000.

9. Орузбаева Б.О. Кыргыз тилиндеги сөз жасоочу аффикстер. -Ф., 1958.

10. Осмонова Ж. Кыргыз тилинин фразеологиясы. -Каракол, ЫМУ, 2007.

11. Осмоналиева Б. Махмудкашгаринин сөздүгү кыргыз терминологиясынын улуттук негизин изилдөөнүн булактарынын бири // Кыргыз терминологиясынын маселелери. -Ф., 1972.

12. Юнусалиев Б.М. Киргизская лексикология. Часть 1. -Ф., 1959.

Яхйа Полат, *Эл аралык*
Ататүрк Ала-Тоо университети

КЫРГЫЗ-ТҮРК МАКАЛ-ЛАКАПТАРЫНДАГЫ СҮЙЛӨМДҮН БАШ МҮЧӨЛӨРҮНҮН АЙРЫМ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Кыргыз тилинде сүйлөм мүчөлөрү баш мүчөлөр жана айкындооч мүчөлөрү болуп эки топко бөлүнөт. "ээ (özne); жана "баяндооч (yüklem) баш мүчөлөр," "аныктооч," "толуктооч," "бышыктооч" «айкындооч» мүчөлөр болуп эсептелинет.

Баш мүчөлөр кыргыз тилинде да түрк тилинде да окшош. Бирок кыргыз тилиндеги айкындооч мүчөлөрдө түрк тилиндеги айкындооч мүчөлөргө так дал келбейт.[1] Ошондой эле макал-лакаптарда да бирдей кездешет. Гүлбану Думандын айтуусуна караганда, бир эле тилдин ар түрдүү диалектилери болгонуна карабастан мындай айрымачылыктардын болушунун себеби Советтер Союзу мезгилинде бир мамлекеттик тил түшүнүгү менен тарбияланган тилчилерден уланып келген.

Кыргыз тилчилери Советтер Союзу мезгилинде өсүп калгандыктан орус тилинин өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүшкөн.

"Мунун натыйжасында кыргыз тилин орус тилчилеринин көз карашы менен карашкан."[2]

Кыргыз тилинин грамматикасын классификациялоодо орус тилинин классификациясын үлгү катары колдонушкан. Кыргыз тилиндеги сүйлөмдү талдоодо эң негизги баш мүчө түрк тилиндеги баяндооч эмес, ээ болуп саналат. Кыргыз тилинде биринчи сүйлөмдүн ээси табылат. Ал эми түрк тилинде болсо сүйлөмдүн баяндоочу табылат, андан соң ээ жана башка мүчөлөр баяндоочко берилген суроолордун жардамы аркылуу табылат. Кыргыз тилинде баяндооч ээге берилген суроо менен, аныктооч жана башка мүчөлөр баяндоочко берилген суроолор менен, аныктооч болсо сүйлөмдүн башка мүчөлөргө берилген суроолордун жардамы менен табылат.[3]

Кыргыз макал-лакаптарындагы сүйлөм мүчөлөрүн табууда Сали Гапаровдун пикирине таянабыз:

Макалдардын, лакаптардын маанилик, көркөмдүк-структуралык өзгөчөлүгүнө ылайык андагы сүйлөм мүчөлөрү кээ бир бөтөнчөлүккө ээ болот: макалдарда, лакаптарда сүйлөмдүн түшүндүрмө мүчөлөрү, жалпылагыч сөздөр колдонулбайт. Сүйлөм мүчөлөрүн байланыштырып, же алардан кийин келип, ар кандай кошумча маани берүүчү кызматчы сөздөр катышпайт. Сөз түркүмдөрүнүн сүйлөм мүчөлөрүнүн кызматын аткаруу чөйрөсү да бир топ тар болот.[4]

I. ЭЭ ЖАНА АНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

1. Ээ жана анын өзгөчүлүгү кыргыз макалдарында жана лакаптарында

Кыргыз тилинин грамматикасында "ээ" сүйлөмдүн баш мүчөсү болуп эсептелинет. Ушул себептен баяндоочтон мурун сүйлөмдүн ээси табылат. Себеби кыргыз тилчилеринин айтуусуна караганда баяндооч ээге көз каранды. Ээни жекелик жак жана көптүк жак дайыма ээрчип жүрөт.

Кыргыз тилинде эң негизги мүчө баш мүчө деп аталат. Кыргыз тилинде баш мүчөлөр түрк тилиндегидей ээ жана баяндооч деп аталат.[5] Түрк тилинде эң биринчи баяндоочту табабыз. Ээ жана башка мүчөлөр баяндоочко берилген суроолордун жардамы менен табылса, кыргыз тилинде баш мүчөлөрдүн ичинен эң биринчи ээ табылат.

Макал-лакаптардын жалпыланган маанисине, дидактикалык мүнөзүнө жана көркөмдүк-структуралык өзгөчөлүгүнө ылайык жалпы аттар, заттын оң жана терс сыпатын, мүнөздүү белгилерин көрсөткөн сөздөр субстантивдешип, ээлик кызматта кеңири колдонулат. Энчилүү аттар, жактама ат атоочтор ээлик кызматта кезикпейт. Ат атоочтун калган түрлөрү жана сан атоочтор да ээнин милдетин аз аткарат:[6]

Мисалдар:

Озунган утат.
Айлаш катын – муундаш.[7]
Тил кылычтан өткүр.
Арык семирер, **ач** тоюнар.
Жыгылган оогонго күлөт.
Бар барын айтат, **жок** зарын айтат.
Көп көлдөтөт, **аз** чөлдөтөт.
Келиндин бетин **ким** ачса, **ошол** ысык.
Айдын **он беши** жарык, **он беши** караңгы.[8]

Макалдардагы, лакаптардагы ээлер да тутумуна карай үч түрдүү түзүлүштө кезигет. Тутумдаш ээлер атрибуттук катыштагы толук маанилүү сөздөрдүн ыкташа, кыйыша байланышынан түзүлөт:[9]

Беш кол тең эмес.
Ырыс алды-— ынтымак.
Жаздын күнү — жаш бала.[10]
Ага-тууган кимде жок, сыйлашпаса жатча жок.
Адам көркү - чүпүрөк, **жыгач көркү** - жалбырак.[11]

2. Түрк тилдериндеги макал-лакаптарда ээ жана анын өзгөчөлүгү

Сүйлөмдөрдү талдоодо баяндоочтон кийинки негизги элемент бул ээ. Сүйлөмдө баяндоочтун жардамы аркылуу ээни табабыз.[12] Түрк тилинде эң биринчи баяндоочту табабыз. Ээ жана башка мүчөлөр баяндоочко берилген суроолордун жардамы менен табылса, кыргыз тилинде эң биринчи ээ табылат. Фетхи Гөзлердин 3- улуттар аралык түрк фольклөр конгрессинде макалдардын өзүнө тиешелүү бардык жактарын белгилеп, өзүнүн жактаган билдирүүсүндө макалдарга байланыштуу төмөнкүдөй структуралар көрсөтүлгөн:[13]

Макалдардагы сүйлөмдөрдүн ээси изилденген.

а) Сүйлөмдөгү ээси **зат атооч** болгон сөз айкаштары (Özneleri isim olanlar)

Mahkeme kadıya mülk değildir.
Сот сотко мүлк эмес.

б) Ээлери **белгилүү жана белгисиз зат атоочтон** болгон сөз айкаштары. (Özneleri belirtili, belirtisiz isim tamlaması olanlar)

Balın tazesi, oğulun tazesinden.
Балдын тазасы, уулдун тазасы.

в) Ээлери **сын атоочтон болгон** сөз айкаштары (Özneleri sıfat tamlaması olanlar)

Tatlı dil yılanı deliğinden çıkarır.
Жылуу сөз жыланды ийнинен чыгарат.

г) Ээлери **ат атооч** болгон сөз айкаштары (Özneleri zamir olanlar)

Herkes, evinde ağadır.
Ар ким өз үйүндө кожоюн.

д) Ээлери **сын атоочтор** болгон сөз айкаштары (Özneleri sıfat olanlar)

Deli, deliyi görünce çomağını saklar.
Жинди жиндини көргөндө таягын сактайт.

е) Ээлери **atooçtuktan** bolgon söz aykaştarı. (Özneleri sıfat fiil olanlar)

Eken biçer, **konan** göçer.
Сепкен түшүм алат, конгон көчөт.

ж) Ээси **кыймыл атооч** болгон сөз айкаштары (Özneleri isimfiil olanlar)

Korkulu rüya görmektense uyanık yatmak hayırlıdır.
Коркунучтуу түш көрсө, ойго жатканга мажбур.

з) (Этиштин) туюк аркылуу мамилесинде ээсиздер (Edilgen olarak öznesizler)

Ekmeden biçilmez. (Burdurlu, 1967a: 4491-4494)
Экпесең эгин бышпайт.

II. БАЯНДООЧ, АНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

1. Баяндооч жана анын өзгөчөлүгү кыргыз макалдарында жана лакаптарында

Макалдарда, лакаптарда баяндоочтордон кийин анын аналитикалык формасы катары келип, ар кандай модалдык маани берүүчү көмөкчү сөздөр катышпайт. Баяндоочтук башка грамматикалык формалар, баяндоочтун кызматын аткарган сөздөр да бир топ чектелген түрдө болот. Баяндоочтор кайсы чак, кайсы сан жана кайсы жакта берилбесин, жалпы чактык, жалпы сандык жана жалпы жактык мааниде келет.[14]

а) Баяндоочтун милдетин төмөнкү сөздөр аткарат:

Этиштер макалдарда, лакаптарда да баяндоочтук кызмат аткаруучу негизги сөз түркүмү болуп саналат, бирок учур чактагы этиштер, ниет-тилек ыцгай, биринчи жактагы буйрук-каалоо ыңгай баяндоочтук кызматта кезикпейт. өткөн чактагы этиштер, атоочтук, чакчыл жана кыймыл атоочтор сейрегирээк учурайт. Айкын келер чактагы этиштер, экинчи жактагы буйрук ыңгай, шарттуу ыңгайлар баяндоочтук кызмат аткарууга активдүү катышат:[15]

Төрт аяктуу мал да **мүдүрүлөт**.
Жата берсе, ат арыйт, **жүрө берсе**, жол арбыйт.
Жакшыга **жанаш**, жамандан **адаш.**[16]
Айгырдын жаманы ат **качырат.**[17]

б) Сын атоочтор баяндоочтук кызматта өтө ийкемдүү колдонулат, сан-өлчөм тактоочтор, **бар, жок** деген сөздөр аткарат:

Уят өлүмдөн **катуу**.
Баш кесмек **бар**, тил кесмек **жок**.
Жер тамырынан эл тамыры **көп**.
Жигитке жетимиш өнөр **аз.**[18]
Айыл итинин куйругу **чагарак.**[19]

в) Жалпы зат атоочтор үчүнчү жакта туруп аткарат, сан атоочтор баяндоочтук милдетте сейрек учурайт, ат атоочтор жолукпайт.

Тамакты таттуу кылган — **туз**, ыраакты жакын кылган — **кыз**.
Эр ортону — **элүү**.[20]
Айла - **алтоо**, акыл – **жетөө**.[21]

г) Тутумдаш баяндоочтор атооч сөздөр менен этиштердин, этиш менен этиштин айкалышынан түзүлөт:

Эсептешкен **дос болбойт.**
Тешик ооз **тек турбайт**.
Ажал **айтып келбейт**.
Жумурунда уузу жок, өмүрүндө **тойдум дебейт**.[22]
Ач кайгысын **ток билбейт**.[23]

2. Түрк макалдарында, лакаптарында баяндоочтун өзгөчөлүгү

Баяндооч – түрк тилинде сүйлөмдүн эң негизги элементи болуп саналат. Кээ бир элементтер сүйлөмдө баяндоочтун маанисин көрсөтүп толуктап турат. (Karahan, 2008: 14) Түрк тилинде түшүнүк мааниси эки түрлүү, бири ойсуз түшүнүк, экинчиси ой аркылуу берилген түшүнүк. Ойсуз түшүнүктөр ой түшүнүгүнүн башкы жардамчысы болуп эсептелинет. Ой баяндооч аркылуу берилет. Ошол себептен сүйлөмдөрдүн эң маанилүү элементи бүтүндөй бир ойду билдирген баяндооч болуп эсептелинет. (Hatiboplu, 1972: 143)

Х.Бурдурлунун изилдөө иштерине карап көрсөк макалдардагы баяндоочторду изилдеген[24].

а) Алсак, макалдардын 100 пайыздан 75 тен ашык сүйлөмү туруктуу чак (geniş zaman) менен айтылган.

Üç göç, bir yangın yerini **tutar**.
Үч көч, бир чыккан өрткө тете.
Terazi var, tartı var, her şeyin bir vakti **var**.
Тараза бар тактык бар, ар нерсенин өз убагы бар.

б) Жалпы чактан кийин өткөн чак, миш өткөн чагы, каалоо-тилек шарты , буйрук берүү, татаал этиштин өткөн чагын кезиктире алабыз.

Boyuma göre boy **buldum**, huyuma göre huy **buldum**.
Телегейим тегиз болду.
Eşeği düğüne **çağırmışlar**, "Ya odun eksik, ya su!" **demiş**.
Эшекти тойго чакырышса, "отунар же суунар кем" дептир.
Komşunu iki inekli **iste** ki kendin bir inekli **olasın**.
Коңшуңа эки уй тилесең , өзүң бир уйлуу болосуң.
Emmim, dayım **kesem**, elimi soksam **yesem**.
Su akarken testiyi **doldurmalı**.
Суу акканда кумураңды толтур.
Kuşa süt **nasip olsa** anasından **olurdu**.
Кушка сүт насип болсо, энесинен болот.
Köpeğin duası **kabul olsaydı**, gökten kemik **yağardı**.
Иттин дубасы кабыл болсо, асмандан сөөк жаайт эле.
Anasına **bak** kızını **al**, kenarına **bak** bezini **al**.
Энесин көрүп кызын ал, бышыгын көрүп матаны ал.

в) Кээ бир макалдар иреттүү сүйлөмдөр менен айтылгандыгы үчүн сөздүн санын азайтуу максатында баяндооч жуп эмес, жалгыз болуп эсептелинет.

İt ite buyurmuş, it kuyruğuna (buyurmuş).
Ит итти жумшаса, ит куйругун жумшайт.
Avradı eri saklar, peyniri deri (saklar).
Аялды эри сактайт, майды карын сактайт.

г) Кээ бир макалдар баяндоочу жок болуп айтылат.

Ata arpa, yiğide pilav.
Atın ürkegi, yiğidin korkağı (sevilmez). (Burdurlu, 1967b: 4559-4562)

Кээ бир макалдарда баяндоч сөздөр кездешпейт. Мааниси өзүнөн өзү келип чыгат. Мисалы,

«Ata arpa, yiğide pilav.»
Атка арпа, жигитке аш.
«Bakarsan bağ, olur bakmazsan dağ olur.»
Карасаң боо болот, карабасаң тоо болот.

Ошондой эле этиштин мүчөсү аркылуу айтылган макалдар да жок эмес. Мисалы:

«Akıl için yol birdir.»
Акыл үчүн жол бир.
«Yiğidin malı arsıza kalmaz.»
«Жигиттин малы уятка калбайт.”

Адабияттар

1. Юртбашы, Метин. А Дикшионери оф туркиш провербс.-Анкара: Туркиш Дайлы Ниус. 1993.

2. Хатиболу Вежихе. Түркченин сөз дизими. ТДК Йайынлары 353. -Анкара. 1972.

3. Гапаров Сали. Кыргыз макал- лакаптарынын синтаксисттик түзүлүшү. -Ф., 1979.

4. Гүрсой Эмине. Түрк дүнйасы грамер Теримлери Кылавузу, ТДК йай. -Анкара, 1997.

5. Орузбаева Б, Сагынбаева Б. Кыргызча-түркче. Түркче-Кыргызча Лингвисттик теримлер сөзлүгү, -Б., 2004.

6. Орузбаева Б., Турсунов А., Сыдыков Ж., Акматалиев А., С. Сыдыков Т. Азыркы кыргыз адабий тили. -Б., 2009.

7. Х. Фетхи Гөзлер - М. Зия Гөзлер. Ачыкламалы Ата сөзлери Сөзлүгү, -Истанбул, 1982.

Яхйа Полат, *Эл аралык*
Ататүрк Ала-Тоо университети

КЫРГЫЗ-ТҮРК МАКАЛ-ЛАКАПТАРЫНДАГЫ СҮЙЛӨМДҮН АЙКЫНДООЧ МҮЧӨЛӨРҮНҮН АЙРЫМ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

I. АНЫКТООЧ ЖАНА АНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

1. Кыргыз тилиндеги макал-лакаптардагы аныктооч жана анын өзгөчөлүгү

Кыргыз тилинин грамматикасындагы “аныктооч” аттуу сүйлөмдүн айкындооч мүчөсүн түрк тилинин грамматикасынан да кезиктире алабыз. Тактап айтканда, түрк тилинин грамматикасына карама-каршы турган бир мүчө, себеби сүйлөм талдоодо түрк тилинде эң биринчи, негизги мүчө баяндооч табылат да башка бардык мүчөлөр баяндоочко берилген суроолордун жардамы менен табылат.”Аныктооч” болсо түрк тилиндеги баяндоочко берилген суроолордун жардамы менен эч убакта табылбайт, себеби бул мүчөнү табууда суроону баяндоочко эмес, сүйлөмдүн ичиндеги башка бир мүчөгө ээ болгон заттарга берилет. Тактап айтканда “аныктооч” баяндоочту толуктап турган мүчө эмес, затты толуктап турган мүчө болуп эсептелинет.

Дагы баса белгилеп айта турган болсок, сөз айкашындагы багындыруучу сөздөр жана аныктооч кыргыз тилинин грамматикасында өзгөчө бир айырмалуу мүчө болуп эсептелинет.Түрк тилинде сүйлөмдү талдоодо сөз айкаштары жана аныктооч эч качан бөлүнбөйт. Ошол себептен “аныктооч” түрк тилинин синтаксистик маанисине туура келбейт.[1]

Макалдардын, лакаптардын мазмунун ачууда жалпы эле айкындооч мүчөлөр чоң роль ойнойт. Эгер айкындооч мүчөлөр катышпаса, сүйлөмдөгү көркөмдүк да, толук бүткөн ой да начарлайт, сүйлөм макалдык касиетин жоёт. Аныктоочтор да затты түрдүү белгилери боюнча айкындап келип, макалдардагы, лакаптардагы ойду так, көркөм берүүгө шарт түзөт. Бирок, оозеки жана жазма речте аныктоочтук кызматта өтө кеңири колдонулган сан атооч, ат атоочтор мында сейрек учурайт. Субстантивдешкен сөздөр аныктоочтун милдетин көп аткарат.

а) Сын атоочтор, атоочтуктар макалдарда, лакаптарда да аныктоочтук кызмат аткарууга активдүү катышат, бирок бардык сын атооч, атоочтуктар аткара бербейт.[2]

Жакшы сөз жан семиртет, **жаман** сөз жан кейитет.

Ынтымаксыз үйдөн ырыс качат.

Өлбөгөн адам алтын аяктан суу ичет.

Иштегендин оозу ойнойт, **иштебегендин** көзү ойнойт.[3]

Айды этек менен калкалай албайсың.[4] сыяктуу макал-лакаптар муну тастыктап турат.

б) Илик жөндөмөдөгү жалпы зат атоочтор, **аз, көп, бар, жок** деген сөздөр аткарат:

Аттын баары тулпар болбойт, **куштун** баары шумкар болбойт.

Аз кайгыны аш басат, **көп** кайгыны дос басат.

Бардын баркы жок, **жоктун** кубаты жок.[5]

в) **Тутумдаш аныктоочтор** атрибуттук катыштагы атооч сөздөрдүн айкалышынан түзүлөт.

Төрт аяктуу мал да мүдүрүлөт.[6]

г) **Жайылма аныктоочтор** макалдарда, лакаптарда көп кезигет. Алар аркылуу заттын белгиси кеңири мүнөздөлүп, ачык, так берилет. Макал-лакаптарда жайылма аныктоочтор затташып илик жөндөмө формасында да келе берет. Булар да жайылма ээлер сыяктуу эки түрдүү түзүлүштө келет:

Тиши чыккан балага чайнап берген аш болбойт.

Түтүнү бөлөктүн түйшүгү бөлөк.

Өзөктөн чыккан өрт жаман, **өздөн чыккан** жат жаман.

Көп жойлогон түлкү капканга түшөт.[7]

II. ТОЛУКТООЧ ЖАНА АНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

1. Кыргыз макал-лакаптарындагы толуктоочтун өзгөчөлүгү

Кыргыз тилинин грамматикасында толуктооч тике толуктооч жана кыйыр толуктооч болуп экиге бөлүнөт Тике сөзүнүн мааниси түз ал эми кыйыр сөзүнүн мааниси кыйыр маанисинде дегенди түшүндүрөт. Ошондой эле кыргыз тилиндеги толуктоочту иликтөөдө түрк тилиндегидей эле тике толуктооч жана кыйыр толуктоочтон турары белгилүү. Ошондой эле тике толуктоочтун түрк тилиндеги тике толуктоочко жана кыйыр толуктоочко кээ бир айырмачылыктарына карабастан окшош болгондугун белгилеп айтсак жаңылыш болбос. Бирок ошого карабастан канчалык бири-бирине окшош болсо да арасында белгилүү айрымачылыктар бар.[8]

Кыргыз тилинин грамматикасында «толуктооч» деп аталган жардамчы мүчө түрк тилиндеги бардык жардамчы мүчөлөрдүн тобу болуп эсептелинет. Толуктооч кыйыр толуктоочко окшош келет. Айрыкча түрк тили-

нин грамматикасында тактоочко берилген суроо кыргыз тилиндеги толуктооч болуп эсептелет. Мисалы: Биз эмгек менен өлкөнү гүлдөттүк. (Umıraliyev, 1990: 82). Бул сүйлөмдө эмгек менен толуктооч болуп эсептелинет. Ал эми түрк тилинин грамматикасында бул сөз курам тактооч болуп эсептелинет. Кыскасы толуктооч түрк тилинин грамматикасында кыйыр толуктоочко жана тактоочко да окшошуп кетет.[9]

а) Тике толуктооч: Жогоруда белгиленгендей тике толуктооч түрк тилиндеги толуктоочко карама-каршы келет.

Тике толуктоочтун кызматын табыш жөндөмөсүндө турган сөздөр аткарат. "Баяндоочу өткөн чактагы этиштерде туруп кимди? эмнени? деген сурооно жооп берет.." (Oruzbayeva vd., 2009: 597)

б) Kıyır toluktooç: "Кыйыр сөзүнүн мааниси кыйыр деген түшүнүктү берет.Кыргыз тилиндеги кыйыр толуктооч түрк тилиндеги кыйыр толуктоочко окшош келет.

Сүйлөмдө жатыш жана чыгыш жөндөмөсүн билдирип, баяндоочту толуктап турган бирдик катарында кыргыз тилинде да кыйыр толуктооч жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрүнүн мүчөсүнөн турат." Бирок кыйыр толуктоочтон абдан чон айырмачылыгы бар.

Бул жөндөмө мүчөлөрүнөн турган ар бир сөз кыйыр толуктооч болуп эсептелинбейт. Түрк тилинде кайсыл жакка? кайсыл жакта? каяктан? кимге? кимде? кимден? эмнеге? эмнеден? суроолорунун баары кыйыр толуктоочко берилген суроолор болсо, кыргыз тилинде каякка? каякта? каяктан ? суроолору тике толуктооч эмес бышыктооч болуп эсептелинип калат. Анткени орус тилинин таасири астында калыптанып калган. Окшош жөндөмө мүчөлөрүнөн турган сөздөр кишиге же нерсеге карата айтылса тике толуктооч, жер-суунун аттарын белгилесе бышыктооч болуп эсептелинет.

Ал эми «менен, жөнүндө, тууралуу, үчүн, карата, караганда, боюнча» байламталары кыйыр толуктооч болот.[10]

(Менен, жана) байламтасы менен жасалган сөз курамдар чогуу деген маанини билдирип турса, ал толуктооч болуп эсептелинет." (Oruzbayeva vd., 2009: 601)

Толуктооч — макалдарда, лакаптарда көп кездешүүчү мүчөлөрдүн бири, анткени кыймыл-аракет белгилүү бир объектиге багытталат да, ал аркылуу ой толук жана так берилет. Бирок макалдардагы, лакаптардагы толуктоочтордун айрым өзгөчөлүктөрү болот:

а) Толуктоочтун милдетин ээдегидей эле жалпы атгар аткарат. Табыш жөндөмөсүнүн түшүрүлүп, алардын жалпыланган белгисиз мааниде келиши көп кезигет, ал эми жандоочтук айкалышта келиши — сейрек көрүнүш:[11]

Уят **өлүмдөн** катуу.

Андабаган **төө** көрбөйт.

Адашсан, **элиң менен** адаш.[12]

б) Ат атоочтор толуктоочтук кызматта оозеки жана жазма речтегидей кенири колдонулбайт. Толуктоочтук функцияда баары, **өз, ар ким, ошо, ким, не** деген ат атоочтор кезигет.[13]

Жаан **баарыга** саат, өлгөн **өзүнө** саат.

Атаңа **эмне** кылсаң, баландан **ошону** көрөсүн.[14]

Ар ким бары менен базардайт.[15]

2. Түрк тилдериндеги макалдарда, лакаптарда толуктооч (Nesne) жана анын өзгөчөлүгү

Сүйлөмдө ээнин аткарган милдетинен таасирленген элемент толуктооч болуп эсептелинет.Толуктооч өтмө этиштерде кездешет. Өтмө этиштүү сүйлөмдөрдө этиштин толуктоочко багытталганын көрөбүз. Өтмө этиштерде болгон кыймыл-аракет толуктооч тарабынан берилет. Өтмө этиштерде бир нерсе кылуу же жасоодо ээ милдет аткарат. Мындай этиштер толуктоочко мажбур эмес.[16]

Кыргыз тилинде толуктоочко тике толуктооч деп да айтылат, бирок тике толуктоочко келтирилген мисалдар толуктооч болуп эсептелинбейт. Ушул себептен тике толуктооч, толуктооч бирдей болуп эсептелинсе да мааниси бири-бирине туура келбейт..[17]

Сүйлөмдө толуктоочту табуу үчүн баяндоочко "кимди?" "эмнени?" деген суроо берилет.

Cesaret, **insanı** zafere; korkaklık ölüme götürür.

Сабырдуулук адамды жеңишке, коркоктук өлүмгө алып барат.

Başını acemi berbere teslim eden cebinden **pamuğu** eksik etmesin.

3. Кыйыр толуктооч\ orun bışıktooç (Dolaylı Tümleç)

Кыйыр толуктооч сүйлөмдө барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөсүн билдирип турган элемент болуп саналат. Кээ бир сүйлөмдөрдө татаал элемент катарында эсептелинсе кээ бир сүйлөмдөрдө жардамчы мүчөнүн милдетин аткарат.[18]

Сүйлөмдө кыйыр толуктоочту табуу үчүн баяндоочко кимге? кимде? кимден? каякка? каякта? суроолору берилет.

Кыргыз тилинин грамматикасында сүйлөм мүчөлөрүн алып карасак түрк тилинин грамматикасындагы Dolaylı Tümleç'тин кыргыз тилинин грамматикасында кыйыр толуктооч жана орун бышыктооч аттуу элементтердин ичинде орун алгандыгын көрөбүз.

Кыргыз грамматикасында кимге?, кимде?, эмнеде?, эмнеден? деген суроолору берилсе **кыйыр толуктооч;** ушул эле жөндөмө мүчөлөрү каякка?, каякта?, каяктан? деген суроолору берилсе **орун бышыктооч** деп аталат.[19]

Güneş girmeyen eve doktor girer.

Күн кирбеген үйгө дарыгер кирет.

III. БЫШЫКТООЧ ЖАНА АНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

1. Кыргыз тилиндеги макалдарда, лакаптарда бышыктоочтун өзгөчөлүгү

"Бышыктооч этиштен түзүлгөн сүйлөмдүн бирдиги менен түзүлүп, анын кыймыл-аракетин, ал-абалын, мезгилин, жерин, максатын, себебин билдирет. (Oruzbayeva vd., 2009: 601) "Бышыктооч" негизинен түрк тилиндеги тактоочко көбүрөөк жакын. Түрк тилиндегидей «качан?» «кантип?» деген суроолоруна жооп берет. Буга карабастан бышыктоочтун түрк тилиндеги тактоочтон бир кыйла айрымачылыгы бар. "каякка?", "каякта?" жана "каяктан?" суроолоруна жооп берген бирдик кыйыр толуктооч болуп түрк тилинин грамматикасында толуктоочтун милдетин аткарса? Кыргыз тилинде бышыктоочтун милдетин аткарат. Мисалы: Эжеме кетип бара жатам жана Анкарага кетип бара жатам. Бул сүйлөмдү талдасак, табыш жөндөмө мүчөсү уланган эжеме сөзү, толуктооч болсо экинчи сүйлөмдөгү Анкарага сөзү бышыктооч болуп эсептелинет.[20]

Ошону менен бирге толуктоочко түрк тилинде кыйыр толуктооч жана несне, бышыктоочко түрк тилинде зарф түмлежи деп айтылат. Кыргызча-түркчө, түркчө кыргызча лингивистик терминдер сөздүгүн

изилдөөдө бышыктоочту зарф түмлежи, толуктоочту болсо несне деп айтышат. (Oruzbayeva, Sagɜnbayeva, 2004: 28, 90). Бирок толуктоочту изилдегенибизде кыйыр толуктооч сыяктуу зат атоочтун жатыш, барыш, табыш жөндөмө мүчөлөрүнөн турганын жана кыйыр толуктоочтун кээ бир суроолоруна жооп бергенин көрөбүз.Түрк дүйнөсү грамматикалык терминдеринен айкындооч мүчөлөрүнүн эч биринин аты кездешкен эмес. (Gürsoy, 1997)

Бышыктоочтор макал-лакаптарда аныктооч, толуктоочторго караганда сейрегирээк учурайт. Ал эми бышыктоочтун айрым түрлөрү; себеп жана максат бышыктоочтор дээрлик кезикпейт. Кезиккендеринин да уюшулуш жолдору чектелген түрдө болот. Бирок айрым учурда макал-лакаптардагы предмет жана кубулуштардын өзгөчөлүгү алардын кыймыл-аракети менен эмес, кыймыл-аракеттин белгиси:

а) сын-сыпаты, орду, мезгили жана сан-өлчөмү менен гана көрсөтүлүп калат. Мындай учурда бышыктоочтор макал-лакаптардын мазмунун ачууда көрүнүктүү роль ойнойт.[21]

Арстан **катуу** качырат, **жумшак** алат.

Чабал өрдөк **мурда** учат.

Жигит **үйдө** туулат, **жоодо** өлөт.

Аргымактын жакшысы **азыраак** оттоп, **көп** жуушайт; азаматтын жакшысы **азыраак** сүйлөп, **көп** тыңшайт.[22]

б) Тутумдаш бышыктоочтор толук маанилүү сөздөрдүн, толук маанилүү сөздөр менен жардамчы атоочтордун жана толук маанилүү сөздөр менен кызматчы сөздөрдүн айкалышынан түзүлөт:

Чапкан жерде чамынды калат.

Акмак **эл ичинде** колго түшөт.

Тойгон сон, токтунун эти топурак татыйт.[23]

в) Жайылма бышыктоочтор чакчыл түрмөктөр, атоочтук түрмөктөр жана атооч сөздөрдүн айкалышы аркылуу түзүлөт:

Аганы көрүп, ини өсөт; **эжени көрүп,** сиңди өсөт.

Жаман уул **атасы өлгөндө** көбөт.

Өрдөк жокто чулдук бий.[24]

2. Түрк тилдериндеги макал-лакаптарда бышыктооч (Zarf Tümleci) жана анын өзгөчөлүгү

Баяндоочтун багытын көрсөтүүчү мүчөсүн, убактысын, сан өлчөмүн, суроосуна ээ болгон тактооч, сүйлөмдө бышыктоочтун милдетин аткарат. Сүйлөмдө бышыктоочту табуу үчүн бышыктоочко, качан? кандай? эмне себептен? эмне сыяктуу? эмне менен? ким менен? эмне үчүн, канча? кайсыл? деген сыяктуу суроолор берилет.

Кыргыз тилиндеги бышыктооч түрк тилиндеги бышыктоочко абдан окшош. Бышыктооч өзүнүн ичинен сүйлөмдө ал-абалы, себеби сыяктуу маанилер түрлөргө бөлүнүп кетет. Бул түрлөрдүн ичинде каякка? каякта? каяктан? суроолоруна жооп берген орун бышыктооч түрк тилиндеги да орун бышыктооч болот. Орун бышыктооч түрк тилиндеги кыйыр толуктоочко ылайыктуу болуп эсептелинет.[25]

Bugün bana **yarın** sana.

Бүгүн мага, эртең сага.

Sora sora Bağdat bulunur.

СҮЙЛӨМ МҮЧӨЛӨРҮ ЖӨНҮНДӨ АЙРЫМ КӨЗ КАРАШТАР

1. Түрк жана кыргыз макалдары сүйлөм түзүлүшү жана сөз бирдиктери тарабынан бири-бирине абдан окшоштугуна карабастан, тилчилердин грамматикалык изилдөөлөрүнүн негизинде сүйлөмдөрдүн элементтерге бөлүнүшү жана элементтердин аталышында, эки тил арасында чоң айрымачылыктар бар. Бул айрымачылыктар баш мүчөлөрдө аз кездешсе, жардамчы мүчөлөрдө көп кездешет. Ушул себептен баш мүчөлөрдү атоо үчүн колдонулган терминдер эки тилде бири-бирине ылайык келсе, жардамчы мүчөлөрдү атоодо колдонулган терминдер бири-бирине дал келбейт.[26]

2. Кыргыз тилинде сүйлөмдүн баш мүчөлөрү жана айкындооч мүчөлөрү деп экиге бөлүнөт. "ээ жана баяндооч" баш мүчө болсо "аныктооч", "толуктооч", айкындооч мүчөлөр болуп эсептелинет.

3. Түрк тилинде сүйлөмдүн баш мүчөлөрү - баяндооч жана ээ. Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү үч бөлүккө бөлүнөт: толуктооч, кыйыр толуктооч жана бышыктооч болуп эсептелинет.

4. Макалдар эң аз эки сөздөн турат. Үч тилде тең эң кыска макал- эки сөздөн турат.

5. Кыргыз макалдарынын сүйлөм талдоосунда эң негизги мүчө, түрк тилиндеги сыяктуу баяндооч эмес ээ болуп эсептелинет.

6. Түрк тилинде эң биринчи баяндоочту табабыз. Ээ жана башка мүчөлөр баяндоочко берилген суроолордун жардамы менен табылса, кыргыз тилинде эң биринчи ээ табылат.

7. Кыргыз тилиндеги баяндооч, ээге берилген суроо менен ал эми аныктооч жана башка мүчөлөр, баяндоочко берилген суроо аркылуу аныктооч болсо сүйлөмдөрдүн ар түрдүү мүчөлөрүнө берилген суроолор аркылуу табылат.[27]

8. Кыргыз жана түрк макалдарында баяндооч кээ бир өзгөчө учурларда сүйлөмдөрдүн акырында кездешет. Ал эми англис тилинде ээден кийин, толуктоочтун астында келет.

9. Түрк жана кыргыз макалдарында баяндоочтон кийин башка элементтер белгиленген эмес. Бул элементтердин катарындагы мындай өзгөрүү тилдердин бири-бирине болгон түшүнүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейткен маанилүү өзгөчөлүк. Англис тилинде бул белги окшош.

10. Бүтүн түрк тилдерине тиешелүү сүйлөм мүчөлөрүнүн катары менен тизилиши түрк жана кыргыз тилинде бирдей. Англис тилинде болсо, баяндооч жана толуктоочтун катары менен тизилиши изилденип келет.

11. Сүйлөмдүн мүчөлөргө бөлүнүшүндө кыргыз жана түрк тилинин грамматикалык айрымачылыктарынын себеби, кыргыз тилинде орус грамматикасынын таасири астында кабыл алынган, аныктооч аттуу мүчөнүн бар болушу. Англис тилинин грамматикасы беш жүз жыл бою өзүнүн грамматикалык талдоосун жүргүзүп келет.

Адабияттар

1. Юртбашы, Метин, А Дикшионери оф туркиш провербс, Анкара: Туркиш Дайлы Ниус, 1993.

2. Хатиболу Вежихе. Түркченин сөз дизими. ТДК Йайынлары 353. -Анкара, 1972.

3. Гапаров Сали. Кыргыз макал лакаптарынын синтаксистик түзүлүшү, -Ф., 1979.

4. Гүрсой Эмине. Түрк дүнйасы грамер Теримлери Кылавузу, ТДК йай. -Анкара, 1997.

5. Орузбаева Б., Сагынбаева Б. Кыргызча-түркче, Түркче-Кыргызча Ленгувистик теримлер сөзлүгү, -Б., 2004.

6. Орузбаева Б., Турсунов А., Сыдыков Ж., Акматалиев А., С. Сыдыков. Азыркы кыргыз адабий тили. -Б., 2009.

7. Х. Фетхи Гөзлер- М. Зия Гөзлер. Ачыкламалы Ата сөзлери сөзлүгү. -Истанбул, 1982.

АДАБИЯТ

Э.Калдыбаева, БГУ

КАЗАТ АКМАТОВДУН “АРХАТ” РОМАНЫ ЖАНА ФОЛЬКЛОР

Белгилүү жазуучу Казат Акматов өзүнүн “Архат” романын жаратуу менен кыргыз окурмандарын кызуу талкууга дуушар кылды. Чындыгында бул чыгармасы менен жөнөкөй окурмандардан баштап, белгилүү адабий сынчылардын кызыгуусун жаратты.

“Дүйнөдөгү улуу күчтөрдүн эң улуусу – адамдын ой жүгүртүүсү. Ал эми эң учкулу – кыял. Ушул экөөнү бел кылып алып чыгармамды жаздым, ” – деп белгилейт автор. Ушундай кыял менен адамдын ой-жүгүртүүсүнөн куралган “Архат” романы “кыргыз адабиятында жаңылык” катары жалпы эле коомчулуктун жогорку баасына арзып, башка чыгаан чыгармалардай эле каршы пикирлерди да туудурган. Казат Акматовдун аталган романындагы сүрөттөлгөн турмуш көрүнүшү бүгүнкү кыргыз коомунда орун алып жаткан реалдуу жашоо турмушту мистикалык түшүнүктөр менен коштоп баяндаган. Бул романда канткенде таза адамдарды жана таза коомду жаратып, аны түбөлүктүү сактап калабыз деген маселе каралган. “Архат” романы боюнча адабиятчы Б.Баймырзаев төмөндөгүдөй оюн айткан: “Мында эң негизги көңүл коомго, болгондо да кыргыз коому жана анда жашап жаткан кыргыз адамынын таза жан-дүйнөсүнө, бекем эркине, эртеңки келечегине болгон үмүт, тилегине бурулган. Аталган романдагы негизги алгылыктуу сапаттык белги - мурунку чыгармаларындагы жалпы сөздүн арасына чыгалбай келген адилеттүүлүк, коомдогу тазалык, демек адамдардын ички жан -дүйнө тазалыгынан өзүнчө негизги түшүнүк катары бөлүнүп, өзүнчө ой жүгүртүүнүн объектиси катары бөлүнүп каралышы десек болот”[1].

К. Акматовдун “Архат” романында төрөлбөй жатып адилетсиздикке туш келген Адилеттин адилеттүүлүккө карай өмүр сапарга аттанышы жөнүндө чагылдырылган. Мында образдар системасын да өтө чебердик менен жуурулуштуруп берген.

Биз бул романдагы фольклорго токтолууну туура көрдүк. Кыргыз адабиятынын башаты болгон элдик оозеки чыгармачылык азыркы көркөм адабиятта да кеңири колдонулуп келүүдө. Элдик оозеки чыгармачылык менен көркөм адабият ар дайым бири - бирин толуктап турган бир бүтүндүк болуп саналат. Белгилүү адабиятчы К. Бобулов өзүнүн китебинде көркөм адабият менен фольклорду океандагы айсберг менен салыштырып төмөндөгүдөй деген: “Постижение, осмысление национального характера – сложный, длительный, диалектический процесс. Образно говоря, национальный характер подобен айсбергу, основание которого лежит в самой глубине народной жизни. На первых ступенях развития молодой литературы- киргизской в частности -- писатели прежде замечают ту часть айсберга, которая выступает на поверхность и только позднее достигают глубины”[2]. Албетте көркөм адабияттын бирден бир булагы болуп элдик оозеки чыгармачылык эсептелет. Анткени көркөм адабият элдик оозеки чыгармачылыкка таянат. Көркөм адабият менен фольклордун карым-катышы жөнүндө К. Бобулов мындай деп айткан: “Взаимосвязи фольклора и литературы многозначны, сложны. Они некогда не прерываются как думают некоторые. На различном эстетическом уровне литература каждый раз с новой высоты обращается к фольклору, и всякий раз начинается новая полоса их взаимопроникновения и взаимооталкивания”[3]. Адабияттын фольклор менен болгон карым-катышын С. Искендерова төмөндөгүчө белгилеген: “Адабият менен фольклордун карым-катышы да мезгилдин арымы менен өнүгүп өзгөрөт. Адабият менен фольклордун өз ара карым-катышында бири-бирине жакындашкан, же тескерисинче бири-биринен алыстаган ошондой эле бири-бирине таасир берүү касиети күчөгөн мезгилдерди байкоого болот.”[4]

Көркөм адабиятта ар бир элдин каада-салтын чагылдыруу машакаттуу иш. Алардын ошол доордун көз карашына туура келген салттары, ошону менен бирге дал келбеген эскилери да бар. Кыргыз элинин каада-салттарын белгилүү жазуучу Ч. Айтматов абдан көркөм жана ыктуу колдонгон десек болот. Анткени анын кайсы гана чыгармасын албайлы анда улуттук өзгөчөлүктүн бири болгон каада-салттарга өзгөчө көңүл бөлгөн.

Фольклорубузда элибиздин жашоо-тиричилигин, каада-салтын көрсөткөн ар түрдүү тематикадагы чыгармалар өтө эле көп. Адам баласынын жарык дүйнөгө келгенден тартып көз жумган мезгилине чейинки басып өткөн жолунда коштоп жүрүүчү салт-санаалар, үрп-адаттар анын дүйнөгө болгон көз карашын, ой-тилегин, кыял-үмүтүн билдирет.

Элдин салт-санаасы, үрп-адаты, ырым-жырымы адам баласынын жашап өткөн өмүрү, жашоо ыңгайы, шарты, тутунган дини, принциби менен тыгыз байланышта экендигин билебиз. Демек, дүйнөдө канча эл жашаса, алардын турмуш деңгээлдери ар кандай өнүгүү тепкичинде турат, бирок, алар жалпы адамзатына таандык жашоонун мыйзам ченинде өнүгүп келет. Ошентсе да ар бир элди, улутту бири-биринен айырмалап турган өзгөчөлүктөр бар. Ал ошол элдин тили, дини, салт-санаасы, үрп- адаты ж.б. болуп саналат.

Казат Акматов бул романды жаратууда да элдик оозеки чыгармачылыктан таасирленген десек да болот. Анткени жазуучунун чыгармасында фольклорго көп орун берген. “Архат” романында элдик оозеки

чыгармачылыктардын эң мыкты үлгүлөрү болгон көптөгөн уламыштар, жомоктор, макалдар, лакаптар, көрөзө айтуу жана аны менен катар ырым-жырымдар, сөөк коюу салтын кездештирүүгө болот. Ар бир берилген элдик оозеки чыгармачылык романдын көркөмдүгүн, образдуулугун арттырып турат. Эми ушул романда кездешкен ар бир ырым-жырым, каада-салттарга кайрылып өтсөк.

Бул чыгармасында ырым-жырымдарга да көңүл бурулган. Анда кездешкен ырым-жырымдардын бири – үйгө жылан кирсе ак чачып чыгаруу.

"- Бизде жылан үйгө кирип кирсе алдына сүт, айран чачат деди,- кыргыз эл жомокторунан окуганын эстей коюп Дей буга абдан таңыркады.

- Бизде да ошондой. Окшош турбайбы. Анан өлтүрбөй эле койсоң болмок"[5].

Бул жерде корунуп тургандай эле бул ырым–жырым кыргыз элинде кеңири колдонулуп келет. Ал эми тибетте болсо муну жылан же бака койунга кирсе байлык деп эсептешет. Бул жөнүндө романда төмөндөгүчө берилет:

- Андай жинди оюнду булар эми жасабайт. Коркпо. Бирок билип кой, жылан же бака койнуңа кирсе ал байлык[6] –деп түшүндүрөт Адилетке Дей.

Бул романда кездешкен элдик оозеки чыгармачылыктын бири-легендалар. Чыгармадагы легендалар романдын көркөмдүгүн арттырып турат. Мында колдонулган легендалар өз орду менен берилип, чыгармага өзөчөлүк берип турат десек болот. Алсак, Тургид жигит Таштанга Манасаровар көлү жөнүндө төмөндөгү легенданы айтып берет:

- "Манасаровар" деген "касиеттүү көл" дегенди билгизет. Лама легенедасына таянсак бул көлгө индус кудайы Шива жана анын аялы Парвати түшүшкөн. Ал эми өткөн эле кылымда дүйнө салган Индиянын улуу ишмери Махатма Гандинин күлү ушул көлдүн үстүнө да чачылган. Ооруп калганда Ганди келип көлдү айланып, андан кадимкидей дем – күч алчу экен. (71-бет)

Эки баштуу, төрт колдуу, төрт буттуу аялдын сүрөтү тартылган Пекин полиграфиясынын кооз түстүү плакатындагы аял жөнүндөгү уламышты И Дей түшкү тамактануу учурунда айтып берет.

Ал уламышта илгери топон суу каптап, эли бүт кырылып калган аймакта аман калган агасы менен эле карындашынын бактысыз сүйүүсү баяндалат. Эптеп оокат көрүп, жашап жүргөн күндөрдүн биринде агасы карындашына ашык болгонун айтат. Үйлөнөлү, бала күтөлү, тукум улайлы деген сунушка каршы болгон карындашы агасынын кысымынан улам "анда мени кууп жетсең алгын" деп качып жөнөйт. Амал менен агасы карындашын кууп жетип, экөө чогуу жашап калат. Асман –теңир ал экөөнү жазалап, кук эткен кузгун, как эткен карга жете алгыс аска – зоого алпарып таштап, экөө ошол жерде, ач – жылаңач бойдон бекем кучакташып жан беришет. Экөөнү көргөн Зымырык куш өлбөстүн килемин жаап кетет. Жети жылдан соң экөө чапталышып, бир бүтүн нерсе болуп калышат. Бул экөө бала күтө албагандарын билгенден соң, Зымырык кушка "... мандайыбызга перзент күтө албасак ал кылган жакшылыгыңдан не пайда?!" деп зар какшагандан кийин, Зымырык куш чырпык берип, ушуну тигип чоңойтуп, дарак кылгыла дейт.

Чырпык чоңоёт да ар бир бутактын бүчүрүндө көк жашыл тарткан дүмбүл пайда болуп, ар бүчүрдөн бала пайда болгон экен.

Мына ошентип жер жүзүндө ханзу баласы кайрадан көбөйгөн экен[7]. И Дейдин Дейге болгон сүйүүсүн ушул уламыш менен дагы көркөм образдуу кылып чагылдырган.

Автор романда улам уламыштарга кайрылып турушу чыгарманы толуктап көркөмдөп турат. Кыргыздар сыйынуучу рухунун бири - Умай-Эненин касиетине өтө жогору баа беришип келишкен. Ал балдардын төрөлүшүндө жана төрөлгөндөн кийинки убактарда камкордук кылуучу касиеттүү эне болуп эсептелет. Умай – эне жөнүндө да бул романда токтолуп, кандай пайда болгондугу жөнүндө уламышты берип кеткен.

"Хумай-му" (Умай-эне) жөнүндөгү уламышты Мани Ясо Темирге төмөндөгүчө айтып берет. Бул Кытай –Тибет мифологиясындагы хырхыс деген элдин уламышы. Бул накыл кепти бүткүл чыгыш кастарлап өз китептеринен окушат.

"Тээ замандын бир заманында Канкор аттуу канкор жер үстүндөгү бейкут жашап жаткан элдерге капысынан кол салып бүтүндөй кырып –жоюп баштайт. Акыры эч жан калбагандыктан хырхыс деген көчмөн журтка келет. Жигиттерин байлап- матап кул кылат, кыз келиндерин тул кылат. Канкор булар да бир сыр бар деп жөөкөрлөрүнө тапкыла дейт. Бир ууч талканга сатылган чыккынчы хырхыстардын сырын айтып коёт. Көрсө, киши чыга албаган аскада Умай деген бир акылман эне он баласы менен бар экенин угат. Ал жерге жетиштин сырын бир гана балдардын атасы Кумар деген бүркүтчү билчү экен. Кумар бүркүтчү хырхыстарга керээзинде, он баламдын бирөө эле аман калса силерди сөзсүз куткарып алат деген экен. Умайды балдары менен бүркүттөр багып жүрчү. Бир күнү ал жалгыз каңгып жүргөн Албарыс аттуу кара сыйкырды каматып келет. Аскадагы он баланы сыйкырлап жерге түшүрсөң, үй жана аргымак берип, атыңды даңаза кылам дейт. Ошентип Албарс сыйкырдын күчү менен күнүнө бирден баланы чоңойгондо баатыр болосуң, сулуу кызга үйлөнөсүн деп жерге секирте баштайт. Тогуз күндө байкуш Умай тогуз баласынан ажырайт. Канчалык кайтарганына болбой онунчу баласы да секиргенде, энеси аркасынан кошо түшөт. Ушунун баарысын өз көзү менен көрүп турган Кудурет Кудай зуулдап ылдый кулап бараткан энеге бир ирмемде канат бүткөрүп жиберди дейт. Ошондо байкуш эне учуп жетип, ташка мына мына чабыла турган баласын билектен илип кеткен экен. Убадасына турбаган Албарыстыга канкор эч нерсе бербей коют. Буга ичи ачышкан кара сыйкыр Умайды жана хырхыстарды минтип каргаган экен: "Эпадам хырхыстар жер үстүндө аман калсанар, эркектериңер кул болсун, катындарыңар текши тул болсун, балдарыңар текши жатында муунуп, жарыкты көрбөй тым болсун!"

Ошол күндөн баштап Умай –эне хырхыстын кыйырын түрө кыдырып, кара сыйкырдын каргышы менен жатынга тескери бүткөн балдардын мойну- башын түздөп, аман-эсен төрөтүп алып жүрөт экен"[8]. (307-308-беттер).

Кыргыз элинин ырым-жырымдарын да Умай – эне кеңири колдонуп келет. Балдарды эмдегенде «менин колум эмес, Умай-Эненин колу» дешип эмдешкен. Жүрөк көтөргөндө, учуктаганда, тамак эмдегенде да ушул сөздү айтып келишкен. Бул ырым –жырым азыркы учурга чейин кеңири сакталып келүүдө.

Романда кездешкен жомок бар. Ал Барластка атасы айтып берген жомок. Барлас бул жомокту Жердеши Адилетке башынан өткөн окуяларды айтып берип жатып баяндап берет.

"Тээ Кантеңири тоонун ары жагында алмустактан бери эрибей жаткан түбөлүк ак кар, көк муздун койнунда бир касиеттүү өрөөн бар. Жайдыр –кыштыр ал өрөөндө адам баласы али көрө элек өсүмдүктөр өсөт, ысык суу асманга атырылып, өрөөндүн ичи жылжылуу. Көлүндө балык, жээгинде ар түркүн жаныбарлар оттойт" – деп келип аягында атам: "Арман ай, бир гана жаман жери ал өрөөндү жердеген киши кийиктер бар ал жерде"[9] – деп бүтүрүчү атам жомогун.

Бул романда орун алган каада-салттардын бири – керээз айтуу. Илгертен келаткан бул салт азыркы күнгө чейин өз нугун жоготпостон уланып келүүдө. Керээз айтуу бул тирүүчүлүктөн акыркы сапарга аттанып жаткан адамдын акыркы сөзү болуп саналат. Архат романынан да керээз айтуу салтын кездештирүүгө болот. Барластын Адилетке айткан акыркы сөзү төмөндөгүчө берилет: "Бирок акыркы сөзүм ушул. Бул жакта сөөктү көр казып көмбөй турбайбы. Жер катуу, көр казылбайт дейт. Өрттөп ийет экен. Тигине, мен өзүмө отун жыйнап койдум. Эл катарлуу денемди өрттөп ийгиле. Жаным асманга учуп кетээр. Сен өлүк ээси болуп бер иним, Адилет. Акыркы өтүнүчүм ушул" –деп айтат[10].

Романда кездешкен дагы бир керээз айтуу салты бар. Ал дагы Барластын айткан керээзи: "..... менин күлүмдү айнекке салып туруп жердешим Адилетке бергиле. Качандыр ал Ала-Тоого барып калса кыргыздын бир алакандай жерине көөмп койсун"[11] деп айткан экен Барлас.

Кыргыздардагы керээз айтуу салты жөнүндө бир топ илимий эмгектерде айтылып келет. Алсак, адабиятчы А. Акматалиев керээз айтуу жөнүндө: "Мурунтан баштап эле кийин көзүм өтсө, муну мындай кылгыла, тигини тигиндей жасагыла, сөөгүмдү ошол жерге койгула, жайымды тигиндей ойдургула деп айтылып келген"[12], – деп жазганы бар. К.Акматовдун "Архат" романында да Лама Цунун жардамчысы, окуучусу Дейге өзүнүн сөөгүн кандай коюшу жөнүндө төмөндөгүчө айткан жери кездешет: "Алиги арча үкөктү терең чункур казып туруп орноткула да ичине сөөгүмдү лотос порумунда отургузуп туруп үстүнө толтура туз төгүп, капкагын жапкыла. Анан тактай жетпей калган капталына ташпан кынап туруп бышыктап көөмп, үстүнө бир белги коюп койгула"[13]. (146-бет)

Жыйынтыктай келгенде К.Акматовдун "Архат" романында фольклор көп кездешет десек болот. Кыргыз элинин турмушун эмес башка улуттун жашоо-тиричилигин чагылдырган бул чыгармада өз улутунун, тактап айтканда бала кезинен эле ата-энесинен угуп жүргөн, же болбосо эл оозунда айтылап жүргөн уламыштарды, кыргыз эли колдонуп жүргөн ырым-жырымдардын негизинде башка улуттун уламыштарын жарата алган.

Адабияттар

1. Акматов К. Архат. -Б., 2007.

2. Акматалиев А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү -Б.: Шам. 2000.

3. Баймырзаев Б. //Адамзаттын эртеңи эмне болот?... Жазуучу К.Акматовдун «Архат» романы жөнүндө // Кут Билим №43, 15.12.05.

4. Бобулов К. Пути развития реализма в киргизской прозе. - Ф.: Мектеп, 1969.

5. Бобулов К. Критика и литературный процесс. –Ф.: Кыргызстан. 1976.

6. Искендерова С. XX кылымдагы кыргыз адабияты жана фольклорунун карым-катышынын айрым маселелери . –Б., 2005.

Садыкбек кызы Жайна,
И. Арабаев атындагы КМУ

КЫРГЫЗ АГАРТУУ ИНСТИТУТУ Т.БАЙЖИЕВДИН МАДАНИЙ-ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК ӨНҮГҮШҮНҮН КАТАЛИЗАТОРУ КАТАРЫ

Бир кезде орус элинин атактуу декабристтери менен Александр Пушкин окуган лицей мектеби орус маданиятынын тарыхында кандай роль ойносо, 1925-жылы Пишпек шаарында ачылган Кыргызстан эл агартуу институту (бул окуу жайы 1928-жылдын аягында Фрунзенин Борбордук педагогика техникуму делип аталган) да кыргыз маданиятынын тарыхында дал ошондой ролду ойногон окуу жайы болгон.

Окуу жайынын алгачкы директору Петр Кузьмич Юдахиндин институтта кандай атсмосфераны түзгөндүгү жөнүндө З.Бектенов төмөндөгүчө эскерген: «Тез эле окуучулардын баары жатаканага орношуп, класстарга бөлүштүрүлүп 140 баланы кучагына алган кыргыз эл агартуу институту 1925-жылдын 25-октябрында салтанаттуу түрдө Пишпек шаарында ачылып, окуусун баштады. Институтка окуучулар бүт кабыл алынып, аларды класстарга бөлүштүрүп, приказ берилгенден кийин, бардык окуучуларды Кузьмич өзү бирден кабыл алып, тизмелерин өз колу менен жазып, алардын турмуш-абалы, ден соолуктары менен толук таанышып чыкты. Мына дал ошондон кийин, Петр Кузьмич ар бир окуучуну: «Карагым Азым, карагым Ташым, карагым Узак, карагым Сулайман, карагым Султаш!» - деп, окуучулардын баарын өндөрүнөн жазбай таанып, аларды аттарынан чакырчу болду.

Петр Кузьмичтин элден бир артыкчылыгы казак тилин суудай билчү. Революцияга чейин, мугалимдик семинарияны бүтүргөндөн кийин, казак элинин арасында көп жылы мугалим болуп жүрүп, казак тилин жакшы билип алыптыр.

Эми кыргыз жергесинин бардык булуң-бурчтарынан келген кыргыз балдарына Петр Кузьмичтин: «Каректарым, айланайын!» - деп мамиле кылышы бизге өз ата-энелерибиздин жалынып, жалбарганындай угулуп, биз Петр Кузьмичтин ал кайрылуусун чоң урмат менен кабыл алчубуз.

Ар күнү эртең менен эрте саат алты жарымда бир колуна – куш коңгуроо, бир колуна таяк алып, окуу-

чулардын бөлмөлөрүнө кирип куш коңгуроосун шыңгыратат да: Кыргыз элинин азаматтары, туруңдар, каректарым! Сендер окуу окуп, билим алганы келген азаматсынар, каректарым! Сендерди Ала-Тау күтүп жатыр, аке-чеченер күтүп жатыр, каректарым! Эрте туруп, таза жуунуп, нанүштеге барыңдар! Сабакка кечигесинер! – деп, бир сыйра ойготуп кетет.

Кыргыз Республикасынын туңгуч эл агартуу институтунун биринчи директору Петр Кузьмич Юдахин кыргыз элине эбегейсиз зор эмгек сиңирген, кыргыз элинин маданиятынын тунгуч калыгачтарын окутуп, уядан учурган орус элинин ак ниет айкөл уулу болчу. Анын эстелигин Дзержин көчөсүнө тургузуп койсо да арзый турган адам эле. Анын тарбиясын алган биз бүгүнкү күнү анын жаркыраган элесине тизе бүгүп, таазим этебиз» (Бекбенов З. Замандаштарым жөнүндө эскерүүлөр.–Бишкек, «Плюс», 1996, 84-85-бб.).

Петр Кузьмич Юдахин чыныгы педагог болгон. Анын педагогикадагы гумандуулукту талап коё билүүчүлүк менен айкалыштыруу жөнүндөгү теорияны жетекчиликке алып иш жүргүзгөндүгү З.Бектеновдун эскерүүлөрүнөн ачык көрүнүп турат. Ошол эле З.Бектенов аталган эскерүү китебинде Кыргыз агартуу институтунда өкүм сүргөн атмосферанын дагы бир жагын мындайча сүрөттөйт:

«Киринпростун ичинде тез эле темирдей тартип түзүлүп, окууга келбей же жазылган ийримдеринин иштерине катышпай, окуучулар комитети менен комсомол уюмдарынын жыйналыштарына келбей, залактап, көчө таптап, кыздарды азгырып ээрчитип, кинолорго кетчүлөр окуучулардын арасында алгачкы мезгилдерде анча-мынча болсо да, андай тартипсиздиктер тез эле кан буугандай тыйылды. Окууну, комсомолдун жыйналышын, окуучулардын чогулушун, саясий-драмалык ийримдердин иштерин таштап, эки жакка руксатсыз басып кетүүлөр эч болчу эмес. Эгерде андайлар боло калса, жалпы жыйналыштарда талкууланып, аларга тиешелүү чаралар колдонулчу. Ошентип, биздин окуучулардын өздөрүн өзү башкаруусундагы темирдей тартип, окуучулардын терең билим алышына, коммунисттик духта тарбияланышына чоң өбөлгө болгон эле. Ал кезде Киринпростун окуучуларынын ички тартиби мына дал ушундай катуу болучу. Сабакка, ийримдин иштерине жана бардык уюмдардын жыйналышына үзбөй катышуу – бул биздин окуучулардын алдыларында турган ыйык милдет эле. Алардан чет жакка эч ким бура басалчу эмес» (Бектенов Зияштын көрсөтүлгөн китеби, 102-б). Петр Кузьмич Юдахиндин «Карагым Ташым» деп эркелетип кайрылышы, эртең менен коңгуроосун шыңгыратып, тургула каректарым, силерди билим алып, азамат болсун деп ата-энелер күтүп жатат деген мээримдүү ойготуу, жоопкерчиликти сезүүнү өтүнүшү өзүнүн атасындай мамиле жасашы жаңыдан студент болгон Ташымдын көңүлүн эритип, бир чети таңгалтырып, жан дүйнөсүнө канат бүтүрүп, илим-билимге жагымдуу психологиялык маанайда шыктангандык менен умтулуусуна стимул берген. Ошону менен бирге, көрүнүп тургандай, окуу жайда жоопкерчиликтин жана темирдей тартиптин духу да орногон. Темирдей тартиптин эмне үчүн керек экендигин окуу жайдын жетекчилиги жаштарга түшүндүрө билген. Тартип жана жоопкерчилик өздөрүнүн кызыкчылыгы үчүн экендигин студенттер жакшы түшүнгөн жана алар өздөрүн алкактын ичинде камалгандай сезген эмес. Агартуу институтундагы администрация тарабынан адамкерчиликтүү мамиленин жана тартиптин атмосферасы Ташым Байжиевге убакытты үнөмдөөгө, өзүн өзү чектеп, жоопкерчиликке үйрөнүүгө, убакытты түркүн ийримдерге, жолугушууларга катышууга, китеп окууга жана чыгарма жазууга, сабактарга дыкат даярданууга зарптоого үйрөткөн. Адамды өзүн өзү уюштуруп, көп нерсеге жетишүүгө шарт түзгөн темирдей тартип жагдайы Ташымдын сабакты мыкты окуп, алдыңкы студент болушуна сүрөө болгондугу З.Бектеновдун эскерүүсүнөн көрүнүп турат: «Бизге Базаркул Данияров сочинениени көп жаздырып, аны үйдөн өзү текшерип келип, эң мыкты жазылгандарын класска келип окуп бере турган. Биздин класстын жазган сочинениелеринен Абдылда Байимбетовдун сочинениесин, Ташым Байжиевдин жазган сочинениесин аябай мактачу» (Ошондо, 90-б.).

Т.Байжиевдин институттун окуу бөлүмүнүн башчысы, алгачкы агартуучуларды бири Базаркул Данияров аябай мактаган сочинениелерди жазып, жакшы окуусуна жалаң эле гумандуу мамиле менен бекем тартип жетишсиздик кылат эле. Бул экөөнөн башка да белгилүү бир реалдуу окуу-педагогикалык базанын түзүлүшү керек болучу. Азыркыдай жетиштүү болбосо да, алгачкы базанын институтта бар экендигин кайрадан ошол эле З.Бектеновдун эскерүүсү күбөлөйт: «Базаркул агай ар дайым сөздүн туурасын айтып, кара кылды как жарган калыс киши эле. Анын айтканын Киринпростун мугалимдери менен окуучулары гана эмес, ошол кездеги кыргыз интеллигенттеринин көпчүлүгү эки дечү эмес. А киши студенттерге дайыма мындай деп акыл- кенешин айтып турчу: «Силерди өзүнчө окуп, билимдерин тереңдетсин деп, илимдин ар бир тармагы боюнча кабинеттер уюштуруп, ага шкафтар коюп, ал шкафтарга орус, казак, өзбек жана татар тилдериндеги китептерди толтуруп койдук. Ошол кабинеттерге бош убактыңарда барып, кайсы тилде жакшы түшүнсүнөр, ошол тилде жазылган китептерди алып окуп, өзүнөрчө билиминерди тереңдете бергиле! Колдон келишинче орус тилиндеги адабияттарды көбүрөөк окуп, орус тилин жакшы билүүгө аракеттенгиле. Анткени, орус тили Союз боюнча биздин орток тилибиз. Бул тилди жакшы билген кишиге бардык жерде жол ачык. Мындан ары да силерге керектүү адабияттарды Казань жана Ташкенттен жаздырып алып, бардык кабинеттерди жыл сайын толуктап турабыз. Кымындай да убактыңар бошко кетпесин. Силер мында келгенде жакшы окуп, терең билимге ээ болобуз деп келген азаматтарсынар. Көчөгө сейилдеп бассанар да, колтугунарда китеп болсун. Китепти тыптпай, кирдетпей, таза пайдалангыла. Силерден кийин ал китептен башкалар да пайдаланары эсиңерде болсун!» (ошондо, 100-б.).

Т.Байжиев институттун ушул түзүлгөн китепканасынан орусча, татарча, казакча китептерди күн-түн тырышып окуп билимин көтөргөн дешке негиз бар. Тиешелүү маданий деңгээл, кругозор болбосо, жанагындай мактоого арзыган сочинениелерди ал жаза албайт эле. Институттун китепканасы Т.Байжиевдин илим-билим жагынан өнүгүшүнүн өзүнчө бир катализатору болгон.

Окуу жайына даталуу күндөрдө дайыма чакырылып, докладдарды, лекцияларды окуп берип турушкан ошол кездеги көрүнүктүү өкмөт ишмерлери менен болгон жолугушуулар да, Т.Байжиевге кайталангыс таасирин тийгизген: «Ар бир тарыхый даталарга (Октябрь майрамына, жаңы жыл, 23-февраль, 8-март, 18-март, 22-апрель, 1-май, 5-май ж.б.) арналган окуучулардын салтанаттуу чогулуштарына келип каты-

шып, окуучуларга доклад жасап бериш үчүн: Ю.Абдрахмановду, Б.Исакеевди, Ж.Саадабаев, Т.Токбаев, О.Алиев, Э.Эсенаманов, Т.Айтматов, С.Кулматов, А.Орозбеков, Т.Кудайбергенов, Н.Кулназаров, Б.Мээрханов жана башка чоң иштеги кызматчыларды чакырып келер эле. Алардын келерин бизге эки, үч, күн мурда айтып аларды күтүп биз камылга көрүп калчубуз. Чондор келип доклад жасаганда, биз окуучулар такалуудан тай калбай чогулуп, клубга батпагандарыбыз анын эшик-терезелерин ачып коюп, зор ынта менен угар элек» (ошондо,).

Жусуп Абдрахманов, Баялы Исакеев, Төрөкул Айтматов, Абдыкадыр Орозбеков сыяктуу Кара кыргыз автономиялуу областынын жетекчилери менен кездешүү, алардын сөздөрүн, ой жүгүртүүлөрүн, эскерүүлөрүн, бүгүнкү күн жана келечек жөнүндөгү аңгемелерин жакындан угуу алыскы көл башынан окуу издеп борборго келген элеттик жаш жигит үчүн ойго келбеген жана таң каларлык жаңылык болуп, анын эсинен чыккыс окуялардан болуп калганы өзүнөн өзү түшүнүктүү. Мындай жолугушуулардан улам Ташымдын дүйнө таанымы кеңейип, оюнда ушул залкарлардай алдынкы адам болуу тууралуу кыял чабыттатып, көп окуп, көп мээнеттенип, алдыга карай дагы күчөп умтулууну ал максат кылбай койбогон.

Кыргыз агартуу институтунда айрыкча адабият сабагы кызыктуу өткөн. Тили жакын болгондуктан айрыкча татар, казак адабияттарынын чыгармалары институттун студенттеринин арасында популярдуу болгон.

«Көркөм адабиятка, бизге алгачкы кадамды шилтетип, көркөм дүйнөгө көзүбүздү биринчи ачкан да Базаркул Даниярович болгон эле. «Кооз адабият», «макала», «кабар», «роман», «тамсил», «ойдон жазма» (сочинение), «ыр», «поэма», «пьеса», «драма», «комедия», «трагедия», «сын» жана ушул сыяктуу толуп жаткан адабий терминдерди бизге биринчи жолу Базакем окуткан эле. Искусствого биздин аягыбызды биринчи шилтеткен, казак элинин Абай, Ахмет Байтурсунов, Магжан Жумабаев, Жусупбек Аймаутов, Мухтар Ауэзов, Майлын Байымбеттердин адабияттары менен бизди тааныштырган да биздин завучубуз Базаркул Данияров болгон эле» (ошондо, 88-б.).

Көрүнүп тургандай, көркөм адабияттын теориясынан сабак алуу, айрыкча тектеш казак адабиятынын чыгармаларын аудитория да талдоо, талкуулоо, каармандардын берген адеп-ахлактык сабактары көркөм чыгармачылыкка талпынган Ташым Байжиев үчүн өзгөчө кызыгууну жаратып, анын адабий-теориялык сабатынын ачылышында, эстетикалык-этикалык түшүнүктөрүнүн кеңейишинде баа жеткис роль ойногон.

Кыргыз агартуу институтунда анын уюшулган күнүнөн баштап эле драмалык ийрим уюшулуп, ал активдүү иштеген. Бишкектин тарыхында кыргыз тилинде биринчи коюлган пьеса бул агартуу институтунун студенттери 1925-жылы сахнага алып чыккан "Койчу" аттуу пьеса болуп эсептелет. Агартуу институтунун өз демилгелүү театры учурунда атагы шаар ичине кеңири жайылып, өзүнчө эле бир маданияттын очогуна айланган.

1925–1929-жылдарда институттун драмалык кружогунун сахнасында "Койчулар", "Айылда", "Лениндин уулу", "Түштөө", "Биз комсомол", "Карачач", "Алым менен Мария", "Жоголсун байлар", "Кайгылуу Какей", "Эскиден калган энчилер", "Теңдик жолунда", "Чалкан чаккандар", авторлору белгисиз "Жесир доо", "Бөйдө чыгым", "Аргынбай", "Чанчар молдо", "Зарлык", "16-жыл" жана башка бир нечелеген бир көшөгөлүү жана көп көшөгөлүү пьесалар коюлган. Педтехникумдун студенттери койгон спектаклдер менен концерттер ошол мегилде көрүүчүлөрдүн арасында чоң уу-дууну жаратып, ар бир көрсөтүлгөн оюн кызуу тосулуп алынган. "Кээде билет сатылып, биздин койгон оюнубузга бүткүл шаар келүүчү," - деп эскерген Кубанычбек Маликов. Ал эми, Зияш Бектенов мындайча эскерген: "Биздин окуучулар жаңы оюн коердо, конвертке салып, кыргыздын жооптуу кызматчыларынын он-онбешине төлөмөр билет таратчубуз. Ал оюндарыбызга Кыргызстандын Борбордук аткаруу Комитетинин председатели Абдыкадыр Орозбеков баш болуп, республиканын жооптуу кызматчыларынын чакырылгандары аялдарын ээрчитип бүт келишчү да, оюнубузду кунт коюп көрүшүп, ыр, хорлорубузду, декломацияларыбызды жыргап угуп отурушчу" (З.Бектенов. Замандаштарым жөнүндө эскерүү - Б., «Плюс»,1996. 115-бет.).

Театрдын тарыхына байланышкан эскерүүлөрдө, мемуарларда, драмалык ийрим үчүн пьесаларды, драмалык сахналарды, интермедияларды негизинен К.Жантөшевдин, М.Элебаевдин, Б.Калпаковдун, Сыдык Карачевдин, Ташым Байжиевдин жазышкандыгы, коюлган спектаклдерге М.Элебаевдин, К.Жантөшевдин, Б.Калпаковдун режиссерлук кылышкандыгы, роль да аткарышкандыгы, М.Элебаев менен Т.Байжиевдин көбүнчө аялдардын ролун ойношкондугу эскерилет (Караңыз: Күмүшалиев К. Кыргыз театрларынын жаралышы – Ф., «Мектеп», 1972, 119-бет).

20-жылдардагы Кыргыз агартуу институтунун драмалык ийримининн тарыхый маниси жөнүндө изилдөөчү Салижан Жигитовдун төмөнкү корутундусу ынанымдуу угулат: "Өз демилгелүү драмалык кружоктун ишине ынтызарлык менен катышуу, асыресе кружоктун репертуары үчүн үстөкө-босток үйрөнчүк пьесалар жазуу - биздин жаш калемгерлердин чыгармачылык тагдырына өтө күчтүү таасир тийгизгени талашсыз факт. Ал калемгерлер ошондой чыгармачылык жумуш аркылуу өздөрүнүн көркөм шыгын ойготуп, калемин курчутушкан, театр сахнасынын орчундуу заң-законун жана өзгөчөлүктөрүн үйрөнүп, драма жазуунун элементардык жол-жоболорун таанып билишкен. Эгер алардын көпчүлүгү кийин белдүү драматург болуп чыгышса, бир даары драматургия майданында белсенип ат салышса, мында педтехникумдун айтылуу драма кружогунун багыт жана шык берүүчү кызматы кадимкидей чоң болгон деп айтууга толук негиз бар" (С.Жигитов, 20-жылдардагы кыргыз адабияты – Фрунзе, «Илим», 1984-жыл, 91-92-беттер). Салижан Жигитовдун бул ойлору түздөн-түз Ташым Байжиевге да тиешелүү. Себеби, эскерме адабияттардан көрүнүп тургандай, Т.Байжиев драмалык ийримдин жигердүү мүчөсү болуп, ийрим үчүн башкаларга кошулуп, пьесаларды жазып, сахнада артист болуп, каармандардын ролдорун аткарып, активдүү турмуш менен жашаган. Ал драмалык ийрим аркылуу пьесачы жана аткаруучу катары айлана-тегерекке жакшы белгилүү болуп калгандыктан, окууну бүткөндөн кийин аны кыргыз театрына кызматка чакырышкан: «1930-жылы биз Борбордук Педтехникумду бүтүрдүк. Техникумдун бүтүргөн жигиттерден – Мукайды, Касымалыны жана Ташымды Кыргыз драм театрына кызматка чакырганда – үчөө тең баш тартышты. Мукай, Касымалылар Бишкекте калып, Ташым экөөбүз Ош жакка кеттик» (Бектенов З. жогорудагы көрсөтүлгөн китеби, 147-бет). Кыскасы, Кыргыз агар-

туу институтунун драмалык ийрими Ташым Байжиевдин инсандык жана көркөмдүк-маданий жактан жетилиши үчүн өзүнчө эле бир мектептин ролун аткарган дешке негиз бар.

Агартуу институту иштей баштаган күндөн тартып эле адабий ийрим уюштурулуп иштеген жана ал барабара активдешип отуруп, «Кызыл учкун» аттуу чоң ийримге айланган. Ийримдин алдында «Үмүттүү жаш» аттуу дубал газета чыгарылып, ага чыгармачыл жаштар, анын ичинде Ташым Байжиев үзгүлтүксүз макала жазып турган. «Адабият ийримибиздин жыйналышы, «Кыргыз тилинин жана адабиятынын кабинети» деп аталган, терезелери короону караган кабинетте өтө турган. Ал кабинеттин дубалына Гоголдун, Пушкиндин, Толстойдун окуучулар сүрөт ийриминде тарткан портреттери илинип турар эле. Эгер сүрөт, хор, драм ийримдеринин окуусуна окуучулардын басымдуу көпчүлүгү катыша турган. Кабинетке батпаган окуучулар эшикти ачып коюп, коридордо туруп угушчу, анткени, ал ийримге кыргыздын ошол кездеги белгилүү окумуштуулары, адабиятчылары келип, докладдар жасай турган» (Бектенов З., Көрсөтүлгөн китеби, 79-бет). З.Бектенов жазгандай адабий ийримдин жыйналыштарына Касым Тыныстанов, Баялы Исакеев, Базаркул Данияров, Токчоро Жолдошев, Касымалы Баялинов, Сатыбалды Нааматов, Аалы Токомбаев, Калим Рахматуллин, Сыдык Карачев, Шарип Көкөнов, Айткулу Убукеев, Мукамбет Дөгдуров, Бөрү Кененсарин, Байсерке Калпаков, Аскар Идрисов сыяктуу кыргыздын ошол кездеги чыгаан чыкма уулдары жана коомдук ишмерлери, лекция, доклад окушуп, адабий талкууларга, талдоолорго активдүү катышышып турушкан. «Кызыл учкун» жеке Кыргыз агартуу институтунда окуган келечектеги акын-жазуучулардын жана адабиятчылардын гана ийрими болбостон, бүткүл кыргыз көркөм интеллигенциясынын уюму болуп калган. Ташым Байжиев өзү менен окуган Мукай Элебаев, Жума Жамгырчиев, Узакбай Абдукаимов, Касымалы Жантөшов, Масыралы Кырбашев, Саткын Сасыкбаев, Жоомарт Бөкөнбаев, Кубанычбек Маликов, Мамасалы Абдукаримовдор менен бирге «Кызыл учкундун» эң активдүү мүчөлөрүнөн болгон. Ошол кездеги жазуучу жана драматург катары Сыдык Карачев «Кызыл учкундун» жыйналыштарынын биринде Т.Байжиевдин жазган чыгармаларын талдап жатып, «**Баралына келгенде Ташым чоң жазуучу болот**», - деп мактаганын ошол эле Зияш Бектенов эскерип жазган (Бектенов З., Көрсөтүлгөн китеби, 81-бет). Ушул фактынын өзү студент Т.Байжиевдин ийримдин чок ортосунда болуп, адабий жагынан тотугуп, илгерилеп жүргөнүн күбөлөп турат.

«Кызыл учкун» адабий ийримине мүчө болуу, андагы дайыма өтүп турган адабият жөнүндөгү талкууларга, чыгармаларды талдоолорго, талаш-тартыштарга активдүү катышуу жана ошондой эле, ошол кездин атактуу «Касым ырларынын жыйнагы» аттуу алгачкы ыр китебинин автору, белгилүү акын Касым Тыныстановдун, тунгуч сынчы Токчоро Жолдошевдин, алгачкы жазуучу Сыдык Карачевдин жана башка белгилүү чыгармачыл инсандардын лекцияларын, докладдарын, алардын көркөм сөз өнөрү жөнүндөгү ой толгоолорун угуу Ташым Байжиевдин кругозорун кеңейтип, адабий даярдыгын арттырып, ой жүгүртүүлөрүн курчутуп, көркөм түшүнүгүн өйдөлөтпөй койгон эмес. Адабий ийримден таалим алып, калеми төшөлүп, жазуучулукка талпынган Ташым Байжиев бара-бара «Эркин-Тоо» газетасы жана «Жаңы маданият жолунда» журналы менен кызматташа баштаган. «**1928-жылы Касым менен Төрөкул Айтматовдун демилгеси менен жарык көргөн «Жаңы маданият жолунда» журналы кыргыз жазуучулардын тушоосун кести. Анын биринчи сандарына У.Абдукаимовдун аңгемеси, Жума Жамгырчиевдин ырлары, Ташымдын «Суу боюнда» деген аңгемеси, менин «Жүрөк оозго тыгылганда» аттуу аңгемем, К.Маликовдун, М.Кырбашевдин, Ж.Бөкөнбаевдин ырлары жарыяланды»** (З.Бектенов, Жан досум – Ташым, Китепте: Ташым Байжиев – Бишкек, «Учкун», 2003, 10-бет). Кыргыздын тунгуч маданий-адабий журналына алгачкылардан болуп аңгемесинин жарыяланышы – бул Т.Байжиевдин «Кызыл учкундан» чыйралып, «такалангандыгынын» далили.

Т.Байжиев «Кызыл учкун» ийримине катышуу менен эле чектелбестен ошол эле учурда, жогоруда айтылгандай «Эркин-Тоо» газетасынын редакциясы менен да активдүү кызматташып жардам берген. Өзүнүн институтта чогуу окуган улуу-кичүү курбулары менен анын газетага кандайча көмөк көрсөтүп, кызмат кылгандыгы жөнүндө жазуучу Мамасалы Абдукаримов төмөндөгүчө жазган: «1924-жылы Орто Азия элдеринин улуттук чек аралары бөлүнгөндөн кийин «Эркин-Тоо» газетасы жана «Казак-Кыргыз билим журтунун» студенттери бүт бойдон кыргыз автономиялуу областынын мурдагы борбору Пишпек шаарына көчүп келди. Мында «Эркин-Тоо» республикабыздын ушул кездеги экинчи номерлүү басмаканасынан чыга баштады. Биз болсок областтык борбордо жаңыдан ачылган педагогикалык техникумда окуй баштадык. Мен мына ушул техникумду «Эркин-Тоо» менен киндиктеш деп айтар элем. Себеби, педагогикалык техникум улуттук жаңы газетанын биринчи кабарчыларынын, активдүү авторлорунун уюткусу болду. Техникумдун ошол кездеги студенттеринин көбү, атап айтканда: **Мукай Элебаев, Касымаалы Жантөшев, Кубанычбек Маликов, Жоомарт Бөкөнбаев, Жума Жамгырчиев, Узакай Абдыкаимов, Өмүркул Жакишев, Масыраалы Кырбашев, Зыяш Бектенов, Ташым Байжиев, Тазабек Саманчин** жана башкалары «Эркин-Тоонун» эң активдүү авторлору, аны эл арасына таратуунун жалындуу агитаторлору болушкан жана алардын кээ бирлери ушул кезде да аны менен байланыштарын үзбөй келе жатышат. Ал мындай турсун, «Эркин-Тоо» өз элине, өз жерине келип, жаңыдан гана «тай-тайлап» баса баштаган кезде техникумдун көп окуучулары, ошолордун ичинен ушул эстеликтик автору да аны жөлөп-таяп колдоочулардан болушкан: ал кезде кыргыздын өзүнүн жазуусу болбогондуктан, анда кат-кабарларды басып берүүчү кыргызча машинкалар да болгон эмес. Ошондуктан редакцияга келген ар түрдүү кабарларды басмаканадагы арип терүүчүлөр такалбай окуй тургандай кылып көчүрүп жазуу – эң зарыл жумуштардын бири болгон. Ошондуктан бул ишке негизинен техникумдун студенттери барышып, алар кыргыз тилинде машинкалар жана машинисткалар пайда болгонго чейин газетанын көчүрмөчүлөрү болуп кала беришти» (Мамасалы Абдукаримов. Киндиктеш. –Китепте: Турмуш күзгүсү. – Ф.: Кыргызстан, 106-107-бб.).

Мына ушинтип, Ташым Байжиев туңгуч акын-жазуучулар менен бирге кыргыз элинин «төл башы» газетасы «Эркин-Тоонун» газета катары бутуна туруп калыптанышына өз учурунда студент-кабарчы, көчүрмөчү катары салымын кошуп, өзү да газета менен кошо гражданин, атуул, патриот катары өсүп - өнүккөн.

Жыйынтыктап айтканда, Бишкектеги алгачкы кыргыз агартуу институту, анын өтө интенсивдүү жана активдүү жүргүзүлгөн окуу-тарбия иштери, анда ошо кезде өкүм сүргөн илим-билимдин культу, алга умтулган пафосу Ташым Байжиевдин маданий-интеллектуалдык өнүгүшүнүн өзүнчө бир катализатору болгон. Муну жогорудагы келтирилген фактылар ачык-айкын далилдеп турат.

Инсан аралык мамилелер (межличностное общение) фактору

Ташым Байжиевдин инсан жана илимпоз катары калыптанышын түшүндүрүүдё жалаң кыргыз агартуу институтунун ролун көрсөтүү менен чектелүү жетишсиздик кылат. Маселеге илимий мамиле инсанды коомдогу ар түрдүү социалдык байланыштардын жана мамилелердин системасында, социалдык контекстке карай билүүнү талап кылат. Социалдык психология индивиддин аң-сезиминин калыптанышында, рухий жактан өнүгүшүндё адамдар арасындагы жекече ымаланын, катнаштын, (межличностное общение) инсандар арасындагы жекече контакттын, өз ара оозеки коммуникациянын ролу зор деп эсептейт. Жекече катнаштын, пикирлешүүнүн учурунда адамдар бири-бирине рационалдык жана эмоционалдык жактан таасир кылышат; ойлорду жана тажрыйбаларды алмашышып, бири-бирин өстүрүшөт. Ушул айтылган ойлордун чындыгын Зияш Бектеновдун 30-жылдардын баш жактарында башынан өткөн төмөнкү жагдай жакшы далилдеп турат. З.Бектеновго сөз берели.

«Кыргыз элинин «Аганы көрүп ини өсөт, эжени көрүп синди өсөт» деген сөзү эң туура айтылган кеп экен. Мен орто билимдүү болуп, жаңыдан эмгек сапарына кадам шилтеген кезимде кыргыз элинин ошол кезде чоң кызматтарда иштеп жүргөнбелдүү интеллигенттеринин чөйрөсүндө болуп, алардын адамдарга жасаган мамилелери, иштеген иштери, баскан турганы, сүйлөгөн сөздөрүнөн үлгү, тарбия алып калгандыгым үчүн мен өзүмдү абдан бактылуу адам экенмин деп эсептеп жүрөмүн. 1931-1932-жылдарда Москвада ЦИК СССРдин президиумдун алдындагы СССР элдеринин Борбордук басмаканасындагы Касымалы Баялинов жооптуу редактор, мен анын орун басары болуп иштеп калдык. Эми ойлоп отурсам, бир кезде Касыкем экөөбүз Москванын Борбордук басмаканасында бирге иштеген кезибиз менин өмүрүмдөгү айта жүрө турган эң сонун учур болгон экен. Анткени, Касыкем менин эмгекке жоопкерчилик менен мамиле жасоого, түрдүү окумуштуулардын докладдарын угуп, адабиятчылардын талкууларына катышып, билимимди көтөрүүгө, коомдук жайларда өзүмдү маданияттуу кишилердей алып жүрүүгө тарбиялап, мени кыргыздын чоң-чоң жетекчи кызматчылары менен тааныштырып, алардын ишинен, баскан-турганынан, адамга жасаган мамилелеринен үлгү алуума себепчи болгон экен. Менин эмгек сапарымдын алгачкы кадамында мага акыл-насаат айтып, иштин көзүн таанытып, баш тоголоткон, маданияттуу жүрүш-туруштун эрежесин үйрөтүп, чоң окумуштуулардын докладдарын,угуп, терең билим алуунун жолун көрсөткөн алгачкы насаатчым Касымалы болгон эле. Касыкемдин ошол кезде мага эткен жагымдуу таасири мага өмүр бою өрнөк болду. Мен Касыкемдин ал жакшылыгын эч качан унутпайм! Аны ар дайым улуу сыймык менен эскерем!» (З.Бектенов көрсөтүлгөн китеби, 130-бет.). Зияш Бектеновдун бул эскерүүсү инсан аралык карым-катнаштардын адамдын адам катары калыптанышына жана маданиятынын түптөлүшүндө өзгөчө иштиктүү рол ойной тургандыгынын күбөсү.

Инсан аралык мамилелердин фонунда караганда Ташым Байжиевдин башкаларга окшобогон өзүнчө бир өзгөчөлүгү болгон. Турмушта мамилелешкен адамдар менен тез тил табышканга анын мүнөзүнүн өзү ыңгай түзүп турган. Т.Байжиевдин уулу Мар Байжиев атасы жөнүндө мындай деп эскерет: «Атам жапалдаш бойлуу, буудай жүздүү, тармал чач, маңдайы жарык адам эле. Мүнөзү да жумшак, ак көңүл, ачык, жамандыкты ойлобогон, айлана-чөйрөдөгү ачуу-таттуу, жамандык-жакшылыкты жүрөгү менен кабыл алган, шайыр, кандай болбосун дайыма эл ортосунда, конокко барса, тегерегинде күлкү, шаң, куудул анекдоттор, ыр. Татынакай үнү да бар эле. кээде Абдылас абама (Малдыбаевге) атайын тийишип, анын ырларын өзүнөн да шаңдуу ырдаса, Касымалы абам (Жантөшев), Мусакем (Баетов) – «Ой, Ташым, ушу сен артистигиңди бекер таштадың! – дешсе, Абдыласты аядым. Мен ырдасам, мунунар СССРдин эл артисти болбой калмак», - деп борс-борс күлүп койчу. (Көрсө, техникумда окуп жүргөндө Мукай Элебаев баш болуп өзүлөрү пьеса жазып, Абдылас Малдыбаев кыздардын ролун, атам келиндин ролун аткарчу экен)» (Байжиев Мар. Атам жөнүндө эскерүү. Китепте: Ташым Байжиев). Мына ушинтип, мүнөзү ачык, ак көңүл, жакшынакай ырдай билген, куудул сөздөрдү айтып, айлана тегерегин күлдүрө билген, кишилер менен бат контакт түзүп, чын ыкластан мамиле жасай алган, ишенимге тез кирген Т.Байжиев өзүнүн өз ара алакага жатыктыгы, ийкемдүүлүгү аркылуу көптөгөн таланттуу, белгилүү инсандар менен коюн-колтук алышкан карым-катышта болгон. Бул карым-катыш, алака-мамиле өз кезегинде анын инсандык өсүп-өнүгүүсүнө ургалдуу таасирин тийгизген.

М.Абдылдаева, БГУ

АЗЫРКЫ КЫРГЫЗ ТИЛДҮҮ ЖУРНАЛИСТИКАДАГЫ СУБЪЕКТИВДҮҮ ЖАНА ОБЪЕКТИВДҮҮ БАШТАЛМАЛАР

Азыркы тапта жалпыга маалымдоо каражаттары зор мааниге ээ болушту. Бирок баарыбыз тең бир эле окуяны талкуулоодо ар башка булактар ар кыл фактыларды келтиришерине күбө болуп жүрөбүз. Иштин жөнү маалыматтуулуктун ар кыл деңгээлинде эмес, ошол маалыматты жеткирүү кимге кандайча пайдалуу экенинде. Иш жүзүндө ар бир маалыматтык агенттиктин, ар бир ЖМКнын артында белгилүү бир демөөрчүлөр турушары, демек ошол басма сөз каражаттарынын ишинде алардын кызыкчылыктары эске алынары эчактан бери эле сыр болбой калган. Ошондуктан бир эле маалымат ар башка ооздон ар түрдүүчө айтыла берет, ар башка газетага ар бөлөк мазмунда чыга берет.

Бирок иш жалаң гана каржылык жагдайга барып такалбайт. Журналист – бул чыгармачыл инсан, ал иш процессинде көптөгөн факторлордун кысымына туш болот, көбүнчө аларды байкоос албайт деле. Бул материалды башкача нукта берүүнү каалаган редактордун аброю, кээде акыйкаттыкты журналисттен көшөгөлөгөн салттар, келишүүчүлүк механизми иштеп кеткен жалпы ынаным болушу ыктымал. Журналисттик материал түпкүлүгүндө объективдүү боло албайт деген көз караш бар, бул жазмакердин психологиялык өзгөчөлүктөрү менен да далилденет.

Акыркы убактарда басма сөздүн ангажирленгени, журналисттердин объективдүү эместиги, алардын сатылмалыгы тууралуу көп кеп кылышат, бул болсо аудиториянын ишенбөөсүн туудурат. Эркин басма сөз иш жүзүндө бардык жерде демократиялык коомдун ажырагыс бөлүгү катары эсептелгени менен катар, журналисттердин саясий ышкылары жана калыссыздыктары тууралуу жетишерлик көп угууга болот. Мындан калемгерлер кесиптик этиканын ченемдерин бузуп жатышат деген тыянак чыгат.

Журналисттердин бардык кесиптик сапаттарынан эң башкысын ажырымдасак, ал сапат объективдүүлүк болот. Журналисттер үчүн объективдүүлүк математикалык же илимий тактыкты туюнтпайт, ал фактыларды эмоцияга алдырбай жана ой-пикирлерден ажыратып чагылтууну билдирет. Журналисттик объективдүүлүк «аңтарылган пирамида» жана фактылар маанилүүлүгүнө жараша өйдөтөн ылдый жайгашып, «ким? эмне? кайда? эмне үчүн? качан? кандайча?» деген суроолорго жооп берилген текстти жазуу түзүмү менен көп үндөшөт.

Көптөр үчүн объективдүүлүк фактылар менен окуяларды калыс сыпаттоо формасында так чагылтууну туюнтат. Мисалы, Журналистиканын канондорунда «Калыстык» деген пункт бар, анда минтип айтылат: «Колдогу газеталык практикада жаңылыктар менен пикирлерди билдирүүнүн карым-катнашынын ортосунда кескин чек жүргүзүү кабыл алынган. Хроникалык кабарлар пикирлерди камтыбоого же кандайдыр бир тенденциялуулугу менен айырмаланбоого тийиш. Бул эреже атайын макалалар деп аталгандарга таралбайт, алардын мүнөзүнүн өзү жана алдына коюлган кол авторго өзүмдүк таржымалоого укукту камсыз кылат». Ушул эле талап Телерадиоберүүчүлөрдүн партиясында да биринчи пункта турат: «Фактылар тууралуу кабарлар, комментарийлер жана болжолдоолор ортосунда аларды тенештирүүдөн качуу үчүн так айырмаларды жүргүзүү». Объективдүүлүк көйгөйүн иликтешкен көпчүлүк адистер ушул эреже катаал сакталышы керектигине макул болушат. Ошентип, акыркы кезде объективдүүлүк теориясы бейтарап сыпаттоонун чегинен кыйла алыс чыккан окуяларды талдоочулук чагылтууга жол бере баштаганы ачыкайкын. Башкача айтканда журналистикага субъективдүүлүк жулунуп кирүүдө.

Америкалык ЖМК изилдөөчү Дж.Мэррилл журналисттик объективдүүлүк мүмкүн эместигин айтат: «Келгиле, «объективдүү» макаланы карап көрөбүз. Бул, балким, калыс, бейтарап, предметти билүү менен жана каталарсыз жазылган материал болот. Ушундай болобу? Объективдүү макала турмуш чындыгына толук туура келет жана чындыкты, бир гана чындыкты берет да, чындыктан башка эч нерсени чагылтпайт. Бул мүмкүнбү? Бир дагы журналист чындыкты билбейт, бир дагы материал турмуш чындыгына так дал келбейт же, семантика боюнча белгилүү адис Хайакава айткандай, «карта – бул али территория эмес». Башкача айтканда, журналист жазган макала сөздөр менен айтылганга караганда дайыма көптү туюнтат». Ырас эле, бардык журналисттер өз объективдүүлүгүндө тилдин жеткилең эместиги менен чектелгенинен сырткары, алардын чыгармачылыгына тажрыйбасы, физикалык абалы, билими ж.б. көп факторлор таасир кылышат. Анан калса, журналист өзү материалдын темасын тандагандыктан, фактыларды ылгагандыктан, аларды өз көз карашы менен карагандыктан да субъективдүү болот эмеспи?!

Дж.Мэрриллге шилтеме кылууну улантып, төмөнкү ырастоого макул болууга туура келет: «Иштин чыныгы абалы момундай, ар бир журналист, комментатор же баяндамачы материал менен иштөөдө фактыларды жөн гана сыпаттоодон кыйла алыс кетет. Журналисттер объективдүү боло алышпайт, алар муну каалашса да. Алар субъективдүүлүктүн табигый тузагына илинишет. Алардын индивидуалдуулугу материалда сөзсүз чагылат. Алар, мисалы, материалдын кайсы бөлүгүн кыскартууну, кайсынысын калтырууну чечишет. Алар эмнеге көңүл бурдуртуу, эмнени жумшартуу, кайсы цитаталарды колдонуу, кайсынысын жөн коюу, эмнени кайра фразалоо, кайсы жерде тике кепти колдонуу тууралуу чечим кабылдашат. Мындай журналистика объективдүү деп атала албастыгына карабай, мында айыптай турган эч нерсе жок».

Ошентип, көрүп турганыбыздай, журналисттик этиканын бардык кодекстеринде башкысы болуп саналган объективдүүлүк талабы иш жүзүндө дегеле аткарылгыс нерсе, анткени журналист – бул, баарыдан мурда, инсан. Эгер кеңири ой жорусак, анда субъективдүүлүк – бул ар бир адамдын маңызын чагылткан негизги түшүнүк. Бирок, Э.Деннис «биз кээде объективдүүлүк – бул болгону маалыматты берүүнүн усулу менен стили

экенин унутуп коёбуз» дейт. Ал объективдүүлүктүн усул катары үч башкы мүнөздөмөсү бардыгын белгилейт: биринчиден, фактыны пикирден ажыратуу керек (бул Хартияда жана Канондордо жазылган); экинчиден, окуяларды эмоционалдык жактан окчун туруп чагылтуу зарыл; үчүнчүдөн, эки тарапка тең өз көз карашын айтууга мүмкүндүк берүүчү тактык менен тең салмактуулукка умтулуу болууга тийиш, бул аудиторияга көбүрөөк толук маалымат алууга жол ачат.

Башкача айтканда, журналисттин субъективдүүлүгү – бул калемгердин ынанымдарынын, дүйнөкөрү-мүнүн, турумунун (позициясынын) натыйжасы.

Социалдык психологияда инсандын туруму дегеле «коомго, башка адамдарга жана өзүнө карата мамилелердин туруктуу, ичтен андашылган системасы, ал анын баалуулуктук системасы менен табигый байланышкан жана анын элементтеринин бири болуп саналат. Турум – бул түзүмдүк-инсандык түзүлүш, ал инсан менен коомдун өз ара мамилелеринин мүнөзүн чагылтат, инсандын социалдык активдүүлүгүн жана анын коомдук маанилүү максаттарга багытталгандыгын аныктайт» деп түшүнүлөт.

Адам психологиясын, субъективдүүлүк психологиясын иликтешкен изилдөөчүлөр турумду «инсандын көбүрөөк бүтүндүктүү түзүлүшү» катары мүнөздөшөт, бирок ошол эле кезде «башкалар менен мамилелерде бир турумду түбөлүк ээлөө мүмкүн эмес. Жашоонун ар бир чекитинде эркин жана өз алдынча тандоо зарылдыгы, башкалардын жана өзүнүн алдында өз аракеттери үчүн өзүнө жоопкерчиликти алуу түйшүгү улам кайра туула берет. Адам ар жолу өзүн инсан катары бекемдөөгө тийиш, ал өзүмдүк турумун тандоого жана коргоого тийиш».

Жогоруда айтылгандар бир дагы журналист өз ишмердүүлүгүндө субъективдүүлүктөн оолак боло албай тургандыгын, мунун себеби анын инсан катары өз турумуна ээ экендигинде жатарын айгинелеп турат. Мына ушул кубулуш азыркы кыргыз тилдүү журналистикада да орун алып келет. Сөзүбүздү мисалдар менен бекемдей кетелик.

Кийинки убактарда «Алиби» газетасында Адилет Айтикеев аттуу журналист пайда болду. Ал өз макалалары менен окурмандар журтун кызыктырып, газетанын окумдуулугун арттырып, кыргыз тилдүү басма сөздүн өнүгүшүнө салым кошууда. Калың элдин анын макалаларын кызыгуу менен окуп жатышкандыктарынын негизги себеби ал өз жүзүнө, өз турумуна ээ толук калыптанган инсан экендиги. Ал коомдо болуп жаткан окуяларга өз көз карашын билдирет. Мисал келтирсек, А.Айтикеев премьер-министр Өмүрбек Бабановдун Россияга иш сапарын мындайча сыпаттайт: «Өмүрбек Бабанов Орусияга барып келди. Анын сапарында адатган тыш, же болбосо күтүүсүз нерсе деле болгон жок. Жөн эле барып, Дмитрий Медведев деген коллегасы менен кол алышып, сүрөткө түшүп келди. Өкмөттүн маалымат кызматы болсо, аны тарыхый эрдикке тете баяндаган жасалма маалыматтарын жөнөтүп жатат. «Орус менен дос болсоң, айбалтаңды ала жүр» - деп илгери акылман аталарыбыз туура айтыптыр. Бир ирет барганда «түбөлүк доспуз» деп күлүп жалпаңдаган немелер кийин кайра карызын доолап, өзү араң жүргөн Бабановдун айласын кетиришиптир». Бул жерде А.Айтикеев шексиз өз көз карашын билдирүүдө. Демек, анда объективдүүлүк жок десек болот. Мында газетанын башкы редактору Бабырбек Жээнбековдун премьер-министрге карата антипатиясы да роль ойногонун боолголой алабыз. Биздин бул боолгообуз да объективдүүлүктөн оолак.

Башка бир кыргыз тилдүү басылмада, «Фабула» гезитинде Баратбай Аракеев аттуу журналист бар. Бул инсандын макалалары да кыргыз окурмандарын кайдыгер калтырбайт. Бирок, калыстык үчүн айта кетчү нерсе, ал дагы субъективдүүлүктөн куру эмес. Мисал катары анын жогорку эле окуя тууралуу жазганынан үзүндү алып көрөлүк: «...үч-төрт күн мурун премьер-министр Өмүрбек Бабанов Россиянын премьер-министри Дмитрий Медведев менен жолугушканда ал «жолугушуунун башында эле айтып коёюн, маселени бизге болгон 500 млн доллардан баштайлы» деген турбайбы. Бабановдун жүрөгү түшүп калды дечи, анан премьерибиз коркуп жатса, бизде кайдагы жан калсын». Байкалып тургандай, Б.Аракеев да өз көз карашын билдирип жатат. Демек, ал да объективдүү боло албады.

Ал эми иштин жөнү кандай эле? Кыргыз премьер-министри Ө.Бабанов орус премьер-министри Д.Медведев менен жолугушканда жаңы келишимдерди түзүүдөн мурун Кыргызстан Россияга болгон карызын төлөөсү керектиги айтылды. Бул кудуреттүү өлкөнүн өкмөт башчысынын алсыз мамлекетке карата кысым кылуусу болчу. Сөздүн жөнү, ачыгы ушул. Мына ушул окуяны эки журналист эки башка карап жатат. Демек, бир да журналист кынтыксыз объективдүүлүккө жетише албайт.

Ошентип, тыянактай турган болсок, журналистиканын объективдүүлүгү-субъективдүүлүгү көйгөйү алигиче ачык бойдон турат жана карама-каршылыктуу пикирлерди жаратат. Антсе да, төмөнкүдөй тыянактарга келүүгө болот.

Түпкүлүгүндө журналистикада, ар кандай эле башка чыгармачылыктагыдай, объективдүүлүк деген болбойт. Чыныгы публицист – бул, баарыдан мурда, өз көз караштарына, ынанымдарына жана турмуштук турумуна ээ инсан. Ошондуктан этикалык кодекстерге жазылып коюлган журналисттерге жана алар жараткан тексттерге коюлган талаптар тууралуу идеалдашкан түшүнүктөр чындыгында аткарылгыс. Журналистикадагы объективдүүлүк кабарчынын ««ким? эмне? кайда? эмне үчүн? качан? кандайча?» деген башкы суроолоруна жооптор берилген чыгармачылык принциби катары жашай алат.

Бирок, комментатордун ролу жана комментарий жанры жөн гана фактыны констатациялап коюудан кыйла чоң нерсени болжойт. Ошондуктан, «жазылып коюлган» объективдүүлүккө умтулган журналист кур дегенде тексте фактыларды жана аларга жасалган талдоолорду ажырымдоосу керек. Ошондо окурман фактылар боюнча өз пикирин жарата жана аны публицисттин пикири менен салыштыра алат. Анткен менен ушундай болгондо да аудитория окуялардын толук сыпатын түзө алат деп айтууга болбойт, анткени фактыларды турмуштун өзү эмес, журналист берип жатпайбы?!

Адабияттар

1. Беседы о масс-медиа. -М.,1997.

2. Богомолова Н.Н. Социальная психология печати, радио и телевидения. -М., 1991.

3. Лавреневская А. С. Объективное и субъективное в очерке (к теории жанра).

4. Рощин С. К. Психология и журналистика. -М.. 1989.

5. Хартия телерадиовещателей // Телевидение и радио. – 1998.- 6 мая.

6. Четыре теории прессы. -М., 1998.

7. Айтикеев А. Өкмөт менен парламент жөнүндө эки ооз сөз // Алиби, 27-июль, 2012-жыл.

8. Аракеев Б. Акаев менен Бакиев алып кеткенди мен төлөйүнбү?! // Фабула, 27-июль, 2012-жыл.

Зулейха Сагафи Занджани,
БГУ им. К.Карасаева

ЛЮБОВЬ И ТОЛЕРАНТНОСТЬ – ВЕЧНЫЕ КАЧЕСТВА, КОТОРЫМ УЧИТ МОУЛАНА

О Боже, милость Твоя — нужды исполнитель[1].

Если вольешь океан ты в кувшин,
то сколько вместит он? Долю однодневную.
(Дафтар I, бейт 20)

Несомненно, самые лучшие и прекрасные слова о любви в истории персидской поэзии были высказаны шейхом Саади Ширази. Однако нужно признать, что именно Моулави высказал самые высокие и восторженные мысли о любви. Никто подобно ему не смог передать в таком совершенстве и единстве посыли алхимию любви. Определенно, причиной тому служит оригинальность (самобытность), которую он придает любви и наполняет ею весь мир. Принцип, который, несмотря на его тесную связь со всем бытием, связан не с чем иным, как с волей Всевышнего.Поэтому, любовь нельзя ограничить никакой религией.

Община любви [к Богу] вне всех религий,
Для влюбленных община и религиозный толк – Бог.
(Дафтар II. бейт 174)

Основой мистицизма, в особенности иранского, служит любовь к Богу, которая необходима для того, чтобы сблизиться с Ним и прикоснуться к источнику вселенского моря.В связи с этим, во всех произведениях по суфизму любви уделены наиболее важные главы.В творчестве Моулави любви уделено особое внимание. Все его произведения пропитаны светом любви к Блистательному Богу. Он является «искусным пловцом в море любви, который смог преподнести драгоценные жемчужины их ценителям». Джалал ад-Дин Мухаммад Моулави – великий учитель мистицизма и суфизма. Действительно, все его произведения посвящены раскрытию истин суфизма и толкованию коранических аятов и хадисов Пророка. Во всех своих произведениях он преследует одну цель – раскрыть глубокий смысл человеческих истин и достичь идеала совершенного человека. Моулави является не просто суфием, он не придерживается народного суфизма, а обладает открытым и возвышенным взглядом. Его верная и всепоглощающая любовь и общение с народом на их же языке есть проявление его терпимости и толерантности, которое заставило всех людей считать его своим и питать к нему безграничную любовь. «Вся его жизнь была подлинным образцом гуманизма. В своих стихах он отчетливо показывает различные психологические состояния человека. Его идеи берут начало не из эгоизма и самовлюбленности, а из глубокой и полноценной любви. Его любовь распространяется на всех людей и все сущее». Его учение приводит человечество к развитию и вечности. Лишить человека любви, значит, лишить его жизни.

Все мы влюблены и несем в себе божественное проявление. Но мы забыли об этом, поскольку отдалились от своей сущности. Самопожертвенность подобная самопожертвенности Моулави должна пробудить нас ото сна незнания и забвения. Моулави может служить для нас образцом на пути самосовершенствования, поскольку он сам прошел этот путь.

Итог моей жизни заключен лишь в трех словах.
Я был сырым, созрел и вот сгорел.
(Моулави. Диван Шамса Тебризи)

Его мысли могут сильно повлиять на жизнь каждого человека и привести его к совершенству. Сам Моулана на пути достижения совершенства посредством раскрытия истин и созерцания постиг тайны, к разгадке которых современное человечество пришло через различные науки, путем многочисленных проб и ошибок. Недавно по одному из телевизионных каналов передавали программу о том, что вода тоже может «чувствовать». В то время как Моулави восемь веков назад высказал подобные мысли в рассказе о поверенном Садр-и Джахана. Во многих своих произведениях Моулана, ссылаясь на Коран, считает все части Вселенной воплощением Всевышнего. Его целью в вышеупомянутом рассказе является показать то, что любовь – это проявление мудрости и воли Всевышнего, и все живое пользуется этим благом. В этом прекрасном рассказе Моулави показывает то, как он сам изменяется и совершенствуется:

Умер – перестал быть камнем и стал растением,
Умер – перестал быть растением и перебрался в животное.

Умер – перестал быть животным и стал человеком.
Так чего мне бояться? Разве я из-за умирания уменьшился?

Еще один раз умру – из тварного (животного) человека [воскресну],
Чтобы в обличье ангельском – и крыла и главу вознести.

И из [естества] ангела нужно будет мне выскочить, [точно] из ручья,
«Всякая вещь гибнет, кроме Его лика[2]».
(Дафтар III, бейты 3901-3904)

Убежденность в подобное изменение и поворот для того, чтобы приблизиться ко Всевышнему дарит радость человеку и вселяет в него надежду самому прийти к этому поворотному моменту в жизни и приложить для этого все усилия. Даже если это старание не приведет к скорейшему результату, человек сможет получить расположение Всевышнего.

Любит Друг такое смятение —
усилие напрасное лучше сонливости.
(Дафтар I. бейт 1819)

Он также считает любовь квинтэссенцией и основой шариата. Любовь для него способ очищения и укрепления сердца, самое эффективное средство для очищения души и человеческой сущности.В действительности, любовь с точки зрения Моулави является проявлением нравственной чистоты.

Всякий, чья одежда от любви разорвалась,
он от жадности и изъяна полностью очистился.
(Дафтар I. бейт 22)

Путь к Аллаху является целью человека в жизни, и именно любовь заставляет человека двигаться и развиваться на этом пути. Моулана считает, что любовь невозможно описать. Любовь излечивает все болезни.

Здравствуй, о любовь, обмен приятный наш,
ты — врачеватель всех недугов наших.
Ты — лекарство от спеси и чести /тщеславия/ нашей,
ты — Ифлатун [= Платон] и Джалинус [= Гален] наш.
(Дафтар I. бейты 23-24)

Мир опустеет без любви,наделенной теплом и движением:

Если бы не было любви, разве было бы бытие?
Разве пришел бы к тебе хлеб и разве стал бы с тобой?

Отчего стал хлеб тобой? Из-за любви и голода.
А иначе разве был бы хлебу открыт путь к душе?
(Дафтар V. бейты 2012-2013)

Несмотря на то, что под любовью Моулана подразумевает любовь к Богу и бытию, а любовь к человеку – это лишь метафора.

Исключительное внимание Бога устремлено именно любви к человеку, которая является отражением божественной любви, ведущей нас по ту сторону бытия и открывающей нам истину.

Это любовь ко всему сущему. Именно этот всепоглощающий взгляд на любовь ко всем явлениям, происходящим в этом мире, зародили в нем подобное толерантное и наполненное любви отношение ко всему сущему. Действительность того, что все движется на пути к постижению Бога, но по разным причинам не может его постичь, является темой многих его рассказов.

Ему нет подобных в терпимости и толерантности, искренности и миролюбивости. Именно поэтому он с одинаковым уважением относился ко всем религиям и считал недопустимым проявление фанатизма, который является своего рода принадлежностью к чему-либо.

Крепкая хватка и рвение – это незрелость,
Пока ты зародыш, [твое] дело – питаться кровью.
(Дафтар III, бейт 1297)

Двойственность между атеистом и мусульманином, зороастрийцем и христианином считал препятствием на пути достижения единства и сплоченности человечества. Обладая качеством терпимости, которую ярко дополняла его чрезвычайная скромность, Моулана, наряду с мусульманами, был любим всеми, в том числе христианами города Коньи.

«Широта взглядов Моуланы никоим образом не ограничивала суфизм. Он считал этот мир большой суффийской ханакой[3], шейхом[4] которой является Всевышний, который сам же является и прислуживающим в этой ханаке. Это восприятие мира в качестве ханаки требует от служащего времени, т.е. Моуланы, смотреть с любовью и теплотой на всех гостей, приходящих в эту ханаку и живущих в ней. Он не разделяет их по каким-либо признакам, и служит всем с добротой и великодушием.

Поскольку все жители ханаки преследовали единую цель, и их сердца и взоры были направлены в стороны Кыблы, он обязывал их не допускать косноязычия и избегать раздора между зороастрийцем и мусульманином, иудеем и христианином, христианином и зороастрийцем. Это восприятие мира как суфийской ханаки может быть конечной целью и высокой мечтойвсего мира, всех последующих поколений людей».

Моулана может служить выдающимся примером гуманизма. Люди, живущие в наше время, которые из-за утраты своих исторических и духовных корней, впали в самозабвение и страшнее всего, забыли Бога, не только не идут в ногу со временем, но и забыли о поиске своих истоков. То, что необходимо нашему миру, в особенности, молодому поколению, которому предстоит строить будущее, - это любовь к вечному источнику бытия, духовное совершенствование, сопереживание и единство. И что может быть лучше, чем его поэма «Маснави», которая пропитана духом Корана и хадисов, и посланием которой является любовь к Богу и единству.

Наша поэма маснави – лавка единства,
Все то, что кроме единства, есть идол.
Эта речь – лестница в небо.
Все, кто идет по ней, поднимается на крышу.
(Дафтар VI, бейт 1528)

История полна именами и подвигами правителей и выдающихся людей, однако сегодня по прошествии веков во всех человеческих обществах люди по-прежнему чтят имя и память Моулави. Это говорит о том, что люди во все времена с уважением и признательностью относились к тем, кто сделал свою жизнь образцом гуманности, мира и толерантности.

Моулави является самой яркой и неугасаемой звездой на небосклоне персидской культуры и литературы. Тот факт, что турки считают его своим, а иранцы называют его выходцем из Балха, говорит об их недальновидности, что противоречит его учению. Моулави является и румийцем, и выходцем из Балха, и иранцем и т.д. Но важнее всего то, что он является мировой личностью, которая, как он сам выразился, никаким образом не была привязана к этому материальному и бренному миру.

Ах, как бесцветен и безвестен я!
Когда бы увидеть себя таким, каков я есть?!
(Моулави.Диван Шамса Теберзи)

Литература

1. РУМИ, ДЖАЛАЛ АД-ДИН, МУХАММАД. МАСНАВИ-ЙИ МА`НАВИ («Поэма о скрытом смысле»). Первый дафтар (байты 1–4003) / Пер. с перс. О. Ф. Акимушкина.

Ю.А. Иоаннесяна, Б. В. Норика, А. А. Хисматулина, О. М. Ястребовой. — СПб.: «Петербургское Востоковедение», 2007.

2. РУМИ, ДЖАЛАЛ АД-ДИН, МУХАММАД. МАСНАВИ-ЙИ МА'НАВИ («Поэма о скрытом смысле»): Дафтар 2 (байты 1–3810) — Пер. с перс. М.-Н. О. Османова. — СПб.: «Петербургское Вос- токоведение», 2009.

3. РУМИ ДЖАЛАЛ АД-ДИН МУХАММАД. МАСНАВИЙИ МА'НАВИ («Поэма о скрытом смысле»). Третий дафтар (байты 1—4810) / Пер. с перс., примеч. и указ. О. М. Ястребовой. — СПб.: «Петербургское Востоко- ведение», 2010.

4. РУМИ ДЖАЛАЛ АД-ДИН МУХАММАД. МАСНАВИ-ЙИ МА'НАВИ («Поэма о скрытом смысле»). Четвертый дафтар (бейты 1—3855) / Пер. с перс. Л. Г. Лахути, Н. И. Пригариной, М. А. Русанова, Н. Ю. Чалисовой. — СПб.: «Петербургское Востоковедение», 2010.

5. РУМИ, ДЖАЛАЛ АД-ДИН, МУХАММАД. МАСНАВИ-ЙИ МА'НАВИ («Поэма о скрытом смысле»). Пятый дафтар (байты 1–4238) / Пер. с перс. О. М. Ястребовой. — СПб.: «Петербургское Востоковедение», 2011.

Өзлем Өздуман, *К.Карасаев атындагы БГУ*

АЛЫКУЛ ОСМОНОВ – ЧЕБЕР КОТОРМОЧУ

Кыргыз элинин улуу акыны Алыкул Осмонов өтө кыска өмүр сүрсө да, кыргыз совет адабиятын, асыресе поэзиясын профессионалдык даражага көтөрүшкөн, жаңы сапаттагы улттук көркөм сөз казынасына салмактуу үлүш кошкон калемгер. Анын чыгармачылык мурасы көп сандаган ырлар менен поэмалардан, котормолордон, пъесалардан турат. Бирок ал мурастын чордондуу жери – оригиналдуу поэтикалык чыгырмалар.

Осмоновдун ысмы улуттук китепкөйлөрдүн аң-сезиминен ардактуу орун ээлеген. Анын мыкты ырлары, поэмалары, поэтикалык котормолору басылып чыгып, окуу китептеринде, хрестоматияларга киргизилип, айрым оригиналдуу жана котормо пъесалары театрлаштырылган. Айтор, Алыкулдун ысмы бүткүл түрк дүйнөсүнүндөгү адабий чөйрөгө, асыресе улуттук адабияттардын тарыхый-теориялык маселелерин изилдеп жүргөн адистерге, акын-жазуучуларга, ыр ышкыбоздоруна тааныш. Кыргыз элинин поэзиясына согуштан кийин, элүүнчү-алтымышынчы жылдары келгендерден баштап азыркы күнгө чейин айтылуу акындан тике же кыйыр таасир албагандар, анын көркөм тахрыйбасынан азыктанбагандар жокко эсе. Анын адабий мурасы акындык кесипке талаптангандар үчүн өнөгөлүү таалим-тарбия мектеби катары кызмат өтөөдө.

Ошентип, А.Осмонов уюткулуу турмуш акыйкаттарын керт башы менен ачып, өзүмдүк руханий тажрыйбасын, дүйнөгө жана өмүргө байланыштуу жекече көз караштарын, чыгармачылыкка карата менчик мамилесин иштеп чыккан. Деги ал өз бетинче ойлоно билгенге, дүйнөнү өзүнчө түшүнгөнгө, оригиналдуу чыгармачылык почеркке ар кыл духовный кыйынчылыктарды аралап өтүп араң жеткен.

Алыкул Осмонов эр жетип, чыгармачылыктын татаал изденүү жолунда «Жолборс терисин жамынган баатыр» дастанын которууга жетишет. 1937-жылы Ш.Руставелинин «Жолборс терисин жамынган баатыр» дастанынын жаралышына 750 жыл болгон. Бул чоң майрамга кыргыз жазуучулары поэмадан үзүндүлөрдү которушат. Алыкул Осмонов Шота менен ошол кезде таанышат: улуу акындын өмүрү, дастаны аны кызыктырат[1].

Алыкул мурдатан окуп, ичинен жактырып, а тургай айрым ыр саптарын которуп жүргөн Шотанын сүйүү дастаны «Жолборс терисин кийген баатырды» кыргызча жазууну чечти. Грузин элинин улуу акыны Шота Руставели бир кызга ашык болгондо дастанды жазбады беле! Ал сүйүү жөнүндө баян эмеспи. Ичиндеги букту, сүйүү өртүн Шота нечен кылым мурда эле айтып койгон сыяктуу.

Акын эки жыл бою баш көтөрбөй, Шотанын дастанын жыйырма төрт жашында которду. Айрыкча Малеевкада акын күнү-түнү тирмийип отурган. Жолдошторунун айтуусуна караганда, Алыкул ыр деген төгүлүп турганын, жазууруга араң эле үлгүргөнүн айтыптыр. Жана да дастанды кийин аз оңдодум деген экен. Чынында эле ошондой[2].

Шота Руставелинин «Жолборс терисин кийген баатыр» дастанына Алыкул Осмонов айта албай жүргөн сүйүү, өмүр, тагдыр, өлүм, жөнүндөгү ойлорун, монологдорун поэмага киргизип, бир айтып салган окшойт. Мына, ошондон кийин акын баягы ичти тепкен бугунан, оор кайгысынан, сүйүү мунунан аз да болсо жеңилдене түшкөн көрүнбөйбү!

Алыкул оор тагдырын, турмуштун башка түшүргөн кыйынчылыгын жеңди. Мындай өзүн жеңген эрдик жөнүндө канча акылмандын нуска сөздөрү бар. Байыркы Чыгыштын акылмандары ырдагандай, адам барган сайын көзү жетип, турмушту түшүнүп, ага карата анын жан-аракети, акылман дагы болуусу керек. Акынды утушу бул: Баштан өткөн турмуш кайра ыр болуп, акынга айланып, көпөлөк болуп келет эмеспи!

А.Осмоновдун котормосунда «Жолборс терисин жамынган баатыр» 1940-жылы латын тамгасы менен чыккан. Китеп бар болгону анда 1090 нуска менен басылган. Поэманын эң бөтөнчөлүгү, афоризм байлыгын сактоого тырышкан[3].

Кыргыз адабиятында «Жолборс терисин кийген баатырдын чыгышы» өтө чоң жаңылык болду. Окурмандын колунан түшпөгөн китебине айланган. «Бир жылдан соң айылдан Тариэл, Автандил, Тинатин, Даражан деген жаңы туулган балдардын, кыздардын атын уга баштадым. Демек китеп кыргыз элине жетип жана аябай жаккандыгы билинет – деп жазган А.Осмонов «Жазуучулук баянымда»[4].

«Жолборс терисин кийген баатыр» кыргыз элинин жүрөгүнү түнөк тапты. Дастандагы грузин каармандарынын аттары кыргыз элинин уул-кыздарына коюлуп кетти.

Кырк жылдан бери дастан бир канча миң нуска менен беш жолу басылды. Ал эми кыргыз жазуучу, акындарынын китептеринин ичинен мынчалык көп

ирээт басылып, эл арасына тез таралып, сүйүктүүболуп кетиши өтө аз эле болсо керек.

Алыкул айтылуу котормосун 1938-жылы май айында баштап, 1939-жылдын апрелинде бүтүрсө, ошол эле жылдын 15-ноябрында латын арибинде терүүгө берилип, Казан шаарындагы Татполиграфта 23 басма табак көлөмүндө, 10 миң 90 нуска эсебинде, Кыргызмамбастын грифи менен китеп болуп чыккан. «Кыргызстан мамлекет басмасы» деп айланта жазылган жазуу, ичинде чыгып келаткан күн, тоолор жана алчактаган ат минип турган ак калпакчан кишинин сүрөтү, сол жагы бадырайган буудай башы, оң жагы куш канаты иймекей тарта курчап турган айлампа текче үстүндөгү китеп мукабасы менен бир бүтүндүккө ширелишип, энтамгалык таасирге жетип турат.

Орусчасында:
Уж забыл я ликованье, арф и звонких лир бряцанье.
И свирели напеванье, той, чье имя нежно най.
Так в печали безответной вянет пламень розоцветной.
Но в сердечной мгле заветной молвил он «не унывай».

Котормодо:

Конур үндүү арфа күүсүн сагындым,
Үнүн кошуп ыр ырдаган жарымдын.
Жаш тегүшкен ошол салкын түндөгү —
Жароокерлүү шерттеринин бардыгын;
Чыда жаным, болот канжар кессе да
Түбү келип сары алтын дейт – сабырдын.

Орусчасы менен кыргызчасынын ортосунда чоң айырма (расхождение) бар, бирок ошондой болсо да мааниси өзгөрбөй сакталат. Поэманын эң бөтөнчөлүгү, афоризм байлыгын сактоого да тырыштым. Ачык айтканда, көп жерлеринде маанисин алып туруп, өзүмчө кетип калган учурлар да бар. Мындан аркы котормочулар мындай кемчиликтерден арылуулары шексиз.

Ашкере чоң көлөмдүү грузин дастанын которуу бир чети эрдикке тете иш болсо, бир чети Алыкулдун акындык калеминин төшөлүшүнө кызмат кылган.

Адабияттар

1. Жусупов К. Ыр сабындагы өмүр. –Ф., 1980.
2. Казыбаев П. Алыкулдун ааламына саякат // Кутбилим. – 2010. - №4 - 5-февр.
3. Жигитов С. Акындын эки өмүрү. – Б.: Кыргызстан, 1998.
4. Шота Руставели. Жолборс терисин кийген баатыр: Поэма /Котор. А. Осмонов. Баш сөзүн жазган П. Казыбаев. – 7-бас. – Б.: Бийиктик, 2010.

М.Абдылдаева, БГУ

ГАЗЕТАЛЫК ПУБЛИЦИСТИКАНЫН ЖАНРЛАРЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Газетадагы тексттик публикациялар мазмуну жана формасы боюнча айырмаланышат. Публикациянын формасынын эң маанилүү элементтеринин бири – анын жанры. Журналисттик чыгарманын жанры деп анын мазмундук-тематикалык мүнөздөмөлөрүнүн, чагылтылып жаткан турмуш чындыгынын тибинин, композициясынын, стилистикасынын туруктуу бөтөнчөлүктөрүн түшүнүшөт. Жанрдын бул өзгөчөлүктөрү журналисттин эркине багынбайт, тескерисинче, өзүнүн публикациясы үчүн кайс бир жанрды тандап, ал ошол жанрдын бөтөнчөлүктөрү жана мүмкүнчүлүктөрү менен эсептешүүгө мажбур болот.

Жанрлар журналистикада гана жашабайт. Чыгармалардын мына ушундай туруктуу мазмундук фомаларына чыгармачылык ишмердиктин башка аймактарында да кайрылышат. Адабияттык жанрлар баарына белгилүү: прозада бул ангеме, новелла, повесть, роман, поэзияда – ыр, поэма, ода ж.б. Композиторлор өз чыгармалары үчүн музыкалык жанрларды – сонатаны, симфонияны, концертти, операны ж.б. тандашат. Илимпоздор да илимий чыгармалардын мезгил сыноосунан өткөн жанрларын – макаланы, баяндаманы, диссертацияны ж.б. колдонушат. Белгилүү бир жанрды тандоо чыгарманын авторуна материал топтоо, аны иштетүү, коюлган максатка жетүү жараянында көмөктөшөт.

Чыгармачылыктын ар бир тармагында жанрлар өз бөтөнчөлүгүнө ээ болот. Бул журналисттик чыгармаларга да – мезгилдүү басылмалардагы бардык бизге белгилүү типтердеги публикацияларга да тийиштүү. Баарынан мурда газеталык публицистиканын жанрларына.

Ал же бул жанрдын пайда болуусу, анын өнүгүүсү, барына мурун, ага болгон керектөө менен түшүндүрүлөт. Алгачкы газеталар менен журналдардын көз жарышы көбүрөөк өнүккөн европалык өлкөлөрдө түптөлгөн белгилүү бир социалдык тайпалардын өкүлдөрүнүн маалыматтык суроо-талаптарынын жаралышы жана күч алышы менен түшүндүрүлгөндөй.

Азыр бизге белгилүү публицистиканын жанрлары качандыр бир кезде өз ишмердүүлүк жараянын андаштырууга аракеттенген журналисттердин бири тарабынан ойлонуп чыгарылган, иштелип чыккан деп ойлоо жарабайт. Чындыгында публицистиканын жанрларынын ар бири мезгилдүү басылмалардын окурмандарынын маалыматтык талаптарына реакция кылуунун натыйжасында жаралган. Журналисттик маалыматка талап белгилүү бир бөтөнчөлүктөрү менен айырмаланган журналисттик тексттерди сунуштоону туудурган. Эл аралык рыноктун пайда болуусу менен көпөстөр, соодагерлер жана ишкерлер ар кыл өлкөлөр менен шаарларда түркүн товарлардын өндүрүлүшү жана аларга болгон баалар, чет жерлик товарлар жүктөлгөн кемелердин портторго келүүсү, ар башка мамлекеттердин армияларынын кагылышуулары, башкаруучулардын алмашуулары ж.б.у.с. жөнүндө маалыматка муктаждыкты баштан кечиришкен. Газеталардын басып чыгаруучулары өздөрү жайгашкан өлкөлөрдө жүрүп жаткан эң маанилүү саясий жана

экономикалык окуялар тууралуу кыска билдирүүлөрдү жарыялоо менен бул керектөөнү канааттандырышкан. Кийин билдирүү (заметка) деп аталган жанр ушундайча жаралган. Европада протестанттар менен католиктердин кагылышуулары учурунда саясий бийликке умтулган буржуазиянын күчтөнүүсү менен анын идеологиялык куралга муктаждыгы жаралган, бул баракчалар жана плакаттар, анан газеталык публикациялар түрүндө таралган тексттердин пайда болушуна апкелген, кийин алар памфлет деп аталган. Публицистиканын бөлөк жанрлары да ушундайча көз жарышкан жана калыптанышкан.

Бул жараян биздин күндөрдө да уланып, жаңы жанрдык формалардын көз жарышына алып келүүдө.

Мезгилдүү басылмаларда публицистиканын жанрларын колдонуу эмне менен шартталган? Журналисттин газетада ал же бул жанрды тандоосуна эмне таасир кылат? Анын публикацияларынын жанрдык системасы объективдүү жана субъективдүү бир катар факторлордун таасири аркалуу калыптанат. Объективдүүлөргө басылманын тиби жана деңгээли, анын окурмандык аудиториясынын өзгөчөлүктөрү, номерлеринин жарыкка чыгуу мезгилдүүлүгү жана чыгармачыл жамааттын курамы киришет. Субъективдүүлөргө болсо журналисттин кесипкөйлүк деңгээли, анын чыгармачылык кызыкчылыктары, тексттин үстүнөн иштөө үчүн жүйөө: редакциялык тапшырма же изилдөө объектисин өз алдынча тандоо киришет. Анан ар бир жанрдын ролун жана бөтөнчөлүгүн түшүнүү да мааниге ээ.

Кесипкөй журналист публицистиканын жанрларынын басымдуу көпчүлүгүн билүүгө милдеттүү – өзгөчө чыгармачылык шык зарыл болгон кээ бирлеринен тышкары. Мисалы, чыныгы фельетон же памфлет жазуу үчүн журналистке сатиралык шык керек, - ар ким эле өзүн сатирик сезе албайт. Бирок иш жүзүндө журналисттердин көпчүлүгү өзүн публицистиканын бир канча эң популярдуу жанрларына кайрылуу менен чектейт, айрымдары болсо бир-эки жанрды колдонууга адистешип алат. Редакциянын чыгармачылк кызматкерлеринин кээ бир кызматтары алардын белгилүү бир чектелген жанрдык «палитраны» колдонуусун шарттаарын белгилейбиз. Алсак, газеталык баяндамачы адатта баяндамаларды, макалаларды жана комментарийлерди жарыялайт, репортер болсо ыкчам билдирүүлөрдүн, репортаждардын, отчеттордун жана интервьюлардын автору катары чыгат, –ал макалалар менен баяндамаларды жазбайт. Чоң редакцияда бир гана жанрда иштеген «тар адистер», – фельетонисттер, интервьюерлер жана керек болсо рецензенттер да болушат. Мисалы, көптөгөн жылдар бою «Жаштык жарчысы» («Асаба», «Агым», «Жаңы агым») газетасында Алым Токтомушев саясий-экономикалык өңүттө баяндамаларды жазып келген.

Ал же бул жанрдык форманы тандоо редакциялык пландын талаптары жана журналисттин чыгармачылык кызыкчылыктары менен гана эмес, анын бөтөнчөлүктөрү, белгилери менен да шартталат. Аларга төмөнкүлөр киришет: жанрдын арналышы, чагылдыруунун объектиси, предмети жана усулдары, тексттин көркөм сөз каражаттары, стилитикасы жана автордун ролу.

Албетте, жанрдын арналышы, кызматы чоң мааниге ээ. Билдирүүнүн арналышы – жаңылыкты, ыкчам маалыматты кабарлоо. Репортаждын арналышы – окуя тууралуу анын күбөсүнүн же катышуучусунун аңгемеси. Корреспонденцияны тандоо анын арналышы – конкреттүү кырдаалды талдоо формасы менен аныкталат. Автор алдына адамдын публицистикалык образын (элесин) түзүү милдетин койгондо ал очеркке кайрылат. Ал социалдык жаманчылыкка каршы чыккысы, адамдын мүнөзүнүн терс жактарын ачкысы келгенде фельетон жанрын тандайт. Журналист ар кыл жанрлардын максаттык арналышын билет же туюмунда сезет да, аларга чечип жаткан маселесине жараша кайрылат. Газетадагы анын чыгармасынын жанрын ката тандоо ага алынган тапшырманы ийгиликтүү аткарууга жолтоо болот. Ал, мисалы, кызыктуу адам менен жолугушуудан алган өз таасирин корреспонденцияда (кабарда) бере албайт, ага бул үчүн сүрөттөмө, этюд же керек болсо очерк жазууга туура келет.

Публицистиканын ар бир жанрынын өзүнчө чагылдыруу объектиси бар. Бул реалдуу турмуш чындыгынын тексттин автору изилдеп жаткан аймагы. Газеталык репортер өзү көргөндүн баарысы тууралуу – баатырдык жосун жана табият алааматы жөнүндө, репортаж жаза алат, анын чыгармаларынын тематикасы чектелбейт – ал күбө болгон окуяларга жараша кете берет. Баяндамачы өз талдоосунда жашоонун белгилүү бир аймагында (саясатта же экономикада) белгилүү бир мезгил ичинде болуп өткөн окуялардын панорамасын ачып берет. Рецензенттин чыгармаларындагы чагылдыруу объектиси – адабий турмуш же көркөм өнөрдүн башка тармагында эмне болуп жатса ошол.

Бирок журналист белгилүү бир жанрга кайрылганда чагылдыруу объектиси чагылдыруу предметинде конкреттешет. Маалыматтык билдирүү же кабар конкреттүү фактыга арналат. Репортаждын автору өз көңүлүн окуяларды, алардын өнүгүшүн көрсөтүүгө топтойт. Макалада белгилүү бир идея ачылат же актуалдуу көйгөй талданат. Интервьюерди ал интервью алып жаткан адамдын окуя же кырдаал тууралуу пикири кызыктырат. Очеркист болсо өз каарманынын мүнөзүн, конкреттүү турмуштук жагдайдагы анын аракеттерин түшүндүрүүчү психологиясынын маанилүү белгилерин ачууга умтулат.

Жанрлар өз стилистикасынын бөтөнчөлүктөрү менен да айырмаланышат. Билдирүү (кабар) өтө кыска жана жөнөкөй жазылат, анда ашыкча эч нерсе болбойт. Репортаждын стили бөлөкчө – анын автору ачык эпитеттерди, көркөмдүү салыштырууларды, майда-чүйдө деталдарды колдонот, анын аңгемеси динамикалуу жана эмоционалдуу. Макаланын стили үчүн иштиктүүлүк, ой жорууларга каныккандык, фактыларга таянуу мүнөздүү. Өз оюн ачып, автор окурманды өзү туура экенине ынандырууга умтулат, бул үчүн өз тыянактарын ырастоочу жүйөөлөрдү келтирет. Очерк жазууга киришип, журналист көңүлдү өз тили менен стилинин образдуулугуна (элестүүлүгүнө) бурат, анын тексти көп жагынан көркөм чыгармага чукулдап кетет, бирок андан башкысы документалдуулугу, ойдон чыгаруунун жоктугу менен айырмаланат. Ал эми фельетон үчүн сатиралык каражаттарды – иронгия менен мыскылды, гиперболаны, сарказмды жана гротескти активдүү колдонуу мүнөздүү.

Публицистиканын ар кыл жанрларынын стилистикасынын маанилүү бөтөнчөлүктөрүн эске албастан журналисттиик текст жаратуу кыйын. Албетте, макалада да ирониялуу салыштырууну же гиперболаны колдонууга, керек болсо билдирүүдө да белгилүү адабий образ тууралуу эстөөө болот, бирок бул жанрлар үчүн мындай стилистика мүнөздүү эмес. Ал эми репортер айтып жаткандын майда-чүйдө деталдарына кайрылбастан, окурмандын окуя ордунда болуу таасирин камсыздай жана чыныгы репортаж жарата албайт.

Публицистиканын ал же бул жанрына кайрылганда ар кыл көркөм сөз каражаттарынын ролу да абдан маанилүү. Анын тексттеринде фактыларды, түшүнүктөрдү жана элестерди колдонушат. Аларды имарат тургузулуучу кыштарга окшоштурууга болот. Публицистикада бул реалдуу фактынын чагылышын берүүчү журналисттик факт. Түшүнүк – белгилүү бир ой, идея, пикир ж.б.у.с. калып алуучу фактыны андап-түшүнүүнүн натыйжасы. Публицистикадагы образ (элес) – кайсы бир реалдуу объектини – буюмду, адамды, кырдаалды кысып чагылтуу, ал анын маанилүү белгилери жана өзгөчөлүктөрү жөнүндө тез түшүнүк алууга жол берет. Бул көркөм сөз каражаттары ар башка жанрларда ар кыл айкалыштарда пайдаланылат. Публицистика фактологиялуу, фактылар анын бардык жанрларынын негизин түзүшөт. Автор тандаган жанрдын бөтөнчөлүгү баарыдан мурун анын арналышы жана ар кыл көркөм сөз каражаттарынын колдонулушу менен аныкталат. Азыркы кыргыз публицистикасында кездешкен кейиштүү бир өзгөчөлүк – анда кээде фактологиялуулук көңүлдөн четте калат, көбүнчө имиштерге, ушак-айындарга басым жасалат. Болбосо жанрдык жактан анда адамзатка белгилүү публицистикалык жанрлардын баары эле колдонулат.

Адабияттар

1. Аграновский В. Вторая древнейшая. -М., 1999.
2. Горохов В.М. Основы журналистского мастерства. -М., 1984.
3. Гуревич С.М. Номер газеты. -М., 2002.
4. Дзялошинский И.М. Российский журналист в посттоталитарную эпоху. -М., 1996.
5. Журналисты XX века: Люди и судьбы. -М., 2003.
6. Ким Л.Н. Технология создания журналистского произведения.-СПб, 2001.
7. Лазутина Г.В. Основы творческой деятельности журналиста. -М., 2000.
8. Лукина М.М. Технология работы с интервью. -М., 2003.
9. Сагал Г. Двадцать пять интервью: Так работают журналисты. -М., 1974.
10. Теория и практика советской периодической печати / Под ред. В.Д. Пельта. -М., 1980.
11. Тертычный А.А. Аналитическая журналистика. -М., 1998.
12. Тертычный А.А. Расследовательская журналистика. -М., 2002.
13. Шостак М.И. Журналист и его произведение. -М., 1998.
14. Шостак М.И. Репортер: Профессионализм и этика. -М., 1999.
15. Шумилина Т.В. «Не могли бы вы рассказать...» -М., 1976.

Садыкбек кызы Жайна,
И.Арабаев атындагы КМУ

ТАШЫМ БАЙЖИЕВДИН ИЛИМИЙ-ЧЫГАРМАЧЫЛ ИНСАН КАТАРЫ КАЛЫПТАНЫШЫНА ТААСИРИН ТИЙГИЗГЕН ТУРМУШТУК, СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ, ТАРЫХЫЙ-МАДАНИЙ ФАКТОРЛОР

30-40-жылдардагы өзүнүн кесиптеш, курбалдаш замандаштарына салыштырмалуу караганда Ташым Байжиевдин маданий-интеллектуалдык, инсандык (личносттук) өнүгүшү жагынан, билимдүүлүгү, илимдүүлүгү, профессионалдык даярдыгы, эрудициясы, кругозору жагынан кыйла эле алдыга озуп, алдаганча бийик деңгээлге көтөрүлгөндүгүн фактылар айгинелеп турат. Эгер далилдерге өтсөк, төмөнкү мисалдарды келтирүүгө туура келет. Маселен, Т.Байжиев өзүнүн 1941-жылы «Советтик Кыргызстан» журналына жарыяланган «Түгөлбай Сыдыкбековдун «Темир» романы жөнүндө» аттуу адабий сын макаласында мындай деп жазган: Темир шер, баатыр деп гана эмес сөз менен анын баркын көрсөтпөстөн, анын психологиясынын бөтөнчөлүгүн көрсөтүү керек деген сөз. «Темир» романы бул айтылгандын тетиринче, тарыхый кишинин даяр түрүн, мундирчен турган кезин көрсөтөт. Муну далилдөө үчүн Калыбектин образын алып көрөлүк. Түгөлбай болсо, Калыбектин ички сезимин, анын психологиясын көрсөтө албайт. Колхоздун артыкчылыгын көрсөтөмүн деп, жандуу кишинин бир беткей гана кылып, анын параддык кийимчен турган учурун гана көрсөтүп отурат. Окуядагы жандуу кишини мындай кылып сүрөттөө барып турган формализмдин өзү болот.

(«Советтик Кыргызстан» 1941 жыл №5)

Келтирилген цитатадан улам эмнени айтмакчыбыз? Айтайын дегенибиз, бул жерде Т.Байжиевдин сынчы катары ошол өз мезгилинде эле «Темир» романынын негизги кемчилигин көрөгөчтүк менен туура көрсөткөн. Адабий сын жана адабият таануу илими ал кездерде жаңы гана туңгуч кадамдарын шилтеп жаткан. Ал учурда сынчылар чыгарманы эстетикалык-көркөм кубулуш катары талдоого караганда чыгармага саясий баа берүүгө, авторго саясий айып коюуга көбүрөөк ыктап турушчу. Бул жерде Ташым Байжиев «Темир» романын көркөмдүктүн закондору менен талдап, жазуучуунун башкы каармандын ички психологиясын ачканга караганда, «анын мундирчен, параддык кийимчен турган учурун» көрсөтүүгө көбүрөөк көңүл буруп, Темирди тышкы формалдуу мүнөздөөлөр менен алек болгондугун, демек, Темир жандуу адам, тирүү образ катары көрүнбөгөндүгүн басым коюп белгилеген. Кийин 60-жылдардын аягында адабий илим профессионалдык деңгээлге көтөрүлгөн учурда сынчы Камбаралы Бобулов «Темир» кемчилиги тууралуу төмөнкүчө жазып отурат: «Нельзя сказать, что образ Темира совсем неудачен. Пожалуй, автор стремится в некоторых эпизодах наделить героя живыми чертами. Главный недостаток Темира в том, что автор слишком старался выделить его

среди других и наделить необычайными качествами, Темир – стройный, красивый, сильный человек. Он без промаха стреляет, даже его необыкновенный конь ничего не боится. Однажды в горах Темир столкнулся один с целой группой басмачей и обратил их в бегство. О нем по всему району ходит молва как о легендарном герое, каждый встречный на него смотрит с восхищением, незнакомые люди останавливают его, от души благодарят, выражают свою признательность. В действительности же образ Темира, на котором держится все произведение, статичен, в нем нет внутренней подвижности (К.Бобулов. Пути развития реализма в киргизской прозе. – Фрунзе, «Мектеп», 1969, 55-бет). Бул жерде баса белгилей турган нерсе, мына ушинтип, адабий илим өзүнүн өнүккөн кезинде гана көзү жетип аныктаган адабий-тарыхый өксүктү, жазуучулук калемдин жаштыгынан чыккан кемчиликти Ташым Байжиевдин 40-жылдардын башталышында эле аныктап ачып койгондугунда. Бул факт эмнени көрсөтүп турат? Бул мисал, жогорудагы Ташым Байжиевдин өз мезгилинде адабий-профессионалдык даярдыгы жагынан, филологиялык илимдүүлүгү жагынан кыйла бийик даражага көтөрүлүп чыккандыгы жөнүндөгү биздин оюбуздун чындыгын күбөлөп берет. Т.Байжиевдин ушундай касиет - өзгөчөлүгүнөн улам педагогика илимдеринин доктору Абдыкерим Муратов: «Ал кишинин өмүрү «жарк» деп күйдү да, «жалп» деп өчтү. Улуу мухит-көктү бир жаркытып өткөн чагылгандай кыргыз жеринин талаа-түзүн, тоо айылдарын жарыгы менен шоолалантты да, анан келгис сапарга кете берди» - деп жазып отурат (А.Муратов. Канаты кайрылган шумкар. – «Мугалимдер газетасы», 23.04. 1989-жыл).

Ташым Байжиев, мисалы драма жазса да, башкалардан айырмаланып турган. Мисалы, сынчы, адабиятчы Советбек Байгазиев Т.Байжиевдин 1944-жылы «Советтик Кыргызстан» журналына жарыяланган «Жигиттер» көп көшөгөлүү драмасынын бөтөнчөлүгү тууралуу минтип жазат: «Жигиттер» (1944) драмасы сыртынан караганда негизги фабуласы, сюжеттик фактурасы жагынан мурдагы согуш жөнүндөгү пьесалардан эч айырмасы жок өндүү. Мында деле согуштук оор тапшырма алуу, эрдик менен «тил» кармоо, фашисттер менен жан аябай кармашып, арттагы армияга жол ачуу, туткунга түшүү, немистердин кыйнашы, анан туткундан айлакердик менен кутулуп чыгып, өз бөлүгүнө кошулуп, жеңиштүү жолун улоо. Бирок «Жигиттер» мурдагы көнүмүш сюжеттик сызыктарды кайталагансыганы менен анын сүрөттөө манерасы бөлөкчө. Автор тигил же булл окуяны, сюжеттик бурулушту сүрөттөштөн мурда адамдардын ички көнүл абалына ой буруп, болуп өтө турган окуяны, аракетти психологиялык жактан мотивировкалоого, келерки сценада өбөлгө даярдоого далалат жасайт. «Жигиттер» пьесасы реалисттик манерада жазылган кыргыз драматургиясынын көрүнүктүү чыгармасы» (С.Байгазиев. XX кылымдагы кыргыз драматургиясынын тарыхы. – Бишкек, «Элес», 2002, 132-бет). Советбек Байгазиев өзүнүн изилдөөсүндө мына ушинтип Ташым Байжиевдин 40-жылдарда драматург катары да деңгээлинин жогору көтөрүлгөндүгүн көрсөтүп отурат. Эгерде Т.Байжиевдин кесиптик, инсандык деңгээлинин өйдөлүгүн күбөлөгөн фактылар жөнүндөгү сөзүбүздү улантууну зарыл деп эсептесек, анда төмөнкү аргументтерди да келтирүү ылайык. Кезегинде Т.Байжиевдин колунан окуган студент-шакирттердин эскерүүлөрүнө назар буралы. 30-жылдардын аягында Жалал-Абад педучилищасында Т.Байжиевден сабак алган Камчыбеков Табылды минтип эскерет: «Ташым агайдын сүрү, өзүнө тыкан чымырлуу да жарашыктуу да, кишиге тике караганда ажарынын курчтугу, сөзүнүн таасирлүүлүгү орус, татар, өзбек улутундагы мугалимдердин ичинен зор кадыр-барктуулугу менен өзгөчөлөнүп тураар эле. Орус тили-адабиятынан сабак берип, студенттерге мамилеси жакын өтө сабаттуулугу менен өзгөчөлөнүп тураар эле. Ушундай ийгиликке жетишүүсү фантазиядай сезилет, а бирок чындык». (Табылды Камчыбеков. Мен Ташым агайдан окугам. Китепте: Ташым Байжиев. – Бишкек, «Учкун», 2003, 27-бет). Ал эми 40-жылдары фрунзедеги пединститута окушуп, Т.Байжиевдин лекцияларын уккан Жапар Саатов менен Мундук Мамыров төмөндөгүчө эскеришет: «Автору этих строк посчастливилось учиться у Ташым агая. В то время он преподавал нам теорию литературы во Фрунзенском пединституте. Запомнился он всем нам: невысокого роста, энергичный, смуглоликий. Помню, как раз и навсегда поразил он нас своей отличной русской речью, непривычными, свежими оборотами. Умением сразу выделить самую суть дела и просто и доходчиво объяснить любой вопрос. Помню, например, как он с усмешкой привел такие строки: «Волнуется Иссык-Куль, тихо плещутся волны: шлеп-шлеп...» – и спросил: «Есть ли здесь что-либо художественное?» В отличие от многих других преподавателей, никогда не перебивал собеседника, не выражал неудовольствия, если студент чего-то не понял. Напротив, запомнился он неизменно терпеливым, чутким. И не зря мы с таким нетерпением ждали его лекций» (Ж.Саатов. Годы массовых репрессий и их жертвы. – Советтик Кыргызстан, 23.05.1989).

«Кыркынчы жылдары кыргыздын көрүнүктүү филологдорунун ичинен тилчи-адабиятчыларынын бири Ташым Байжиев болгон. Пединститута адабият окутуунун методикасынан лекция окучу. Ташым Байжиев чарчы бойлуу, өңү-түсү келишкен сулуу адам болучу. Жөнөкөй эле сүйлөгөн курч сөздөрү келишкен сапатына жарашып, жылдыздуу адам экендигин айгинелеп тураар эле. Жашы отузду араң эле ашкан болуп толуп турган жигиттин гүлүндөй көрүнүп, кыз-келиндерди тамшанта суктантчу. Билими, даярдыгы жагынан ошол кездеги кыргыз филологиясынын биринчи кандидаттары Хусейн Карасаев менен Тазабек Саманчинден ашып түшпөсө, кем калышчу эмес. (М.Мамыров. Көрө албастыктын интриганын курмандыгына чалынган окумуштуу. – Кыргыз Туусу, 7.01.1995.).

Кыскасын айтканда, мисалдардан көрүнүп тургандай, Ташым Байжиев сын макала жазса да, драма жазса да, студенттерге мамиле жасаса да, лекция окуса да, анын илим-билиминин, маданиятынын, интеллектисинин жогорулугу айкын-ачык сезилип турат. Көп замандаштары ошол кездерде орус тилин жаңыдан гана өздөштүрүп жатса, Т.Байжиев орус классикасынан А.Островскийдин «Бесприданницасын», А.Треневдин «Любовь Яровоясын», А.Фурмановдун «Чапаевин» кыргызчага которуп отурат. Бир сөз менен жалпылап айтканда, Ташым Байжиев аркылуу алгач жолу Европалык тариздеги интелигент тарыхый сахнага чыгып келген.

Ушундан улам мыйзамдуу суроо туулат. Ташым Байжиев ушундай алдыңкы деңгээлге кантип жетишкен? Кечөө эле Ысык-Көлдүн башындагы Ак-Суу аймагындагы көчмөн айылда төрөлгөн бала, кандайча кыска мөөнөттө эле билимдүү интеллигентке айланып

калды? Т.Байжиевдин инсан жана алым катары «тездетилген өнүгүшүнө» (ускоренное развитие) кандай турмуштук, социологиялык, социалдык-саясий, адабий-маданий, тарыхый себептер таасирин тийгизген? Кандай факторлордун шарапаты менен ал ушундай өнүгүү секиригин жасай алды? Ушундай суроолорго жооп издеп табуу илимий изилдөөнүн биринчи милдеттеринен болушу керек деп эсептейбиз.

Өзлем Өздуман, БГУ

МЕХМЕТ АКИФ ЭРСОЙДУН «БУЛБУЛ» ЫРЫ

Мехмет Акифтин дагы бир мыкты ыры - «Булбул» ыры. «Булбул» - түрк элинин эле эмес бүтүндөй ислам дүйнөсүнүнү эң патриот акынынын тарабынан жазылган бир болуп саналат. Осмон Империясынын алгачкы борбору Бурса шаарын басып алган грек армиясынын командири Орхан Газинин көргөзгөн корктуктары, ур-токмогу өлкөнүн ар тарабына жайылат. Муну укkан Акиф кайгыга баткан өзү жашаган шаардын четиндеги токойго кирип, бир бактын түбүнө олтуруп алып, мандайындагы бактын башында сайрап жаткан булбулду көрүп ага мындай деп кайрылат:.

Эшин вар. ашиянын вар, бахарын вар ки беклердин
Кийаметлер копармак нейди эй бүлбүл недир дердин

Булбулдун ушундай элдин башына каран түн түшүп турганда сайрап жатканы туура эмес деп ойлойт.

Шу зүмрүд тахта бир семави салтанат курдун
Жиханан йурду чигнесе чигнемез сенин йурдун

Бүтүн дүйнөнү басылып алынса да булбулдун уясына эч ким кол сала албайт. Бул берекелүү жер империалист өлкөлөрдү кызыктырат, ал эми башка жерленге алар көңүл бурушпайт. Мехмет Акиф болсо алардан айырмаланып мекенине пайдасына карап эмес, анын киндик каны тамган жери болгонддугу үсүн жакшы көргөндүктөн империалситтерге абдан кыжыры кайнайт.

Бүгүн бир йемйешил вади йарын кыпкызыл бир гүшен
Гезерсин ханүманын шен ичин сен кайинаатын шен

Бүгүн да, эртен да ага (булбулга) эч ким зыян келтире албай турганына, анын сүйүктүүсүнө, жакындарына эч ким кордук көрсөтө албай тургандыгын айтат. Укмуштуудай бир сюжет курат, булбулдун эркин экендигине суктанат.

Хазансыз бир земин истерсе шаайет рухи сербазын
Уфуклар буд-и мутлаклар бүтүн махкум-и сербазын.

Жашаган жеринде өзүн жаман сезсе, каалаган жерине кете ала тургандыгын айтат. Бирок ошону менен бирге адамдарга тиешелүү болгон эң сонун нерсе **Мекенинин** жок экендигин да белгилеп өтөт.

Дейил бир кайд сыгмазсын канатландын мы эбада
Хаяттын эн мухаййел гайедир ахрара дүняада

Сенин мекенин басып ала турган жер эмес, каалаган убагында каалаган жерине кете аласын деп ага суктанат.

Тувут өйлейск матемлерле эййамын перишандыр
Ничин бу жамлажык гөгсүнде бир уммам хурушандыр.

Акын өзүнүн абалын түшүндүрүп бергенден кийин дагы булбул эч нерсе болбогондой сайрап жатканына таң калат, жини келет. Бул жерде сайрап ыйлай турган булбул эмес, акындын өзү экендигин белгилейт.

Хайыр матем сенин дейил беним беним хаккым
Асырлап вар ки айдынлык недир билмез афакым

Каначалаган жылдардан бери мекенинин согуш талаасына айлангандыгын, канча жылдан бери тынымсыз согушууга мажбур. Эгер дүйнө жүзүндө нааразычылык билдире турган бир гана адам болушу керек болсо, ал да колу-бутунан жипсиз байланган анын өзү болууга толук акылуу экендигин айтат. Соорото турган эч нерсе жок өз мекенимде бир селсаякмын дейт. Бүтүндөй түрк элинин соротоор адамы жок болуп турган учур. Бүтүндөй жашоосуна күз келип, бардык иштин бүткөндүгүн жана ата-бабаларынан калган мекенин коргой албай жат адамдарга тарттырып ийген элин тентиген селсаяктарга тенейт.

Не хүсрандыр ки шаркын бен вефасыз кансыз эвлады
Серапа гарба чигнеттим де чыктым хак-и эждады

Түрк элинин ата-бабасынан бери калган борбор шаары Бурса европалык каапырлардын колунда. Акын мунун бардыгына өзүн күнөөлөйт. Өзү менен бирге мекенди коргоону жашоодогу милдети катары санабаган бүтүндөй түрк элин күнөөлөйт.

Хаялимден гечеркен фикрим хержүмерж олду
Селаахаддин-и Эййуубиилерин Фатихлерин йурду.

Акыркы окуялардан кийин ал ата-бабаларынын элестетет жана түрк элинин тарыхында маанилүү роль ойногон аталарын эстейт, жана бул мекенинин алардан аманат болуп калгандыгын ойлоп, кайгыга чөгөт. Акиф бул аркылуу өз дооруна да, келечек муундарга мекен үчүн күрөшүүнүн эмне экендигин эң мыкты деңгээлде айтат.

Не зиллеттир ки накус инлесин бейнинде Османын
Эзан суссун фезалардан силинсин иад-ы Мевланын

Тарыхтын жана исламдын издери өчүрүлүп калды жана аталарынын каны менен алынган бул мекенди колубуздан чыгарып ийдик деп кайгыга батат.

Не хижрандыр ки эн шевкетли бир мази серап олсун
О кудретлер о сатверлер хараб олсун түраб олсун

Башка мамлекеттердин алдында тизесин бүгүп, баш ийүү дегеле түрк элинин тарыхында болгон эмес. Дүйнөнүн кайсыл жерине барса да көз карандысыздыгын, маданиятын жоготпогон Осмон мамлекетинин азыркы абалы аянычтуу.

Чөктүк бир куббе калсын мабединден йылдырым ханын
Шенаатлерле чигнесин муаззам кабри Орханын

Ата –бабалардан калган цививлизацияны, маданий мурастардын жок кылынышы, элдердин талап-тонолушун карап туруу бир патриот адам үчүн тозокко тете.

Не хайбеттир ки вахдетгахы динин деврилип таш таш
Сүрүнсүн шимди милйонларжа калн диндаш

Анатолья, Стамбул б.а. Осмон мамлекетинин бардык шаарлары ислам дүйнөсүнүнү борбору болуп саналат. Башкача айтканда осмон падышаларынын халиф болуусу ислам дүйнөсүн Осмон мамлекети менен байланыштырып турган. Акиф мына ушундай тарыхка ээ болгон түрк элинин душмандар тарабынан басылып алышын көрүп, чыдай албайт.

Долашсын сонра Исламын харемгахында намахрем
Беним хаккым, сус эй сенин хаккын дейил матем

Ислам динин ыйык жерлерине жат адамдардын кол салуусу менен бардыгы астым-үстүм болду. Демек мындай учурда кошок кошуп, ыйлай турган сен эмес мына менмин деп булбулга кайрылат.

Ырга көз жүгүртө турган болсок акын ата-бабаларга урмат-сый менен мамиле кылгандыгын байкалат. Ата-бабалардан калган жерди душмандарга тарттыруу патриот акын үчүн өлүмгө тете.

Адабияттар

1. MehmetKaplanŞiirTahlilleri. DergahYayınları.
2. http://www.izafet.com/
3. Mehmet Akif Ersoy. Safahat. İstanbul 1987-2001. 710 sayfa.

С.Искендерова,
Өзлем Өздуман,
К.Карасаев атындагы БГУ

МЕХМЕТ АКИФ ЭРСОЙ ЖАНА АЛЫКУЛ ОСМОНОВДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДАГЫ АЙЫРМАЧЫЛЫКТАРЫ

В.Г.Белинский: «Улуу акын өзү тууралуу, өзүнүн жеке «мени» тууралуу айтса, жалпы журт тууралуу бүткүл адам баласы тууралуу айткаңы, анын тулкусуна жалпы адам баласына таандык бүткүл касиеттин баары бар. Бардык адамды бир адамдын «кубанычы менен кубантып, кайгысы менен кайгыртаар шаттыгына бөлөп, үмүтү менен тынчытаар, кулагы менен угузуп, тили менен сүйлөтөр...»[1] деп белгилеп өткөн экен. Чындыгында эле түрк дүйнөсүнүн улуу акындары А.Осмонов жана Мехмет акиф Эрсойдун өмүрү, чыгармачылыгы менен таанышканда бул сөздөрдүн канчалык деңгээлде таамай айтылгандыгына күбө болобуз.

Албетте, эки улуттун эки акыны өз адабиятында бир канча жолу илимий иликтөөгө алынып, жашоо турмушу адабий негизде такталып, эл арасында айрым саптары жатка айтылып жүрөт. Бул улуу инсандардын чыгармачылыгындагы окшоштуктар менен айырмачылыктары да көп.

«Мен турмушта сараң ач көз эмесмин,
Өктө кылып, ай, аз бердиң дебесмин.
Байлык, үй-жай, ден-соолуктан ардактуу
Мага берсе, эки сабак ыр берсин» [2] –

деп бүт өмүрүн поэзияга арнаган А. Осмоновдун өмүрү ары кыска, ары оор болгон.

Мейли сүйүү лирикалары болсун, мейли эмгек ырлары болсун, мейли дүйнө, өмүр, өлүм сыяктуу түбөлүк темаларда болсун дегеле бардык дүйнөнү ырларында ырдап өткөн.

Ал кыргыз адабиятында классикалык чыгармаларды биринчилерден болуп которо баштаган. Отузунчу жылдардагы Алыкул Осмоновдун орус жана дүйнөлүк адабиятынан алган котормолорун караса: А.С.Пушкинден, С.Маршактан, К.Чуковскийден, М.Светловдон, В.Вересаевден, Г.Гейнеден, Абайдан, Шотадан, кийинки жылдары Шекспирден, Навоиден, Низамиден ж.б. которгон. Өмүрүнүн акыркы жылы А.Гетенин, А.Мицкевичтин чыгармаларына кызыккан. Бул жазуучулардын чыгармачылыгына кызыгуу кокустуктан чыга калган эмес. Алыкул Осмонов көп окуган, өзүнө жаккан жазуучуну, анын чыгармаларын алган эле[3].

Котормо иши акын үчүн чыгармачылык жолунун өсүшүнө орчундуу өбөлгө болгондугу тууралуу З.Мамытбеков төмөнкүдөй көз карашты билдирет: «А.Осмонов в своем в своем переводе все стихотворные средства – дробление на строки, переносы, рифмовку, эвнофий, эпитетч подчиняет подчиняет передаче психологического состояния героя»[4].

Котормочулук менен катар ал элдик бай мурастарга кайрылып, анын мыкты традицияларын өздөштүрүп, чоң бурулуш жасагандыгы туурасында Т.Сыдыкбеков: «Баамчыл, көрөгөч, байкагы акын ошентип эл арасына барып кайткан сайын изилдөө жүргүзүп, жаңы кен тапкан геолог сыңары чоң кубанычка кудуңдап, кампайып келет», - десе,[5] Т.Үмөталиев да жаңы формалар табуу жагынан акындын ойчулдугун, ыр түзүүчү устаттыгын белгилөө менен жазууга дилгир жаштарды Алыкулдан үйрөнүүгө чакырат.

Алыкул башка акындар сыяктуу эле алгач тууроочулук кесипке «илдетине» да чалдыгып, бирок ал биротоло устаттарынын тутқунунда көп кармалбастан, аларды өтө кылдат чыгармачылык мамиле жасоо менен үйрөнүп, айрыкча Шота Руставелинин «Жолборс терисин кийген баатыр» поэмасын эркин которууда өтө чоң поэтикалык мектептен сабак алган. С.Липкин Алыкулду чыныгы акын катарында жогорку гениалдуу поэманы которгондон кийин, таанылганына басым жасап, бул чыгарма кылымдар бою оозеки эпикалык чыгармаларды гана билген кыргыз окуучусунун поэтикалык түшүнүгүнүн кеңейткендигин белгилейт[6].

Акындын бир нече ыры Ысык-Көлгө арналган. Акын Ысык-Көлдү биринчи көргөндө эле ашык болду. Алгач көргөндөн тартып, анын таңына, сабагына, шамалына, чабагына суктанган.

Ысык-Көл сени сүйдүм, сени ырдадым,
Ырыма өзүң болдуң бел кылганым
Күнүмдүн ичкен суудай берекеси
Өзүңдүн бир көйкөлүп ырдаганың
Ысык-Көл, сен ырыскым, сен жыргалым,
Ырыма өзү, болдун дем кылганым.
Өзүнчө урматтуу бир салт экен го
Күрпүлдөп көбүк чачып урган маалың

Ысык-Көл, өзүң барда мен да бармын,
Сен жарым, кереги эмне башка жардын.
Тагдырдын марттыгына мен ыраазы,
Бар тура, мактанаарым, кубанарым...»

Ооба, Ысык-Көл Алыкул үчүн ысык мээримин аябады. Өз баласындай эркелетти. Акын өз кезегинде көлдү сүйдү, ырдады, ырына бел, дем кылды, бир ыргалганы, көбүк чачып турган маалы жашоо кумарын артырды. Алыкулдай эле бир да пенде көлдүн түбүнө ак куу болуп кубулуп кетпес. Бирок, ошондой болсо да, Ысык-Көл акындын мактанычы да, кубанычы да боло алды. Ал өзү айткандай «тагдырдын марттыгына ыраазы».[7]

Акын Ысык-Көлгө арнап жыйырмадан ашуун ыр жазды. Бул тууралуу А.Дюшембиева мындай дейт: «Что общего и особенного в лирике А.Осмонова об Иссык-Куле? Общее то, что он всегда свое лирическое «я» связывает с современной жизнью-обеспеченной и счастливой. Особенно же в том, что он каждый раз, в каждом новом стихотаорении вносит что-то новое в изображение Иссык-Куля».[8] Бул ырларды бир тема бириктирип турса да, ар бири өз алдынчалыкка, көркөмдүк бүтүндүккө ээ чыгармалар десек болот.- Бул ырларга кайрылып сынчы А.Сыдыков: «Ысык-Көл пейзажы Алыкулда маанилүү идеялык жана көркөмдүк милдетти алып жүрөт,»[9]- десе, З.Мамытбеков: «Цикл стихоа А.Осмонова об Иссык-Куле прозвусал как гимн красоте киргизской природе,»-деген адилет пикирин айтат[10].

Ал эми Мехмет Акиф Эрсойдун чыгармачылыгында пейзаждык лирикалар жокко эсе. Бүтүндөй чыгармаларын «мекен» темасына арнаган. Жогоруда белгилеп өткөндөй ал кичинесинен медреседе билим алып, ислам дининин эң мыкты билген аалым болгон. Бүтүндөй өмүрүн мекенине кызмат өтөөгө арнаган. Акын үчүн «мекенчилдик» - бул жөн гана мекен жөнүндө ырларды жазып коюу болгон эмес. Акын «патриоттулук» жана «улутчулдук» деген эки башка нерсе экендигин абдан жакшы түшүгөн жана ал эч убакта түрк, араб, фарс деп бөлгөн эмес. Акын үчүн бүтүн мусулман элдери бир тууган болгон. Адабиятчы Ахмет Йылмаз: «Мехмет Акиф патриот жана диндар бир акын болгон. Ислам жинин жайылтууга абдан чоң салым кошкон аалым адамдардын бири болгон. Түрк адабиятындагы бирден бир «патриот» акын эле. Ал: «Ушул бейиш сыяктуу жерибизде жашаган адамдын жанын алууга Азрайил да даай албайт» деп өз мекени менен сыймыктанаар эле»[11].

Мекенини топурагына, динине, маданиятына, дилине, ашык болгон дүйнөдө эки адам болсо, анын бирөө Мехмет Акиф деп айтсак болот. Бирок айрым адамдар жаңылышып аны «улутчул» деп ойлошу мүмкүн. Андай адамдарга акындын «Сафахат» чыгармасын баштан аяк окуп чык деп сунуш кылуу туура.

Акын өзүнүн ырларын аруз өлчөмүндө жазып, нукура түрк тилин колдонгон. Жашоосу менен да, ырлары менен да өз мекенинин чыныгы атуулу болгон.

Курдаш! Мекениме салпаяктарды жолотпо такыр,
Менин ыйман толо көкүрөгүм сымак чектерим бар
Улуусун коркпо! Кандайча мындай ыйманды буу алат,
«Цивилизация» деген жалгыз тиштүү желмогуз.

Ким бу жаннат мекени үчүн болбосун Курман
Шейиттер чууруп түшөт, топуракты сыксак шейиттер!
Жанымы, жакынымы, бүткүл баарымы алсын да Кудай,
Этпесин бу мекенимден мени дүйнөдө жудаа.

деп ал ырларынын ар бир сабында элин, мекенин сүйүүгө, коргоого чакырып жүрүп өткөн.

Жыйынтыктап айтканда, Алыкул Осмоновдун менен Мехмет Акифдин чыгармачылыгында жалпылыктар менен бирге айырмачылыктар да абдан көп. Буга албетте ар бир акындын жашаган доору, коомдук-саясий абалы, ан-сезими себепкер деп айтсак жаңылышпайбыз.

Адабияттар

1. Белинский В.Г. Собрание сочинений в 3-х томах. ОГИЗ. – М.: - 1948. – Т.1.
2. Жусупов К. Ыр сабындагы өмүр. - Ф.: Мектеп. 1980.
3. Жусупов К. Ыр сабындагы өмүр. Ф:.-1980.
4. Мамытбеков З. Пламенный поэт. – Ф.. - Кыргызстан. – 1971.
5. Сыдыкбеков. Т. Акындын элеси // К-те: Мезгил жана Алыкул. – Ф.. - 1990.
6. Осмонов А. Мой дом (С.Липкиндин баш сөзүнөн). – М., Советский писатель. – 1940.
7. Алыкулдун батпас күнү: даректүү баян, эскерүүлөр, макалалар жана ырлар. – Б. – 2001.
8. Дюшембиева А. Кыргызская пейзажная лирика. Автореф. дисс. на соис. уч. степ. к.ф.н. – Алматы. – 1994.
9. Садыков А. Алыкул Осмоновдун поэзиясындагы традиция жана новаторлук. – Ф.: Кыргыз ССР Илимдер академиясынын басмасы, 1962.
10. Осмонов А. Махабат. – Ф.: Кыргызмамбас, 1945.
11. Ахмет Йылмаз. Бүйүк шайир Мехмет Акифин өлүмү каршысында. Сессиз йашадым. – 2011.

Мустафа Кундакчы, БГУ

КЫРГЫЗ ЖАНА ТҮРК АДАБИЯТЫНДА КАРГЫШТАРДЫН ОРДУ, ИЗИЛДЕНИШ ТАРЫХЫ

(1-макала)

Сөз касиетине чындап ишенип, кандайдыр бир ырткы күч тилекти кабыл кылып, каалаганынды бе-рет деген түшүнүктөн улам пайда болуп, кыргыз фольклорунда бүгүнкө чейин сакталып келген бата-тилек сөздөрү аз эмес. Бата берип, ак тилек тилөө качанкы замандардан келаткан бабалар мурасы экени анык. Бата өзүнүн мазмуну жагынан болсун, максаты жагынан болсун элдин өткөргөн өмүрү, баскан жолу менен үндөшүп, ага шайкеш келип турат. Түрк тилдүү башка элдер сыяктуу эле кыргыз элинде да бата тилек айтымдары эки бөлүккө бөлүнөт. Бири-оң бата, экинчиси-тескери бата. Оң батаны «ак бата», «алкыш бата», ал эми тескери батаны «каргыш бата», же «ант» деп да коет. Ак баталар «көп жаша», «тилегинди берсин», «мал-жаның көбөйсүн» дегендей жакшы тилек билдирсе, каргыш айтуучулар «учуң узарбасын», «жакшылык көрбө», «арбак урсун», «ант урсун» деп тескери бата беришкен. Бул айтымдар байыркы замандарда эле пайда болуп убакыттын өтүшү менен жаңыча маани мазмун, формага ээ болуп, өзгөрүп турган. Ички жек көрүүдөн, өч алуудан, ич күйүүдөн улам каргыш айтып жаткан адамды жок кылуу, максат тилектерине жеткирбөө, өч алуу үчүн айтылган уйкаштуу сөз түрмөктөрү болгон тескери бата каргыш айтуу менен ишке ашат. Байкоого караганда мындай батанын берилишине адаттан тыш кандайдыр кокустук, өзгөчө бир кырдаал себепчи болот. Элдик адат-салтка, адепке сыйбаган тескери жүрүм-турум, мамиле мындай батанын айтылышын шарттайт. Кандайдыр бир калыстыктан тайып, жан кейиткен кырдаалга туш болуп, ыза-кордук көргөн адам аны ондоп-түзөп, жайына келтирүүгө өз чама-чаркы жетпегенде, сөз күчүнө ишенип, жаратылыш ээлерине, кудай-теңирге тапшырат.

Мындай айтымдар кыргыз адабиятынын тарыхында байыртадан келаткан элдик оозеки чыгармалардын бир үлгүсү экенине карабастан толук жазылып алынып иликтенип бүтө электиги өкүндүрөт. Айрым каргыш ырлары 1920-жылдардын башында таластык Жанузак Шекербек уулунан, Карагул Мусулман уулунан, Ыйманкул Кочкорбай уулунан, Ысак Бошкой уулунан, нарындык Алтай Айдарбек уулунан, Боогачы Жакыпбек уулунан жазып алынган азыраак бата-тилек материалдарынын алкагында азыноолак чогултулган. Бул материалдарды эске албаганда бата сөздөрү, анын ичинде каргыштар, ант ырлары учурунда толук жыйналып, жазылып калган эмес. Мындай чыгармаларды жарыялоо, изилдөө иши да (Кыргыз адабиятынын тарыхы 1-томундагы Ж.Орозобекованын «Каргыштар» деген чакан изилдөөсүн эске албаганда) азыркыга чейин жокко эссе десе болчудай. Бул жагынан кытайлык кыргыздарда жакшы иш аткарылган[1]. Казак фольклористеринин изилдөө иштеринде бата-тилек ырлары жөнүндө атайы сөз болот, бирок жанрдык тобу, кайсы түргө же жанрга жата тургандыгы боюнча көз караштар бирдей эмес.

Кыргыз адабиятынын тарыхында да мындай айтымдардын кайсы түрдөгү ырлардын тобуна кире тургандыгы тууралуу пикирлер да ар түрдүү.

Кыргыз элинин оозеки адабиятынын өнүгүшү байыртан бери эле элдин басып өткөн тарыхый социалдык жашоосун ар түрдүү жанрдагы чыгармаларда чагылдырып келип, адат-салт ырларында, короо кайтарганга, эгин айдаганга, күн жааганга арналган айтымдарда көркөм иштелгендигин көрөбүз.

Айтымдар адабияттын тарыхында элдин күнүмдүк жашоо тиричилиги менен тыгыз байланышта өнүгүп, ар түрдүү мүнөздө болгон. М: жарамазан айтымы, нооруз айтымы, ай жаңыргандагы айтым, эгин сепкендеги айтым, ай жаңыргандагы айтым, мал сойгондогу айтым, бата-тилек айтымдары, ырым-дарым айтымдары ж.б. Айтымдарды кыргыз элдинин каада салт, үрп-адат ырларынын кайсы түрүнө кирери, классификациялоодогу көз караштар, пикирлер өтө ар түрдүү. Бул тууралуу кыргыз фольклорун изилдөөчү М.Богданова үрп адат ырларын каада-салт ырларынын бир бөлүгү катары карап, каада салт ырларын алгач эки топко бөлөт. Ага үйлөнүү үлпөтүнө, үй-бүлөчүлүккө байланыштуу каада-салт ырлары деп бөлүштүрүп, ага той баштар - той ээлерин куттуктоо, жар көрүшүү, кыздын коштошуусу, балага ат коюу, бешик ыры, тушоо кесүү ырларын киргизип, булардын ар бири салттык ырым-жырымдар, жөрөлгөлөр менен коштолуп аткарылгандыгы тууралуу айтылып, айтымдар алардын ичинде бата-тилек айтымдары каада-салт ырларынын түркүмүнө кирери тууралуу пикир жок[2]. Ал эми Закиров С. Токомбаева А. түзгөн «Кыргыздын элдик лирикаларынын жанрдык өзгөчөлүктөрү» жеген эмгегинде бата-тилек айтымдары, алардын ичинде каргыштар тууралуу эч кандай сөз жок.

Адабиятчылар З.Бектенов менен Т.Байжиевдин окуу китебинде[3] кыргыздардын коомдук түзүлүштүн түрдүү баскычтарында, күндөлүк тиричиликтин түрлөрүнө ылайык узак жылдар сакталып, элге сиңген үрп-аат каада-салттары тууралуу кеп болуп, аларды чагылдырган фольклордук чыгармалар экендиги айтылып, үрп-адат ырларына кошок, керээз, арман ырлары, жарамазан, сүйүү, айтыш, мактоо, бешик ырлары, оюн ырлары кирет деген пикирге келген. Бул тууралуу адабиятчы Ж.Орозобекова: «үрп-адат ырларынын катарына сүйүү, эмгек, айтыш, мактоо ырларынын кирип калышы негизсиз» деп атап, ал жанрлардын ар биринин өзүнүн орду бар экендигин айтып, үрп-адат ырларына кошок, жарамазан, нооруз айтымы, ай жаңыргындагы айтым, эгин сепкендеги айтым, ат койгондогу айтым, сал билек айтымы, мал сойгондогу айтым ж.б. кирет[4] деп кошок ырларын жана айтымдарды киргизген. Ж.Орозобекованын бул түрдөгү ырларды топтоштуруусу кыргыз фольклорундагы айтымдар деп аталган топтогу ырлар менен (кошоктон башкасы) мүнөздөлөт.

Терминдердин түшүндүрмө сөздүгүндө «Ат коюу айтымы» деп берилген материалда кыргыз элинин ырасмысы боюнча бала төрөлгөндө, сары май менен оозантып, азан айтып, ат коёрдо ырлалуучу каада-салт ыры[5] деп берет. Бул жерде ат коюу, оозантуу, азан айтуу жөрөлгөлөрүндөгү айтымдар каада-салт ырларынын бир түрү деп берилет. Ал эми З.Бектенов менен Т.Байжиевдин жогорудагы эмгегинде «айтымдар» ырым ырларына кирген. Ал эми «Терминдердин түшүндүрмө сөздүгүндө: «Ырым-дарым ырлары элдин айрым мифологиялык жана диний көз караштарына ылайык чыгарылган ырлар. Ырым ырлары табият көрүнүштөрүнө кайрылуу, жаныбарларды арбоо маанисинде айтылган. Мисалы, «кылоо-кылоо», «козу-телүү» деген ырлар ырым ырларына кирет» делип берилет[6]. К.Карасаевдин «Накыл сөздөр» эмгегинде болсо айтымдар сөздүн үрп-адатка, жорук-жосунга байланыштуу келип чыккан накылдардай эле, ырым-жырымдарга дагы бай экендиги айтылып, мындай накылдаргы «Ай туяк чалуу», «Аксарбашыл айтуу», «Баабединге жалынуу» ж.б.у.с. киргизген. Демек, К.Карасаевдин сөздүгүндө дагы айтымдар үрп-адатка байланышкан накыл сөздөр катары берилген.

«Кыргыз фольклорундагы лирикалык жанрлар» деген китебинде Т.Танаев кыргыз фольклорундагы ырларды салттуулук касиеттерине эмес,алардын турмуштук негизине, аткарган ролуна, тарыхый жаралуу зарылчылыгына, генесиологиялык шартына жараша бөлүштүрүү туура боло тургандыгын айтып, лирикалык ырлардын жанрларына сүйүү, арман, кошок, ырым-жырым, дарым, арбоо, жоктоо, кордоо, мактоо, балдар, бешик, жарамазан, оюн, санат-терме, айтыш, каргыш, өлөн ырларын жанрдык түрү катары киргизип, алардын айрымдарынын жанрдык жактан толук сапатын сактап калганын айтып, айрымдарынын мезгилдин өтүшү менен доордун талабына жараша бирде толукталып катуу өнүгүп, кээде сапатын, милдетин жоготуп отурганын айтат. Андай ырлардын катарына дин, ырым-жырым, үйлөнүү, арман, кошок, каргыш, мактоо, жоктоо ырларын киргизет. Мында окумуштуу жогоруда санаган жанрлардын баардыгын тематикалык жактан жиктебестен лириканын жанрлары катары мүнөзүн ачууга аракеттенип, доордун талабына ылайык жок болуп бара жаткан жанрдын катарына каргыштарды дагы кошкон. 2001-жылы жарык көргөн «Кыргыз элинин каада-салттары» аттуу китебинде фольклорист Б.Кебекова каада-салт ырларынын көркөм поэзиялык жүгүн баса белгилөө менен ал түрмөктөгү ырлардын жанрдык касиетин ачып берүүгө аракеттенет. Ошону менен бирге эл ырларын классификациялоо бүгүнкү күнгө чейин системалаштырыла элек маселелерден экенин айтат[7] 30-жылдардан бери фольклордук жанрды классификациялоого өз салымдарын кошкон К.Мифтаковдун, З.Бектенов, Т.Байжиев, К.Рахматуллиндин, М.Богдановanын изилдөөлөрүнөн «айтымдар» - деп өзгөчөлөнгөн жанр учурабайт. Азыр эл оозеки чыгармачылыкта «айтымдар» деп аталган ырлар каада-салт ырларынын бир бөлүгү болгон үрп-адат ырлары экендиги көрүнүп турат[8]. Айтымдарды мазмундук жактан биринчи, **ырым-жырым айтымдары.** Буга малчылыкка байланыштуу, 2) дыйканчылыкка байланыштуу, 3) аңчылыкка байланыштуу, 4) дарымдар, 5) тиричиликке байланыштуу. Экинчи, **дуба-дарым айтымдары.** Буга бадик айтымдары, бакшылар көрүмүндөгү айтымдарды киргизүүгө болот. Үчүнчү, **бата-тилек айтымдары.** Буга ак баталар, алкыштар, тескери бата, каргыштар, анттарды киргизүүгө болот. Демек, каргыштар кыргыз фолклорундагы айтымдарды деген жанрга кииргизүүгө болот. Ал эми айтымдар үрп-адатт ырлары катары каада-салт ырларынын түркүмүнө кирип, элдин жашоо тиричилиги менен тыкыс байланышып, көбүнчө ырым-жырымдык мүнөзгө ээ болуу менен элдин ишенимдерин көрсөтө турган байыркылык мүнөздүү болгон ырлардын тобу экенин айтууга болот.

Кыргыз фольклорунун тарыхында алгач элдик ырларды классификациялоо маселесинен улам гана каргыштар тууралуу айрым эмгектерде[9] бирин-серин сөз болгон. 1992-жылы Б.Садыковдун "«Манас» эпосунун көркөм курамындагы фольклордук жанрлардын функциялары" аттуу изилдөө жарык көргөн. Анда кошок, арман, алкыш, каргыш сыяктуу фольклордук жанрлардын табияты тууралуу учкай сөз болуп, эпостун сюжетинин өнүгүшүндө аткарган кызматы тууралуу чакан талдоо жүргүзүлөт. Иликтөөдө каргыштарга дагы орун берилип, эпостогу каргыш ырлары элдик ишенимге негизделип, Көккө, Жерге, бабалардын арбагына, ар кандай кара күчтөрдүн атына айтылганы, Көк, Жер түшүнүктөрү культтук мааниге ээ болуп, чыгарманын тулкусунда салттуу формулалар катары колдонулуп турганы, мындан сырткары бул дүйнөдөн өтүп кеткен ата-бабалардын арбактарынын колдоосуна ээ болуу түшүнүктөрү бар экендиги, Кыргыздарда жети ата түшүнүгү абдан зор мааниге ээ болуп, ата-бабаларынын жети муунуна чейинки тарыхын билбеген адамды кыргыз деп эсептебегени, каргыштарында дагы ушул түшүнүк толук маанисинде сакталып айтылганы, эпостогу каргыштардын баардыгы салттык мүнөзгө ээ эмес. Айрым учурларда каргыштардын жаңы формаларын, жаңы маани алган түрүн кезиктиребиз, каргыш ырлары эпосто арбын учурап, кандайдыр бир деңгээлде сюжеттик сызыкты күчтөндүрүп тура тургандыгын мисалдар менен талдоого алган.[10]. Ал эми каргыштар жана алардын табияты, айтылышы, келип чыгыш себептери, тилдик өзгөчөлүктөрүн өзүнчө иликтеген А.Акматалиевдин жалпы редакциясы менен түзүлгөн кыргыз адабиятынын тарыхындагы Ж.Орозобекованын чыкан иликтөөсүнөн башка бул ырлар тууралуу илимий көз караштын жок экендигине изилдөөбүздүн жүрүшүндө күбө болдук. Кыргыз элинин элдик оозеки адабиятындагы каргыш сөздөрүнүн бүгүнкү күндөгү иликтениш тарыхы мына ушундай. Ушул жагдайдан алып бул маселени ийне-жибине чейин иликтеп, жакынкы тектеш түрк тилдүү элдер адабиятындагы абалын аныктоо келечектин иши.

Адабияттар

1. Богданова М. Кыргыз фольклору.- Ф., 1940.

2. Бектенов З.. Байжиев Т. IX класс үчүн хрестоматия окуу китеби. 2-бас. –Б.. 1993.

3. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 1-том – Б., 2004.

4. Шериев Ж.. Муратов А. Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү.- Б.. 1994.

5. Кебекова Б. Кыргыз элинин каада-салт ырлары.

6. Орозобекова Айтымдар. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 1-том – Б., 2004.

7. Сыдыков Б. Функции фольклорных жанров в художественном составе эпоса «Манас». -Б., 1992.

Мустафа Кундакчы, БГУ

КЫРГЫЗ ЖАНА ТҮРК АДАБИЯТЫНДА КАРГЫШТАРДЫН ОРДУ, ИЗИЛДЕНИШ ТАРЫХЫ

(2-макала)

Түрк адабиятында каргыштар адамдардын коомдо жашап баштаган биринчи кылымдарында эле жаралып, адамдар кайсы учурда, кайсы тилде болсо да ишенимдин негизги катары чечуусу керек болгон маселелерге Теңир алдында ага тик кароо менен алкыш, каргыш сезимдерин билдиришкендиги менен түшүндүлөт. Муну биз түрк адабиятындагы «Деде Коркут» кетибиндеги алкыш (дуба) жана каргыш сөздөрүнүн болушун мисалга тартуу менен далилдей алабыз. Негизинен түрк элинде бата-тилек айтымдарынын ичинен алкыш сөзүнүн, жакшы тилекти жана ошондон улам жакшылыкты көрсөткөн сөздөр болгондугу үчүн сандык жактан көп, мазмундук, тематикалык жактан ар түрдүү экендиги аныкталган.[1] Бул жагынан кыргыз адабиятындагы каргыштардын окшоштук жактарын айтууга болот.

Бирок, коомдо алкыштар сыяктуу эле каргыштар дагы сан жагынан айырмачылыктарына карабастан экөө тең бирдей даражада маанилүү экендиги айтылат. Алгачкы каргыш сөздөрү кара сөз менен дуба формасында жаралып, сыйкырлоо жана көз боочулук үчүн колдонулуп баштаган. Жакшы тилектер алкыш жаман тилектер каргыш сөздөрү менен коштолгон. Жакшы тилектер орундалышы үчүн, Көк теңир кабыл алуусу үчүн курмандык чалынып, орозо кармалып, сыйынуу жөрөлгөлөрү кылынган. Теңирге берилген сөз ант менен байланышкан. Мына ушундайча жол менен алкыш каргыш ант ортосундагы байланыш илгертен бери сакталып келет. Байыркы адамдан цивилизациялуу адам болгонго чейин жаратылыш күчтөрүнө, шаман, эне-ата, ата арбактары, теңир, ыйык китеп, олуялар адамдардын эң чоң таянычы болуп эсептелген[2] Түрк ислам ишеминде жакшы алкоо болсун жаман каргоо болсун, ар бир тилектин орундалышы үчүн теңир тилектерди кабыл кылышы керек деген түшүнүккө байланышыт.

Түрк адабиятында кыргыз адабиятына салыштырмалуу каргыш ырларынын эл оозунан топтолуп жыйналышы бир топ алдыга кеткендигин көрөбүз. Каргыштарды жалпы түрк фольклорун иликтеген эмгектерде[3], айрым макала түрүндөгү изилдөөлөрдө[4] иликтенгенинен сырткары атайын алкыш-каргыш ырлары тууралуу илимий моноргафиялар дагы жарык көргөн.

Бата-тилек айтымдарынын өз алдынча иликтениши 1990-жылы Жазы университети тарабынан жарыкка чыккан "Алкыштар, аргыштар"(ALKIŞLAR KARGIŞLAR, GAZİ ÜNİVERSİTESİ BASIN YAYIN YÜKSEK OKULU MATBAASI,ANKARA, 1990) аттуу эмгекте биринчи колго алынат. Ал эмгекте каргыштардын табияты, айтылып калуу себептери тууралуу иликтөө жүрүп, каргыштарды мазмундук жактан классификациялоого аракеттенген. Анда каргыштардын мааниси чечмеленип, айрым эл оозунан чогулган каргыш ырларынын тексттери да камтылган. Ошол эле жылы түрк окумуштуусу Сами Акалындын "Алкыштар жана каргыштар" аттуу эмгеги жарык көрөт. Бул китеп киришүүдөн жана үч бөлүмөн турат. Киришүү бөлүмүндө окумуштуу алкыш, каргыш сөздөрүнүн түрк тилдеринде аталышын, бул сөздөрдүн энциклопедияларда, сөздүктөрдөгү аныктамаларын тактоо иши жүргүзүлүп, алкыш, каргыш сөздөрүнүн түрлөрүнө аныктамаларына токтолуу менен бирге ислам дининде жана ислам динин кабыл алганга чейин түрк элдериде алкыш жана каргыш сөздөрүнүн колдонулушу жөнүндө толук маалымат берилген. Бирок, бул бөлүмдө алкыштардын түрлөрү көп берилип, ал эми каргыштар мууралуу маалыматтар ченелүү гана.

Иштин биринчи бөлүмү "Алкыш жана каргыш сөздөрүнүн түрү жана маанилик өзгөчөлүктөрү" деп аталып, алкыш каргыш жана тилек сөздөрүн эки сөздөн турган, ыр түрүндо айтылган, жөн гана сүйлөм катары айтылган сыяктуу бөлүктөргө бөлүп караган жана аларга мисалдарды менен далилдөгө аракеттенген. Анда каргыштардын түзүлүшүнө карата топторго бөлүштүрүү иши да колго алынган Мисалы: жөнөкөй сүйлөм катары айтылган каргыштар "Кудайым эч жамандык көгөзбөсүн" деген сыяктуу мисалдар менен далилденсе, эки саптан турган каргыштар катары "Алтын бакытгуу, алтын тактуу бол" деген сымал мисалдар менен берилген. Ошондой эле тилектер сөздөрдө бир районго же бир айылга мүнөздүү диалектилик өзгөчөлүктөрүнө жараша айтылган каргыштар тууралуу да маалыматтар берилген. Ал гана эмес алкыш каргыш сөздөрүнүн мааниси боюнча башка тектеш тилдерде да окшоштуктар кездешээрин мисалдар менен көргөзүп өткөн.

Ал эми экинчи бөлүмдө алкыш каргыш сөздөрүнүн келип чыгыш себептерине токтолуу менен алардын аныктамаларын берип, ошону менен бирге мисалдар менен көргөзгөн. Алкыштардын, каргыштардын ислам дининен мурунку диндер менен байланышын, ошол кездерде калбыл алынган сөздөрдүн мааниси жана тарыхый орду тууралуу дагы маалыматтар берилген. Үчүнчү бөлүмдө алкыш каргыш сөздөрүнүн тиркемеси берилип, алфабиттик боюнча тартипке салып, жарыкка чыгарган. Бул эмгек каргыштар жана алкыштар тууралуу жарык көргөн алгачкы эмгек катары түрк адабиятынын тарыхында, түрк фольклорунда өзгөчө орунда турат. Эмгекте каргыштардын адабияттык чыгарма катары мүнөзү, анын ишенимдер менен байланышы, психологиялык негизи, социалдык табияты, философиясы тууралуу кеп болуп, каргыштарды түрдүү ракурстан караганга аракеттенген. Ал эми чыныгы фольклордук чыгарма катары каргыштарды талдоого алууну түрк окумуштуусу Доан Каянын 2001-жылы жарык көргөн "Фольклорубузда каргыш сүйлөө жана түрк элдик ырларында кездешкен каргыштар" (DOĞAN KAYA, FOLKLORUMUZDA BEDDUA SÖYLEME GELENEĞİ VE TÜRK HALK ŞİİRİNDE BEDDUALAR,ATATÜRK

KÜLTÜR MERKEZİ BAŞKANLIĞI YAY. ANKARA,2001) аттуу эмгегинен көрө алабыз. Доан Кая бул эмгегин үч бөлүмгө бөлүп караган. Кириш бөлүмүндө каргыштар жөнүндө маалымат менен бирге каргыштын түзүлүшүн, маданияттагы ордуна кеңири токтолгон. Ал эми биринчи бөлүмү "Ашык адабиятында каргыштар" деп атап бул бөлүмдө 108 эл акындарга таандык 151 ырга орун берилген. Бул ырлар эң аз дегенде автордун жыйырма жыл ичинде чогултулткан материалдары экендиги айтылат. Бирок буга карабастан дагы чогултулбаган көп чыгармалар бар экенин автор моюнга алуу менен эскертип өткөн. Акындардын ырларын, эдик карыштарды топтоштуруп, алфабитик тартип менен кандай берилсе ошол боюнча жазганганга аракеттенген. Бирок, ал ырлардын ар бирине талдоо жүргүзүп, анализ берген эмес. Бул жыйнактагы ырлар жалгыз гана Түркияда жашаган акындардын эмес башка Булгаристандын, Азербайжандын акындарынын чыгармаларындагы каргыш ырларын топтоштургандыгы менен баалуу.

Ал эми экинчи бөлүмдө түрк эл ырларында, кошоктордо, бешик ырларынлда жана табышмактарда кездешкен каргыштарды берген. Мисалга, алсак секетпай ырларынан 89 каргыш ырлары чоултулган.

Китептин эң маанилүү бөлүмүнүн бири болуп чогултулган каргыштардын тизмеси болуп саналат. Чогултулган каргыштарды алфабитке карап тизмеси берилген. Каргыштар ар бир диалекте ар кандай айтылган жана окшош айтылып да маанилери башка болгон каргыштар такталан. Бул каргыштар түрк элдеринин сөз байлыгынын канчалык бай экендигин көргөзөрүн да аныктай кеткен. Түрк окумуштусу Доан Кая бул эмгегинде жыйналып чыгарылган каргыштар түрк маданиятына кереги тиет деген максатта жазгандыгын жана үмүттөнөрү баса белгиленген. Мындан сырткары Озал Огуздун "Түрк элдер адабияты" (M.ÖCAL OĞUZ, TÜRK HALK EDEBİYATI EL KİTABI, GRAFİKER YAY. ANKARA, 2004) эмгеги 2004-жылы жарык көрүп, аталган эмгекте бардык фольклордук чыгармалар менен кошо каргыш арлыра тууралуу дагы учкай сөз болуп, каргыштардын колдонулушунун тарыхы, байыркылыгы талдоого алынып, түрк элдериндеги каргыштардын эң байыркы түрү катары каргыштардын шаманизм, буддизм деген байыркы ишенимдер менен байланышын, андан кийинки «Деде Коркут» китебиндеги айтымдардын мисалы менен далилдүү берүүгө аракет жасаган. Ошону менен катар бата-тилек айтымдары менен каргыштардын айрмачылыктары дагы салыштырмалуу иликтөөгө алынган. Ал эми каргыштардын убакыттын өтүшү менен жаңы маани алып, заманбаптык мүнөзүн, азыркы учурдагы маанисин чагылдырган Точоглу Нурдан Тухфенин "Карикатура каргыштар: Жаңы каргышбы?" жана Кожоер Сибелдин "Социалдык текшерүү курал катары каргыштар жана интернет" (түркчө аталышы чыккан жери, күнүн табыш керек. Жылдыз билет.) аттуу макалалары жарыкка чыккан ал макалаларда каргыштардын эски заманда гана колдонулбастыгы жаңы заманбап заманда да өз орду бар экендигин белгилеген.

Адабияттар

1.M.ÖCAL OĞUZ, TÜRK HALK EDEBİYATI EL KİTABI, GRAFİKER YAY. ANKARA, 2004 SAYFA 153

2. DOÇ.DR.L.SAMİ AKALIN,TÜRK DİLEK SÖZLERİNDEN ALKIŞLAR KARGIŞLAR.GAZİ ÜNİVERSİTESİ BASIN YAYIN YÜKSEK OKULU MATBAASI,ANKARA, 1990 SAYFA 61

3. Kamil "I`nvpiir. «Ankara Fnlkl.in Ha Ilenclcr» TFA. VI (141). 1.1961. Pertev Naili Boratav. a. g. e., s. 136-144., Erol Kava. «Van Beddualari». TFA. XI (231). 10. 1968.

4. Sami Akalin. Turk IJIlek Sozlerinden A/kislar iv Kargislar. Ank.. 1990., Ates : Vofrivelcrde Dua ve Beddualar. Vakittir UerelM. S l. Vtaria. Leach : The S t an 6 rd Dictionary of Folkilore. Mythology and Legend. c. I. s.

Д.Ж.Асакеева, БГУ

ПОЭТИКАЛЫК АНТИНОМИЯ МАСЕЛЕСИ, БИНАРДЫК ОППОЗИЦИЯ

Кыргыз адабиятын баштоочулардын тематикасы – жаңы эмгекчилердин күнү келгендигин, эскинин тут-кунунан кутулгандыктарын, жаңы турмушту кубаныч менен тосуп алышкандыктарын даңазалап ырдашкан, ал гана эмес Касым Тыныстанов да алгачкы ырларында революцияны "кучак жайып" тосуп алгандыгын кубаныч менен ырдаган, мисалы, "Таң", "Бугинги күн", "Алачка", "Жастарга", "Кыз карындастарыма" ырларынын пафосу "жаркырап күн чыгыштан агарды таң", "саулеси жаркыраган күннин бүгүн", "оян жастар, ойлан, жастар!", "тур, оян, карындастар, жатпа уктап" – деп, жаңы турмушка, революциянын жеңишине чакырган жана эмгекчилердин бактылуу күнү келгендигин даңазалаган.

К.Тыныстанов баштаган мындай революциянын жеңиши, Совет бийлигинин эмгекчилердики экендигин даңазалоо, дегеле жаңы турмушту кубаныч менен тосушкандактарын кыргыз акындары өздөрүнө гана тиешелүү стилдик өзгөчөлүктө, эски менен жаңыны, жакшы менен жаманды, бай менен кедейди, күн мен түндү контрасттык ыкмада, салыштыруу маанайында болгон. Мына ушунун натыйжасында сөз менен терминдер карама-каршылыктуу маанайды билдирген, тагыраак айтканда, өткөн заман – "караңгы түн", революция жараткан заман – "аткан таң", өткөн заман "караңгы" заман, азыркы заман – "жарык" доор, Ленин – "шам чырак", "жарык нур" ж.б. ошону менен "ак" менен "кара" бинардык оппозиция маанайында чыккан. Пикирибиз далилдүү болуш үчүн ырлардан мисалдарды алып көрсөк:

Жаркырап күн чыгыштан агарды таң,
Оянды уйкусунан ар түрлүү жан.
Бурунгу кара түннен кутулганга
Сүйүнүп жан-жаныбарлар салады ан.
(К.Тыныстанов. "Таң".)

Мурдагы эски замандын кетип, жаңы замандын келиши саптарда "мурунку караңгы түндөн айрылып, агарган таңдын келиши" менен берилип окурмандар-

дын ан-сезимине революциянын жеңишин, эмгекчилердин заманынын келгендигин, муну түшүнүүлөрү керектигин көрсөткөн.

Же болбосо, А.Токомбаев Октябрь революциясынын жеңишин кубанып, анын жеңишин, Совет бийлигин "кедейлердин бакыт-жылдызы жанган кези" деп, жогорку эмоцияда ырга кошкон:

Октябрь күлүмсүрөп келген кези,
Энчисин өз-өзүнө берген кези.
Мурунку чынжыр курган душмандарды
Ичинен кедей таптын терген кези.

Так бүгүн Октябрдын ийген кези,
Кедейге кызыл желек тийген кези,
Колуна курал-жарак алып кедей,
Ак төрөнү төшүнөн тилген кези.

Бул айда бакыт-жылдыз жанган кези,
Балкытып нурун элдин алган кези.
Куйругу Николайдын алсызданып,
Кылчактап жапырт качып калган кези.
(Токомбаев А. "Октябрдын келген кези")

Күн – түн, жарык – караңгы, жарык нур, шам чырак – караңгы мунар түн сыяктуу символдук сөздөр менен салыштыруу маанайында ал мезгилдин чындыгын, акындардын дүйнө түшүнүгүн, жашоо образын поэтикалык тилде, көркөмдөлүп сүрөттөлгөн. Мисалы, Бөрүбай Кененсарин эски заман менен жаны заманды салыштырып жазган "Эки кез" деген ырында, өткөн заманды – "Ал кез" деп атайын бөлүп алып:

Тоо тунжурап,
Зоо заңгырап.
Муңканган жел,
Муң шыбырап.
Кан жыттанып, кайгы жели каптады.
Коктуда кан,
Колотто кан.
Жылга жыбыт
Жансыз жымжырт.
Шак-шак, Шак-шак ажал тиши арсылдайт.
Шартылдар үн,
Чагылып түн.
Жанчылып жан
Эчен мин-миң...
Кара жүрөк кан ичерлер калчылдайт – десе.

"Бул кезде" деген революция жеңгенден кийинки жаңы заман тууралуу бөлүмүндө:

Эркин-эркин, эмгек эрким,
Эмгек – бирдик, энчи эркин.
Энчи элде, тап душманы,
Эмгекчил тап койгон шертин
Курулуш!
Бурулуш!
Социализминде!
Миңдеп мектеп, кирди беттеп,
Наадандыкты кууду жектеп,
Кайрат түтөп,
Темпи күчөп.
Социализмге!
Колхоз-совхоз мин-миндеген.
Айдоо аянт мелмилдеген.
Завод-фабрик шак-шука,
Токтолбогон, иргилбеген,
Курулуш!
Бурулуш!
Социализмде!
Авангардды большевиктер.
Күндөн-күнгө күчөйт темптер,
Кайрат түтөп,
Темп күчөп.
Социализмге! –

деп, эки башка заманды салыштыруу маанайында жазган.

Ошол мезгилдеги ырлардын идеялык мазмуну карама-каршы түшүнүктө чыгып турган, мисалы, күн – түн, бай – кедей, караңгы – жарык, эмгекчил – бай, өткөн күн (караңгылыктын күнү) – азыркы мезгил (жарык күн) ж.б. Октябрь революциясынын жеңишинин ырга кошулушу поэтикалык антиномияда ишке ашкан: бир жагында эзилген кедейлер, экинчи жагында кан ичер байлар: Октябрь революциясы мына ушул кылымдардан бери келаткан социалдык теңсиздикти жокко чыгарып, кан ичер байларды жоготкон теңдешсиз күч экендиги бийик, көтөрүңкү пафосто берилүү менен эмоцияда ырдалган. Мына ошону менен кыргыз акындарында өзүнөн-өзү бинардык оппозиция (караңгы түн - аткан таң; өткөн "караңгы" заман жана "жарык" доор д.у.с.) жаралган. Бинардык оппозиция ырлардын идеясынан, мазмунунан, тематикасынан эле байкалып турган. Ырлардын дээрлик бардыгы Октябрь революциясынын жеңишин даңазалоо, Совет бийлигин ырга кошуу, анын жеңишине кубануу, Ленинди, партияны мактоо, ага сыйынуу жана ага карама-каршы маанайдагы өткөн күндүн кыйындыгын, жамандыгын, кайгы-муңун, байлардын зулумдугун ырга кошуу орун алган.

Ал эми кедейлердин социалдык теңсиздигин коргогон Ленин, партия, революционерлер макталып, даңкталып мүнөздөлсө, бай-манаптар, ак сөөк тукумдар тескерисинче колдон келишинче жамандалган мүнөздөмөгө туштуккан, алар адам катары эмес желмогуз, бир шумдук нерсе катары сүрөттөлгөн.Дал ушундай маанайдагы чыгармалар биринин артынан бири жарык көрүп, мазмундук да, тематикалык да жактан бирдей типтеги, бирдей маанайдагы адабият пайда болгон.

Мына ушундай маанайга жараша кыргыз совет поэзиясынын башталышында эле поэтикалык антиномия маселеси өзүнөн-өзү көтөрүлүп чыккан да, Хрущевдик "желаргыга" чейин (ал гана эмес, кийин да уланып турган).

Бинардык оппозиция - лениниана жана сталиниада темасына келгенде айрыкча, лениниана темасына келгенде аябагандай күчөгөн.Ошону менен кыргыз адабиятында поэтикалык лениниана башталган,маселен, А.Токомбаев: "Ленинди жоктоо" (1924), "Ленин жолундагыларга", "Биз Ленинчил жаш" (1926), "Лениндин орду Ленинчилер" (1927), «Эстеликтен» (1927), Ж.Турусбеков "Ленин жолу" (1929), Б.Кененсарин: "Владимир өткөн күн" (1924), Ж.Жамгырчиев: "Кайгылуу күн" (1926), "Ленин мавзолейинде" (1927), Н.Жетикашкаева: «Ильич», «Лениндин туусу алдында», «Ырысыбыз партия», «Октябрдын кызымын», «Өчпес чырак», «Кантип жүрөк кубанбайт», «Коммунизм – биздин жол» ж.б. ырларда Лениндин заманын «нур заман» деп мүнөздөлүп, Компартияга, Ленинге кайра-кайра ыраазычылыгын билдирген ырлар жазылган.

Улуттук жазма адабиятта Лениниаданы баштоочулардын бири А.Токомбаев болгон, чындыгында Ленин темасы кыргыз адабиятында жазгыч акындар А.Жутакеев, Ы.Шайбековдор болгондугу баарыбызга маалым. А жазма адабиятта лениниада темасы эки жактуу, эки багыттуу кеткен: биринчи – эмгекчилерге эркиндик алып берген жол башчыга сыйынуу, аны мактоо маанайында ырлар жаралган, мисалы:А.Токомбаевдин "Биз ленинчил жаш" деген ырында, Ленин өлсө дагы иши улантылып жаткандыгы:

Ленинчил – биз балапан жаш жүрөк,
Ленинчил – эзилген тап, жаш билек.
Ленинчил – кажыбаган жол башчы,
Ленинчил – өсүп жаткан жаш тилек!

Биз Ильичтин ишенимдүү балдары,
Эзилгендин жарык кылчу шамдары.
"Өз табым" деп кеменгерче иштейбиз,
Кесилсин баш, аксын денден кан дагы!

Биз - Ильиччил, жанга тобо кылбайбыз,
Биз – бирдешкен, отко күйүп сынбайбыз.
Жер бетинде тегиздикти бүтмөйүн,
Күрөшөбүз, алышабыз, тынбайбыз.

Биздин тилек – эмгекчилердин тилеги,
Биздин жүрөк – коммунисттин жүрөгү.
Алышканын алып уруп дем алган,
Биздин жүрөк – чын ишчинин жүрөгү –

деп ырдалган.

Ж.Турусбековдун "Ленин жолу" деген ырында автор башка акындарга окшоп, Ленинди жарык нурга, аткан таңга теңебесе да, анын ишин, инсандык касиетин, дүйнөлүк тарыхка салган изин поэтикалык тилде айтып берүүгө жетишкен:

Ленин жолу – ташка тамга баскан жол,
Эчен кыя, белестерди ашкан жол,
Таяк кармап,
Шымы жаргак,
Мурун зардап –
Жүргөндөргө "Кел берилеп!" – сунган кол.

Ленин жолу – коммунизм куралы,
Бойго жетип, толуп турган убагы.
Нур балкытып,
Жыт аңкытып,
Көз кайкытып,
Эмгекчиге тийип эрик чубагы.

Экинчи – Ленин өлгөндөн кийин аны жоктоо, ага кайгыруу, көңүл айтуу маанайындагы ырлар орун алган, мисалы, А.Токомбаевдин "Ленинди жоктоо" деген ырында:

...Осуят айтып кетиптир:
"Окуңар деп жабылып.
Мите, кулак, залимге
Жүрбөгүлө табынып,
Бартиянын чегинен
Чыкпагыла таарынып,
Өң эзилген биригип
Душманга тий жабылып..."
Ушинтип айткан өзүндү
Эстейбиз эңсеп сагынып – делсе.

Ж.Жамгырчиев менен Б.Кененсариндер болсо революция орноткон В.И.Лениндин өлгөнү эмгекчилер үчүн жарык нурдан, шам чырактан айрылуу экендигин, эмгекчилердин башына караңгы түн келгендигин салыштыруу менен айтып беришкен:

Бул күндө жарды-жалчы кайгырган күн,
Шам чырак, жарык нурдан айрылган күн.
Жоготуп жалпы кедей жол башчысын,
Башына түшкөн мунар караңгы түн.
(Ж.Жамгырчиев. "Кайгылуу күн" (21-январь).)

Сурасаң "бул неткен күн"?
Жардыга кайгы жеткен күн...
Эмгекчилер көсөмү
Владимир өткөн күн.
(Б.Кененсарин. "Владимир өткөн күн".)

М. Майрыкова,
Эл аралык Ататүрк Ала-Тоо университети

УЗАКБАЙ АБДУКАИМОВ – ОКУУ КИТЕПТЕРИНИН ТҮЗҮҮЧҮСҮ

Кыргыз элинин жазууучусу Узакбай Абдукаимовду биз жазуучу жана котормочу катары тааныйбыз. «Майдан» романы баш болгон бир нече чыгармаларды жаратып, дүйнөлүк адабияттын чыгаан өкүлдөрүнүн чыгармаларын кыргыз тилине которгон жазуучу агабыздын окуу китептеринин автору экендигин улуу муундагы агай-эжелерибиз эле билбесе, жаш окурмандарыбыздын бардыгы эле биле бербесе керек. Башталгыч мектептин үчүнчү классы үчүн окуу китебин алгач Н.Гафарова менен бирдикте жазып мектеп окуучуларына тартуулашкан.Китеп «Адабият бөлүмү», «География жана табият таануу», «Тарых» деген чоң бөлүмдөрдөн туруп, ал бөлүм ар түрдүү темадагы чыгармалардан турат. Алсак, «Адабият бөлүмү» деген биринчи бөлүм «Жай мезгилин эске түшүрүү», «Күз», «Мектеп, жолдоштук, үй-бүлө», «Кыш», «Жомок жана тамсилдер», «Жаз», «Шаарлар жана жолдор» деген бөлүмдөрдөн турат. «Жай мезгилин эске түшүрүү» бөлүмүндө С.Эралиевдин «Эмгек жайы» деген ыры, А.Токомбаевдин «Эки бала жөнүндө аңгемеси», В.Бианкинин «Аюунун бала кириткени» деген аңгемелери бар. Ал эми «Күз»

бөлүмүндө Н.Надеждина менен Б.А. Луниндин «Күз» деген чакан аңгемелери, С.Өмүрбаевдин «Күз айы» деген ыры, Л.Толстойдун «Ак куулар» деген аталыштагы аңгемеси өндүү кызыктуу чыгармалар орун алган.

«Мектеп, жолдоштук, үй-бүлө» бөлүмү Ж.Турусбековдун «Садагалар» аттуу ыры менен башталып, ага удаа эле Советтер Союзунун убагындагы китептердин дээрлик бардыгынын бордордук темасы болгон В.И.Лениндин өмүр-баянынан үзүндү, М.Кузнецовдун «Мыкты окуучу» деген баяны жана Н.Крупскаянын «Балдарга кат» деген кайрылуусу орун алган. Ошондой эле балдарды китепти сүйүүгө чакырган А.Осмоновдун «Китепти сүй» ыры менен удаа эле А.Осмоновдун «Пионерим», К. Акаевдин «Кыргызстан пионерлеринин маршы» жана М.Жангазиевдин «Мектебиме», Ж.Бөкөмбаевдин «Мугалим» деген ырлары орун алган. М.Горькийдин, Л.Н.Толстойдун чыгармаларынан үзүндү жана А.И.Ульяновanын «Ильичтин бала чагы жана мектептеги жылдары» аттуу кызыктуу аңгеме да өзгөчө мааниге ээ болгон.«Кыш» бөлүмү А.С.Пушкиндин «Кыш» деген ыры менен ачылып Ф.Барановдун, А.П.Чеховдун чыгармалары орун алган. «Жомок менен тамсилдерде» И.А.Крыловдун «Короз менен күкүк», «Күзгү менен маймыл», «Пил менен кандек» тамсилдери, Ж.Бөкөмбаевдин «Мышык менен май» аттуу тамсили жана А.С.Пушкиндин «Балык менен балыкчы тууралуу жомогу» орун алган. «Жаз» бөлүмүндө А.Осмоновдун, Ж.Бөкөмбаевдин, А.Үсөнбаевдин жана Т.Үмөталиевдин жаз жөнүндөгү ырлары жана Биринчи май майрамы, жаз тууралуу аңгемелер жана балдарды эмгекчил болууга чакырган «Олег Кошевойдун энесинин аңгемеси» да өз ордун тапкан.

«Шаарлар жана жолдор» бөлүмүндө авторлор балдарга Москва шаары, андагы имараттар, эскалатор, метрополитен станциялары жөнүндө маалымат берген чакан аңгемелерди жана Н.Жетикашкаеванын «Москва», К.Акиевдин «Метро» ырын тартуулашкан. Ошол эле жерде К.Акаевдин «Жаша Кыргызстан», А.Осмоновдун «Фрунзе», Ж.Бөкөмбаевдин «Паровоз» аттуу ырлары жана Фрунзе шаары жөнүндө жазылган чакан ангемелер менен катар түндүк уюл жөнүндөгү чакан, кызыктуу аңгеме орун алган.

Китептеги эң кызыктуу жана балдардын аң-сезимин өстүрүүчү бөлүм – бул «География жана табият таануу» бөлүмү. Бул бөлүмдө кичинекей окурмандардын ой-жүгүртүүсүн тереңдетип, акылын өстүрө турган кызыктуу аңгемелер орун алган. Алсак, күн чыгып келе жатканда күндүн шооласы адегенде кандай жерлерге тиет, горизонт, чыгыш, батыш, компас деген эмне деген суроолорго балдар кыска жана так, түшүнүктүү жооп ала алыша турган чакан аңгемелер берилген. Аны менен катар жер бетинин формасы, суу, токой, жаныбарлар, үй айбандары жөнүндөгү кызыктуу аңгемелер жөнүндөгү ырлар орун алган. Өсүмдүктөрдү өстүрүү ишинде дүйнөгө атагы чыккан агроном Иван Мичурин жөнүндө да кызыктуу аңгеме да бар.

Бул бөлүмдө сууда жашоочу жаныбар Кит жөнүндө, баканын өрчүшү, жыландардын табияты, шамалдын пайда болушу, барометр, климат жөнүндө бир топ пайдалуу маалыматтарды берүү максатында чакан аңгемелер бар. Ошондой эле ушул эле китепте «Кишинин денеси жана аны күтүү» бөлүмүндө адамдын дене түзүлүшү жана тишти кантип сактоо керектиги, витаминдерди кабыл алуу, тамакты кантип ичкенде жагымдуу болору, жугуштуу оорулар, микробдор, колду кесип алганда эмне кылуу керек деген суроолорго жоп берген абдан көп пайдалуу маалыматтарга ээ чакан аңгемелер орун алган. Дагы бир кызыктуу бөлүм «Орустун улуу ойлоп табуучулары жана саякатчылары» деп аталат. Бул бөлүмдө И.И. Ползунов, орус механиги И.Кулибин, Пржевальский, радиону ойлоп тапкан А.С.Попов жана Михлуко-Маклай жөнүндөгү кызыктуу аңгемелер берилген.Акыркы бөлүм «Тарых» бөлүмүндө 1812-жылдагы Ата Мекендик согуш, Бородинодогу салгылашуу, Наполеон, граждандык согуш, Чапаев, 28 баатыр жөнүндө маалыматтар жана чыгармалардан үзүндүлөр бар.

Ал эми экинчи китеп «Эне тил» З.Бектенов менен У.Абдукаимовдун аторлугу астында 1961-жылы жарык көргөн. Бул китеп мурунку китептен айырмаланып, 14 чоң бөлүмгө бөлүнгөн.

1. «Биздин жерибиз». Бул бөлүмдө Кыргызстандын табияты, анда өскөн өсүмдүктөр, Кыргызстандын сулары жөнүндөгү чакан тексттер бар.

2. «Жемиш жыгачтары жана токойлор». Бул бөлүмдө жыгачтын пайдасы, Мичурин жөнүндө жана бак өстүрүүнүн маанилүүлүгү, канаттууларды сактоо милдети тууралууу кызыктуу аңгемелер орун алган.

3. «Социалисттик мал чарбачылыгы». Төрт түлүк малдын пайдасы, канаттуулар фермасы, жылкылар, уйлар, төөлөр жөнүндөгү аңгемелер жана Тоголок Молдонун «Торпогум», Р. Шүкүрбековдун «Ыракмат койчу-чабанга» аттуу ырлары бул бөлүмдү түзүп турат.

4. «Сууда жана кургакта жашоочу майда жандыктар». Бул бөлүм А.Токомбаевдин «Ысык-Көлгө суктануу» деген ыры менен башталып, киттер, жыландар, бакалар, Ысык-Көлдөгү балыктар жөнүндөгү аңгемелерден турган чакан бөлүм.

5. «Жапайы айбандар». Жапайы айбандардын пайдасын жана зыянын баяндоо менен бирге В.Бианкинин «Аюунун бала кириңткени», Р.Шүкүрбековдун «Мергендин аңгемеси», К.Беренстин «Нарындын даназалуу уу-чуусу», Л.Н.Толстойдун «Секирүү», К.Каимовдун «Түлкү», Р.Шүкүрбековдун «Жолборс менен айгыр» аттууу кызыктуу аңгемелерин жана Ч.Иманкуловдун «Кыргызстандагы жапайы айбандар» деген ырын тартуулаган. Эгерде мурунку китепте К.Жантөшевдин «Беш бөлтүрүк» жөнүндөгү аңгемеси берилсе, бул китепте ал орун алган эмес. «Үй айбандары» деген бөлүм болуп, «Жапайы айбандар» деген бөлүм болгон эмес. «Жер бетинин формасы» деген бөлүмдө болот тырмак, тоо теке, беш бөлтүрүк жөнүндөгү аңгемелер орун алган.

6. «Жер бетинин формасы, жер үстүндөгү суулар жана табияттын кубулуштары». Бул бөлүмдө мурдагы китептегидей эле жер бетинин формасы, шамалдын пайда болушу, аба-ырайын билүүнүн мааниси, климат, желдин кызматы жөнүндөгү аңгемелер орун алган.

7. «Шаар жана кыштактар» мурунку китептеги «Шаарлар жана жолдор» деген эле бөлүмгө окшошуп кетет. Бирок, бул китепке совхоз, колхоздор жөнүндөгү аңгемелер жана Фрунзе–Ош жол курулушунун маанилүүлүгү жөнүндө аңгеме кошулган.

8. «Пионер, комсомол жана партия». Мурунку китепте «Мектеп, жолдоштук, үй-бүлө» деген бөлүмдө пионерлер жөнүндөгү бир аңгеме жана эки ыр берилсе, бул китепте өзүнчө бир чоң бөлүм болуп пионерлер, алардын закондору, 19-май жөнүндөгү аңгемелер, В.И.Ленин жөнүндөгү аңгеме, комсомолдор, коммунисттик партия жөнүндөгү аңгемелер жана К.Акаев-

дин «Пионерлер маршы», С.Щипачёвдун «Пионердин жагоосу» ырлары орун алган.

9. «Өткөн турмуштун элестери». Мурунку китептин «Тарых» бөлүмүндө кездешкен «Эмне үчүн Ваняны урат», «Рават дарбаза» аттуу чыгармалардан үзүндүлөр жана 8-март – аялдардын майрамы жөнүндөгү маалымат, Токтогул ырчы жөнүндөгү чакан аңгемелер орун алган.

10. «Улуу Октябрь Социалисттик Революциясы». Бул бөлүм А. Токомбаевдин «Октябрдын келген кези» деген ыры менен ачылып, 23-февраль жөнүндөгү жана В.И.Ленициндин ишмердиги жөнүндөгү аңгемелер түзүп турат.

11. «Биздин өлкөнүн иши жана турмушу». Бул бөлүмдө биринчи трактордун келиши, Павлик Морозов жөнүндөгү аңгеме менен бирге Ш.Бейшеналиевдин «Кычан», Т.Абдумомуновдун «Орто-Токойсуз Чүй каналы жок» сыяктуу чакан аңгемелер берилген.

12. «Улуу Ата Мекендик Согуштун баатырлары». 28 баатыр жөнүндөгү А.Кривицкийдин аңгемеси, Александр Матросов, Таня деген партизанка жөнүндөгү аңгемелер, Ч.Түлөбердиев жөнүндөгү К.Жантөшевдин аңгемеси, А.Фадеевдин «Жаш гвардиячылары» сыяктуу чакан аңгемелер берилген.

13. «Совет элинин согуштан кийинки турмушу жана эмгеги». Согуштан кийинки тынч жашоо, өлкөбүздүн өсүп-өнүгүшү жөнүндөгү аңгемелер, ырлар орун алган.

14. «Саламаттыкты сактоо жана камкордук». Бул бөлүмдө балдарды таза болууга, өздүк гигиенаны сактоого чакырган аңгемелер, гимнастиканын көнүгүүлөрү жана ич өткөк-дизентериядан, глист оорусунан кантип сактануу керектиги тууралуу маалыматтар берилген.

Бул китептер У.Абдукаимовдун түзгөн окуу китепчелеринин алгачкылары эмес. Анткени 1939–1940-окуу жылында К.Орозалиев менен бирге толук эмес орто жана орто мектептердин 7-классы үчүн адабият хрестоматиясын түзүшкөн. Аталган китеп дагы берилген материалдардын байдыгы, маанилүүлүгү менен айырмаланып турат. Китепке М.А.Салтыков-Щедриндин «Акылман чабак» жана «Помещиктин короосундагы бир күн», Л.Н.Толстойдун «Хажымурат», А.П.Чеховдун «Унтер Пришивилев», «Кутудагы адам», М.Горькийдин «Эне», Д.Фурмановдун «Чапаев» романдарынан үзүндүлөр киргизилген. Ал эми кыргыз адабияты боюнча чыгармалар абдан эле аз киргизилген. Алсак, «Манас» эпосунан үзүндүлөр жана Т.Сатылгановдун «Кедейкан» жомогу өңдөнгөн чыгармалар гана китепте орун алган. Эгерде талдоого алсак, китеп көптөгөн кемчиликтерге ээ. Чыгармалардын тандалышы, алардын таалим-тарбиялык маанисине окшогон көпчүлүк эрежелер эске алынган эмес. Бул мүчүлүштүктөр ошол кездеги тажырыйбасыздыктын, тактап айтканда ага чейин бардык талапка жооп бере турган китептердин жок болгондугу менен түшүндүрүлөт десек болот. Бирок, минтип эле кемчиликтерди санай бербестен китептин авторлорунун эмгегин да баса белгилеп кетишибиз керек. Мүмкүн авторлор кыргыз окуучуларын орус адабиятынын-белгилүү жазуучулары менен тааныштырайын деген максатта болушкан. Ал китептерди келечекте дагы талдоого алып, изилдеп чыгышат деп үмүттөнсөк болот.

Адабияттар

1.Абдукаимов У., Гафарова Н. Эне тили. /Окуу китеби.-3-класстын окуучулары үчүн. -Ф., 1953.

2.Абдукаимов У., Бектенов З. Эне тили. /Окуу китеби.-3-класстын окуучулары үчүн. -Ф., 1961.

3. Ишекеев Н. Окуу китебинин тегерегинде //Муг. газ - 1990. 25-май.

Енвер Капаган,
К.Карасаев атындагы БГУ

КЫРГЫЗ-ТҮРК ЭЛДЕРИНДЕГИ ЫРЫМ-ЖЫРЫМДАР, АЛКЫШТАР МЕНЕН КАТАР КАРГЫШТАРДЫН ЖАЛПЫ ОКШОШТУКТАРЫ

Түркиялыктардын баланы көз тийүүдөн сактоо үчүн колдонгон ырым-жырымдар турмушта кеңири колдонулуп келет. Албетте, бул жерде да ырымдар исламдын күчтүү таасири аркасында айтылганын байкайбыз. Ал тургай Курандын Фил сүрөөсүнөн алынган ырымдар бар. Төмөндө ошол ырымдардан мисал келтирсек: "Элем тере фиш, жаман көздөргө шиш" арапчадагы "көргөн жоксунбу" сөзү элемтера өзгөртүлүп элемтере деп айтылып калган. Бул Курани Керимдеги Фил сүрөөсүнүн алгачкы аяты. (EROL, 2007: 39)

Аментү билах,
Бир казан манты,
Жеп-жеп тойбосом,
Ылайга батсам, өлбөсөм,
Ажыга барып кайтпасам.
Жүзүм жаңгак жеп жатам.
Арпа Аллах үйүндү жасаса,
Көмүр Аллах берсин узун өмүр.
Мекен жаным сага курман.
Таң аллах жакшыларга жар.
(KAYA, 1999: 568-572)

Бул жерде да жогоруда айтып өткөндөй исламды даназалаган саптар. "Ажыга барып, кайтпасам" деген саптары, ажыдан өлүү түз бейишке чыгат деген түшүнүктөгү ыр саптарын кезиктирүүгө болот.

Кичинекей бөбөктөргө арналган ырымдар

Пыш пыш мияв деди,
Бир эле кашык май деди.
Май болбосо бал болсун,
Менин балам соо болсун.
Күчү, күчү аф деди,
тиштем эт деди.
Эт болбосо сөөк болсун.

Менин балам соо болсун.
Адырлар адырынар болсун,
Бир бала балаңар болсун.
Ишиңер беш, беш болсун,
Кой бизде он беш болсун.
(KAYA. 1999: 574-602)

Баланын амандыгын тилеген бул ырда акын Каянын айтайын деген ою бар. Ыр көркөм каражаттардын, салыштыруулардын негизинде жазылган. Бул балдар адабиятынын бир бай мурасы десек жаңылышпайбыз. Жана балдардын психологиясына ылайыкталып жеңил жазылган.

Түрктөрдөгү Ай көргөндөгү ырымдар

Ай көрдүм Аллах,
Аментү биллах.
Кандай күнөөм болсо,
Кечиргин Аллах (KAYA. 2001: 10)

Кыргыздардагы ай көргөндөгү ырымдар
Кырыгыздар ай жаңырганда:
Ай көрдүм, аман көрдүм,
Айдан аман, жылдан эсен бололу

- деп айга үч ирет айга карап жүгүнөт. Ошону менен катар ушул ай кирешенин айы бол, молчулуктун, токчулуктун айы бол, Элге тынчтык бер, жерге тынчтык бер-деген тилектер айтылып, атайын жаңырган айды карайт. Эгер ай тикесинен жаңырса кургакчылык болот, эгер ай чалкалап жаңырса ай өзүнө тынч, элге тынчы жок деп жоорушат. Ал тургай ай жарык чыктыбы же күңүрт чыктыбы? же кызарып чыкса падыша алмашат деген ишенимдер, ырымдар болгон. Азыр мындай ырымдарды билгендердин эң акыркы муундары жашап жатат. Алардын катары суюлуп баратат. Эгер алардын көзү өтсө, азыркы муундар мындай астрологиялык кубулуштарды алардай чечмелей албайбыз. Улуттун нарк-дөөлөтү тукулжурап баратканын ар бир кыргыз зээнинен сезсе билсе кана атаганат.

Кыргыздарда Күн көргөндөгү ырымдар

Кыргыз эли башынан эле астрономиялык же болбосо асман табияты менен өтө тыгыз байланышта болгон. Ар бир жылдыздын аталышын жана жылдыздарга карап төлгө салганы, Ай тутулгандагы ырым-жырымдар, Күн тутулгандагы ырым-жырымдарды жасашкан. Ошондой эле Күн кызарып чыкса, эртеси аба-ыраайы кескин бузулаарын, Күн кызарып батса эртеси күн ачык болоорун беш колундай билишкен. Ошондуктан эл ичинде "Күн кызарып чыкса элиңди жоо чапкандай күйүнгүн, Күн кызарып батса энең эгиз төрөгөндөй сүйүнгүн" деген макал калган. Күн жаз алдында жылуу тийбесе да сүмөлөк жасап, тилек айтып ырымдашкан.

Түрктөрдө уктаардан мурда айтылчу баталар

Аллах мени кош кыл,
Кабырымды кең кыл.
Кабырга барганда,
Мухаммедди жолдош кыл.
Аллах мени кор кылба,
Кабырымды тар кылба.
Кабырга барганда,
Тилимди байлаба. (KAYA, 2001: 11)

Мында исламдын шарыяттарына ылайык өлүмдүн да жакшысын тилөөнү айткан ыр саптары. Анткени кыргыздарда жакшы жашамак бар, жакшы өлмөк жок-деген накыл кеп бар. Ошондуктан ар бир инсан өзүнүн башында акыры бир өлүм бар экендигин биле жүрүүсү абзел экендигин даназалаган поэтикалык саптар экендигинен кабар берет.

Кыргыздарда уктаардын алдында айтылуучу дубалар

Кыргыздарда да уктаардын алдында таза жуунуп, которунуп, төшөк жуурканын жакшылап салып, жатары менен мындай дуба кылган: Жараткан Теңирим, уйкумду тынч кыла көр! Түндөн түгөл чыгайын! Эртеңкиге чейин бир жаным өзүнө аманат-деп дуба кылат. Кээде бир ирекет куран окуп анан уктаганга камынат. Бул албетте динге жакын адамдардын катмары гана ушундай ырым кылат.

Түрк элдик аңгемелердин каармандарынын арасында көбү күнүмдүк жашоодо колдонулган тил жана көптөгөн алкыш каргышты ичине камтыйт.

Теңир менен Зухра аңгемесинде:

Көзү чыкса атаң
Мени колады.
Сен кетсең жакшы болсун,
Арчалуу белдер түз болсун,
Меңден жакшы жар сүйсөң,
Жалаттар мойнуңду бурсун
(AKALIN, 1990: 41)

Баласы жок бир хан менен анын жардамчысы ушул дарт менен жолго чыгышат. Эгер балалуу болушса кызын Мусулман болот, балдарын бири-бири менен үйлөнтүүнү ант кылышат. Бирок балдары чоңойгондо кечил баш тартат, миң кыйынчылык менен табылган Керем Аслынын мусулман болуп өзүнө турмушка чыгуусун өтүнөт жана мени сүйсөң мына ушундай сүй деп айтат. "Асыл менен Керем" аңгемесинде Аслыдын мусулман болуп өзүнө турмушка чыгышы үчүн мындай дуба кылат. Кудайдан "акыр заман пайгамбары Мухамед Мустафа менен Тебрат Зебур жана куранга өзүнүн тарткан азабынын төрттөн бири Аслыга тийип, динге кирсин"-деп дуба кылат . (EL3ЭN, 1993: 512)

Керем суранам мени кыйнаба (EL3ЭN, 1993: 517)

Ашыктык аңгемеси бардык түрк тилдүү элдерде ар кандай түрдө кездешкен аңгеме. Ашык бир акындын жанында көп убакыт иштейт, бирок эч нерсе үйрөнбөйт. Ашык болуу үчүн аллахдан дуба кылат. Дубасы кабыл болуп уктан жатса түшүдө бал ичет, мына ошондон тартып күчтүү төкмө акын болот. Тифлисте сүйгөнүн издеп апасы менен жолгочыгат. Сенеми табат бирок атасы калыңына көп акча сурайт, ошон үчүн төгүп ырдап акча топтоо үчүн алыска кетип жаткан сүйгөнүнө башка бирөөгө кетип калбасын деп ырымдап мындай дейт:

Кетпе,кетпе жол баткак,
Сенин жүрөгүң таш темир.
Жети жыл эмне деген өмүр,
Кетсең кайра аман кел.
Кетсең сүйгөнүм алыс жактарга,
Мени унутпа эч качан.
Эгер кетсең эрте кет жолдон,
Көңүлүмдү калтырба.
Байкуш бул сөздөрүң эч жарабайт,
Антын аткарбаган жигит болбойт.
Жигиттер көп, бирок сага тең эмес,
Кетсең аман кел (ТЭКА, 2002: 147)

Бул ыр саптарында ашыктык дастанынындагы элдик үлгүлөр сакталган. Эр жигиттин жакшы сапаттарын, ар-намысын козгогон, ага болгон сүйүүсүн, ишенимин ант эткен ыр саптары жаралган. Албетте бул саптар профессионалдык деңгээлде жазылган десек болот. Ангемелерде бала-бакырасы болбогондор жетишпеген бир дарт катары кабыл алат. Ушул эле жерден айта кетүү керек Кыргыздарда бала төрөбөгөн аялды айрыкча оор көрүшөт. Ошондон улам "Төрөбөгөн аялдын аты токулуу" деген макал калган. Демек, төрөбөгон аял качан болсо да акыры бир күн төркүнүнө кетет деген бекем ишеним болгон. Башка бала багып алып да ырымдашат. Ал баланын артынан бала келсин деп, көтөнүн майлап, майлуу көтөн боло көр, артыңан бала ээрчитип келе гөр – деген үмүт менен ырым кылышат. Албетте мындай ырымдан соң кээде тилеги ишке ашып артынан бала ээрчитип келген учурлар да кездешет. Деги эле ырым-жырымдар бул жашоо-турмуштун зарылдыгынан келип чыккан.

Көбүнчө хандар бай адамдар баласы болбогондон улам бактысыз болушат. "Асуман менен Сейжан" аңгемесинде хан жолуккан дербишке "карасаң тигил кедейди үч-төрт баласы бар, балдардын бирөөнү кудай мага берсе эмне болот эле" деп, баласыздык чоң дарт экенин айтат. (KAYA, KOZ. ,2000: 21)

Эки тең балалуу болуу, тукум улоо проблемалары бирдей. Жашоонун өзү бала менен. Баласыз жашоо мазмунсуз. Айрыкча каргаган учурда"ылайым как баш болуп кал!"-дешет. Бул адамзат үчүн акыркы жамандык каргыш десе болот. Жашоодо как баш болуу – бул эң чон арман. Ошондуктан кээде кыргыздар ачууланып турса да тукумун өскүр - деп өзүн жаман сөз айтуудан ырымдап турат. Эгер жаман сөз айтса ошол да аткарылып калышы мүмкүн. Ошон үчун баланча каргышка калган деген сөздөрдү эл ичинен угууга болот.

Түркияда жана кыргыздарда бала тилөө, туулган күн, сүннөт кылуу сыяктуу учурларда жасалган ырым- жырымдар

Адамдын жашоосундагы эң маанилүү нерселердин бири балалуу болуу. Буга арналып айтылган бир топ тилектер бар. Бул тилектер көбүнчө жаңы балалуу болгон ата-энелерге айтылат. Жаңы туулган наристелерге да жакшы тилектер айтылат. Кудай багыштасын , Кудай ата-энеси менен бирге чоңойтсун. (Ата-Эне) Кудай төрт көздөн айырбасын, дешет.

Кыргыздарда да жаңы туулган баланын оозуна сары май оозандырат. Себеби баланын ырыскысы мол болсун үчүн ырымдашат. Жентек тойго келгендер: Өмүр жашы менен, бак таалайы, тени жаны сак, ырыскы бактысы менен ата-энеси менен берсин! Атанын эле эмес, элдик адам болсун! Келечекте элдин камын ойлогон Эр азаматтардан болсун! Элге төбөсү көрүнгөн, артынан элди ээрчиткен кыргыздын мырзаларынан болсун деген тилектерди айтышат. (С Муратова, 2009.)

Туркия фольклорунан кош бойлуу учурда, төрөт убагында жана туулган күн каадаларында айтылган бир канча тилектерди кездештиребиз. Кош бойлуу кезинде, наристесинин жынысы белгилүү боло электе, кыз болуусун кааласа төмөндөгү тилектер айтылат:

Наристен кыз болсун (AKALIN, 1990SAYFA 125)
Эрке болсун (AKALIN, 1990SAYFA 125)
Кызын камкорлуу болсун (AKALIN, 1990SAYFA 125)

Ал эми наристенин эркек болуусун самагандар төмөндөгүдөй тилектерди айтышат:

Кудай уулумду кулдардын чоңу кылсын
Жети уулга бир дасторкон жайылсын
Кудай уулума кулду, мөмө талаа берсин
Жети уулдун бир атасы болсун
Кудай сага уул берсин
Кудай сага Пашаны насип кылсын
Кудай уулума кулдардын жаманын бербесин (EROL, 2007, s. 79)

Ошондой эле уулдуу болууну каалагандарга айтылган тилектер:

Жети уул дасторкондо бирге болсун
Жети уулдун атасы бол
Жайдын күнү чалапсыз
Кыш күнү чалапсыз
Уулундун энеси бол
Майрам күнү уулсуз калтырбасын
Кудай эч кимди уул баласыз калтырбасын (AKALIN, 1990SAYFA 86-134).

деген тилектер айтылат. Жалпы эле түрк элинде уулу жок деген бул турмушта түркүгү, мураскору жок, аты өчөт дегенге барабар нерсе. Ошондуктан уулдуу болуу бул чоң дөөлөт.

Эркек балалуу болуу тилектери байыркы дастандардан тартып, биздин күнгө чейин уланып келет. Кийинки заманда бул тилек «Эркек бактылуулук, кыз береке» деп айтылып келет. «Кудай, тилегенинди берсин. Кыз эркек айрымасы жок.» Мына ушул сыяктуу тилектер айтылса да коомдун оюнда эркек балалуу болуу тилеги дагы да болсо улана берет. (SAYAR, 2011, S. 180).

Кудай нурдай болгон бир бала берсин...

Кудай, сага кара чачтуу, кара каштуу бала берсин...

Ал эми кыргыздарда болсо жаактуудан Жеңижок айтышаарга тең жок белгилүү акыныбыз да уулу жоктугунан:

"Оң колумда муунум жок,
Ордумду басаар уулум жок,
Кайрылышта мүрзөмө,
Кайрылып бараар уулум жок "-деп мунканган. Уул баланы журттун отун өчүрбөй, тукум улап кетүү үчүн кыргыз эли тилеген.

Адабияттар

1. Абрамзон С. М. Кыргыздар жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалган эмгектер.-Б.: Кыргызстан, 1978.
2. Абдылдаев Э. Кыргыз фольклорунун тарыхынан. -Ф.: Илим, 1983.
3. Абразаков А. Түрк атанын балдары болсок же рун башаттары. -Анкара, 1995.
4. Иманалиев К. Каганат. -Б., 2008.
5. Элла Маяр. Тенир-Тоодон Кызыл-Кумга. Франц. / Которгон Н. Турганбаев, Ж.Канталуб. -Б.: Турар, 2011.
6. Арат. 1991:21.:
7. Инан, 2000:14.
8. Кадыров Ы. Ырым-жырым белгилери // Кырчын. 2010. №7.
9. Оморов А. Кыргыздын ырым-жырымдары // Адеп.- 2010. №2.
10. Мукасов Ы. Көчмөндөрдүн дүйнө таанымы // Кыргыз Туусу. 2009. №81. (30-окт).

Енвер Капаган,
К.Карасаев атындагы БГУ

КЫРГЫЗ-ТҮРК ЭЛДЕРИНДЕ ТАБИЯТКА, МАЛ-МҮЛККӨ АЙТЫЛУУЧУ АЛКООЛОР

Табиятка байланыштуу баталар:

Түрктөр көбүнчө Исламга чейинки диний көз караштарда кездешет. Мында табигатта болчу кубулуштарга карап ой-жорум, ырым-жырым жасалат. Тунжелиде Дүзгүн тоосуна карама-каршы жерге таш тизип ага таазим кылышат. Ачууланган бирөө: "Сени Дүзгүн ата уруп кетсин!" деп каргайт. (KALAFAT, 1998: 40) Сами Акалындын ою боюнча Шаманизмдин таасири менен Көкө Теңирге болгон ишеничтен калган. (AKALIN, 1990:73)

Агрыда чагылган чартылдаса дубалга желкесин таяп тишине темир бир буюмду тиштеп алса арты бекем тиши бышык болот деп ишенишет. (KALAFAT, 1998: 32)

Карста жаңы чыккан айды көргөндө топуракка жана алтынга карашат. Ушинтсе, кийинки күндөрдүн берекелүү болоруна ишенишет.

Ич Анадолуда жаңы айды көргөндө "Ай көрдүм Аллах, аментү биллах, ай кут болсун эй Расулаллах" дешет. (KALAFAT, 1998: 35-36)

Ай көргөндө:

Астында ай жаркырасын,
Ай көрдүм Аллах,
Аментү биллах,
Айын кут болсун (AKALIN, 1990:84-85)

Булут жөнүндө:

Булут сага көлөкө болсун. (AKALIN, 1990:92)

Карс жана Агрыда жазда алгач агын сууга чөмүлөөрдө "оорчулугум, кирдүүлүгүм, таздыгым ушул сууга" десе ошол жыл ден соолуктуу болоруна ишенишет. (KALAFAT, 1998: 52)

Чагылган чартылдаганда: Оорулуу жерге жатып ооналактайт жана: "оорум жерге, жердин күчү мага өтсүн"- дейт.

Жер асман жардамга келсин. (EROL, 2007: 26-27)

От жагаарда:

Бисмиллахиррахманиррахим.
Жактым сени Аллах үчүн.
Мухаммеддин урматы үчүн.
Отуң нур болсун.
Түтүнүн асманга чыксын
(AKALIN, 1990: 84)

Дарак жөнүндө: Дарагың куурабасын,
Жөлөнгөн дарагың кулабасын,
Көлөкөлөөчү дарагын чабылбасын. (AKALIN, 1990: 79)

Кургакчылык учурунда жамгырдын жаашы үчүн айтылчу дубалар:

Чөмүчтүү келин ботко каалайт,
Бир кашык да май каалайт.
Май бергенге уул берсин,
Буудай бергенге кыз берсин.
Бер Аллахым бер,
Шатырап жааган жамгыр бер,
Башым жамгыр каалайт,
Бутум ылай каалайт. (ARTUN, 2004: 216)
Жаа жаа жаа жамгыр,
Илегенде камыр,
Талаада жамгыр,
Бер Аллахым бер.
Сел сымал жамгыр,
Бер Аллахым бер,
Бутубузду жер өрттөдү,
Башыбызды күн өрттөдү,
Суулуу селдүү жамгыр. (KAYA, 1999: 609)

Жамгыр тилеген бул ыр саптары кыргыз элинин элдик чыгармаларынан эмнеси менен айырмаланат? деген суроону алдыга койсок, мен муну айтаар элем, кыргыз элинде эч убакта селдүү жамгыр бер деп тиленбейт Жөн гана жамгыр тиленет. Сөздөн жаңылбаш керек, ушул жерден айырмаланып турат. Кыргыз эли себеленген ак жаанды гана табияттан суранат.

Жамгырга байланыштуу дубалар:

Бутубузду жер күйгүздү,
Башыбызды күн куйкалады,
Бер аллахым
Селдүү суулуу жамгыр,
Жер жер болсун,
Асман асман болсун,
Арпа буудай мол болсун.
Оомийин!
Жерден береке,
Асмандан рахмет,
Бер аллахым,
Селдүү суулуу жамгыр! (KAYA, 2001: 10)

Жогорудагы айтылган дубаларда "селдүү суулуу жамгыр" –деп тилек кылып жатышат. Селдүү деп тилөөнү кыргыздар эч убакта айтпайт. Анткени сел ар кандай суу ташкындарын, элге кырсыктарды, дыйканчылыкка кырсыктарды алып келет, ошондуктан кыргыздын табияттан сураануусунда эч качан селдүү суулуу жамгыр бер-деп айтпайт. Түлөө өткөрүп, жамгыр суранганда да себеленген ак жаан бер-деп суранышат. Бул дубаларда кескин айырма бар экендиги көрүнүп турат.

Кыргыздардын табиятка алкоолору

Ай жаңырганда:

Ай көрдүм, аман көрдүм,
Айдын мунарынан,
Жердин кучагынан,
Жегилик дан,
Бир кыштык саман көрдүм.
Жесирге жемиш,
Жетимге жеңиш.
Жөөгө улов,
Жалкоого мээнет.
Жалгызга эрмек,
Иштерманга кут,
Саранга жут,
Ушакчыга ув,

Ак ниетке тув.
Баарыга кайыл заман көрдүм.
Айдан аман,
Жылдан эсен бололу,
Келерки ушул күнгөчө,
Өсүп-өнүп, тололу.
Бакылга тар,
Бапырга бар ай бол!
Оомийин обловакпар!
"Эл адабияты" 29-т. 14-б.)

Үрөн сепкендеги айтым:

Мына септим уучтап,
Жылув жерден конуш тап,
Бу-жетим жесирге,
Мунусу карып-мискинге,
Бу-ач-арыкка,
Мунусу-алсыз карыпка.
Булары курт-кумурскага.
Мунусу-сурамчыга .
А бул тилемчиге .
Булары-саламчыга.
Калгандары:
Сизге, бизге, мага,
Бабадыйкан жолдошум,
Бардык ишти оңдосун,
Бардык жерде колдосун.
Жар болуп жылоосун.
Эми быягын мен билемин:
Сугатын өксү болбосун,
Арыгын кенен чабылат.
Тилегим жөн,
Өн, үрөнүм өн!
Береке бек байласын,
Бердик баба дыйканга,
Бири минден чайласын!
("Эл адабияты" 29-т. 13-14-тт.)

Бул ыр саптары аркылуу элдин жер энеге болгон тилеги, токчулуктан үмүт кылган, бай түшумгө үмүт кылган дыйкан элдик тилеги айтылган. Ошону менен бирге "Өн үрөнүм өн" деген саптар адамдардын табият менен сырдашкан мамилесин көрсөтүп жатат.

Өткүн тууралуу айтымдар

Өткүн-өткүн, өтүп кет.
Өйүз сүүвүн кечип кет.
Өсүп калды буудайым,
Ого барбай безип кет.
Өтүгүндү чечип кет.
Биздин шакты калкала,
Бакылдыкын талкала.
Кара өткүн өтүп кет,
Кара сувду кечип кет,
Кылкан тартты арпабыз,
Качкын, барбай безип кет,
Кара тонуң чечип кет.
Долу болсо талкала,
Дыйкан данын калкала!
(А. Акматалиев Кааада-салттар, ак баталар. "Эл адабияты" сериясы 29-т. 14-.2003.)

Бул жерден биз ичкилик элинин элдик фольклорунан кабардар болдук. Анткени Сууну "Сув" деп айтканынан улам биз бул чыгарма ичкилик элине таандык деп айта алабыз. Адатта ичкилик эли дыйкан, мээнеткеч эл келет. Ошондуктан алардын табияты өзгөчөлөнүп турат. Биздин фольклорубуздун бай казнасын ичкилик элинин фольклору да толуктап турат.

Күн күркүрөгөндө айтым

Күркүрө, күнүм, күркүрө,
Тоголоном көркүнө.
Күркүрөгөн күчүнө.
Жер жарылып чөп чыксын.
Чабалышпай ыкшысын.
Чалгысы тийип балдарга.
Чамынышып иш кылсын.
Таш үстүнө чөп чыксын.
Тамшанып журт кеп кылсын.
Күркүрө, күнүм, күркүрө.
Тоголоном көкүнө.
Күркүрөгөн күчүнө,
Желин айрылып сүт чыксын.
Булак болуп көп чыксын.
Керилип жүргөн келиндер,
Саай албай ыкшысын.
Бышыралбай баашысын.
Кырмычыгы көп болсун.
Кыздар кырып жеп койсун.
Күркүрө, күнүм күркүрө,
Тоголоном көркүнө.
Күркүрөгөн күчүнө.
Арпа, буудай чайпалсын.
Айылым көрсүн пайдасын.
Журтум көрсүн пайдасын.
Тарув конок чайласын.
Тең көрөлү пайдасын,
Коондор койдой жайнасын.
Балдар көрсүн пайдасын.
Дарбыздар таштай жайнасын,
Тен көрөлү пайдасын.
Күркүрө, күнүм, күркүрө,
Тоголоном көркүнө.
Күркүрөгөн күчүнө,
Жер жарылып чөп чыксын,
Желин айрылып сүт чыксын.
(Кызыл-суулук кыргыздардын оозеки чыгармаларынан.
"Эл адабияты" 29-т. 34-36-бб.)

Адам баласы жаралгандан бери эле табият менен бир бүтүндүктө эриш-аркактай айкалышып жашап келген. Жашоосунун, турмуш тиричилигинин өзү бир бүтүн гармонияны түзүп турат. Бирок адамзат кээде ошол бүтүн гармонияны өзү кайра бузуп алат. Ал бүлүндүргүч, талкалагыч, жойгуч болуп калат. Мисалы жашоого таза аба берип турган жашыл токойлорду кыйып, өрттөп, тоолорду жардырып жол салып, же кен казып, жапайы жаныбарларды кескин кырып, же ууландырып, деңизди булгап коюшат.

Адегенде адамзат отту кандай багындырса, эми ошол оттун курманы да болуп калат. Ар бир кыйылган даректын ордуна кайра жаңы дарак сайбаса анда биз жер жүзүндөгү балансты бузуп алышыбыз мүмкүн. Бул туурасында улуу жазуучубуз өзүнүн "Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт" аттуу прозасында Эмирай абышканын дарак менен болгон диалогундагы эпизоддон улам Айтматов глобалдык проблемманы эчак эле кыйкырык салып айтып койгонуна күбө болобуз. Же болбосо Акбара менен Ташчайнардын образы аркылуу адамзат жапайы жырткычтарга тукум курут кырдаалына жакындап баратат, же жан

дүйнө кыйкырыгы аттуу глобалдуу кыйкырыкты эчак эле айтып койгонуна күбө болобуз.

Эмне үчүн байыркы доордо эле адамзат аңчылыктан жолум болсун деп "Аңчылык бийин" бийлеген? Бул да болсо табиятка таазим этүү же аңчылыкка табияттан уруксаат суроо таризинде жүргүзүлгөндүр.

Малды сойгондо да: Ээ Кудай, жалынмак менден, жалгамак сенден, менде азык жок, сенде жазык жок деп салдын башынан сылап, андан ыраазычылык алып анан сойгон. Себеби ал да жаратылыштын бир мүчөсү, колго тийгенди эле сое берген эмес. Качан гана зарыкканда сойгон. Ошондо да мал ээси "Машаяктан" уруксатты жогорудагыдай сурап туруп анан сойгон.

Табиятка жалынуу ар бир адамдын керт башында болгон. Ар бир адам жараткан Теңир менен жекече сүйлөшө билген. Анткени адам Теңирден күдүртүндүр тиленип турган. Мындай тиленүүчүлүккө мисал келтирели:

Оо, Жараткан Теңирим, ушул кичинекей чүрпөмдү сактай көр! Бул да сенин пенден го. Жаратканың чын болсо эл катары бак-таалай бер!

Оо, жараткан Теңирим, теңдеши жок теңирим, элге тынчтык бер, жерге тынчтык бер, андан соң мага бактаалай бер!-деп тиленген. Биринчи Теңирден эл-жерге тынчтык тиленип, андан соң өзүнө тилеген. Азыркы чиновниктерге окшоп биринчи өз капчыгына күл тарткан эмес. Ошондой эле кыргыз эли абал сурашканда да биринчи эле мал-жаның аманбы?-деп учурашкан ошондуктан мал жанга болгон алкыштарга мисал келтирсек:

Короо толо малың болсун!;
Мал жаның аман болсун!;
Соёрго малың болсун!;
Тулпар тушунда, күлүк күчүндө;
Күндүк өмүрүң болсо, түштүгүнө жорго чап;
Ат адамдын канаты;
Ат сыйлаган жөө калбайт;
Ат көөлүгүң аманбы?;
Атка жеңил тайга чак;
Ат өлгөн жерде жол бүтөт;
Төрт түлүгүн түгөл болсун-

деген алкоо сөздөр, фразеологизмдер нака турмуштун нугунан алынган. Ошондуктан кыргыздар учурашканда мал-жаның аманбы? деп айткан. Ириде биринчи малын сураган анткени малсыз кыргыздардын жашоо шартын элестетүү кыйын. Анткени бардык турмуш-тиричилиги, улуттук экономикасы малга байланыштуу болгон.

Адабияттар

1. Абрамзон С. М. Кыргыздар жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалган эмгектер.-Б.: Кыргызстан, 1978.
2. Абдылдаев Э. Кыргыз фольклорунун тарыхынан. – Ф.: Илим, 1983.
3. Абразаков А. Түрк атанын балдары болсок же рун башаттары. -Анкара, 1995.
4. Иманалиев К. Каганат. -Б.. 2008.
5. Элла Маяр. Теңир-Тоодон Кызыл-Кумга. Франц. / Которгон Н. Турганбаев, Ж.Канталуб. -Б.: Турар, 2011.
6. Арат. 1991:21.;
7. Инан. 2000:14.
8. Кадыров Ы. Ырым-жырым белгилери // Кырчын. 2010. №7.
9. Оморов А. Кыргыздын ырым-жырымдары // Адеп.- 2010. №2.
10. Мукасов Ы. Көчмөндөрдүн дүйнө таанымы // Кыргыз Туусу. 2009. №81. (30-окт).
11. Акматова К. Боз үй көчмөндүн үйү. -Б.. 2011.
12. Акматалиев Амантур Беш түлүк куттуу салтыбыз. "Колдонмо" Кыргыз билим берүү инст. -Б.. 2002.

М. Майрыкова,
Ататүрк Ала-Тоо университети

ЭРНЕСТ ХЕМИНГУЭЙ МЕНЕН УЗАКБАЙ АБДУКАИМОВДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНА Л.Н.ТОЛСТОЙДУН ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

Кандай коомдо, кандай заманда болбосун адамзаттын жашоосуна мүшкүл алып келген согуштар тынбай болуп турган. Ал эми ал согушта катышкан баатырлар жана алардын эрдиктери эл оозунда айтылып, дастанга айланып, атадан- балага өтүп келген. Ага далил катары кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгындагы баатырдык эпосторду алсак болот. Ал эпостордо эки уруунун же эки улуттун ортосундагы кагылышуулар гана сүрөттөлбөстөн, ошол кездеги адамдардын жашоо-турмушу, дүйнө туюму, коомдун абалы, табияттын кубулуштарынын адамдын жан-дүйнөсүнө тийгизген таасири,тактап айтканда адамзаттын турмушуна тиешелүү болгон жалпы көрүнүштөр кенен-кесир болбосо дагы, өз деңгээлинде сүрөттөлүп келген.

Убакыттын өтүшү менен дүйнөлүк алкактагы согуштар башталып, Ата-Мекендик, граждандык согуштар боло баштайт. Ал эми ал убакта адабияттын бардык жанры өнүгүп өз деңгээлине көтөрүлүп калган учур болот. Ошол себептен калеми курч калемгерлердин колунан согуш жөнүндө жазылган эң бир кайталангыс чыгармалар пайда боло баштайт.

Чет элдик адабияттын тарыхында согуш жөнүндө чыгаан чыгармаларды жазган жазуучулар катары Р.Ремаркты, Дж.Олдингтонду, Э.Хемингуэйди жана башкаларды алсак болот.

Ал эми кыргыз адабиятынын тарыхында согуш жөнүндө жазылган чыгармалардын ичинен согуш майданын сүрөттөгөн мыкты чыгарма катары Узакбай Абдукаимовдун «Майдан» романын алсак болот.

Ал эми орус адабиятында согушту эң мыкты сүрөттөгөн жазуучулардын башында Л.Н.Толстой турат. Л.Н.Толстой өзүнөн кийинки согуш жөнүндө жаз-

ган калемгерлердин дээрлик бардыгына өз таасирин тийгизген десек жаңылышпайбыз.

Э.Хемингуэйдин чыгармачылыгын изилдеген окумуштуу И.Л.Финкельштейн өзүнүн эмгегинде: «Сам Хемингуэй хорошо знал, что настоящий художник всегда берет все то, что было постигнуто и открыто всегда «берет все то, что было постигнуто и открыто в его искусстве до него» принимая нужное ему и отвергая ненужное, и лишь затем идет дальше. И Хемингуэй брал «свое» у многих»[1]-деген пикирди айтат.

Ал эми белгилүү адабиятчы А.Н.Николюкин Л.Н. Толстой, Эрнест Хемингуэй гана эмес башка көптөгөн жазуучулардын дагы чыгармачылыгына чоң таасир тийгизгендиги, анын ичинен америка адабиятынын классиктери Крейн, Драйзер, Хемингуэй ж.б. дагы Л.Н.Толстойдон үлгү, сабак алгандыгы жөнүндө төмөндөгүдөй пикирин билдирет: «.....Творчество Л.Н.Толстого имело важнейшее значение для развития реализма в американской литературе. Его влияние сказалось на многих писателей США.

Известна высоко оценим Хемингуэйем (в предисловии «Люди на войне») романа Крейна «Алый знак доблести», правдивость которого он сравнивал с правдивостью «Войны и мира». Однако в более поздние годы, перечитав Толстого Хемингуэй в «Празднике который с тобой» дает гораздо более сдержанную оценку Крнейна: «По сравнению с Толстым описание нашей Гражданской войны у Стивена Крейна казалось блестящей выдумкой больного мальчика, который никогда не видел войны, я ни у кого, кроме Толстого, не встречал такого изображения войны». [2]

Хемингуэй 1920-жылдары өзүнө орус адабиятынын дүйнөсүн ачкан. «алгач орустар, андан кийин калгандары- Бирок, бир топко чейин орустар болгон- деп бир эскерүүсүндө эскерет. Ал Тургеневдин, Гоголдун англис тилине которулган бүт чыгармаларын жана Констанс Гарнетт которгон Толстойдун чыгармаларын жана Чеховдун англисче котормолорун окуп чыккан».[3]

Хемингуэй үчүн орустардын ичинен эң бир орчундуу орунду Тургенев ээлеген. Кайсы бир эскерүүсүндө «Тургеневден улам мен Россияда болдум» деп айткан экен. Өзгөчө Тургеневдин «Мергенчинин жазгандарындагы» талаалардын, аңчылыктын кооз сүрөттөлүшүн аябай баалаган. Хемингуэйге кейипкердин сүрөтүнө сырткы келбетине, жүрүш- турушуна тиешелүү деталдар аркылуу каармандын ички психологиялык абалын сүрөттөөчү тургеневдик принцип жакын боло турган.

Хемингуэйге орус жазуучулары Чехов, Достоевскийлер да аябай жага турган. Ал эми анын тизмесинде биринчи орунда «Согуш жана тынчтык», «Анна Каренина» аттуу чыгармалардын автору Л.Н.Толстой турган.

Л.Н.Толстой Хемингуэйдин кумирлеринин бири болгон. Ал өзүнүн интервьюларында, каттарында жана бир нече романдарында Толстойду айтып, анын чыгармаларын эстеп турган. Толстой менен Хемингуэй бири- бирине аябай жакын болгон. Анткени, бул эки жазуучу тең согушка катышкан, андагы окуяларды өз көзү менен көргөн жазуучулар болушкан.

А.Н.Николюкин «Путешествуя по Африке Хемингуэй читает «Севастопольские рассказы» Толстого, которые как-то сами собой вписываются если не в экзотический африканский пейзаж,то в душевный настрой писателя: «Книга эта очень молодая, в ней есть прекрасное описание боя, когда французы идут на штурм бастионов, и я задумался о Толстом и о том огромном преимуществе, которое дает писателю военный опыт.Война одна из самых важных тем, и притом такая, когда труднее всего писать правдиво, и писатели не видавшие войны, из зависти стараются убедить и себя и других, что тема эта незначительная, или противоестественная, или нездоровая, тогда как на самом деле им просто не пришлось испытать того, чего ничем нельзя возместить»[4]

Ал эми 1953-жылы сынчы Чарльз Пурга жазган катында ал: «Лев Толстой Севастополдо болгон. Бирок, Бородинодо болгон эмес. Ал убакта Толстой ал тургай төрөлө элек болчу. Ал бизге окшоп согуштун коркунучтуулугун сезип башынан өткөргөндүктөн өзү катышып, өзү көрбөгөн согушту жогорку деңгээлде сүрөттөй алган» деп жазган. Ал эми «Казактарды» ал «аябай жакшы повесть»[5] деп атайт. Ошондой эле 1942-жылы жарык көргөн «Согуштагы адамдар» деген антологиясынын баш сөзүндө Толстойго аябай жакшы мүнөздөмө берген: «Мен согуш жөнүндө Толстойдон жакшы жазган эч кимди билбейм. Анын «Согуш жана тынчтык» романы абдан көлөмдүү жана андан ар кандай сандагы салгылашууларды алууга болот. Үзүндүлөр өзүнүн чындыгын жана күчүн сактап турат» Толстойдун романындагы тарыхый жана философиялык чегинүүлөрдүн чексиздигин баалай билген. Ал «Согуш жана тынчтыкты» согушту жана андагы элдерди терең жан чындыкка өтө жакын сүрөттөгөндүгү үчүн жакшы көргөн.

Толстойдун искусствосундагы чындыкка таазим эткен. Анткени, анын чебер талантынан улам аскердик иш-аракеттердин театры, офицерлер жана солдаттар, салгылашуулар реалдуу чындыкка айланып сүрөттөлгөн. Ал эми «Дайыма сени менен болгон майрам» деген китебинде Толстойдун китеби жөнүндө эске салып Хемингуэй: «Граждандык согушту сүрөттөөдө Стивен Крейс менен Толстойду салыштырсак Стивен Крейстин сүрөттөөсү согушта эч качан көрбөгөн, эч качан согушту башынан өткөрбөгөн чоң баланын гана оюнан чыгаруусу сыяктуу сезилет» деп баа берген. Хемингуэй дүйнөгө таанымал жазуучу болуп атагы чыккандан кийин классик жазуучуларга өзүнүн атаандашына баа бергендей эле алардын чыгармаларын сынга алып, аларга өз оюн баасын бере билген. Ошол классик жазуучулардын ичинен Толстойдун чыгармалары, анын чыгармачылык дарамети Хемингуэйдин чыныгы кызыгуусун арттырып, сыйына арзыган.1949- жылы Чарльз Скрибнерге жазган катында ал классиктердин ичинен бир нечеси менен анын ичинен Шекспир, Сервантес жана Тургеневдер менен атандашууга даяр экендигин, бирок, Толстой менен эч бир атандашууга чыкпастыгын, анткени, Толстой баары бир жеңип чыгаарын белгилеп кеткен.[6]

Ал эми У.Абдукаимовдун чыгармачылыгына тийгизген таасири жөнүндө бир топ адабият таануучулар өз пикирлерин ортого салып жүрүшөт. Алсак, «Майдан» талкуусунда белгилүү жазуучу Ч.Айтматов: «Автор кээ бир учурда «толстовская манера» менен жазган жерлери байкалат»[7] деген оюн айтат. Ошол эле талкууда адабиятчы З.Мамытбеков Качикенин образын Л.Толстойдун романындагы Пьер Безухов менен салыштырып карайт: «Толстойдун романындагы Пьер Безухов да олдоксон, уялчаак каарман катарындав көрсөтүлөт. Ата Мекендик согуш башталганда анын мыкты сапаттары ачылат»[8]. Андан тышкары талкууда чыгып сөз сүйлөгөндөрдүн ичинен О.Орозбаев дагы: « ... Романдын жакшы жери автордун биринчи иретте орус адабиятынан, орус классиктеринен согушту

көрсөтүүдө үлгү ала билгендиги, ошолордон үйрөнгөндүгү. Биринчи иретте Толстойдон үйрөнгөндүгү. Изилдөөчүлөр изилдээр. Ачык көрсөтөөр. Романды изилдеш керек. Айрыкча орус адабиятынан алган үлгү ачык байкалат. У.Абдукаимов Толстойду бир нече жолу окуп чыккан. Романдын биринчи бөлүгүндө Качике ойлонуп жатып: «Сиз Наталья Ростовасыз, сиз Наташасыз»,-дейт Наташаны. Бул жерден автордун орус адабиятынан алган таасири, адабий даярдыгы ачык көрүнүп турат"[9] деп баа берсе, белгилүү жазуучу Т.Сыдыкбеков: «..... Узакбайдын Толстойдун, Гетенин чыгармаларын жакшы билгендиги ачык байкалат» деген оюн айтат. Ал эми белгилүү адабиятчы М.Борбугулов: «Любимым писателем У.Абдукаимова был Лев Толстой. Роман «Битва» подтверждает это. Характерно, что в госпитале герой перечитывает «Войну и мир» и его размышления о прочитанном помогают нам понять, что У.Абдукаимов считал самым важным и главным в творчестве Толстого. Он сознательно стремился перенести опыт Толстого в свой роман, охватить жизнь всех слоев своего народа, показать и тыл, и фронт, людей всех рангов- от простых тружеников до руководителей, от рядового солдата до представителей командования. Но особенно явственное влияние Толстого обнаруживается в настойчивом стремлении писателя раскрыть «диалектику души» героев.

В «Битве» если не с исчерпывающей, то с достаточной полнотой выражена эстетическая программа писателя. Она заключается в стремлении к толстовской полноте и правдивости, то есть в стремлении к реализму, в неприятии и отрицании тех средств и типизации следуя которым писатель превращает своего героя в «схему» в неприятии и отрицании заданности, однозначности и упрощения трактовки человека»[10] деп түшүндүрөт.

Адабиятчы А.Садыков өз макаласында: «....Л.Н.Толстойдун эң маанилүү сабагы каармандардын психикалык дүйнөсүн терең талдай алгандыгында....», «.... Психикалык процесстердин формалары жана закондору Толстой тарабынан көп түрлөрдө жана кырларда ачылган. Айрыкча, жазуучу каармандын өзү менен өзү сүйлөшкөн ички монологуна чоң маани берген» деген пикирди айтат.

Л.Толстойдун «Согуш жана Тынчтык» романындагы жаңыдан бойго жеткен Наташа Ростова өзүнүн өмүр-жашоосунда кандай гана сыноолордон өткөн жок.Турмуштун ар түрдүү кыйынчылыктарын баштан өткөрө элек жаш кыздын Андрей Балконскийге биринчи кездешүүсү, бул өзүнчө бир майрам, өмүр бою эстен кеткис окуя болсо, анан кокустан сылаңкорооз Анатолий Курагиндин колуна түшүп калышы, бул өзүнчө бир турмуштук сыноо, ал эми акырында келип, өзүнөн бир кыйла улуу, анын үстүнө сырт көрүнүшү серт, толук, бирок жеткен ак ниет, адамгерчиликтүү Пьер Безухов менен жашап калышы – бул жөн эле тажрыйбасыз кыздын чалагайым, жеңил мүнөз жашоосу эмес, бул анын татаал турмуш жолунан адамдык татыктуу жашоого жасаган чечкиндүү кадамы. Адамдын мына ушундай татаал тагдыры романда «адам жанынын диалектикасын» терең ачуу жолу аркылуу Л.Толстой тарабынан укмуштай ишенимдүү сүрөттөлөт.

Ал эми Эрнест Хемингуэйдин көптөгөн чыгармаларындагы каарамандардын ички дүйнөсүнүн ачылып берилиши, У.Абдукаимовдун «Майдан» романындагы каармандардын ар түрдүү психологиялык абалы, жасаган чечкиндүү кадамдары дагы Л.Н. Толстойдун чоң таасир тийгизгенин далилдеп турат.

Жыйынтыктап айтканда, Э.Хемингуэйдин, У.Абдукаимовдун чыгармаларындагы ички монологдун орду, адамдын жан-дүйнөсүнүн терең ачылып берилишине Л.Н.Толстойдун тийгизген таасири чоң десек болот.

Адабияттар

1. Гиленсон Б.А. Эрнест Хемингуэй.-М.: Просвещение.1991.

2.Николюкин А.Н. Взаимосвязи литератур России и США. -М.: Наука,1987.

3.Борбугулов М. Цель-художественное исследование действительности // Вопросы литературы. 1971. №7-9.

4.Садык Алахан.Убакыттан озгон парасат..... //Ала- Тоо.-1991.-№5.

5.Садык Алахан. Узакбай Абдукаимов жана «Майдан» талкуусу. -Б., 2000.

6. Толстой Л.Н. «Война и мир». -М.,1978.-1-2-кн.

7. Асаналиев С. Кыргыз романынын мейкининде // Ала Тоо. 1969.-12-нояб.-10-11-б.,19-нояб.

8.Абдукаимов У. Майдан. -Ф., 1980.

9.Грибанов Б. Эрнест Хемингуэй: герой и время. -М.: Худож. лит.,1980.

Cebrail NERGİZ,
Kırgızistan- Türkiye Manas Üniversitesi

ESKİ TÜRKLERDE ÖLÜM ANLAYIŞI ÜZERİNE BİR İNCELEME

Özet

"Eski Türklerde Ölüm Anlayışı Üzerine Bir İnceleme" adlı bu makalemizde Eski Türklerle ilgili bir takım ritüellere; ölüm anlayışı, eski türk dini, gök tanrı inancı, şamanizm ve atalar kültüne değinilmiştir. Birey ve toplum hayatının geçiş dönemlerinden biri olan ölüm, toplumun sahip olduğu inanç sistemine göre şekillenmektedir. Ölüm öncesinde, ölüm sırasında ve ölüm sonrasında toplum üyeleri tarafından gerçekleştirilen işlemler, sosyal dayanışmayı, sosyal bütünleşmeyi ve sosyal kontrolü etkilemektedir. Bu nedenle ölüm, bireysel olmasının yanı sıra toplumsal bir olaydır. Ölüm anlayışının temelinde, toplumun sahip olduğu inanç sistemi yer almaktadır. Bu nedenle çalışmamızda eski Türklerin ölüm anlayışıyla birlikte genel olarak Şamanizm ve Gök Tanrı inancından da bahsedilmiştir.

Türklerin geçmişten günümüze dek sahip oldukları ölüm ritüellerinin derlendiği bu çalışmada, eski ritüellerin günümüz Türk toplumlarında, kısmen değiştirilerek ya da benzer şekilde uygulandığı görülmüştür. Bunun nedeni, sosyal değişmeye ve farklı inanç sistemleri altına girilmesine karşın, kültürel alışkanlık haline gelmiş inançsal uygulamaların, dolaylı ya da dolaysız nedenlere bağlı olarak kalıcı olmasıdır.

Anahtar Kelimeler: Türkler, ölüm, inanç, gelenek, görenek, Şamanizm, atalar kültü.

1.Giriş

Dünya üzerinde birçok devlet kurmuş olan Türklerin, atlı, konar-göçer bir kültüre sahip olması, zaman içinde sıkça yer değiştirmeleri, bulundukları bölgelerde sürekli hareket halinde olmaları, onların büyük kültür ve din çevreleriyle etkileşime girmelerini sağlamıştır. Türkler etkin olduğu coğrafyalarda başka kavimlerle birlikte yaşadıkları için onların dil, din,kültür, bilim, sanat, uygarlık ve gelenek-göreneklerinden etkilenmişlerdir. Özellikle Hindistan, Çin, İran gibi köklü kültürlerin varlığı, onların değerler dünyasını etkilemiştir. Şüphesiz Türklerin ölüm anlayışı da birçok kültürel unsur gibi, bu kültürlerden ve inanç sistemlerinden etkilenmiştir.

Eski Türklerde ölüm olgusu da tıpkı doğum ve evlenme gibi insanoğlunun hayatında karşılaştığı en önemli olaylardan biridir. Bu olgu, kişisel olmakla birlikte, toplumu ilgilendiren bir olay olmasından dolayı da, değişik bilim dallarında, değişik yöntemlerle konu edilip incelenmektedir. Örneğin, tıp, din, arkeoloji, etnoloji, antropoloji, folklor, edebiyat vb. Bu olgunun etrafındaki inanç ve uygulamalar milletlerin gelenek ve göreneklerini etkilemiştir.

Kaçınılmaz olan ölüm gerçeği karşısında "ölüm" olayının nasıl gerçekleştiğine dair, kendilerince bir takım inanca sahip olmuşlardır. Değişik din ve kültür çevresine girmiş olan Türkler, değişik zaman ve coğrafyada değişik ölüm anlayışlarına sahip olmuşlardır. Bunların temelini tengricilik, tengrizm ya da geleneksel Türk dini şekillendirmiştir[1].

Hunlarda ölen kişi için düzenlenen törenler çok önemli idi. Ölen kişi için kayın ağacından yapılan altın gümüş işlemeli kumaş ve kürklerle örtülü tabutun içine yerleştirilir; yanına da mal varlığına göre altın, gümüş gibi tabak ve bardaklar kumaş ya da ipekli giysiler konurdu.

Çin belgelerine göre mezarın üstüne toprak atılıp tümsek yapılmazdı ve ağaç dikilmezdi. Eğer bir kağan ölürse, yakınları ve sevdiği hizmetkârları ile odaklıkları da onunla birlikte ölüme giderlerdi. Bu kişilerin sayısı yüz kişiye kadar ulaşabiliyordu.

Hunların efsane kağanı Attila'nın ölümü de biraz karanlıktır. Attila'nın ölümüyle ilgili birden fazla yorumlar bulunmaktadır. Eski Alman destanı Nibelungende Attila'nın ölümüyle ilgili hiçbir mısra yoktur. Bir başka söylenceye göre de Attila'yı Romalı Aetius'un para ile satın aldığı Hunlu bir muhafızın öldürdüğü biçimindedir. Bu söylenceyle ilgili kesin bir delil yoksa da Attila'nın burun kanaması sonucunda boğazına kaçan çok miktarda kandan dolayı nefes alamayarak öldüğü yönündedir.

Jordanes Attila'nın cenaze törenini şöyle anlatır: "Ordugâhın ortasındaki ipek çadırın içerisinde Attila'nın naşı duruyordu. Çadırın etrafında Hun askerlerinden seçilmiş süvariler savaş oyunları oynuyorlardı. Erkekler halk geleneğine uygun olarak saçlarını kestiler. Korku uyandıran yüzlerini derin yaralarla çirkinleştirdiler. Aynı zamanda ozanlar ve savaşçılar Hun dilinde ağıtlar söylediler."

Attila'nın mezarının başında strava denilen cenaze yemeği yenmiş ve defin törenine başlanmıştır. Attila'nın cesedi birbiri ardına üç tabuta kondu: Birincisi altın, ikincisi gümüş, üçüncüsü ise demirdendi. Bu tabutlar, güçlü hakanın üçüne de değdiğini göstermek içindi. Demir, "kavimleri yendiğini"; Altın ve gümüş "her iki Roma İmparatorluğu'nda kazandığı mevkileri işareti idi.

Attila'nın naşı ile birlikte gömülen paha biçilmez eşyaların çalınmaması ve ileride kabrin soyulmaması için mezarı kazanların hepsi de öldürülerek aynı mezara konuldu. Bu yüzden Attila'nın nereye gömüldüğü hakkında en küçük bir bilgi yoktur. Bazı tarihçiler onun mezarının Tuna ve Tisa nehirleri arasında bir bölgenin doğu tarafında olduğunu tahmin ederler. Bazı tarihçilerde mezarın mecrası değiştirilen bir nehre gömüldüğünü yazmışlarsa da bu görüşü destekleyecek deliller yoktur.

Çin tarihlerinin yazdıklarına göre VIII. yüzyılda Orhun nehri boyunda yaşayan Göktürkler ölülerini gömmeyip

yakarlarmış. Ölen kişi yakılırken atı ve kullandığı eşyalar da ateşe atılırmış. Eğer ölen kişi kağan ya da bey ise kayaya oyulan bir yazıtla hayatı ebedileştirilirdi. İşte Göktürk yazıtları adını verdiğimiz Kültiğin Bilge Kağan ve Tonyukuk Bengü taşları ile 60 kadar yazılı taş bu tür anıtlardır. Yine Çin tarihçileri, ölen kişinin yakılıp gömüldüğü mezarın üzerine küçük bir tapınak yapıldığını, bu tapınağın duvarlarında ölen kişinin sureti, hayatının önemli olayları bu duvara resmedilirdi. Bu anıt mezarların etrafında da balbal ya da taş baba adını verdiğimiz insan şeklindeki heykeller yer alırdı. Orta Asya'da yüzlercesi bulunan ve günümüzde Moğolistan, Kızıl Tuva, Altay ve Kırgızistan müzelerini süsleyen bu balbalların pek çoğu tahrip edilmiştir.

Ölü erkek ise, hayatta iken öldürdüğü düşmanların sayısı kadar taş baba (balbal) adı verilen taştan yontma tasvirleri dikilirdi. Oğuzların da ağaçtan yontma balbalları mezarlarına diktiklerini ve bu sırada, "Bunlar Baysungur'un uşaklarıdır. Cennet'te ona hizmet edeceklerdir!" diye söylediklerinden İbn Faldan 926 yılındaki seyahatnamesinde bahseder.

Heredot "Tarih" adlı eserinde bir İskit kağanı öldüğü zaman yapılan töreni şöyle anlatmaktadır. Onun cesedini kır gün bütün İskitya'dan geçirip Herr ırmağının kaynağına getirirlerdi. Defin yolu boyunca yerleştirilen İskitler, kağanın ölümüne duydukları üzüntüyü her yolla ifade ediyorlardı. Kağan için dörtgen şekli bir mezar kazılır; ölen kişi mumyalanır ve sonradan mezara gömülürdü. Kurban edilen sadık atları ile birlikte, karılarından birisi, bir haberci, hizmetçi ve cariyeleri de boğularak öldürülür ve öteki dünyada ona eşlik ederlerdi.

Ölü mezara konduktan sonra mezarın üzerine toprak atılarak yüksekçe bir tümsek (tepecik) oluşturulur, bu toprak atma işinin de bir yarış biçiminde yapıldığı tarihi kayıtlarda yazılıdır. Kurgan adı verilen ve üzerine granit bir sütunun da dikildiği bu mezar tepecikleri, aynen İskit çadırı biçiminde olup, ölen kişinin öteki dünyada da rahat etmesini sağlamaktır. İskit kağanlarının kurganlarında altın kaplar, altından yapılmış sanat eserleri, değerli silahlar, ok- yaylar, mızraklar, kılıçlar, İskit eyerleri, at koşum takımları, demir gemler, üzengiler bulunmuştur. Arkeologlara göre İskit kurganları ile mısır ehramlarındaki defin adetlerinin birçok yönden benzerliği göze çarpmaktadır.

Türkler ölümü, ruh veya canı ifade eden "tın" (nefes) bedenden çıkması biçiminde anlamışlardır[2]. Ancak genel olarak insanın ölürken canının bir kuş gibi uçup gittiği düşüncesi hâkimdir. Orhun kitabelerinde ölmek; uçup gitmek ifadesiyle anlatılmıştır. Herhangi birinin ölümünden söz ederken "ölmek" yerine kuşu uçtu ifadesi kullanılırmış. Altay ve Yakut Türkleri ruh-can kavramını tın, süne (sür) ve kut kelimeleri ile ifade etmişlerdir. Tın, bütün canlılarda; süne, sadece insanlarda bulunur; kut ise, canlı cansız her şeyde bulunur ve bulunduğu şeye kutsallık kazandırır.

Bu anlayışa göre, kut'un bedenden ayrılması ile ölüm gerçekleşmez ama kişideki kutsallık kalkar, sıradanlaşır. Kut[3], insan için kesinlikle bir güç ve uzun ömrün vazgeçilmez bir dayanağıdır. Birey onsuz hayatını sürdüremez. Ancak tın[4] bedenden ayrıldığı vakit, bedenin ölümü hemen gerçekleşmiş olur[5].

Kut kelimesi üzerine yapılan açıklama ve tartışmalara Jean- Paul Roux "Altay Türklerinde Ölüm" adlı eserinde geniş yer vermiş olup, bu açıklamada kut'u şu şekilde izah eder;

- Çadırın açıklığından düşen jelâtinimsi bir madde,
- Zihin, ruh, hayati güç,
- Şans,
- Sürüleri koruyan bir muska ya da nazarlık anlamlarını taşımaktadır[6].

